# ЖАНГОРОЗ КАНИМЕТОВ

# КООМДУК ИШМЕР, ПЕДАГОГ, ОКУМУШТУУ



74.03(2)
К-27.

# ЖАНГОРОЗ КАНИМЕТОВ – КООМДУК ИШМЕР, ПЕДАГОГ, ОКУМУШТУУ

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 272790

С

Бишкек – 2015

**УДК 37.0**
**ББК 74.03(2)**
**Ж 27**

**Ж 27**

**Жангороз Каниметов – коомдук ишмер, педагог, окумуштуу**. – Бишкек: AVRASYA PRESS, 2015. – 240 б.

**ISBN 978-9967-464-39-1**

Колуңуздардагы китеп белгилүү коомдук ишмер, окумуштуу-педагог, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, Эл аралык педагогикалык билим берүү академиясынын академиги (Москва, МАНПО), педагогика илимдеринин доктору, профессор ЖАНГОРОЗ КАНИМЕТОВдун 65 жаш юбилейлик мааракесине арналып, анын өмүр мерчеминдеги саясий, илимий ишмердиги жана замандаштарынын пикирлери чагылдырылат. Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

**ISBN 978-9967-464-39-1** **УДК 37.0**
**Ж 4303000000-15** **ББК 74.03(2)**

**© Ж.Каныметов, 2015**

## Баш сөз ордуна

*Урматтуу кутман элим, кадырлуу замандаштарым, мен ушул чакан мемориалдык баяндама жазууга киришип жатып, Сиздер менен бирге өткөргөн өмүрүмдү сыдыргыга салып дагы бир жолу эстеп өттүм. Жазып жатып рахат алдым.*

*Ыраазычылык – деген өзүнчө чоң күч болот. Адам магнит сыяктуу ар дайым тартылуу жана түртүлүү күчүнө ээ эмеспи. Ааламдын түбөлүк кыймылынын астында тургандыктан, ар бир жүрөктөн чыккан ыраазычылык бул бата сыяктуу ааламда мээримди, каниетти жаратуучу күч болот экен. Ошондуктан ар ичкен суубузга, дем алган абабызга, ошондой эле бири-бирибизге терең ыраазычылыктарды билдирүүбүз бул улуу жакшылыктарды жаратуубуз экен. Ааламды аруулук күч сактайт, ал кайра эле өзүңдү коргойт. Жакшылык жугумдуу энергия болгондуктан, аны адам ачык жүрөк менен кубанып тосуп алса, ал жугат. Кыргыздын: "Ырыскы оошот, акыл жугушат", – деген жакшы сөзү тегин жерден айтылбаса керек. Менин өмүрүмдө дайыма жакшы адамдар коштоп жүрдү. Мен алар менен сыймыктанам жана чогуу жүргөнүмө кубанам. Бул турмушта менин негизги максатым бийиктикке жетүү эмес, адамдарга жакшылык ойлоо жана тартуулоо болду.*

*Өзүмдүн тизгиндеш жүргөн бардык улуу-кичүү замандаштарыма бакыт, ырыскы, ийгиликтерди каалайм.*

*Урматым менен Жангороз Каниметов*

## Туулган жердин топурагы – алтын

Түрлүү эгин дан бүткөн
Жери сонун кыргыздын.
Ала-Тоону жай кылган
Эли сонун кыргыздын...

*Манас бабабыз айткандай: "Суук көзгө көргөзбөс, ыпылас бутка бастырбас, кир колго карматпас, кыргызымдын пейилине жараша маңдайына бүткөн керемет жер" Ысык-Көл – менин кичи мекеним. Ысык-Көлүбүз – чындыгында эле, кереметтин ээси.*

Мен Ысык-Көл өрөөнүнүн эң алыскы району Түптүн Токтоян деген айылында төрөлгөм. Каркыра жайлоосу менен Түптүн эң акыркы чегинде жайгашып, Түп суусунун боюнда, тегерегин тоо курчаган эң сүйкүмдүү айыл – менин айылым. Токтояндын кооздугу мага өзгөчө элес берип турат. Айылды ушул XIX кылымдын аягында түптөлгөн дешет. Ал убакта боз үй менен көчүп жүргөн көчмөндөрдүн биринчи жолу отурукташып бириккен жери болгон экен. Ал жерде төрт уруу элдин өкүлдөрү жашайт. Расул Гамзатов айткандай, менин да жан биргем Токтоян жөнүндө көп түрдүү легендалар айтылып жүрөт.

Кыргыз эли басып өткөн жолун уламалап, муундан муунга чыпчыргасын коротпой өткөрүп беришкен. Мындай уламалардын бири жер-суу аттары тууралуу уламыштар кыргыздын байыркы тарыхын көбүрөөк сактап турат. Биздин айылдын атына байланыштуу не бир кызык, өзүнчө бир жагымдуу уламыштар да айтылып жүрөт.

*Илгери бир кездерде кыргыздын бир баатыр жигити бир сулуу кызды сүйүп калат. Ал кыздын аты Аян болот. Ар дайым алар бир жерден жолугушат.*

*Баатыр согушка аттанардын алдында мени ушунча жыл күт, эгерде келбесем, үмүтүңдү үзө бер", – дейт. Кыз: "Жок, мен сени үч жыл күтөм, үч жылда кайрылып келбесең, алты жыл күтөм. Алтынчы жылы кайрылып келбесең, жетинчи жылдын ушул айы, ушул күнү өзүмдү кыйып өлтүрөм", – деген убадасын берет. Антташкан жүрөктөрдүн үмүтү жетинчи жылга айлана баштайт. Душманды жеңип, жигит жетинчи жыл дегенде айылына кайрылып келет. Аянды эч жерден издеп таппайт. Бирок кыз менен баягы шерттешкен күндү эстеп, антташкан жерге барат. Күн батайын деп калганда кыз өзүн өлүмгө кыйганы калган болот. Кырдан чыга калган жигит: "Токто, Аян!", – деп кыйкырат. Ошентип сүйүшкөн эки жүрөк жолугушуп, өздөрүнүн ак өргөөсүн ошол жерге тиктирип, Токтоян деген айыл курушкан экен.*

Баарынан кызыгы, айылды XIX кылымдын аягында түптөлгөн деп айтылганы менен Ысык-Көлгө орустар көп келип бир топ айылдар орустардын аттары коюлганы белгилүү эмеспи. Ал эми биздин айыл эч өзгөрүүсүз орусташуу шарданында калган эмес.

Мен жарык дүйнөгө келген алакандай кыргыз айылы канчалаган көрүнүктүү адамдарды бергени менен атактуу.

Ар нерсенин, ар бир жердин өзүнчө куту болот. Биздин айылдын да куттуу адамдарынын бири – элдик академик, кыргыздын атактуу тилчиси **Кусейин Карасаев** да Токтоянда төрөлгөн. Ал кишинин аркасында 60 миң сөздү ичине батырган "Кыргызча-орусча, орусча-кыргызча сөздүктү" жазуу иштери да биздин айылдан башталган деген чоң кептер бар. Анткени сөз баккан Кусейин ага белгилүү окумуштуу К.К.Юдахинди айылга далай жолу алып барып, ал жерде жайлап, бир эмес, эки жыл ошол жерде жүрүп, кыргыздын үрп-адатын, тилин үйрөткөн дешет.

Биздин кичинекей Токтоян айылыбыздан кыргызга аты таанымал бир топ адамдар чыккан. Биздин айылдын баатыры, Улуу Ата Мекендик согуштун бардык каармандык ордендери менен сыйланган **Ашырбай Коёнкозов** – Улуу Ата Мекендик согушта үч жолу баатырдыкка көргөзүлгөн адам. Социалисттик эмгектин баатыры, Союз кезинде Верховный Советтин депутаты болгон **Жамила Дүйшеевна** чыккан. Ошол айылдын кулуну Түп, Ак-Суу райондорунда 30 жыл тынбай эмгек кылган **Иса Кучуков** райондук аткаруу бийлигинин башчысы болуп турган. Ленинград блокадасына катышкан коомдук ишмер **Жумабек Рахманов**, коомдук ишмер **Асантай Байгелдиев** деген кишилер, илимпоз жана партиялык кызматкер **Кубат Асанкулов**дор да биздин айылда төрөлгөн. Токтоян айылын биринчилерден болуп түптөөгө, совет бийлигин орнотууга катышкан **Муса Ордобаев, Абдылда Бөдөнбаев, Эгемберди Сырgатаев**, кадимки Түгөлбайдын романындагы **Батыйна** да ошол Токтояндан чыккан. Ушул инсандар сыяктуу эле бүгүн дагы ал айылдын уучу кур эмес. Токтоян азыр да белгилүү илимпоздору жана башка даңктуу адамдары менен сыймыктанат. **Жакшылык Шарапов, Мукаш Асанбаев**, **Керимбек Акматов** жана башка белгилүү адамдар чыккан. Акын **А. Эгембердиев**, илимпоздор **Н. Маткеримов, Б. Бөрүбашев, Т. Сарымсаков, Э. Каниметов**дорду, көп жыл мектептерди башкарган **А.Молдогазиев, Т.Алыбаева, О.Акбукаев, Т.Асанакунов, К.Жуманалиев, Т.Асанов, К.Албанов**дорду да кошсок болот.

Таң калычтуусу, бир кезде Токтояндын баары мугалим эле. Түп районундагы мектептердин жарымынан көбүндө мугалимдер, директорлор бүт токтояндыктар эле, мен да ошолордун арасында элем. Кусейин Карасаев агай мугалим болуп, анын таасириненби, айтор, мугалимдик кесипке умтулгандар көп болгон. Айылдын өсүп-өнүгүшүнө Кусейин аба чоң таасир берген деп ойлойм.

Токтоян мектеби дагы көп жылдардан бери үлгүлүү жакшы мектеп болуп келди. Андагы мектепте биз окуп

жүргөндө мугалимдерибиз **Абдынапык** агай, **Кыдырмыш** агай, **Замыйбек** агай, **Жусуй** агай, **Батмакан, Жымила, Каликан, Зияш** эжейлер жана башка ушул сыяктуу көптөгөн агай-эжейлер бизге өтө татыктуу билим беришкен. Ал мектепте бирге окуган жолдошторум да эстен кетпейт. **Т.Кайкиев, С.Асанакунов, А.Бөдөнбаев, К.Атамбаев, С.Сарыбаев, Э.Болгонбаев** ж.б.

Биздин айыл өкмөтү да Кусейин Карасаевдин атын алып жүрөт. Анын жетекчиси төрт жолу кайра шайланган ишмер, уюштургуч жигит **Курманбек Кайыков** эмгектенет.

Мен мектепти абдан жакшы окуп бүттүм. Биздин айылдын мектеби сегиз жылдык мектеп болгондуктан, сегизинчи класска чейин ошол жерден билим алдым. Токтоян мектеби, Токтоян айылы менин адам болуп калыптанышыма, бүт кыял чабытымдын ойгонушуна чоң башат болуп бергендей сезилет.

### Атанын салган жолу бар, эненин бычкан тону бар

Балалык кездин алтын окуялары эсимден такыр чыкпайт. Бул менин эң жакшы көргөн кишим **чоң атам Ырысаалы**га байланыштуу окуялар.

Чоң атам **Ыбырай Туманов, Саякбай Каралаев** менен өтө жакын жолдоштордон эле. Алар дайыма биздин үйгө келип, конок болуп кетише турган.

> *Бир жолу Саякбай манасчынын келип, боз үйдүн туурдук кийиздерди алгызып, боз үйдө отуруп "Манас" айтканы көз алдыман алигиче кетпейт, ошол күндү күнү бүгүнкүдөй элестейм. Мен анда бештеминби... билбейм, айтор, балалык курак кезим болчу. Чоң атам мени алдына отургузуп алды, төрдө дагы башка айыл аксакалдары болуп, ортодо Саякбай менен кошо катарлаш отурдук. Боз үйдү тегеректеп, элдин баары чогулду, дасторкон жайылуу. Саякбайдын ошондогу "Манас" айтканынан элдин баары демин ичине катып, берилип угуп жатышканын, анын улам дасторконго чейин кирип келип, улам дасторкондогу сары майдан оозуна салып коюп, күпүлдөп "Манас" айтып жатканы эсимде. Бир убакта элдин баары ыйлашты, чоң атам дагы ыйлаганын билем. Мен абдан таң калдым. Кийин чоңоюп, "Манас" эпосун окуп чыккандан кийин, ошол күнкү Саякбай айткан эпизод балким "Каныкейдин Тайторуну төлгө кылып чабышыдыр", балким "Чоң казаттыр" деп ойлоп коём.*

Экинчи бир окуя эсиме түшөт. Ал **Ыбырай Туманов** келгендеги күн болчу. Чоң атам Ырысаалы комузду абдан катыра черткен, өзү комуз чаап, кылдарын өзү эшип таккан киши болгон. Чоң атам чапкан комуздарынын ар бирин ийине жеткире күүгө келтирип күүлөп койчу. Мен дайым анын жанында жүрүп, комуздарын улам бирден алып берип кармалашып жүрчүмүн. Мени чоң кишидей көрүп: "Кандай

болду?" – деп сурап коёр эле. Ал 1961-жылы 87 жашында дүйнөдөн көзү өттү. Анда мен 11 жашта болчумун. Чоң атам менин жанымдай көргөн адамым эле.

Ыбырай Туманов менен комуздун жасалышын, анын күүлөрүн чертип берип, атамдан жакканын сурап турчу. Атам жасаган комуздардын ичинен эң жакшыларын тандап алып кетип турганы эсимде. Балалык кез болгонум үчүн чоң атамдын өзү чыгарган күүлөрүнүн аттарын деле билбей калдым. Бирок экөө дайыма сүйлөшкөндө өздөрү чыгарган күүлөр тууралуу сүйлөшчү.

> *Кийин-кийин радиодон Ыбырай Тумановдун: "Экөөлөшсөң, экөөлө, өзүм болом жеке эле" деген күү Көлдүн башындагы Ырысаалы аксакалдыкы эле", – деген сөзүн угуп калдым. Абдан сүйүндүм, чоң атам өзү чертип жаткандай угулду...* Балким, анын күүлөрү ар кайсы күүлөргө кошулуп кеткендир, ким билет...

Ошентип чоң атабыз айылдагы өнөрлүү, сыйлуу, кадырлуу кишилердин бири болуп, үйгө ар дайым дагы башка ырчы-чоорчу, кыл кыякчы кишилер, аттуу-баштуу ак сакалы жайкалган өтө кадырлуу адамдар дайыма келип турушар эле. Чоң атамдын комузду баптап чапканы да анын атын далайга кетирсе керек. Биздин ушундай улуу муундардын арасында аралашып калганым өзүнчө бир асыл сезимдер экен. Азыр телевизордон көрүп, ошол кездеги аруу сезимдер эске түшөт.

Менин **чоң атам өзгөчө касиеттүү киши болчу**, ал тууралуу дагы бир баян айта кетсем.

*Атам Канимет согушка кетип, алты айлап кабар жок болот. Ал түгүл кара кагаз алып келет экен. "Эки жолу эл чогулуп келгенде, чоң атаң кайра кайтарган. Кийин жарым жылдан кийин кат келгени баарыбыздын эсибизде", – деп* ***баатыр Жамийла эженин*** *айтканы эсимде.*

Атам согушка кетип бараткданда Шарап деген (Жакшылык Шараповдун атасы) досу менен бирге кетет. Ал киши: “Согуштан келебизби, келбейбизби...”, – деп ыйлаган экен. Анда атам: “Сенин артыңда калган балаң бар. Менин артымда эч ким калган жок. Тагдыр буюрса келербиз. Жеңиш менен аман келебиз”, – деп дем берет. Тагдыр тамашасы болуп, ал киши согуштан келбей калган экен. Ошентип атам Канимет аялынан бала көрбөй, согуштан келгенден кийин менин энем Муса кызы Калыйканга үйлөнөт. Атам дагы эле бала үнүн укпайт. Ошондогу чоң атам тууралуу дагы бир эскерүүнү айтып берейин.

> *Ырысаалы атам түш көрүп, түшүндө тоого чыгып баратып, астынан короз качыптыр. Артынан түшүп, кууп жетип кармап, канжыгасына бекем байлап алыптыр. Ал эртеси күнү аксакалдарга түшүн айтып, өзү жоруган дейт: “Канимет балам, сен эркек балалуу болосуң, атын Жанкороз коём”, – деген экен. Ошондой кийин мен төрөлгөндө чоң той берип, азан чакырып, чоң атам өзү атымды “Жанкороз” деп коюптур. Атам согушка барып келгенден кийин кырк жашында гана эркек уулдуу болгон экен.*

Анан мектепке барып калганда кыздар дайыма: “Короз”, – деп мени уялткан күндөрү да болду. Деги бир кызык...

Кийин бул аттын сыймыктуу ысым экенин билдим. Бул атты Аскар Чукутаевич Какеев жакшылап чечмелеп берип жүрөт. Көп жолу: “Бул ат сыймыктуу ат”, – деп эскертти.

*Бул атка байланыштуу тамашалуу күндөр дагы болду.*

1995-жылы шайлоого катышып калдым. Депутаттыкка 12 талапкер ат салышып калдык. Ал убакта бүгүнкүдөй чай, акча таратмай жок, тескерисинче, эл ар бир сөзүңдү баалап, ошого баа берип, эл дагы башкача эле. Ошол кездеги

шайлоочуларыма башымды ийип, жүз жолу таазим кыламын. Ал шайлоочуларым мени кыргыздын элитасына кошту, бул да менин сыймыктануу жолум.

Эми кайрадан шайлоого келсек, 12 талапкердин арасында Күчүков, Бөлтүрүков жана Жанкороз деген ысымдар болгондуктан, элдин арасында: “күчүктү да, бөлтүрүктү да шайлабайбыз, корозду эле шайлайбыз”, – деп тамашалуу сөздөр да жүрүп кетти. Ошентип шайлоодо короз өтүп кетти.

*Бул аттын кызыктуу окуяларынан дагы айтып берейин.*

Жаңы депутаттар шайланып, сессия башталар алдында топ-топ болуп, жыйындар залынын сыртында мурунку дөөшаалар турган экен: Т. Усубалиев, А. Масалиев, А. Эркебаев, А. Матубраимов, Б. Осмонов. “Ай Жангороз, бери келгин”, – деп мени Бекмамат Осмонов чакырып калды. Бул адамдардын баарын мурдатан билгеним менен жакындан баарлашып көргөн эмесмин. Аларга мени тааныштырды: “Мугалимдердин арасында өтө кабыр-барктуу, өсө турган ушул жигит, – деп мени мактап баарына тааныштырып, – “Жангороз” деген ат кыргыздын урааны, Жангороз деген ысым жөн кишилерге коюлбайт, ушуга окшогон азаматтарга гана коюлат, – деди, аягында: – Кыргызда дагы жакшы аттар бар. Мисалы, Бекмамат”, – деп койду. Баарыбызды жагымдуу тамашага салып, жылмайтып койду.

Ошондогу Бекмамат Осмоновдо адамдык, азаматтык, кыргыздык бийик сапаттар күчтүү экенин билдим. Ал киши менен бул дүйнөдөн көзү өткөнгө чейин жакшы мамиледе болуп жүрдүк. Кайран жигит, кыргыздын белдүү азаматы эле...

Атам ошентип балалуу болгонуна кубанып, бактылуу турмушту өмүр сүрүштү. Мен жалгыз уул болгонум менен дайыма тыкан, жакшы окуган, келечекке умтулган бала болуп өстүм. **Зууракан чоң энем:** “Жакен, сен жалгыз бала болуп, эрке болгон жоксуң, жакшы атанын жакшы уулу болдуң”, – деп алкап батасын дайыма берип бетимден өөп турар эле.

**Атам Канимет** мен төрөлгөндө колхоздун башкармасы экен. Өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин колхоздун бухгалтери, дүкөнчү, колхоздун текшерүүчүсү болуп жүрүп өттү. Ал киши түз сүйлөгөн, адилет, кыялы чукул, бирок боорукер адам болчу. Мага дайыма: "Жакшы жүр, кызматта жүрөсүң, таза иште, элине ак кызмат кыл, баягынын баласы жакшы деген гана сөз алып кел", – деген сөздөрүн айтчу эле. Ал сөздөр менин өмүрүм, жашоом менен кошо уланып, дайыма мага дем, күч берип, бүгүнкү жетишкендиктерим ошондо түптөлгөнүн сезип, туюп келем. Ата-энем кийин бир кыз, бир уулду туугандарынан асырап алышкан. Алар менен бир туугандан айырмасы жок бирге өстүк.

Менин **таятам, таенем** жөнүндө айтсам, Токтоян айылында чоң таятам **Ордобай** көп жыл бий болгон. Таятам **Ордобаев Муса** Токтоян айылын түптөгөн адамдардын бири, көп жыл колхоз куруу иштерине катышкан барктуу адам, Кытайдагы Циньзьян облусуна Исхакбектин армиясы менен барып каза болуптур. Кийин Текес шаарына барып куран окуттук. **Таенем Сулайка** ак сөөк биздин атабыздын колунда, биздин үй-бүлөбүздө жүрүп каза болду. Баарыбызга бардык жагынан үлгү эле, таенемдин жанында дайыма ишенимдүү сезчүмүн.

Ал эми **энем Калыйкан** жөнүндө менин пикирим, урматым да башкача, өзгөчө. Атам дайыма иште. Энем экөөбүз үйдөгү жумуштун баарын өзүбүз кылабыз. Энем башталгыч мектепте сабак берет. Анын түздүгү, калыстыгы, билимдүүлүгү биздин – Каниметовдордун түптөлүшүнө чоң салым кошту. Бүгүн дагы Чыңгыздын, Түгөлбайдын китептерин кайра-кайра окугандан талбай келет. Азыр биздин колубузда, 87 жаш кутман куракка келип, бактылуу карылыкта

өмүр сүрүүдө. Алтыным энем, дагы бекем ден соолукта, узун өмүр сүрүшүңдү тилейм.

## Караколдогу окуучулук жана студенттик күндөрүм

Токтоян айылында сегиз жылдык мектепти бүтүп, атам Каракол шаарынан 9-классты окуганга жиберди. Каракол шаарынын Киров атындагы орто мектебинде окуп калдым. Ошол мезгилдерде окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин ичинен Бишкектеги №5 жана Караколдогу Киров атындагы орто мектеп Кыргызстандагы кадыр-баркы жогорулап турган мектептерден болчу.

Айылдан шаарга келип жаңы турмуш башталды. Атам мени орусча үйрөнсүн деп бир орустун үйүнө жаткырып кетти, бирок ал кыргыз болуп калган орус экен, биз дайыма кыргызча сүйлөшчүбүз. Васька деген орус эле.

Кийин **Оролбек** деген агабыздын үйүндө жатып окуп калдым. Ал киши КГБнын майору болчу, байбичеси экөө көп бүлөлүү жакшы адамдардан эле. Киров мектебинде **Абит агай** химиядан сабак берчү. Окуучунун жетилүү өткөөл курагы ушул кездерге туш келгендиктен, биз бул агайдан адамдык асыл сапаттарды, жашоону, дегеле көп нерсени үйрөндүк.

Ошол мектептен **Жапар агай, Санташ агай** сыяктуу дагы көп агайлардын колунан сабак алдым. Бул сүйүктүү мугалимдер Киров мектебинин өнүгүшүндө чоң күч бергени баарыбызга белгилүү. Мугалимдин күчү анын укмуш таасирдүү сөздөрүндө эмеспи. Бул агай-эжейлерибиз ар бир баланын жүрөгүнөн орун алып, унутулгус болуп калышты.

Ошентип 1966-жылы мектепти аяктап, Каракол (Пржевальский) шаарындагы мамлекеттик педагогикалык институтка тапшырып, физика факультетине өтүп кеттим. Студенттик жылдар баарыбызга белгилүү өтө кызыктуу, жигит болуп өсүп жетилүү курактарына алып келди.

*Мектепте окуп жүргөндө боюм кыскараак эле. Апам башталгыч класста мугалим болгондуктан, 5 жашымда эле 1-класска отургузуп койгон. Студенттик куракта боюм да өстү, жигиттик сезимдерге да ээ болдук.*

Ал убакта пединститут башка жогорку окуу жайларга караганда кичирээк эле. Болгону эки гана факультеттен турган: бирөө физика-математика факультети, экинчиси ошол кезде орус тилдин баркы жогорулап турган кез болгону үчүн орус тили жана адабияты факультети болчу. Бирок кичинекей экендигине карабастан Пржевальскидеги пединституттун орду, ролу, бедели абдан жогору болчу. Педагогикалык курамда абдан парасаттуу окутуучулар көп боло турган. Атап айта кетсем, **Мукпар Нуракунов, Мукамбет Казакбаев, Арзым Абдыкадыров, Турдубек Көчөрбаев,** философ **Молдосан Сейдиматов** жана башка ушул сыяктуу абдан мыкты окутуучулардан кесип алдык.

Студенттик куракта экинчи жагынан чыныгы жолдошторду таптык, өзүбүздүн мүмкүнчүлүктөрүбүз дагы ачылды.

*Эх, студенттик күндөр... керемет жашоо... дуулдаган жаштар... табышмактуу каттар... эстен кеткис кайталангыс бир сонун күндөр...*

Биринчи сүйүүбүз, үйлөнүү курагы, сүйүү мезгили ушул кезде башталды. Биздин **Айнагүл** менен ошол пединститутта окуп жүргөндө тааныштым. Аны менен бир факультетте, бир группада окудук, кээде бир партага да отурдук. Биз үч жыл сүйлөшүп, бири-бирибизди билип, турмуш жолуна чогуу аттандык. Бүгүн мына, кудайга шүгүр, беш балалуу, неберелүү болдук, аларды өстүрүп бактык, чоңойттук. Ушул жерден дагы бир жолу баса белгилеп айткым келет: Каниметовдордун өсүп-өнүгүшүнө, бүгүнкү деңгээлге, зоболого жетишибизге

**энебиз менен аялымдын эмгеги жогору** деп билемин. Ошол күндөн бери биздин ысыгыбызга күйүп, суугубузга тоңуп, ийгилигибизге кубанып, кыйынчылыгыбызга чыдап, оорубузду колдон, жеңилибизди жерден алып келет.

Биз университетти бүтөрүбүз менен экөөбүз тең айылды көздөй жөнөп калдык. Албетте, бир кичинекей айылдагы мектепке эки физиктин кереги жок. Эмгек жолум Каркыра мектебинде мугалим болуп баруудан башталды. Каркырадагы мектеп малчынын балдары үчүн ачылган мектеп эле. Катаал жерге Айнагүл да мени менен чогуу барып, ата-энеме арка бел болуп берди. Ата-энемди өз ата-энесинен да артык көрүп, сыйлай алды. Мына эми балдардын ырахатында, эл-журттун кашында бирге бактылуу өмүр сүрүп келе жатабыз, кудайга рахмат.

Ушул убакта куда-сөөк күтүп, ар бир уулубуздун жакшынакай кадыр-барктуу куда-сөөктөрүбүз бар. Алар менен сый-урматта байланыш-катышта келебиз.

Балдарды чогуу тарбиялап өстүрүп, Айнагүл экөөбүз беш уул-келинди, неберелерибизди чогуу тарбиялап, булардын өсүп-өнүгүшүнө дайыма кам көрүүдөбүз. Ушул биздин бактылуу үй-бүлөнү кудайым дайыма колдоп келгенине шүгүрчүлүк кылам. Улуу неберем Айдай түштүк Кореяда Сеул шаарында университетте окуйт, кээси мектепте, бала бакчада, үйдө дегендей өсүп чоңоюп келатышат. Уул-келиндерибиз ар бири өзүнчө үйлүү-жайлуу, билимдүү, балалуу болуп, турмуш куруп, жакшы жашоосун улантууда. Ушул кудайдын бергенине тобо кылам, амандыгын, ийгиликтерин, өсүп өнүүсүн тилейм.

## Чоң жашоого баштаткан Каркырам

*Аты угулат Каркыра,*
*Артыкча башка ошо жер.*
*Мүдүрүлөр аңгек жок,*
*Суу жеп кеткен кемер жок,*
*Жилик чагар ташы жок,*
*Керилип жаткан Каркыра*
*Кең бойлоп атты чапчу жер,*
*Кең тамаша салчу жер.*

Жердин сулуусун так баалап, таамай айткан жагынан байыркынын жомогу "Манас" дастанына эч ким теңеше албайт. Саякбай Каралаевдин, дегеле улуу манасчылардын Каркыра тууралуу жомогун угуп отурган ар бир адамга: "Каркыраны бир көрсөм", – деген ой кылт этип келбей койбойт. Атабыз Манас баалап, калың кыргыз эли каалап, Көкөтөйдүн ашын берип, көп кыргыздын башын терип чогулткан, касиеттүү Каркыра жайлоосу тууралуу чыныгы тарыхый жазылмаларда да так сакталып калган, "Маджму ат табарихте" чыпчыргасы өзгөрбөй Каркыра деген аталышында берилет.

Каркырадагы Сан-Таш айылы тууралуу да кызыктуу уламалар айтылып келет. *Тимур (Тамерлан) XV кылымдын акыркы чейрегинде Самарканддан биринчи жортуулга чыгып, Кытайга бара жатканда, Ысык-Көл өрөөнүнүн ушул жери аркылуу өтөт. Аскерлердин башында бара жаткан Тимур ар бир жоокерге бирден таш алып, белдин этегине чогултууну буюрат. Тимур аскерлери менен жортуулдан кайтканда, кайрадан Тимур аскерлерине дөбөдөгү таштардан бирден алууну буюрат. Таш дөбөлөр абдан кичиреет, бирок түгөнбөйт. Демек, үйүлгөн таштардын саны канча болсо, ошончолук аскер жоодон кайткан экен.*

Дал мына ушундай уламалуу жерде, т.а. Каркыра жайлоосунда сегиз жыл кызмат кылдык. Кадимки Сан-Таш, Каркыра айылдарынын балдары бир мектепке келип окушчу. Эки жүз бала окуган кичинекей айылдык мектеп эле. Чакан интернаты да боло турган, ага малчынын балдары жатчу.

***Каркыра – уламыштарга чындык менен жомоктун чырмалышынан жаралган, аң-сезимди алоолонткон, бүйүрдү кызыткан ишмерлердин мекени.***

Башкасын айтпасам да, **Боронбай бий** тууралуу Чокон Валихановдун биринчи жолу "Манас" эпосун кагазга түшүргөнү, айтылуу Чыңгыз Айтматовдун реалдуу адамы – адамзаттын момуну **Момун чалдын** жатагы эмне деген тарых, Көкөтөйдүн ашында талаш-тартыштарды жаратып келген Улуу Каркыра эле. Ал жерде биздин бардык жаштык курагыбыз, жакшынакай өмүрүбүз, касиеттүү дал ушул Каркырада болду. Айнагүл экөөбүз балдарыбыздын баарын Каркырадан көрдүк.

**Кийин Каркыра талашка түшүп жатканда: "Эмне кылып жатабыз? Жок, ал биздики!" – деп каршы добуш бердим. Бул ички сезимимдеги жакшы нерсе деп ойлойм.**

*Ал жердин балдары – адамдары өзгөчөлөнүп турган тоолуктар, таза чөптүн даамын, гүлдүн жытын сезген адамдар. Көпчүлүк адамдар: "Мен Москвада окудум", – деп мактанышат. Менин өмүрүм дайыма саясий күрөштө жүрсө дагы, "Мен Каркырада өстүм, мен Каркырада чоңойдум, ошол жердеги адамдарга билим бердим", – деп мен чоң сыймык менен башымды бийик көтөрүп айтам. Улуу күрөштөр жүргөн касиеттүү жерим Каркыранын жакшылыгы дайыма бизди колдоп келет. Мен ушул аймактан үч жолу Жогорку Кеңешке депутат болдум.*

Каркыра мектебинде бир жыл мугалим болдум. Эки жыл директордун орун басары, төрт жыл мектептин директору болуп иштедим. Негизинен малчынын балдары окучу. Барган


ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА

жылы физикадан саат жок болгондуктан, физкультурадан жана кол эмгектен сабак берип калдым. Жылдын үч мезгилин малдын аркасында жүргөн ата-энелерин көрбөгөн интернаттын балдары абдан тентек болуп калышыптыр. Сабакка жумалап, айлап келбей калган дагы балдар бар экен. Мектептин директору **Дөлөс Шарапов** мени ушул балдардын жатагына улуу тарбиячы кылып дайындады. Алгачкы иштеп жүргөнүмдө аябай кыйналдым, окуучулар мугалимдерди да угушпайт. Баягы так эле Макеренконун балдарындай эле болчу. Кээ бир окуучулар менден эки-үч жаш эле кичүү, анткени тоолордо жүрө берип, мектепке ата-энеси абдан кеч беришкен экен. Кээ бирөөнүн бойлору мени менен тең балдар. Айтор, бара-бара окуучулар менен тил табышып, тентектерин ийге келтирип, бир нукка түшүп калдык. Кийин алардын баары абдан тартиптүү мыкты балдардан болушту. Каркыра мектеби дагы райондогу жакшы мектептердин катарына кире баштады. Ошондогу дагы бир күндөр эсиме түшөт.

*Биздин нары жагыбызда жыйырма чакырымдай алыстыкта **Конезаводдо казактардын чоң орто мектеби** бар эле. Ал убакта бүгүнкүдөй чек ара жок. Кышында балдарды лыжа менен ошол жакка алып барып, алардын чоң спорт залында алар менен ар кандай достук беттешүүлөрдү, мелдештерди өткөрүп жүрдүк. Ошол окуялар биздин мектепке да таасирин тийгизип, мектептин калыптанышына, оңолушуна жакшы нерселерди алып келди. Ошол күндөрдү кээ бир окуучуларыбыз бир жакшы эргүү менен эстеп, жолуккан жерден: "Агай, сиздер барда жакшы болду эле", – деп айтып калышат.*

Бир күнү мектептин директорунун орун басары болуп жүрсөм, 1974-жыл болуш керек эле, мени райкомдун секретары чакырып калды. **Жамийла Керимбаева** деген

салабаттуу билимдүү, акылдуу аял болчу. Ал көп жылдар бою түштүктө иштеп келген киши болчу.

Ж.Керимбаева: "Сага эки жумушту сунуш кылып жатабыз: биринчиси – райком комсомолдун 2-секретары, экинчиси – Каркырадагы мектептин директору", – деп айтты. Ал убакта комсомолдун секретары деген саясий кызмат болчу. Бирок мен: "Мектептин директору болом", – деп дароо эле жооп бердим. Жамийла эже абдан таң калып: "Жангороз, комсомолдун катчысы деген чоң кызмат...", – деген үгүттөрдү айта баштады. Мен такыр көнгөн жокмун.

Эгер комсомолдук багытта кетсем, менин тагдырым кандай болот эле, билбейм. Бирок мен мугалимдик кесипти жүрөгүмө жакын тутуп, мектепти тандап алганыма эч өкүнбөйм. Мен мугалим болгонума дайыма сыймыктанам. Ал кезде райком комсомолдун 1-секретары орус эле. Мени Каркыра мектебине директор кылып дайындады. Азыр ал Россияда жүрөт, аны менен да жакшы жолдоштугуз болду.

Биз директор болгондон кийин бизге ГАЗ-51 деген машине беришти. Оо, абдан жыргап сүйүнүп эле калдык. Интернатка эл ташыйбыз, өзүнчө эле чоң кызматтагыдай болуп жүрдүк. *Бирок ал машиненин кабинасына отурганым эч эсимде жок.* Үстүндө жабуусу бар машине эле, кабинага аксакалдарды, аялдарды отургузабыз. Ошентип Каркырадан кичипейилдүүлүккө үйрөнүп, үйрөтүп, айылдын балдарын жакшы адамдардын үлгүсүнө тарбияладык.

*Мен мугалимдерге жакын болууну көздөгөнүм, ал кесипти тандап алганым мен үчүн чоң сыймык. Менин да өсүшүмдө дайыма мени мугалимдер коштоп жүрдү. Мугалимдерге байланыштуу мыйзамдарды жазуу, мугалимдерге кам көрүүм да ошондон калса керек. Аларга жакшылык кылууга болгон аракетимди жумшап, өмүр бою далалатымды кылып келдим. Бул вазийпаны канчалык деңгээлде көтөрө алдым, бул өзүнчө маселе.*

## Бийиктикке алган сапарларым

Мугалим болуу – эң чоң кесип, мугалим дайыма сыймыктуу. Турмушумда тандап алган багытым, сапарым, илим жолум – баары мугалимдер менен байланыштуу болду.

Ошол жылдары Түп районун биринчи секретары болуп **Садырбек Абдырахманов** дайындалып келди. Мен компартиянын партбилетин ал кишинин колунан алдым. Анын акылдуулугу, жөнөкөйлүгү, билимдүүлүгү, уюштуруучулугу, элге болгон кызматы артыкча эле. Түп районунун бардык жагынан калыптанышына, Түп районунун даңктуу райондордун бири болушунда бул кишинин салымы абдан зор.

Жакшы иштегендигим үчүн мени **Арал айылына** алып келди. Бул сөздү тартынбай сыймык менен айта алам. Бул жыл 1978-жыл эле. Директор болуп иштеп жүрүп Арал орто мектебиндеги мугалимдик дарамети өзгөчө күчтүү адамдар менен кездештим. *Арал айылында мугалим болуп төрөлгөн мугалимдер дагы бар эле.* Алар: **Бейшекан Бодонбаева, Курман Сааданбеков, Маданбеков, Арык Кенжебаев, Тезеков Шайдылда агайлар** болчу. Алардан көп нерсени үйрөндүк. Арал айылы республикада алдынкы тажрыйбаларды жайылтуу мектебине айланды. Окуучулары дагы эң алдыңкы окуучулардан болуп кызмат кылууда. Ал жердин эли дагы, баары бизди колдоп, мектептин өнүгүшүнө чоң салымдарын кошкону белгилеп айткым келет.

Анан **Түп айылына** окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 1700 окуучусу бар мектепке директор кылып дайындап которушту. Партиянын күчтүү заманда дайындаган директорлорду жүз электен өткөрүп, анан дайындашчу. Мен барган мектептердин баары эле өтө жакшы эмес эле. Түп районундагы мектептерде иштеген мыкты директорлор, райондогу мыкты мугалимдер, иш билги жетекчилер менен тизгиндеш болуп иштедим. “Атын атаса, куту сүйүнөт” дегендей, мен бул кишилердин атын атабай кетсем, өзүмдү кечире албасмын.

**Тасма** орто мектебинин директору **Асан Сопиев, Долон** орто мектебинин директору **Качкын Үмөталиев**, **Шаты** орто мектебинин директору **Дөпүй Молдогазиев, Талды-Суу** мектебинин директору **Бекиш Ибраев**, биздин замандаш **Туратбек Кангелдиев, Качкын Ашымканов, Алек Турганбаев** жана райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы **Султан Касымов**дор менен чогуу иштешип, булардан тажрыйбаларды, жетекчилик жакшы сапаттардын баарын өзүбүзгө алдык. Бул адамдардын көпчүлүктөрүнүн аты азыр ушул мектептердин атына коюлуп калды. Булар биздин устаттар, замандаштар болду.

Мен Түп айылына СССРдин баатыры Р.Кайкин атындагы орто мектепке директор болуп келгенде Түп районунда окутуу орус жана кыргыз тилинде жүргүзүлгөн эки мектеп бар эле: биринчиси – Карл Маркс атындагы орто мектеп, экинчиси – Кайкин атындагы орто мектеп. Карл Маркс атындагы орто мектепти “дворяндар мектеби” деп коюшчу, чакан орус мектеп эле. Ал эми Кайкин атындагы орто мектепте дыйкандардын, малчылардын балдары чогулган “крестяндардын” мектеби дээр эле. Мындай болсо да педколлектив абдан күчтүү, билимдүү, тажрыйбалуу мугалимдер топтолгон. Алардын ичинен **Ульяна Айтбаева, Л.Лабанова, Л.Сидорова, А.Коваленко, С. Шакенбаева, Т.Мусакулова, Ж.Кубатова, М.Талипова ж.б.** Мектептин өсүшүнө чоң салымын кошушкан. Ошолордун эмгеги менен биз үч жылда Кайкин орто мектебин дагы “дворяндык” орто мектепке жеткирдик.

Жетекчилик сапарым андан ары жогорулап, 1987-жылы Ысык-Көл областынын Ак-Суу районунда билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалдым. Ак-Суу районунда дагы көп иштер болду. Мектептин курулуштары бүткөрүлдү.

Ошол жылдары мага күчтүү мектептердин директорлору абдан чоң таасирлерин калтырды.

Райкомдун 1-секретары **Жолдош Турдубаев, Конокбек Тукешов,** областтык билим берүү бөлүмүнүн башчысы **Белек Иманалиев**, булар да өтө билимдүү, маданияттуу, келечекти көрө билген мыкты жетекчилер эле. Булар мага абдан жакшы колдоолорду көрсөтүштү.

Ошол күндөрдүн биринде Кыргыз ССРинин Эл агартуу министри **Мукаш Базаркулов**дон сунуш түшүп калды. Мен буга кооптонуу менен макул болдум. Кайра районго бардым, райкомдун 1-секретары **К.Тукешов**го кирсем (ал менин жакын жолдошум эле), ал маган таарынгандай мамиле кылды. “Сен бекер кыласың, калгын, сен мына райондук аткаруу комитетинин орун басары болгун, сен кетпегин”, – деген сыяктуу сөздөрүн айтып каршы болгон мамилесин айтты. Бирок Мен М.Базаркуловго убада берип койгондуктан, кетүүгө туура келип, Билим берүү министрлигинде ишимди улантым.

**Билим берүүнүн өнүгүшүндө өзүнүн орду бар замандаштарым**

*1988-жыл.* Билим берүү министрлиги – жалпы элге билим берүүнүн чордону, саамалыктардын жарчысы, стратегиялык пландоонун башкы мекемеси, өзгөчө куттуу .жер. Бул жер – К.Тыныстанов баштаган касиеттүү, билимдүү, чыныгы татыктуу жетекчилер иштеп кеткен жер. Бул мекемеде иштеп калганымды өмүрүмдөгү чоң бакытым деп эсептейм.

Ошентип Кыргыз ССРинин Элге билим берүү министрлигиндеги мектептер билим берүү башкармалыгын жетектеп калдым. Бул жылдар менин өмүрүмдөгү эң чоң мектеп болду. Республикалык деңгээлдеги билим берүүнүн өнүгүшү, калыптандыруу, өнүктүрүү боюнча менде чоң көз караштар пайда болду.

Бул кызмат ордум **Жусупбек Аманалиев** деген атактуу педагог адамдардын орду эле. Бул орунда иштөө ары кызыктуу, ары татаал болду. Ал киши өзүнчө эле министр экен. Алгачкы айларда мен ал кишинин ордун толуктай алган жокмун. Бирок ал мектептер башкармалыгына 15тей өтө билимдүү, өтө күчтүү, эң тандалган адамдар менен толуктап койгон экен. Менин орун басарым **Мандрыгел Борис Иванович** мага көптү үйрөттү, көп жардам берди. Мен жарым жылча үйрөндүм, калыптандым десем жаңылышпайм.

Бир жолу М. Базаркулович чакырып: “Эмне көнбөй жатасыңбы, эмне кеткиң келип жатабы?” – дегендей суроо узатты. Мен чын эле айылыма кетким келип жаткан эле. Ошентсе да уятымдан карманып: “Иштөөгө туура келет”, – деп айттым. “Мен сени министрликтин коллегия мүчөсү кылууга сүйлөшүп келдим. Айрыкча кыргыз мектептердин акыбалын көтөрөлү, чогуу иштейли. Иштегин, изденгин!” – деп мага дем бергени бүгүнкү күнгө чейин эсимде.

Жарым жылдан кийин өзүмдү башкача сезип, болгон билимимди, болгон ниетимди салып билим берүүнү көтөрүүгө жумшай баштадым. Жаңы типтеги, альтернативдүү

мектептерди ачтык. Демократиянын биринчи баскычтары билим берүүнүн мазмунуна таасирин тийгизе баштады. Демократиянын алгачкы эпкини, кайра куруунун биринчи башталыштары да бизге келип калган эле.

Жаңы типтеги мектептерди ачуу үчүн Ошко Уркуя Салиева атындагы орто мектепке, Жалал-Абадга Н.Терешкова ат. мектепке, Нарындын Чкалов ат. мектебине, Бишкектеги №5, №6, №70, №13 мектептерге жумалап команда менен барып, алардын тажрыйбасын, кадрларын топтоп, программасын окуп, пландарын өзгөртүп иштегенге жетиштик.

Бир жолу мени М.Базаркулов: "Москвага коллегияга барасың, жаңы типтеги гимназия, лицей мектептерин улантуу боюнча маселе каралат, даярдангын", – деп сунуш кылды. Мен абдан ыңгайсыз болуп, министрдин астында жок дегенге мүмкүн эмес, макулдугумду билдирип чыгып кеттим. Министрликтин коллегия мүчөсү болуп жаңыдан калыптанып келатсам, Москвага коллегияга сунуш кылганда, өзүм таң калдым.

Ал убакта коллегия Москвада ай сайын өткөрүлчү. Үч министрлик: жож, мектеп, профтех бир мамлекеттик комитетке бириктирилип, анын төрагасы **Г.А.Ягодин** деген киши эле. Анын орун басары психология илимдерин доктору **В.Д.Шадриков** мектептерди тейлечү. Ал Кыргызстанга көп жолу келип кеткендиктен, биз жакын болуп калганбыз.

Болгон материалдарды көтөрүп, абдан даярданып, кайра-кайра жазып даярдандык. Ошентип даярданып алып Москвага учуп кеттик. Ошол кезде "Жаңы типтеги лицей, гимназиялардын жобосун" иштеп чыгып, өкмөттүк деңгээлде **Апаз Жумагулович**тен бекиттиргенбиз. Анда мындай мектептерге колдоо көрсөтүү каралып, материалдык, моралдык жактан маселелер чечилип, гимназияларга кошумча акы төлөө каралган. Бул жобо "Мугалимдер газетасына", "Советтик Кыргызстанга" жарыяланган. М.Базаркулов: "Ошол

газиттерден он чакты гезит алып алгын", – деди ошол жобону да ала бардык.

*Мамлекеттик комитеттин коллегиясында мага 2-3 кишиден кийин сөз берилип калды. Министр бул гезиттер эмне деп сурап калды. Бул жаңы типтеги мектептердин жобосу экендигин түшүндүрүп бердик. Ал карап чыгып, коллегиянын бардык мүчөлөрүнө таратып беришти. Мага сөз келип, беш мүнөткө жетпей оюмду толуктап баратсам эле, Билим берүү мамлекеттик комитеттин башчысы Г.А.Ягодин: "Рахмат", – десе болобу. Көрсө, союздук республикалардын бирөөндө да "Жаңы типтеги мектептердин жобосу" республикалык масштабда каралбаптыр. Ал киши мени мактай баштады. М.Базаркуловго, Кыргыз Өкмөтүнө ыраазычылыгын айтып: "Сиздер аткарган иштер биз үчүн чоң үлгү", – деп баса белгилеп айтты. Москвадагы коллегияга ошентип барып келгеним эсимде.*

Биз ай сайын Москвага барчу элек. М. Базаркулович мени ай сайын СССРде кандай жаңылыктар чыкса, ошолордун бардыгына жөнөтүп турган. Кайра келгенде мугалимдердин чыгармачыл семинарларын уюштуруп турдук. Кыргызстандын окуучулары үчүн окуу китептерди, окуу пландарын кайрадан түзгөнгө, иштеп чыкканга багыттарды алдык. Бир жолу мени Эстонияга жиберди.

*Эстонияга үчөөбүз бардык: №5 мектептин директору А.Токтогулов, Бишкек шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы А.Керимкулов жана билим берүү министрлигинен мен.* Үчөөбүздү Эстонияда бир дагы орусча материалдардын жоктугу, баары эстончо болгондугу абдан таң калтырды. Анын үстүнө аларды окуй албайбыз. Бирок Эстониянын министри М.Базаркуловду жакшы тааныйт экен, ал бизге ушунчалык кызыктуу нерселерди айтып берди. Биз Эстониядан алып келген материалдардын баарын Кыргызстандын шартына ылайыкташтырып, иштеп чыга баштадык. Дал ушул материалдар Кыргызстандын билим берүүсүн жаңы нукка,

багытка бурган дан болуп берди деп ойлойм. Украинадан, Белоруссиядан, Челябинскиден алып келген материалдар менен да иштеп, жаңы багытта көп иш-чараларды жүргүздүк.

Ошол кезде мугалимдердин жаңычылдыкка суусап турган убагы эле. Республикада абдан күчтүү мугалимдердин да саны арбый баштаган. Ал эми областтык билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилери өзүнчө эле “министрлер” эле. Райкомдун башчылары кимди кызматка коюп, кимди алып коюуну өздөрү билишчү. Ошондо директорлорду министр дайындай тургандыгы тууралуу буйрук чыгып калды. Бүгүнкү күндө да децентрализация деп жатып, баарын бүлдүрдүк. Борборлоштуруу – бул ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү, аны жоюу эмес. Бул буйруктун аркасында райкомдордун күчү азаят экен. Бул мыкты кадрларды сактап коюунун жолу экен. Бул дагы М.Базаркуловичтин кеменгерлиги, акылдуулугу экен.

**Мукаш Базаркулович** өзүнүн маданияттуулугу, ак сөөктүгү, кылган иши менен бизге катуу таасир этти. Бул кишинин айткан сөзүн аткаруу үчүн жан талашып иштегенге туура келди. **Асылбек Токтогулов** дагы №5 мектептин директорлугунан Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгына которулуп калды. Анын бул башкармалыкка келиши Бишкекте кыргыз мектептеринин ачылышына, анын өнүгүшүнө зор түрткү болду. Анын билим берүү жаатында өзүнүн көрүнүктүү орду бар. Азыр профсоюздун лидери болуп, республикада профсоюздардын кадыр-баркын көтөрүп иштеп жатат. А.Токтогуловичтин нын уюштуруучулугун, жогорку интеллектин баса көрсөтүү менен, ишине ийгиликтерди каалаймын.

**Жусупбек Аманалиев** билим берүүгө эмгеги сиңген кадыр-барктуу киши экен. Кыргызстандын мектептерин көтөрүүгө абдан зор эмгек кылган. Анын ордуна келиш мен үчүн абдан оор болгон. Өзү айкөл, жакшы киши экен, мага келип жардамдарын берип турду.

**Исак Бекбоевич** менен Педагогика институтунун директору болуп турганда таанышып калдык. Ал кезде азыркы

Кыргыз билим берүү академиясы абдан кадыр-барктуу түзүм болгон. И.Бекбоев мектептердеги окуу куралдарын, окуу программаларын, окуу китептерин чыгарууда чоң эмгек кылды. Чынын айтыш керек, негизги программаларды, негизги китептин мазмунун Россиядан алчубуз. Кыргызстанда кыргыз тили, адабияты, тарых жана география сабактары боюнча гана жекече мазмунга ээ эле. Калганын баарын негизинен Россиядан алчубуз. Тарыхты да 1917-жылдан берки эле тарыхты окучу элек. Ошондой болсо да, билим берүүнүн кадыры, аброю абдан жогору эле. Мындан отуз-кырк жыл мурун айылдагы эң кадырлуу адамдар мугалимдер эле. Бүгүн да ошондой акыбал боло койгон жок, биз ушул билимге, кадыр-баркка жетүүбүз керек.

> *Маалыматтын тез өзгөрүшүнөн, дүйнөдө эки коркунуч бар: бирөө мезгилдин, өнүгүүнүн тездиги, экинчи коркунуч – кесипкөйлүктүн компетентсиздиги. Биринчи коркунучту адамзат кууп жете албайт экен. Кууп жетүү да мүмкүн эмес экен. Бүгүн эл илим-техникалык прогресс эмес, бүгүн социалдык эмес, гумандашуу эмес, биринчи орунга билимдүү адам гана жакшы жашарын билип калды. Ошол үчүн билимдүү болуш керек. Эгерде билим берүүнүн баркын көтөрүп, мугалимдерге жардам бере албаган мамлекеттин келечеги жок деп кесе айткым келет. Ошентсе да биздин өлкө аракет кылып жатат, бирок жетишерлик эмес.*

**Исак Бекбоев** – таланттуу чыныгы педагог, жаралгандан ички дүйнөсү, турган турпаты менен педагог. Кыргызстандагы педагогдордун атасы деп бекеринен айтышпайт. Агайдын педагогикага сиңирген эмгеги, педагогиканын өнүгүшүнө кошкон салымы баарынан баалуу. Адамдарга жардам кылайын деген мамилеси, билими менен интеллекти өтө жогору адам. Бүгүн дагы Исак Бекбоевич болгон тажрыйбасын берип келет. И.Бекбоев сыяктуу

адамдарга кыргыз педагогдорунун ичинен “Кыргыз элинин баатыры” деген наамга абдан татыктуу инсан.

Министрликте иштеп жүргөн мезгилде көптөгөн таланттуу мугалимдердин жолун ачтык. Таластын Арал орто мектебинен **Бектур Исаков**дун өздүк методикасы менен таанышып, биринчи жолу телеберүүлөр аркылуу республикадагы бардык мугалимдерге анын тажрыйбасын жайылттык. Ысык-Көлдөн **Турган Жанаманова**нын тажрыйбасынан алып, үлгү сабактарды бере баштадык. Ал түгүл ушул мугалимдердин окуучуларын экзамени жок жогорку окуу жайларга окууга кабыл алганга уруксат бердик. Республиканын ар бир районунан чыгармачыл мугалимдерди бөлүп көрсөтө алдык.

Бүгүн мугалимдердин кадырын көтөрүү десе эле бардыгы айлыкты көбөйтүүнү ойлошот, а бирок анын мындан да башка жолдору бар эмеспи. Ошол кезде И.Бекбоев менен жакындан аңгемелешип, кеңешип жүрдүк. Ал убактагы министрлик Кыргыз билим берүү академиясын колдоп, ага шарт түзүп, айткан пикирлерин эске алып турчубуз. Азыр да мына ошол деңгээлге жетиш керек. Бүгүн да ар кандай пикирлер бар.

*Жакында эле И.Бекбоев менен жолугушуп калганда сүйлөшүп отуруп мындай деп калды: “Ээ, Жангороз Каниметович, Мукаш Базаркулович экөөңөр министрликте иштеген жылдары силерди дагы да жакшы иштесе экен деп ойлочу элем. Мына эми карап көрүп отуруп, силерден кийинки министрлердин бирөө да силерге жете иштей алышпады”. Өмүр бою мугалим, окуучу тууралуу ойлонгон улуу педагог И.Бекбоевдин бул айткан сөздөрүнө абдан ыраазы болуп, жетине албай калдым. Бул биз үчүн чоң сыймык болду, абдан кубанып калдым. Кийин М.Базаркуловго атайы жолугуп И.Бекбоевичтин бул сөзүн айтып берсем, ал дагы кубанды.*

## Областтык башкармалыктагы мезгил

*1991-жыл.* Эгемендүүлүктүн жаңы доору башталып, А.Акаев президент болуп калды. Биз дагы эле союздук республикалардан алдыңкы тажрыйбаларды алып, жаңы жетишкендиктер менен ишти улантып жатканбыз. Мен дайым ойлочу элем, мен дагы толук күчүмдү жумшай алган жокмун деп. Азыркылар менен салыштырып карап көрсөк, Мукаш Базаркуловдун жетекчилиги менен көп иштерди аткарган экенбиз.

Ошентсе жаңы доордо жаңы жетекчилер, жаңы дайындоолор болуп, биринин артынан бири күнүгө алмашуулар жүрүп жатты. Кезек М.Базаркуловдун кызматына да келип жетти. Анын ордуна А.Жаманбаевди көрсөтүп калышты. Ал убакта министрлерди депутаттар шайлашчу. Депутаттар ачык каршы чыгып, ал киши өтпөй калды. Мукаш Базаркулов кайрадан убактылуу министр болуп эки айдай иштеп калды.

Жаңы толкундоолор, жаны демократия, ар ким каалагандай сүйлөп, демократияны түшүнүп да, түшүнбөй дагы ар кандай толкундоолор болуп жатты. Бир күнү М.Базаркулов чакырып, айтып калды, абдан жакын элек: “Жангороз, жакында башка министр келет, Базаркуловдун кадрлары деп сени менен кандай иштешет болду экен. Менин сага бир сунушум бар. Ысык-Көл областында билим берүү бөлүмүн жетектеген азыр киши жок, ошол жерге барбайсыңбы”, – деп калды. Мен да көңүлдөнүп, өзүнчө өз алдынча кызматка барайын деген көңүлүм бар эле, дароо эле макул болдум.

***Урматтуу Мукаш Базаркулович, Сиздин адамдын ич дүйнөсүндөгү ойлорду алдын ала билип турган сезгичтигиңизге дайыма таазим этем.***

“Анда **Бексултан Аманбаевге** (областтык кеңештин төрагасы эле) мен чалып койдум, эртең тогузда бар”, – деп калды. Мен эртеси барсам, Аманбаев кирип келгенде эле: “Ии, облустук билим берүү бөлүмүнүн башчысы болосуңбу?” – деп, тамашалагандай сөзү менен сүйлөп калды. Мен М.Базаркуловго абдан көнүп калыптырмын, мындай сөздү күткөн эмесмин. Анан берген суроолоруна жооп берип, кайра келдим. Мукаш Базаркулов: “Кандай экен? Ишеним кылсаңыз, иштеп берем деп айттыңбы?” ” – деп сурап калды. “Мен ал кишинин мамилесин көрүп туруп түз жооп берген жокмун”, – дедим. “Сен да өзүң тууралуу ойлоно жүргүн”, – деди Мукаш агай. Сөз келгенде айтыш керек. Ошентип, мага акырын бир эскертүү кылды.

Бир жумадан кийин Б.Аманбаев өзү чакырып, Ысык-Көл областтык депутаттары биздин маселени карап, мени кубануу менен кабыл алып, областтык билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп бекип калдым. Анда областтык кеңештин депутаттары бекитчү.

**Бексултан Аманбаев** менен бир жылдай аралыктын ичинде иштешип калдык. Анан ал Компартиянын борбордук комитетине биринчи катчы болуп кетти. *Бул киши ар бир сөзү юмор менен коштолгон, иштин көзүн билген, жаңы программаларга умтулган, өтө уюштургуч жетекчи эле.* Кийин аны менен өтө жакын болуп кеттик. Дайыма мен аны чакырып келгем, бул республика деңгээлинде өнүгүүнү көрдү деп, көп жардамдарды берди. Бул киши тирүү болгондо, балким, талаш мезгилде, кокусунан келген президенттердин ордуна президент болуп калат беле, ким билет?!

Ошентип, Б.Аманбаев кеткенден кийин обком Балыкчыдан Караколго көчтү. Ал жерде айланама жаңы курам топтоп, абдан таланттуу, иш билги адамдардан чогулта баштадым. Алар бүгүн дагы мамлекеттик кызматтарда иштеп жүрүшөт. Жайкы мектептерди ачтык, республикалык масштабдагы ар кандай семинарларды өткөрдүк. Ысык-

Көлдүн ар кайсы райондорунан 40 директорду Алматыга алып барып, бир жума жүрүп окуп, тажрыйба алмашып келдик. Алма-Ата областтык билим берүү башкармалыгынын башчысы **Эрмек Касымбеков** деген казак досум ушунун баарын уюштуруп берди. Азыр ал Астанада мамлекеттик кызматта иштейт. Ошентип Ысык-Көл областын көпчүлүк көрсөткүчтөр боюнча Бишкектен кийинки эң алдыңкы орунда турган областка чыгардык. Чындыгында, жалпылап аракет кылса, чын дилден кызмат кылсаң, бир нерсе – жакшы натыйжа чыгат экен.

Ысык-Көлдөгү мугалимдердин ичинен жакшы мугалимдерди тандап алып, элге тааныттык. Ошолордун ичинен азыр **Малик Темиралиев, Жеңиш Урумов, Өмүрбек Бейшенбиев, Бурул Умарова, Мурат Жетимишбаев, Сулайка Асанбаева, Сүйүндүк Ишембаев, Турган Жанаманова, Гүлазы Бейшеналиева, Калый Ашырбаев, Шайыр Казакпаева, Советкан Шакенбаева, Ульяна Айтбаева, Алик Турганбаев, Качкын Ашымканов, Мейман Рыскулов, Аскар Байсеркеев, Раина Акматалиева, Болот Молдосанов, Дария Мусина, Дамира Абирова, Докдуркүл Кендирбаева, Жибек Өзүбекова, Динара Курбанова, Анарбек Шамиев, Саадат Чекирова, Саламат Молдосанов, Бактыгүл Кыдырова, Табылды Дүйшөбаев, Назира Дүйшеева, Жеңиш Темирканов, Эсен Шаршалиев, Калык Албанов, Гүлнур Шадыканова ж.б.** мыкты педкадрлардан болуп калышты. Демек, мыкты кадрлардын саны менен да алдыңкы жетишкендиктерге жетише алдык.

Ушул жерден баса белгилеп кетчү нерсе, областтык кеңеште орун басар **Клара Орозалиева** эле, көп жыл обкомдун катчысы болуп иштеген, ал адамдын эмгеги Ысык-Көлдүн билим берүүнүн өнүгүшүндө зор. Биз мындай кадрлар менен бир гана Ысык-Көл областты боюнча иштешпестен, жалпы республика боюнча облОНО жетекчилери менен жакшы иштештик.

**Мырза Капаров** Оштун областтык билим берүү бөлүмүнүн башчысы эле, кийин депутат болуп кетти. **Балтагул Нурумбетов,** Жалал-Абадда **Зебихан Кутманова,** Нарында **М.Субакожоев,** Таласта **Т.Эрманбетов**дор мыкты кадрлар эле, атаандашып, эң мыкты иштерди аткарганга жетиштик.

Ысык-Көлдүн биринчи губернатору **Жумагул Сооданбеков** – *чоң саясатчы, республика деңгээлинде кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн, эгемендүүлүгү үчүн, кыргыздардын таламын талашкан күчтүү инсан, оригиналдуу жетекчи.* Биздин буга чейин дагы жакын мамилебиз бар эле. Ал жерден дагы чогуу иштеп, бул кишиден эл башкарууну, жыйында кандай сүйлөөнү, кантип алып жүрүүнү үйрөндүк. Бүгүн дагы абдан кадырлуу адам менен чогуу иштөө вазийпасы мага түшкөнүнө кубанабыз.

Ошол кезде Ысык-Көл мамлекеттик университети кайра түзүлүп, анын ректору **Жолдош Жусаев** болуп калды. Өзүнчө бай тажрыйбасы бар адам, ЫМУнун кадырын, аброюн өзүнчө бир баскычка көтөрдү. Ошонун жанында биздин жолдошубуз **Калдыбаев Кадырбек** бар эле. Бул экөө эриш-аркак иштеп, университеттин түптөлүшүнө чоң салым кошту. Экөөнүн тең адамгерчилиги бийик, ынтымагы бекем болчу. Биз үчөөбүз бириккенде мени тамашалап, "областтын министри" деп коюшар эле. Депутаттыкка шайлоого чыккан кезимде да университеттин командасы менен колдоп жүрүштү. Билими, акылы, иштермандыгы бардык жактан төп келген адамдар эле, жаткан жерлери жайлуу болсун.

Ал кезде **Какеев Аскар Чукутаевич** министр эле, билими, адамгерчилиги, элге болгон мамилеси өзгөчө жетекчилердин бири болду. 1995-жылы А.Чукутаевич менен биз кызык окуяга дуушар болдук.

**Султан Касымов** Түп районунда көп жыл билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген менин агайым бар эле. Мен устатыма "Эмгек сиңирген мугалим" ардактуу наамды алып берейин деп, анын документтерин даярдап министрликке

жибердим. А.Чукутаевич өзү телефон чалып: “Сен өзүңө да даярдагын”, – деди. Ал убакта бир областтан бир эле кишиге орун берилчү. Кандай болот деп эле калдым. Билим берүү министрлигинин коллегиясы карап, мага эле бергенге чечим кабыл алды. “Аскар Чукутаевич, мен жашмын, убакыт келсе, дагы алармын, Султан Касымовго эле бериңиз”, – деп коллегияда туруп айттым. Элдин баары таң калып карап эле калды. Аскар Чукутаевич: “Мен эбин табармын, экөөнө тең берелик”, – деди. Жогорку жактагылар менен мамилеси жакшы эле. Ошентип экөөбүз тең алып, Султан Касымов абдан ыраазы болуп калды.

1991-жыл Каракол шаарында Токтогул Сатылганов атындагы мектепте малчынын балдары, тартипсиз, ден соолугу начар балдар жана башка ушундай балдар, педагогдук курамы дагы абдан начарлап кетиптир. Биз ошол мектепти атайын губернатордун токтому менен, экинчиси Билим берүү министрлигинин чечими менен мектеп-лицейге айландырдык. Биз мугалимдерине дагы, окуучуларына дагы конкурс өткөрүп кабыл алдык. Ал мектепке **Аскар Байсеркеев, Жибек Өзүбекова** сыяктуу мыкты мугалимдерди биринчи кылып кабыл алып, бүтүндөй областтын эң мыкты мугалимдерин жумушка тарттык, шарттарды түздүк. Окуучулардын баарын тандап алып, баягы окуучулардын баарын ар кайсы мектептерге таратып бердик. Бул мектептин оңолуп, өсүп кетишине А.Байсеркеев, Ж.Өзүбекова ж.б. мугалимдердин эмгеги зор. Ошол мектептен эки эл мугалими чыкты. Ошол мектепти бүткөн бүтүрүүчүлөрдүн көбү мыкты адамдар болушту, алды илимдин докторуна чейин жетти. Атап айтсак, *Кайрат Иманалиев, Аида Касмалиева* ж.б. атактуу журналисттер жана башка кыргыз элине кызмат кылган мыкты адистер өсүп чыкты.

Ысык-Көл областтык билим берүү бөлүмүндө иштеген жылдары абдан жигердүү иштегенибиздин акыбети кайтып, бизди депутаттык байсалга сапар алдырды.

## Биринчи Жогорку Кеңешке депутаттык сапарда

Ошентип Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутат болдук. Депутат болордо чыныгы күрөштөр башталды.

*1995-жыл февраль айы. Кыш мезгили. Ал убакта шайлоонун баары кышында өтчү.* Шайлоо башталып, Түп районунан 12 киши чыгып, депутаттыкка ат салышып калдык. Ар кими өз оюндагысын айтып, чоң күрөш башталды. Легендарлуу парламенттен кийинки альтернативдүү эң чоң чыныгы күрөш 1995-жылы болгон. 1995-жылкы чоң саясий күрөш чыныгы депутаттык күрөш болчу. Эл чыныгы депутат болчу адамга гана добуш берген. Мындай күчтүү парламент качан болгону белгисиз.

Мына ошол парламенттик шайлоодо жеңип чыктык. Элдин арасынан мугалимдердин колдоосу, мугалимдин аракети, кадыр-баркы баарына таасир берди. Өзүбүздө да болсо керек, бирок мугалимдер уюшкандыгы менен депутаттыкка өттүм. Ага мен эмес, ар бир мугалим өзү өткөндөй болуп кубанды. Бишкектен, Таластан ж.б. жерлерден келип, баары колдоп, өз ойлорун айтып, куттуктап жатышты. Мен өзүнчө толкунданып, абдан кубандым.

Ал жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл Өкүлдөр жыйынына депутат болуп шайландым. Ошол убактагы депутаттардын арасында кыргыздын атактуу жана сыймыктуу уулдары **Ч.Айтматов, Т.Усубалиев, А.Масалиев, А.Эркебаев, М.Мамакеев** сыяктуулар бар болчу. Депутаттык комитеттердин ичинен билим берүү жана илим комитетинде иштей баштадык. Биздин комитет он кишиден турган. Адегенде Абдыганы Эркебаев комитеттин төрагасы болду (1995-1997-жылдары). 1997-жылы

комитет төрагасы мен болуп калдым. Ошол комитетте бүгүнкү Кыргыз Эл баатыры **Мамбет Мамакеев, Бектемир Мурзубраимов, Миталип Мамытов, Мухамбетжан Мамасаидов, Алтай Бөрүбаев, Советбек Токтомушев, Досбол Нур уулу, Эркинбек Матыев**дер кирген. Алардын баары илимдин докторлору, профессорлор, академиктер болчу. Мен эле турмуштук практикага ээ, жөнөкөй мугалим элем. Менин илимге киришиме, мына бул адамдардын таасири зор болду, аларга абдан ыраазымын.

**М.Мамакеев** – эч нерседен коркпогон, табиятынан тартынбаган, эр жүрөк адам. Адилет, калыс сүйлөгөнү, жүрүш-турушу менен өзгөчөлөнгөн, терең билимдүү, кайраттуу, патриот адам, уникалдуу инсан.

**М.Мамытов** – өтө аяр, маданияттуу, кичипейил, терең билимдүү, ички дүйнөсү кенен, акылдуу, интеллеги жогору адам.

**Б.Мурзубраимов** – уюштургуч жетекчи, Ош технологиялык мамлекеттик университеттердин түптөлүшүнө, өнүгүшүнө, бүгүн да улуттар аралык ынтымактын чыңдалышына зор салым кошкон, интеллеги бийик, көрүнүктүү инсан.

**М.Мамасаидов** – белгилүү илимпоз, Кыргыз-Өзбек университетин түптөп калыптандырган, эки элдин ынтымагына чоң салым кошкон кадырлуу адам.

**А. Бөрүбаев** – илимдин бийиктигине жеткен көрүнүктүү окумуштуу, белгилүү коомдук ишмер, терең билимдүү, интеллеги кенен адам.

**Э.Матыев** – кыргыздын белдүү азаматы эле, жаш кетти. Бардык жакшы сапаттары бар, уюштургуч, илимпоз, ишкер жигит болчу.

**С.Токтомышев** жана **Досбол Нур уулу** дагы кыргыздын белгилүү кадырлуу адамдары.

*Эки жыл областтык билим берүү бөлүмүнүн башчысы жана депутат болуп иштеп жүрдүм.* Эл Өкүлдөр жыйыны болгондон кийин мезгил-мезгили менен иште гана чогулуп маселелерди карачубуз.

Ысык-Көл областында дагы **Ж.Саданбеков, К.Тукешов, М.Сыдыков, Ж. Жээнбаев, Ж.Шарапов, М.Исаев, Ө. Эгембердиев, К.Молдобаев, М.Мамбетов, Т.Кербенбаев, Ж.Байсеитов, Т.Абдылдаев, Д. Салиева, С. Салиев, Ж.Жакыпов, М.Абдылдаев, А.Эгембердиев, Б. Чекиров** сыяктуу мыкты адамдар топтолгон. Мен Ысык-Көлдө иштеген жылдарым эргүү менен, чыгармачыл жигердүүлүк менен өз алдынча иштеген жылдар, кызыктуу окуялар да болду.

## Экинчи жолку депутаттык сапарым

2000-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин экинчи чакырылышына депутаттыкка шайлоо болуп калды. Жогорку Кеңеш эки палаталуу эле, мен мыйзам чыгаруу палатасына баргым келди.

Түп жана Ак-Суу районунан депутаттыкка талапкерлигимди коюп калдым. Күрөш абдан катуу болду. Бийликтегилер мени жактырышкан жок. Ал убакта **Т.Касымов** губернатор эле. Мен аны Чолпон-Ата – Алматы жолу боюнча бир нече жолу сындап, каршы чыкканмын. Бүгүн деле ал жол иштеген жери жок.

*Мен дайыма чындыкты айтканымдан, ал кездеги бийликтегилер мага каршы күчтөрдү уюштурушту. Бардык органдар, бардык бийлик мага каршы чыкты. Бирок, кудай колдоп, дагы эле мугалимдер колдоп, эл колдоп, элдин намысы үчүн мени кайра шайлашты. Ошентип, экинчи жолу шайлоодон жеңип, депутат болуп калдым. Түп, Ак-Суу райондорунун элине чоң ыраазычылыгымды билдирип, бүгүн да таазим кылам, аман-эсенчилигин, ийгиликтерин тилейм.*

Колума мандатымды алып депутат болуп жрөм, бирок соттошуп жаттым. Ошол кездеги депутаттыкка ат салышкандардын баары сотко беришти. Эч бир күнөөм жок, этим калды көк жашык болуп, саясий күрөштөн жаңы эле чыгып турсам, бир кызык окуя болду.

Жогорку Сотто 7 жолу соттоштум. Ал убакытты бүгүн айта берсе болот. Эң акыркы соттошууда атаандашым – *президенттин балдызы* сотко берди. Мени колдоп жаткан соттор, акыркы саатта мага каршы чыкмай болушту.

Ал убакта мамлекеттик катчы **Н.Касиев** эле, ал киши менен абдан жакын мамиледе элек. Н. Касиев дагы эрдик көрсөттү. ***Өзүнүн позициясы туруктуу, эл үчүн иштеген, акылдуу азаматтардын бири***. Борбордук шайлоо комиссиясынын жетекчиси **Сулайман Иманбаевич** шайлоо системасына көптөгөн өзгөртүүлөрдү киргизди. ***Өзүнүн***

***калыстыгы, акылмандыгы, көрөгөчтүгү, дипломаттыгы менен эл арасында чоң кадыр-баркка ээ болду.*** Бир күнү соттордун мени депутаттыктан алууга багыт алгандыгы билинип калды. Мен С.Иманбаевге келдим, ал Касиев менен сүйлөшсө, болбой калганын билдирди.

С.Иманбаев өзү мындай ак жуумал киши эмеспи, Н.Касиев менен сүйлөшкөндө жүзү кыпкызыл болуп, ачуусу сыртына чыгып турганы азыр да көз алдымда турат. Ал Н.Касиевге: “Мен кетишим керекпи? – деди. – Жангороз менин жакын иним, силер адилетсиздик кылсаңар, мен Түпкө, элиме кантип барам...” – деп трубканы коюп койду. “Эми эмне кылабыз? Тагдырдын жазганы ошол болсо”, – деп, отуруп калдык. Бир убакта Н.Касиев кайрадан телефон чалды, С.Иманбаевич трубканы алып: “Сени Н.Касиев чакырып жатат”, – деди. Н.Касиевге бардым, эшиктин алдында туруптур. Н.Касиев мындай деди: “Мен Аскар Акаевичке айттым: “С.Иманбаев отставка сурап жатат. “Бул ишиңер туура эмес” деп айтты” – дедим. А.Акаевич эмне кыларын билбей, кызарып, айласы кетип, Жогорку Соттун төрагасына телефон чалды дейт. “Ж.Каниметовдун маселесин кандай иш болсо, ошондой чечкиле, эч кимге болушпагыла”, – деп айтты...

Ошентип мен депутат болуп биротоло бекип калдым. А.Акаев адилеттик кылды.

*А. Акаев өтө билимдүү, адилеттүү, айкөл, күчтүү инсан, дүйнөлүк деңгээлдеги окумуштуу, илимдин адамы десек жаңылышпайм.*

*1995-жылкы А.Акаев президенттик шайлоого барганда 15 эле киши анын ишенимдүү адамы болгонбуз. Ошол 15тин бирөөсү мен элем. Жанакы менин соттогу маселеме үй-бүлөсү катуу кийлигишкен. Ошол убактан баштап үй-бүлөлүк башкаруу доор башталган. Карагылачы, эгерде үй-бүлөсү, бала-чакасы А.Акаевдин ишине кийлигишпегенде, же анын эрки абдан күчтүү болгондо, мындай тагдыр болбойт эле. “Атаңдын көрү бири кем дүйнө” деген ушул экен да.*

Эгерде ушуга окшош интеллекти бийик, акылы жогору, уюштургуч, бирок эрки күчтүү адам өлкөнү башкарганда кыргыз мамлекети башкача болуп өсмөк.

Ошондой болсо да бийликке жагынууну көздөгөндөр менин депутаттык тагдырымды башка нукка бургусу келди. Депутат болгонумдан кийин жарым жыл өтпөй эле мени Билим берүү министрлигине барууга сунуш кылышты. Мен ошол кездеги мамлекеттик катчы Н.Касиевден президентке кирбешимди жана министрликке барбай турганымды суранып, "тиги кишиге" туура түшүндүрүүнү өтүндүм. Биринчиден, мен шайлоочуларымдын ишеничин алдап кетпегендей түшүнүк калтырбашым керек эле. Экинчиден, ошол замандарда министрлерди бир жылдан ашык иштетпей бат эле алмаштырып турушкан.

Ошол учурда **Сулайман Иманбаевич** да менин министр болуп барышыма каршы болду: "Кантип элге барасың, кандай күрөш менен депутаттык мандатты алдың эле! – деп ишеним менен, – Министр болуп кеткениң туура болбойт", – деген кеңешин берди.

Андан кийин Жогорку Кеңештин билим берүү, илим жана маданият комитетин жетектедим, депутаттык ишмердүүлүгүм жемиштүү болду.

2000-жылдан баштап, акча таратмай, элди сатып алмай, команда менен иштемей, сөз, убада бермей сыяктуу жаман демилгелер башталды. Ошолорго карабастан шайлоолордон жеңип келдик. Бул үчүн элиме рахматымды айтам.

## Депутаттык ишмердикте жазылган мыйзамдар

Эми накта депутаттык ишмердиктер башталды.

*Мыйзамды талдап, талкуулап жана анын аткаруусуна жетишүү бул депутаттын ишмердүүлүгү деп аталат.*

Мен бир сөз айтайын, депутаттыкка ат салышканда талапкерлердин ичинде мен гана мурда депутат болуп көргөм, калгандарынын бирөөсү да мурун депутат болгон эмес болчу. Ошол үчүн алар элге ар кандай убадаларды берип жатышты. "Жаз келатат мен солярка берем", "Мен цемент таратам", бирөө "Мен тишиңерди салып берем" деп чыкты. Деги койчу, кандай гана убадалар берилген жок. Мындай учурда мага дагы убада бергенге туура келди. Бирок мен айттым: "Мен силерге билим берүү үчүн жакшы мыйзам жазып берем. Депутат деген көмүр сатып бербейт, тиш салып бербейт, ал мыйзам жазат". Бирок жокчулуктун айынан тигилерге да бурулуп жатты.

Кыскасы, жеңиш биздики болду. Депутат болгондон кийин мен элди кыдырып: "Мен силердин өкүлүңөрмүн. Болгон сунушуңарды, тапшырмаңарды аткарам", – деп бир кыдырып чыктым. Эл дагы бир жолу ыраазы болгондой болду.

Ушундай күндөрдө баары эске түшөт экен. "Кой, мыйзам жазууга киришейин", – деп **"МУГАЛИМДЕРДИН СТАТУСУН"** жазууга кириштик. Анын негизги багыттарын **Рахат Ачылова** түзүп кеткен экен (Муну айтпасам болбойт). *Рахат Ачылова да эл үчүн күйгөн, билим берүүгө жанын берген кыргыздын белгилүү, акылдуу кызы эле.* Биз ага толуктоолорду, кошумчаларды киргизип, аягына чыгардык. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин алдында "Мугалимдердин статусу" мыйзамды абдан күч менен коргоп, аны 200 млн сомду 2000-жылдын бюджетине киргизүү менен кабыл алууга жетиштик, ал кезде 200 млн сом чоң акча эле.

Бүт мугалимдер, бүт эл ыраазы болду. Ал убакта мамлекеттик катчы Осмонакун Ибраимов өзү башында туруп, республикалык масштабда презентация уюштуруп, мени башкы докладчы кылып, чоң иш-чараларды өткөрдүк. Бүгүн

ал мыйзамдын көп беренелери иштебей калды, акырындык менен саясий жарыяга айланып баратат. Бирок ошондой болсо дагы "Мугалимдердин статусунда" каралган негизги багыттары мугалимдерге ишин жакшыртууга алып келүүнүн себептери болуп берди.

Кийин атайын команда топ түзүп алып, **"БИЛИМ БЕРҮҮ МЫЙЗАМЫНЫН**" үстүндө иштей баштадык. Биз чет өлкөлөрдүн, Россия, Казакстандын мыйзамдарын алып, алардын жакшы жактарын бизге ылайыктуу, биздин менталитетке туура келген багыттарын алдык. Мына бүгүн көпчүлүк мыйзамдар механикалык түрдө көчүрүлүп, көтөрүлүп, иштебей жатат.

*Биздин бул мыйзам тууралуу начар деген адамдар болгон жок. Заман өзгөрүшү менен толуктоо киргизилип жатат, бирок олуттуу кошумчалар жок. Бул мыйзамга Евросоюздук парламенттик жыйынында жакшы баа берилгендигин А.Акаев бир чогулушта атайын билдирүү жасаган болчу.*

Бул мыйзамды бүт республика боюнча жарыялап талкуу өткөрдүк. Ошол убактагы көп педагогдордун, илимпоздордун, ректорлордун, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, мыйзам долбооруна көптөгөн өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргиздик. Биздин мыйзамга юридикалык негиздөөлөрдү, толуктоолорду көрсөткөн кишилер көп болду: **Бактыбек Исмаилов** – Билим берүүнүн мамлекеттик инспекциясынын башчысы, **Абакир Мамытов** – Дене тарбия жана спорт институтунун ректору, Билим берүү жана илим комитетинин кызматкерлери **Болот Молдосанов, Сейитжан Апышев** ж.б. эмгектери зор. Ошондой эле мыйзамды коргоого алып чыгууда көп депутаттар салымын кошушту. Ошентип бул мыйзамдын демилгечиси болуп, аны Жогорку Кеңештин жыйынына алып чыктым.

Көп эле мыйзамдар беш мүнөт, он мүнөт же бир саатта өтүп кетет, бул мыйзам бир жума талкууланды, ар бир беренеси, ар бир бөлүгү талкууланды. Бир жума трибунада турдум. Мыйзам жазып чыгуу бир жагы, ал эми аны жактоого

алып чыгуу, ошончо кишинин талкуусуна жооп берип, аларды ынандырыш өтө татаалдыкка турду. Бирок биздин киргизген мыйзам долбоору негизинен 95%га кабыл алынды. Айрым гана толуктоолор болду.

Мыйзам кабыл алынгандан кийин мен түшүндүм. Демек, ар бир депутаттын "Билим берүүнү билем" деген түшүнүгү бар экен. Бирок билим берүүнүн өзгөчө эрежелери, теориялары бар экенин түшүнүшкөн эмес. Ошон үчүн ынандырган иштерге макул болуп бергенине ыраазы болдук. Биз ал комитеттин төрагасы болуп турган кезде, Билим берүү, илим жана маданият министрлиги менен шериктеш, өнөктөш, мамилелеш болуп жакшы иштедик.

Андан кийин **"ЫСЫК-КӨЛДҮН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ТУРУКТУУ ӨНҮГҮШҮ"** боюнча мыйзам кабыл алдык. Бул да атайын топко демилгечи болуп, эки жыл бул мыйзамдын үстүндө иштедик. Бул мыйзам бүгүн Ысык-Көлдүн туруктуу өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизген мыйзамдардын бири болуп калды. Бул мыйзам тигилердей эмес, жеңилирээк өттү. Анткени *Ысык-Көлдүн өнүгүшү дегенде ар бир кыргыз жүрөгүндө жылуу сезимдери бар экендиги көрүнүп турду.*

Андан башка дагы көп мыйзам өзгөртүүлөрдү киргиздик.

"Мугалимдердин статусу" мыйзам кайрадан толукталып, бүткүл КМШ өлкөлөрүнүн Парламенттер аралык билим берүү жана илим комитетинин мүчөсү катары өзүбүздүн салымдарыбызды кошуп, "Мугалимдердин статусу" мыйзамы КМШ өлкөлөрдүн ичинен биринчи **моделдик мыйзам** катары кабыл алынды.

**Ушул мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Билим берүү системасында укуктук-ченемдик документтер катары кызмат кылууда.** Муну мен сыймык менен айта алам.

Дагы бир учурду эске салгым келет. Кыргыз тил мыйзамын кабыл алып калдык. 2003-жыл болсо керек эле. Мыйзамды көрүнүктүү тилчи, патриот **Б.О.Орузбаева** баш

болуп даярдап, сунуш кылынды. Анда мамлекеттик катчы **Осмонакун Ибраимов** докладчы болуп калды. Ар бир берене сайын О.Ибраимов менен комитет төрагасы катары улам чыгып, далилдеп турдук. Этнопедагогикада өз элиндеги "бөтөн адам" деген түшүнүктөрдөн улам бир топ келишпестиктер жаралды. Жогорку Кеңеште орусча сүйлөгөн адамдар көп эле, орус улутундагы депутаттар менен биздин "киргиздер" ачык эле каршы чыгышты: "Туура эмес мыйзам кабыл алып жатасыңар, бизди мамлекеттик бийликтен тил билбейт деп четтеттиргени жатасыңар", – деп абдан катуу талкуу болду.

Бирок биздин бул күрөш мурунку мыйзамдарга караганда жемиштүү болуп өттү. Ал кезде депутаттардын ар кимдин өз оюу, ар кимдин пикири бар эле. Азыр партия эмне десе, ошондой болуп чечилип калды.

Депутаттык ишмердүүлүктө көп адамдар менен алакалаш болуп, бирге иштешкенге туура келди. Алардын арасында, айрыкча, **Абдыганы Эркебаев** менен биз жакын мамиле түздүк. Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу палатасынын 1-чакырылышынын 1-спикери **Алмамбет Матубраимов** менен иштешип калдым. Эки жылда төрага болуп иштеди. Ал кишинин өткүрлүгү, чечкиндүүлүгү өзгөчө эле.

Ал эми ***Абдыганы Эркебаев*** *өтө маданияттуу, интеллекти бийик, жогорку билимдүү, ар кандай кырдаалдан чыга билген, сабырдуу, татаалдыкты жеңген, логикасы дагы, эрудициясы дагы келишкен, мыкты интеллектуал адам*. Бул кишинин адамгерчилиги, адамга кылган мамилеси, жөнөкөйлүгү кызматта болобу, кызматта эмес мезгилде болобу, дайыма бирдей алып жүрүшү – бүгүнкү кыргыз интеллигенттерине **үлгү**. Биз бул киши менен үй-бүлөлүк дагы мамилебиз бар. Жеңип да, жеңилип да көрдүк. Бардык учурда бирдей мамиледе болдук. Мен бул кишиден көп нерсени үйрөндүм. Ал менден кичүү болсо дагы, мугалим катары абдан сыйлайм.

Ошондой эле **Турдакун Усубалиев, Апсамат Масалиев, Чыңгыз Айтматов, Мамбет Мамакеев** сыяктуу адамдар менен бирге иштештик.

**Турдакун Усубалиевич** – бул аристократ, 25 жыл мамлекетти башкарган, өзгөчө наркы, өзгөчө касиети бар, салабаттуу бийик инсан. Бул кишинин мага таасири абдан зор.

*Биз Ысык-Көл мыйзамын, Ысык-Көлдүн программасын даярдаганда бүт архивдерди алып чыктык. "Ысык-Көл" курорттук, "Ысык-Көл–Чүй" комплексин түзгөндө бүт долбоорлорду алып чыктык, бул папкаларды тизгенде бир метрдей бийиктикте болду.*

*Турдакун Усубалиевичке 20 жылдык архивдик материалдарды көрсөтүп: "Агай, ушул документтердин бүт баарында сиздин колуңуз бар экен, биз буларды эмне кылалы?" – десем, "Кабинетке жеткизип койгула", – деди. Ушундан улам бул кишинин үйүндө бүтүндөй Кыргызстандын тарыхы бар деп ойлойм.* ***Бул уникалдуу адам.*** *Мындай адамды биз дайыма баалашыбыз керек.*

Ошондой эле **А.Эркебаев, Р.Отунбаева, Э.Ибраимова, И.Исаков, А.Бешимов, Т.Казаков, А.рыскулов, С.Жумабеков, А.Токтогулов, С.Урманаев, Ж.Бөкөшев, С.Жээнбеков, М.орозбеков, А.Мусаев, А.Жапаров** ж.б. кыргыздын жүгүн көтөргөн мыкты инсандардан.

## Биз жеңип да, жеңилип да көрдүк

*2005-жылы* кайрадан шайлоого аттандык. Ал убакта Ысык-Көл фондунун төрагасы болуп, алгылыктуу, көрүнүктүү иштерди аткарып, кадыр-баркыбыз дагы бир топ деңгээлге жетип калган эле. Өзүбүздү салмактап, өзүбүздү кайра бир баалап, шайлоого аттандык.

2005-жылкы шайлоо такыр башкача болду. Эл, баягы эл жок. Элдин дагы ой пикири, барган жерде кел-кел деген кишинин баары: "Эмне алып келдиң? Эмне бересиң?" – деген планга өзгөрүптүр. Ошондо бир адамдын: "Кыргыз эли уяттуу эл экен, ким канча көп берсе, шайлоонун жыйынтыгы ошого дал келди", – деп айтканы эсимден кетпейт. Мен бизнесмен эмесмин, өмүр бою социалдык тармакта иштедик. Эл катары жашообуз бар. Жаман эмес, кудайга шүгүр, бирок байларга окшоп, биз акча бере алган жокпуз.

*Ал күрөш өзгөчө бир тарых болду. Ошентип дайыма жеңиштерде жүргөн жаныбыз, уттуруп да көрдүк.* Мугалимдер да алданды, мугалимдердин да кадыр-баркы мурункудай болбой калыптыр. Ошентип жумушсуз акыбалга келдик. Мен алдыда күрөштөр бар экендигин сезип, тынбай иштеп жүрдүм.

Жаңы бийлик келди – бул **Бакиев**дердин бийлиги эле. Элдин баары: "Эми үй-бүлөлүк системадан кутулуп, жаңы системага киребиз", – деп аларга чоң ишеним артышты.

Мен эки жылдай бош жүрүп калдым. Бирок убактыбызды короткон жокмун. Докторлук ишимди жаздым, өздүк, чарбалык иштерим менен жүрдүм. Үй салдым. Үй-бүлөм менен көбүрөөк бирге болдум. Баягы депутат болуп жүрүп, калып калган үйдөгү көп иштеримди аткарып алдым.

2007-жылы Билим берүү жана илим министринин орун басары болуп иштедим. 2007-жылдын күз мезгилинде түнкү саат ондордо *Курманбек Бакиев* кабинетине чакыртып калды. Барсам, өзү жалгыз отурган экен (Ага чейин дагы мага көп

ушул сыяктуу маселелерге каршы добушубузду берип турдук. Ошентип бийликке жакпай баштадык.

*... Тагдырдын тамашасы, 2008-жылы 8-сентябрь күнү 2 машина кагышып, көлдөн келатып, күндүз чоң кырсыкка туш келдим. Колу-бутум сынып, алты айга чейин дарыланып, ооруканаларда жүрдүм.* Мени операция жасаган таланттуу хирург **Сабыр Жумабеков** эле. Менин оор акыбалымды оңдоп, колумдун, бутумдун иштеп, түз басып калганыма чоң себепкер болду. Сабыр Жумабеков атактуу, даңктуу, профессионалдуу адам экендигин баалап, ошондой эле бардык врачтарга дагы терең ыраазычылыгымды айтар элем.

Ошентип биздин депутаттык мезгил бир күнү ооруу, бир күнү соо болуп жүрүп отуруп, 2010-жылдын 10-апрелинде дагы туш келип бүттү. Ошону менен депутаттык иштер аяктады. Көп иштер, ойлор бар эле, "ойлогон ойлорду кыстаган турмуш жеңет" деген көп ак максаттарым, иштерим чоң кысымдын астында аткарылбай калды. Биз дагы партияны жакшы ой менен түзгөнбүз. К.Бакиевдин кокусунан келген адам экендигин турмуш көрсөттү.


*Революциядан кийин **А. Атамбаев**ге кезиктим (аны менен биз беш жыл депутат болуп чогуу иштедик эле). Ал мага: "Класcташым, – деп кайрылып, – Мен Сиздин келгениңизге кубанам, шайлоодо бирге бололу", – деген оюн билдирди. Мен элдин көзүнчө, мен эч бир партияга, эч бир кланга кошулбай турганымды билдирдим. Ал жерден менин көлдүк туугандарым жаман көрүштү. Беш мүнөтү кем "премьерге" мындай айтканың туура эмес пикир дегенди айтышты. Бирок мен өз оюмдан, өз пикиримден тайган жокмун. Бүгүн дагы эч бир багытка: оңуна да, солуна да кошулбай, өз оюм, өз пикирим менен жашап келем.*



Атам Канимет, энем Калыйкан, ортодо мен,
1951-жыл




Чон атам Ырысаалы,
80 жашта, 1954-жыл



Таятам Муса,
43 жашында, 1940-жыл



Ленинград шаарында, «Аврора» кемеси,
1980-жыл



Студенттик кез,
1971-жыл



Каркырадагы мезгил,
1977-жыл



Арал айылындагы күндөр,
1980-жыл



Жаштык курак, Алматы шаары, 1975-жыл



Балдарым менен, 1980-жыл



Түркия, Анталия шаары 1996-жыл



Айнагүл жубайым экөөбүз, 55 жаш, 2005-жыл



Мамлекеттик сыйлык тапшыруу учуру,
«Данк» медалын алгам, 1999-жыл



Парламентте, 1998-жыл



Жаштык курак, Москва шаары, 1978-жыл



Амир Темирдин эстелиги, Ташкент шаары,1995-жыл



Академик Ж.Жээнбаев менен, 1999-жыл



Эл мугалими Б.Исаков менен, Москва шаары, 1988-жыл



ЖК төрагасы А.Эркебаев
«Билим берүү жөнүндө» мыйзамдын
символдуу китебин тапшырууда,
2003-жыл



Жакын боордошторум
Мустафа бей жана иним
Орхан Инанды



Досум Барлык жана жубайы Рашида
Алматы шаары, 2004-жыл



Темир Сариев менен, 2005-жыл



Депутаттык күндөр,
Т.Усубалиев жана С.Урманаев менен



Депутаттык күндөр,
Б.Мурзубраимов жана
М.Мамасаидов менен



Түркия, Анкара,
Т.Эрдоган менен, 2010-жыл



Досторум профессорлор А.Мусаев жана
М.Орозбеков менен, 2015-жыл



Ленинград шаары,
1977-жыл



Индира Гандинин эстелиги, Индия,
Шимла шаары, 2003-жыл



Жогорку Кенеште кабинетте, иш учуру

Анан мен А.Атамбаевге: “Биринчиден, мен эч бир жакка кошулбайм. Экинчиден, Бакиевдердин командасы кыргыз элин башка жакка бурмак. Аларды кетиргениңизди эрдик деп баалайм. Жакшы иштеп бериңиз, жолуңуз ачылсын”, – деп айттым.

Ырас, мен ошондо баарына макул болуп, көлдү аралап ээрчип кетсем деле болмок, өзү каалап тургандан кийин, бирок мен өзүмдүн ким экендигиме, өзүмдүн ички дүйнөмө, эркимдин бекемдигине дагы бир жолу ишенип, өзүмө-өзүм ыраазы болдум.

Менин бүгүн дагы парламенттеги депутаттар менен байланыштарым бар, бирок алардын иштеп жаткан иштерине, албетте, баарына эмес, белдүү депутаттардын ишмердүүлүктөрүнө кубанам.

**Асылбек Жээнбеков** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы, билимдүү, сабырдуу адам, бүгүн белдүү саясатчы болуп өсүп жетилди, такшалды.

Ошону менен **Дамира Ниязалиева, Төрөбай Зулпукаров, Курманбек Дыйканбаев, Максат Сабиров, Нарынбек Молдобаев, Роза Акназарова, Карганбек Самаков, Каныбек Иманалиев** ж.б. мыкты парламентарийлерди кошууга болот.

## Илим жолундагы өмүр

Менин илимий педагогикалык изилдөө багытым биринчиден – 1988-жылда Кыргыз ССРинин элге билим берүү министерствосунда иштеп жатканда башталды. Билим берүүнүн мазмуну, илимдин багыты эмне экендигин ачык түшүнө баштадым. Экинчиден, И. Бекбоевге окшогон илимпоздор менен да байланыштуу болдук.

1991-жылда Ысык-Көл областтык билим берүүсүн башкаруусунда иштеп жаткан убагымда, биз “Мектеп жана ЖОЖ” деген программанын үстүндө иштедик.

Ошол 90-жылдарда мен устатым **Магрифа Рахимова** менен таанышып калдым. Ал мени кезиккен сайын: “Сенин турмуш жолуң дагы, басып өткөн жолуң дагы, сенин көз карашың дагы – илим. Ушунун баары сенин илимге багыт алышыңды талап кылып жатат”, – деп мага дайыма насаат сөздөрдү айтып жүрдү. Мен дайыма иш менен алек болуп жүрсөм да, жүрөгүмдө ар дайым ушул ойлор кеткен жок.

Биз Магрифа Рахимова менен биринчи илимий иштерди баштадык. Эже менен 5 жыл тынымсыз иштедик. Макалаларды даярдадык, мени Алматыга чейин алып барып, докладдарды окуттурду. Мени илимдин адамы болгонго даярдай баштады. Ошентип биздин илимий иштерибиз 1999-жылы «Кыргыз Республикасында демократиялаштыруу шартында укуктук-нравалык тарбиялоо проблемалары» аттуу темада жалпы педагогика боюнча кандидаттык диссертацияны жактадым.

Илимий-изилдөөчүлүк иштер менен кошо саясий ишмердүүлүктү чогуу алып баруу, аларды жактоодо кылган практикалык иштерди илимий негизде айкалыштырып, далилдеп алып чыгуу бир топ түйшүктүү болду. Бирок ал оң натыйжаларын гана берип турду.

Андан ары доктордук диссертациямды жактоого абдан таасирлүү эжекебиз дагы улантуумду, дагы ишке ашыруумду талап кылып турду. Мен ушул кандидаттык диссертациям

менен эле чектелейин деген да ойлорум болду. Бирок азыр ойлоп көрсөм. Абдан туура иш болгон экен. Мен эжеге, менин улуу устатым **Магрифа Рахимовага** терең ыраазымын.

Ал мага дайым: "Макалаларын бүтүп калдыбы, журналдын кийинки саны чыкканы жатат, тезирээк бербейсиңби. Калганын өзүбүз да тактайбыз", – деп чалып турчу эле. "Кайсы главага келдиң, көрсөт", "Эмне материалдар керек", – деп сурап турчу. Мен Жогорку Кеңеште Билим жана илим комитетинде 10 жыл бою иштеп жүрүп, ал жердеги илимий чөйрө менен, илим адамдары менен, ЖОЖдор менен абдан тыгыз байланышта болдум. Алардын да чоң таасирлери болду.

Ошентип, илим – бул ийне менен кудук казганга барабар дегендей, мен дагы чоң түйшүктү каалап, аны тандап алып, ушул **улуу жолду** басып өттүм.

Доктордук диссертациямды жактоодо абдан кыйынчылыктар да, тоскоолдуктар да болду. Бирок ошонун баарын жеңип өтүп, акыры ийгилик менен бүттү. Магрифа Рахимовадан кийин докторлук илимий ишимди профессор **Абакир Мамытович** дагы бир жолу оодарып карап чыгып, илимий консультантым катары дагы чоң жардамдарды берди.

Демек, мен ушул бардык кызматтарда, билим берүүнү башкаруунун баскычтарында жүрүп эч качан мугалимдик кесибимди таштаган жокмун. Чет өлкөлөрдө, республикада көптөгөн жыйындарда мен дайыма билим берүү боюнча ар кандай темадагы докладдарды, лекцияларды окуп келдим. Бул да менин ишимдин билим берүү жана педагогикалык ишмердүүлүгүмө чоң жардам берди. Менин ушул диссертациялык илимий иштеримдин алдыга жылышына **И. Бекбоев, Ж.Аманалиев, М.Балтабаев, Р. Курманкожоева, Х. Анаркулов, Э. Мамбетакунов, Н.А. Асипова, Ж.У.Байсалов, А.Калдыбаева, Т.Панкова, Д.Бабаев, А.Алымбековалар** зор колдоо көрсөтүштү. Мен аларга терең ыраазычылыгымды билдирем.

*Бүгүнкү күнү докторлук диссертациямды жактаганымдын акыбети кайтып, өмүрдүн туу белине чыккан кезимде бийликтин бардык бийиктиктери билимге гана багынарын, илимге гана таянарын мен өз көзүм менен өз кылган иштерим менен көрдүм, түшүндүм.*

Мен ушул илимий педагогдук жолду тандап алдым. Бул жол саясаттан да кызыктуу, саясаттан да келечектүү, айрыкча, педагогика илими – бул адамга билим берип тарбиялоо, адамдын өнүгүүсүнө багытталган илим тууралуу лекцияларды окуп, жаш муундарга өзүмдүн билимимди, тажрыйбамды үйрөтүү, өзүнө өзүн канааттануу, андан да ары өсүшүнө чоң таасир берет экен.

*Депутат кезимде да эртең менен саат беште туруп, сессияга даярданып, китептерди окуп, ушунчалык түйшүккө түшпөйт элем.* Азыркы заманда коом өзгөрүп, мезгил өзгөрүп, тездик менен өнүгүп, ал коомдун өнүгүшүнө билим берүү тармагы кууп жетпей, артта калып жатканына байланыштуу студенттердин алдында лекция окуу мен үчүн саат беште туруп алып даярданыш, китептин баарын окуп чыгыш бир жагынан өтө кызыктуу болуп, башка жагынан өтө машакаттуу жумуш экенин билдим. Мен баса белгилеп айткым келет, мугалим болгонума сыймыктанам.

Биздин улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов 70 жаш курагында журналга интервью бериптир. “Сиз 70ке чыктыңыз, сиз консерваторсузбу?” – деп сураптыр. “70ке чыктым, мен консерватор болбогондо, ким консерватор болот”, – деп жооп бериптир.

Консерватор дагы эски тажрыйбасын, эски билимдерин бүгүнкү жаңы нукка, жаңы доорго жаңы өнүгүү менен салыштырып, аларды айкалыштыра билсе, мен ойлойм, ал консерватор эмес. Консерватор – туруктуулук, калыптануучулук, келечекке карай көз караштты айкалыштыруу – бүгүнкү күндүн эң чоң талабы.

Демократиянын принциптери – ойдун көп түрдүүлүгү (плюрализм). Ошол үчүн бүгүн дагы ойдун көптүгүн, ойдун эң маанилүүсүн, коомго керектүүсүн, тандап алышыбыз зарыл.

Мен Кыргызстандын көпчүлүк ЖОЖдорунда аттестациялык комиссиясынын төрагасы болуп, алардын иштерин изилдеп талдап, аларга анализ берип, өнүгүүсүнө жол ачып берүүгө шарт түздүк.

Кыргызстанда көптөгөн ЖОЖдор бар. Бирок бүгүнкү экономикалык шарттарга байланыштуу бардык талаптарды аткарууга багыт алган университеттерибиз катарына БГУну, И.Арабаев ат. КМУну, Юракдемияны, Айыр чарба академиясын, Улуттук консерваторияны, аймактык университеттерден Ош, Ысык-Көл, Жалал-Абад жана Нарын университеттерин дагы кошуп айткым келет.

К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин ректору, филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин иштерман министри **Абдылда Инаятович Мусаев** тажрыйбасы мол, эрудициясы күчтүү, уюштургуч, мезгилден алдыга озгон, кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы катарындагы өкүлү.

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору, тарых илимдеринин доктору, профессор **Төлөбек Абылович Абдрахманов** өзү жетектеген университетти өнүктүрүүдө, калыптандырууда акыркы жылдарда абдан чоң салым кошту. Мен да ушул жерде аралашып, кандай өнүгүп жатканын өз көзүм менен көрүп жүрөм. Бул жигит дагы терең билимдүү, интеллекттик деңгээли бийик, өсө турган жигит.

Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын ректору, юридика илимдеринин доктору, профессор **Канат Керезбеков** таланттуу уюштургуч, юридикалык билими терең, келечектеги интеллигенциянын алдыңкы өкүлү боло турган мыкты жигиттерибиздин бири.

Билим берүү системасындагы мындай өсө турган билимдүү уюштургуч жаштардын саны арбын, мисалы, **А.Кулмырзаев, А.Ибраев, Ж.К. Бакашова, Т.А.Конурбаев** ж.б.

Менин докторлук диссертациямдын багыты – билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу. Буга байланыштуу ушул жолду уланткан, биздин илим-изилдөө иштерибизди дагы изилдегендер пайда болду. Мен эки илимдин кандидатын чыгардым: **Эржакыпов Муратбек** (КазГУ), **Матыкеев Талантбек** (ОшГу), азыр дагы эки изилдөөчүм **Эрдавлатов Санжар, Жакшылыков Жылдызбек** ("Ата Түрк–Ала-Тоо" университетинин окутуучулары) диссертация коргогонго даяр. Дагы көптөгөн аспиранттар изилдеп жатышат.

## Коомдук иштерден алган рахатым

Менин ички дүйнөмдө өзүмө өзүм жумуш тапкан, дайыма изденүү менен алек болгон, түйшүкчүл да сапаттарым бар. Ал коомдук иштерди уюштурууда дагы катышуумдан көрүндү.

2000-жылдары Ысык-Көл областынын губернатору болуп, кыргыздын белгилүү инсандарынын бири **Шарипов Жусупбек Шарипович** Ысык-Көлгө барып калды. Биз мурунтан эле тааныш элек, губернатор болуп барганда биз абдан жакын мамиледеги жолдош болуп кеттик. Ал Бишкектеги аксакалдар, Ысык-Көлдүн аттуу-баштуу адамдары менен ушул Ысык-Көл областынын белгилүү карым-катнаштарын түзүү боюнча ойлорун айтып берди. Анан биз "Ысык-Көл" коомун түзгөнгө макулдаштык. Ошентип, 2000-жылы "Ысык-Көл" коому түзүлүп калды.

2001-жылы Жогорку Кеңештин депутаты болуп турганымда, **"Ысык-Көл"** коомун, коомдук фондго айландырдык.

Мен ал фондго бир сому жок төрагасы болуп шайландым. Көп өтпөй Шарипов менен сүйлөшүп, "Ысык-Көл" марафонун уюштуралык деп чечтик. Ал марафонго баарыбыз активдүү катыштык. **Эмилбек Каптагаев**ди бизге өкүл кылып берди. Э.С. Каптагаев көлдөгү эстеликтердин курулушунда, "Ысык-Көл" коомунун өнүгүшүнө жакшы иштерди жасап берди, дагы улантууда. Бишкектеги аттуу-баштуунун баары уюшуп, марафон өткөрүүгө кириштик.

*Марафондон 1млн 800 миң сом накталай акча түштү. Ж.Шарипов 1млн 800 миң сомду "Ысык-Көл" фондуна которуп берди.*

Ошентип байып эле жатып калдык. Калган материалдык жардамдар, акчадан башка жардамдардын баары Ысык-Көл областына кетти. Бул ал инсандын кенендиги, айкөлдүгү, ошол фонддун Бишкектеги ысык-көлдүктөр жана Көлдөгү аксакалдар менен кеңешип, улуу муундагы тарыхый инсандардын китептерин чыгарып, атын даңазалоо максатында жумшоо үчүн бул акчаны бизге берди.

*Ошондон баштап көп жылдар өтүп, 2012-жылы баягы ичибиздеги достой болуп жүрсөк дагы,* ***доспуз*** *деп айта албай жүрүп, акыры Жусупбек Шарипович менен мезгилдер өтүп Мамбет Мамакеев баштаган атактуу адамдар болуп Ош шаарына астына түшүп барып,куда болуп келдик. Ошентип дагы жакындыгыбыз, биримдигибиз уланды. Бул дагы түндүк менен түштүктү байланыштырып, куда-сөөк болуп, бир туугандык жактан дагы жакындаштык.*

Ысык-Көл регионунун экологиялык туруктуулугун жана экономикалык өнүгүшүнө салым кошуу тууралуу жана жалпы эле элдин ынтымагына, элдин биримдигине байланыштуу иштерди жүргүзүүгө туура келди.

Ошентип, "Ысык-Көл" фондусун уюштуруу, аны аткаруу мага жүктөлдү. Биринчи коомду уюштуруу, аны баштоо дагы бир топ татаалдыктарды түздү. Ал, биринчи иретте, **Мамбет Мамакеев, Сулайман Иманбаев, Аскат Абдылдаев, Бексултан Жакиев, Мар Байжиев, Омор Султанов, Эрнист Турсунов, Жумгалбек Аманбаев, Илияз Касендеев, Жаныбек Жээнбаев, Тилектеш Ишенкулов, Мукун Асейинов, Асан Жайлообаев, Ишенбай Абдразаков, Бекбоо Маматбеков, Наамат Орунтаев, Ооган Карабалаев, Бейшебек Акунов, Бакыт Кенжебаевдер** чоң салымдарын кошушту. Кийинчерээк фондго **Т. Чынгышев**ди аткаруу директору кылып алып келдик.

Экинчи жагынан улуу инсандарды даңазалоо боюнча, ***Ж.Абдырахманов, К.Карасаев, К.Тыныстановдор, Балбай баатыр, Боронбай бий*** ж.б. көптөгөн инсандардын китептерин чыгардык, эстеликтерин тургуздук.

**Мамбет Мамакеев** – бул кыргыздардын ичинен чыккан улуу инсан, ал жалгыз эле таланттуу хирург, алтын колдуу врач эмес, бул кыргыздагы көрүнүктүү, өтө чоң, аты улук инсан. Адамдык касиети бийик, билими терең, кыргыздагы эң көрүнүктүү адамдардын бири, мен үчүн ал киши – ата-баладай жакын адамым, ой-пикирлерибизди, келечек пландарыбызды дайым бөлүшкөн абакем. Бул улуу инсанга мен узун өмүрдү, бакубат жашоону, бардык жакшылыктарды каалаар элем.

**Бексултан Жакиев** – кыргыздын көрүнүктүү, алдыңкы адамдарынын бири, анын 21 жашта баштаган "Атанын тагдыры" драмасы менен бүгүнкү күнгө чейин атактуу жолду басып өттү. Бул кишинин өмүрү кыргызга үлгү болорлук, жакшы издерди калтырды. Ден соолугу чың, бакубат жашоо тилейм.

**Мар Байжиев –** таланттуу жазуучу, драматург, ойлору, чыгармалары атадан балага калган сыяктуу, көрүнүктүү жолду басып өткөн. Айрыкча, анын акыркы күндөгү эмгектери: "Манасты" орусча которуп, "Манас" эпосуна дагы башка жагынан жан киргизгени баарыбызды таң калтырды.

**Омор Султанов** – абдан таланттуу акын. Анын жан дүйнөнү эргиткен ырлары, сүйүүгө арналган чыгармалары кыргыздагы кеңири таанымал акындардын бири экендигин элестетип турат.

**Аскат Абдылдаев** – коп кырдуу, таланттуу, чечен, эрудициясы күчтүү, эрки бекем, сүйлөгөндөн качпаган белгилүү адам.

**Тилектеш Ишенкулов** – терең билимдүү, комсомолдук, партиялык, журналисттик, дипломатиялык, профессорлук улуу жолду байсалдуу басып өткөн, такшалган кыргыздын ардактуу адамы.

**Эрнист Турсунов** сексен жашка жетип жетпей өтүп кетти, мунун таланты, ой чабыты өзгөчө эле. Кусейин Карасаев айтчу ал киши биздин үйдө көп болчу, анын бир жолку аңгемесин айтып берейин.

*"Касымаалы Жантөшев барда эч кимибиз сүйлөчү эмес элек, андай чечен, сөзмөр, көптү билген сапат Касымалыга тиешелүү эле. Касымалы Жантөшев өлүп, бул өнөр Зияш Бектеновго тийди. Бектенов дагы сөз чебери, чечендиги, билими абдан мыкты адам эле, Зияштын көзү дүйнөдөн өтүп, андай өнөр мага тийди. Мен дагы эл менен отурганда тынбай сүйлөйм, баары кунт коюп угуп жактырып жатканын сезип, токтогум да келбейт. Экинчи бир корккон да жерим бар. Менин кулагым жакшы укпайт, эгер токтоп калсам эле, сөздү алдырып жибергенден корком", – деп айтып калчу эле. К. Карасаевдин көзү өткөндөн кийин, мен ойлойм, мындай өнөр **Эрнист Турсуновго** тийген.*

**Эрнист Турсуновдун** сөзмөрлүгү, чечендиги өзүнчө бир тирүү энциклопедия эле. Ал киши менен "Боронбай бий" романын жазганда чогуу катышып калдым. Биз "Ысык-Көл" фонддун атынан суранып Боронбай бий тууралуу жазып келүүнү сурандык. Ал киши жарым жыл өтпөй мага төрт жүз барактан турган роман көтөрүп келди. Романды тынбай окуп чыксам, Боронбай бий жок. "Эрнист агай, бизге Боронбай керек эле", – сурадым. "Бул Боронбайдын заманы, Боронбай тууралуу даана так материалдар жок болгондон кийин, мен эмнени жазам", – деп айтты. Биз ошол күндөн баштап материал топтой баштадык. Мен өзүм Санкт-Петербург

шаарында, калган тийиштүү адамдарды Омскиге жиберип, архивден материалдарды издедик. Эл арасындагы көптөгөн материалдар чогулуп, биз романын жазганга жетиштик.

Мен ошондо таң калдым. Негизги идеяларын экөөбүз акылдашып жүрдүк. Идея айтсаң, ал эртеси ушунчалык таң калгандай кылып, окурмандарга жага тургандай кылып образ түзүп, өзүнчө кереметтүү ойлорду таап, жазып келип турду. Ошентип "Бий Боронбай" романы жазылып, аны даңазалоого жетише алдык.

"Ысык-Көл" коомдук фонддун иштерин 10 жыл жетектедим. Көптөгөн иш-чараларды өткөрдүк. Фонддун китеп чыгаруу, эстелик тургузуу, ушул сыяктуу 3 миллиондон ашык сомго иштер аткарылып, 10 жылдан кийин 800 миң сом менен фондду өткөрүп бердим. Ал фонд азыр да ишин улантууда.

*Бүгүн "Боронбай бий" фондун түзүп, дагы чоң кубаныч болуп Боронбай бийдин маарекесин республикалык масштабда белгилөө боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому чыгып, биз кубанып отурабыз, депутаттарга ыраазычылык билдиребиз.*

Фондду уюштуруучулар жалаң гана аксакалдар эмес, алар менин инилерим дагы болду. Чоң салым кошкондордун катарында: Ак-Суудан **Жапар, Асанбек, Доку,** Түптөн **Кеңеш, Өмүрбек, Канат, Курманбек, Мукаш,** Ысык-Көлдөн **Бакыт, Өкмөт,** Жети-Өгүздөн **Сатар, Турсунияз,** Тоңдон **Аскер Алиев,** Караколдон **Кубан, Абдымен,** Балыкчыдан **С.Урманаев, Темир ж.б.** ушул өңдүү жигиттердин фондду уюштурууга абдан чоң салымдарын кошушту.

Сөзүмдүн башында айткандай, иштөө дараметим келип турганда, кайдан тынч жатмак, жакында дагы бир жакшы саамалыктын башын ачтык.

Республикадагы педагогдордун башын бириктирип, педагогика маселелерин көтөрүү жаатында педагогикалык коом түзүүнү туура көрүп, бир нече окумуштуу педагогдор менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, бүгүнкү күндө “Кыргызстан педагогдор коомун” уюштурдук, анын иштери алдыда.

Араб өлкөлөрүнүн ичинен Кувейт менен кызматташтык. Мына азыркы Чыгыш кыргыз Кувейт университетинин өнүгүшүндө биздин дагы салымдарыбыз бар. Анын негиздөөчүсү **Абдиллатип аль Хаджри** – бул доктор, профессор, биздин жакын досубуз эле. Ал келген сайын бизге кезикпей, иштерин көрсөтпөй, жакшы нерселерин айтпай кетчү эмес. Биз Кувейтке барып, ал Бишкекке келип, Ысык-Көлдү кыдырып, көп иш-чараларга күбө болдук. Анда таланттуу ректорлор **А.Ормушев, А.Ибраев** иштөөдө.

Ал эми парламентте депутат кезимде **Кыргыз-түрк достук коому**нун башчысы болуп, Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда карым-катнаш түзүүгө себепчи болдук. Чүй областы менен Измир шаарынын, Ысык-Көл менен Анталиянын, Каракол менен Гебзе шаарынын ортосундагы, **“Себат”** билим берүү мекемелеринин Кыргызстанга келүүсү, алардын өнүгүүсүнө дагы өз салымыбызды кошо алдык.

“Себат” билим берүү мекемесинин Кыргызстанга келишинде биз 1992-жылы Түркияда азыркы даңазалуу **Фатуллях Гулен**дин эң жакын адамы **Камал Ажы бей** менен кезигип, анын айткан сөзү дайыма менин эсимде. *“Мына, асыл топуракка асыл данек таштап жатабыз, андан чынар терек өсүп чыгат, ал чынар терек кыргыз менен түрк элдеринин бир туугандыгын, достугун, экономикалык, дегеле өнүгүү багытында чоң иштерди аткарат”*, – деди.

Биз дагы “Себат” билим берүү мекемелерин Ала-Тоо университетин ж.б. жеке өсүп-өнүгүшүнө таасирлерибиз

тийип, дайыма колдоп келүүдөбүз. “Себат” билим берүү мекемесинин Кыргызстандагы мектептери өзүнчө үлгү, өзүнчө жаңы модель, дүйнөлүк стандарттагы билим берүүнүн багыттары боюнча иш алып барууда.

“Себат” билим берүү мекемелерине келген жетекчилер, Түркиядагы “Себатка” тиешелүү белгилүү адамдар менен көп жолу жолугуштум. “Себат” билим берүү мекемесинде абдан мыкты президенттер жана жардамчылар иштешти: **Нажибей, Азизбей, Южелбей, Мустафабей, Исмаилбей, Жафарбей, Раина Асакеева** ж.б. Ал эми **Орхан Инанды** жапжаш жигит кезинен тартып, ушул “Себат” билим берүү мекемесин жетектеп калды. Бул бүгүн Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда дипломатиялык мамиле түзүлүшүнө, кыргыз билим берүүсүнүн өнүгүшүнө абдан чоң салым кошуп келет.

**Орхан Инанды**нын бийик интеллектуалдык деңгээли, терең билими, кыргызча ой жүгүртүүсү, адамгерчилиги, жөнөкөйлүгү баарынан айырмаланып турат. Ал негизинен мага бир tuуган инимдей сезилет. Биз дайым бири-бирибизге жөлөк болуп келебиз. Бул мени абдан кубандырат.

Кыргыз-түрк достук мамилелерибизде “Диалог Евразия” платформасы да улуу жазуучубуз Ч. Айтматов жетекчилик кылган Евразия интеллигенциясынын башын коштурууда. Бул бүгүн **“Диалог Айтматова”** деген чакырык менен дагы жаңы платформасын түзүүдө, ошол үчүн бул мен айткан коомдук уюмдардын жана ушул “Себат” бирикмелери сыяктуу мекемелерге ишине ийгилик каалап, мындан ары дагы келечеги кең болсун демекчимин. Бул чөйрөдө эмгектенген таланттуу жигиттер **Айдин Пазаржы, Кудабергенов Нурлан, Болушев Улук, Абдыкерим Муратов** өңдүү азаматтар бар.

## Соңку сөз ордуна

**Урматтуу замандаштарым!**

Китеп чыгаруу, конференция өткөрүү, көргөзмө уюштуруу менин оюмда жок эле. Кыргыз улуттук китепканасы **Ж.Бакашова** башкарган улуттук китепкана атактуу адамдардын юбилейлерин өткөрүү боюнча “Окуялар, даталар” деген китеп чыгарып, ага мени дагы “65ке чыкты” деп киргизген экен. *Жылдыз Кемеловна – улуттук китепкананы кыргыздын интеллектуалдык борборуна айлантты, чакан, уюшкан, билимдүү коллективи менен өтө көп иштерди аткарууга жетишти. Бул иш өзгөчө мактоого татыктуу.*

Ал китепти окуган **Абдылда Инаятович Мусаев** баш болгон биздин жакын адамдарыбыз телефон чала баштады. Ошондой эле биздин жакын жолдошубуз, белгилүү коомдук ишмер, техникалык илимдеринин доктору, профессор **Орозбеков Муктар Орозбекович** – *турмуштун байсалдуу жолун басып өткөн, терең билимдүү, дайыма өзүнө жумуш таап турган, көп кырдуу бийик интеллигент адамдын демилгеси өтө жогору.*

Бул инсандар биригип, юбилейди өткөрүүгө аракет жасап, уюштуруу тобун түзүп, иш-пландарын бекитип калышты. Ошондон кийин китеп жазуу идеясы жаралып калды... Улам жакындаган сайын бул чоң жоопкерчилик экендигин сезип жатам.

Менин өмүр жолумда дүйнөнүн өтө көп өлкөлөрүндө болдум, алардын мамлекет башчылары, парламент башчылары менен ар кандай деңгээлде парламентте, университеттерде, белгилүү коомдук уюмдарда, ар түрдүү жолугушууларда өткөрүп жүрдүк. Бул менин дүйнөгө болгон өнүгүүнүн жолдорун аныктоого өзүмдүн турмуш-жолумду тандоого да себепкер болду. Өзүм айтып өткөндөй, балалык чагымдан баштап, студенттик, билим берүүнүн жетекчилик

кызматтарында, ошондой эле парламенттеги ишмердүүлүгүм, бүгүнкү илимий педагогикалык иштеримдин баарынын жыйындысы, эл менен иштөөдө бир гана максатым болду. Ал – ***адамдарга жакшылык ойлоо, адамдарга жакшылык тартуулоо.***

Кыргыз мамлекетине, ар бир инсанга, ар бир жаш муунга кандайдыр бир деңгээлде өзүмдүн жакшы таасирим тийсин деген гана ой-тилекте болдум. Чынында, канчалык таасир этип, канчалык жакшылык кылганымды, мен эч качан бирөөгө милдет артып же ушуну менен эсептешейин деген ниетим болгон жок. Бирок чынында колумдан келген нерсеге аракет жасадым. Менин мындан аркы дагы максатым – ушул адамдарга, жалпы коомчулукка өзүмдүн иш-аракетим аркылуу таасир берип, жакшылык кылуу. Элдин алдында, балдарымдын алдында жүзүмдүн жарык болушун көздөйм.

Китеп чыгаруу – өтө түйшүктүү маселе экенин жакшы түшүнөм. Ошол түйшүктү аркалап жүргөн тилчи кызыбыз – **Тамара Абылкасымова**га дагы чоң ыраазычылык айтам. Тамара таланттуу кыз, айткан ойлоруңду көркөмдөп сынга толтуруп, окурмандарга жеткиликтүү бергенине кубандым. Ошондой эле бизге ой-пикирлерин берген адамдарга да чоң ыраазычылыгымды билдирем.

*Менин өмүрүмдө дайыма жакшы адамдар коштоп жүрдү.*
*Мен алар менен сыймыктанам.*
*Баарыбызды жакшылык ыроолосун!*

# Замандаштарымдын ойлору



***МАМБЕТ МАМАКЕЕВ***

*Кыргыз Республикасынын Баатыры,
медицина илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер
академиясынын анык-мүчөсү, академик,
Кыргыз Республикасынын Улуттук хирургиялык
борборунун ардактуу президенти*

## Менин иним

Жангороз Каниметов – менин эң жакшы көргөн иним. Мен өмүрүмдө кыргыз элиме талыкпастан эмгек кылдым. Мына ушул баскан жолумда далай жигиттер мага ини болду, бирок өзүмдүн көңүлүмө жаккан, адамдык жылуу мамилеси менен өзгөчөлөнүп турган, маңдайы жарык Жангорозду жакшы көрөм. Ж.Баласагындын бир ырын мисал келтирип кетейин:

"Өзүм билем деген жигит – башына ойрон салганы
Көпчүлүк билет деген жигит – башына коргон курганы".

Ушул айтылгандай, иним турмуштук жолунда бир позицияда турган, кыябынан жазып кетпеген, өсүүнүн жолун аркалаган, элине ак, адал кызмат кылган инсандардан болду.

Мен баса белгилеп айткым келет. Жангороздун кылган кызматын өкмөт менен партия жогору баалап, өз убагында министрдин орун басары кызматына чейин көтөрдү. Ал эми

касиеттүү Ысык-Көлүмдүн акылман эли инимди 3 жолу депутат кылып шайлап берди. Жангороз элдин жүгүн көтөрүүнүн үстүндө эмгектенип келет. Союз убагында адамды кызматка дайындоодо коммунисттик партия далай жолу электен өткөрүп, сыртындан багып байкап, ишин бүт жагынан текшерип, анан кызматка дайындачу.

Жангороз Каниметов Пржевалдагы окуусун бүтүп келип жөнөкөй мугалим болуп иштегенден тартып эле жаны тынбай, иш десе, жанын берип, жакшы сабактарды өткөрүп, райондун көңүлүн буруп, анан республиканын деңгээлдеги мугалимдер менен байланышып, алардын иш тажрыйбаларын изилдеп үйрөнүп, өзүнүн да тажрыйбаларынан бөлүшүп жакшы эмгектенген.

Депутаттык милдетти аркалап жүрүүдө мугалимдер үчүн далай мыйзамдарды иштеп чыгып, анын башында демилгечи, жетекчи, жактоочу болуп турду. Азыр да депутаттардын арасында бир багытта иштеген мындай депутатты көргөн жокмун. Мугалимдерге кам көрүү, билим берүү, аны башкарууга байланышкан мыйзамдары бүгүнкү күнгө чейин Жангороз иштеп чыккан мыйзам боюнча эле иштеп жатат. Ж.Каниметовдун депутаттык ишмердүүлүгүндөгү алгачкы күндөрдө эле жалаң академиктердин комитетине жетекчи болуп калышы анын өсүшүнө жана депутаттык жолунун ачылышына ак жолтой болуп берди. Эң негизгиси саясатта жүргөндө акчага, кызматка, ач көздүккө алданбагандыгы анын жакшы сапаты болду. Өзүнүн аркасынан жакшы гана сөздөрдү ээрчитип жүргөн сонун депутатты көрө элекмин.

Жангороз иним менен жамандык-жакшылыкта чогуу болуп жүрөбүз, өтө жөнөкөй бала, чиренбейт, чоңмун дебейт, ар бир киши менен сүйлөшө билет. Көлдүктөр чогулуп уюштуруп алган “Ысык-Көл” ынтымак коомубуз бар, аны Жангороз Каниметов башкарып турду, элди уюштургуч жагынан тың башкарып жүрдү, илгери өтүп кеткен атактуу инсандарды эскерип, жакшы иштерди бүткөрдү. Боронбай деп Ленинградга чейин барып кыдырып изилдеп, так маалыматтарды чогулттуруп, айылдагы адамдардан сураштырып,

кеңешип, Боронбай жөнүндө сонун китеп чыгардык. Түпкө эстелигин орноттук. Эми Түгөлбай атага арналган иштерди аягына чыгаргыча, түйшүктөнүп ушунчалык активдүү аракет кылып жүрөт.

Мен иним менен сыймыктанам, көлдүктөрдүн баары анын өтө бийик адамгерчилигин, калыстыгын, элпектигин, жароокерлигин, эч качан какшык сүйлөбөгөндүгүн жакшы көрөбүз. Татынакай тарбиялуу балдары бар, билем, өсүп-өнүккөн, окуп билим алган, жакшы бүлөлөрдүн бири. Келиним кызы жок болгонуна карабастан, дасторкону кенен, берекелүү жакшы аял.

Ар ким өз доорунда гүлдөп турат. Кыргызда дагы бир жакшы сөз бар эмеспи: “Эр ортону элүү жаш”, бирок бул туура эмес, эр ортону сексен беш жаш. Жангороз иним эми гүлдөө дооруна келди. Эми иштейт, буюрса, 85 жашка келгенче абдан атактуу окумуштуу, көрүнүктүү кызматкер, Кыргызстандын өнүгүүсүндө өтө маанилүү фигура болуп чыгат деп ишенем.

## *КАКЕЕВ АСКАР ЧУКУТАЕВИЧ*



*философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын УИАнын академиги*

# Тарыхый инсандардын атын даңазалаган коомдук ишмер

Жангороз Каниметов тууралуу сөз болгондо эки нерсеге токтолоюн.

Биринчиси, анын "Ысык-Көл" коомдук фондду жетектеп турганда кыргыздын ардактуу уулдары Касым Тыныстанов жана Жусуп Абдырахмановго жасаган эмгегин жогору баалап кетер элем. Адам баласы жарала электе эле чоң жарышка түшөт. Ар бир адам жаралгандан эле өз өмүрүн күрөш менен баштайт жана өмүрүнүн акыркы секундасын күрөш менен аяктайт. 1937-1938-жылдардын кесепетинен кыргыздын алгачкы интеллигенттеринин бейкүнөө өлтүрүлгөнү тууралуу карапайым адамдар алиги күнгө чейин так билип бүтө элек. Негизи эле репрессия «жабык тема» болуп, ал тургай тарыхта да бул каргашалуу окуя жөнүндө так маалымат жок болчу. Акыры «Ак ийилет, бирок сынбайт» дегендей кыргыз эли эгемендикке жеткенден кийин 1990-жылдардын башында гана аларды актоо үчүн тийиштүү материалдарды табуу кыйынга турган. Аларды таап, өлгөндөн кийин бул адамдардын баары акталган. Албетте, фонд алар тууралуу жарыяланган, жарыяланбаган материалдардын баарын кайрадан көтөрүп чыгып, толуктап китептерин басмадан чыгаруу, эстеликтерин тургузуу, илимий конференцияларды уюштуруу иштерин колго алды. Ысык-Көл районунун Жаркымбаев айылынын кулуну Жусуп Абдрахмановду даңазалоодо биз аны менен чогуу көп иштедик.

Ушулардан улам Жангороз Каниметов баштаган ишинин аягына сүрө чыгарган эң эле жигердүү коомдук ишмер экендигин билдим.

Экинчи жагы, Жангороз Каниметов Кыргызстандын билим берүү системасына Түркия мамлекетинин "Себат" билим берүү системасынын келишине аябай катуу жардам берди. Жаңыдан советтик идеологиядан чыгып, демократиялык өзгөрүүлөр кирип, заман өзгөрүлүп турганда мектептердеги билим берүүнүн сапаты солгундай түшкөн. Ошол убакта "Себат" мектептеринин ачылышы, Кыргызстандын мектептеринин ортосунда атаандаштыкты жаратып, сапаттуу билим алууга, сапаттуу окутууга көңүл бурула баштады.

Жангороз Каниметов "Себат" мектеп-лицейлерине ошол жылдары иштебей калган имараттарды алып берүүгө катуу киришип аябай жакшы жардам берди. Мына бүгүнкү күндө окутуунун сапаты жагынан алдына киши салдырбай, эл арасында "Себат" жакшы окутат" деген өтө сыймыктуу наамга татыган мектептерге айланды. Бул жагынан Жангороз Каниметович кыргыз-түрк достугунда алтын көпүрөнү курууга чоң салым кошкон адам деп айтууга толук негиз бар.

Ошондой болсо да анын Балбай баатырга, Боронбай бийге, Жусуп Абдрахмановго, Касым Тыныстановго окшогон кыргыздын тарыхый инсандарынын атын даңазалоого кошкон салымы ат көтөргүс кызмат болгондугун белгилеп кетким келет.



## *БЕКТЕМИР МУРЗУБРАИМОВ*

*химия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, Кыргызстан элдер ассамблеясынын төрагасы*

# Азаматтын жакшысы – элин колго алганы

**– Саламатсызбы Бектемир Мурзубраимович, жакында Жангороз Каниметовичтин юбилейи белгиленгени жатат. Бул адам тууралуу Сиздин пикириңизди билели деп кайрылып калдык.**

– Кел, кызым. Жангороз Каниметович тууралуу абдан жакшы жылуу сөздөрдү айта алам. Ал бардык адамдар менен бирдей мамиле күткөн, абдан маданияттуу, эч бир адамды капа кылбаган, ашыкча сөз сүйлөбөгөн, жасап жаткан иштеринин бирөөнү дагы жарыя кылып (пияр), "мен жасадым" деп мактанбаган, интеллигент адам. Элдин арасында: "Адамды бийлик бузат", – деген сөз бар. Бирок Жангороз мырза кызматтын бардык баскычтарын басып өтсө да, бир калыбынан жазган жок.

**– Депутаттык корпуста чогуу иштеген учурларыңыз болду беле?**

– Албетте, болгон. 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде Ж.Каниметов Ысык-Көлдөн депутат болуп шайланып келди. Ал кезде өтө жакын адамдардан эмес болчубуз. Бирок жалаң илимпоздордон, тагыраак айтканда, академиктерден жана илим докторлору, профессордон турган комитетте бирге иштешип калдык. Академиктер Мамбет Мамакеев, Бектемир Мурзубраимов, Миталип Мамытов, Махаматжан Мамасаидов,

Алтай Бөрүбаев, Советбек Токтомушев, профессорлор Эркинбек Матыев, Досбол Нур уулу сыяктуу абдан күчтүү инсандар топтолгон комитет болду. А.Эркебаев ошол комитеттин төрагасы болуп калды. Калп айткан менен болобу, баарыбыз эле: "Жангороздун окумуштуулук даражасы болбосо, экинчиден, комитеттин курамында жалаң эле мен деген академик-профессор окумуштуулар болсо, кандай болот экен?" – деп ичибизден ойлонуп жүрдүк. Көп убакыт өтпөй эле, баарыбыздын тилибизди таап, ар бирибиздин жүрөгүбүздүн тереңиндеги нерселерди билип, комитетке жакшы төрагалык кылып кетти. Буларды ушул убакка чейин баарыбыз: "Жангороз – азамат!", – деп айтып жүрөбүз. Мына эми "ырыскы жугуштуу" болуп, өзү да илимдин доктору, профессор болду.

**– Туура айтасыз, агай, "жакшынын шарапаты" дейт эмеспи. Ж.Каниметов демилгечи болуп иштеп чыккан билим берүүгө байланыштуу мыйзам, анын айрым беренелери боюнча ойлоруңузду орто салсаңыз.**

– Ооба, ошол мыйзамдардын автору, демилгечиси да Жангороз Каниметов, айрым депутаттар мыйзамга кошумчаларды гана кошконбуз, а бирок мыйзамды толук иштеп чыккан, мыйзам калыбына келтирген, автору ал өзү десек эч жаңылышпайбыз. Аны Жогорку Кеңештен өткөрүү жүгүн көтөргөн – Жангороз Каниметович болду. Билим берүү боюнча азыркы иштеп жаткан мыйзамдардын негизи Жангороз Каниметович иштеп чыккан мыйзам, айрым бир толуктоолор болбосо, мыйзам толугу менен иштеп эле жатат. Кызым, экинчи суроoң боюнча, мыйзамдын айлык акы боюнча беренелери убагында кандайдыр бир себептерден улам ишке ашпай калды. Мына бүгүн кайрадан каралып, ишке ашып жатат. Ал беренелер мугалимдердин айлыгын көтөрүүгө байланыштуу болгон. Мына Президентибиз А.Атамбаев мугалимдердин айлыгын сентябрдан тартып 50%га көтөрөбүз деп жатат. Бул маселелерди Ж.Каниметов комитетке төрага болуп жүргөндө эле башталган маселе эле. Дегеле, бардык нерсе билимден башталат, президент, космонавт, окумуштуу, баатыр, соодагер болобу – бардыгы мугалимдин колунан чыгат. Ошондуктан

мугалимдерге, билим берүүгө байланыштуу мыйзамдар жакшы иштесе, калган мамлекеттик иштер алдыга жылат деп ойлойм. Ошол кезде эле ушул мыйзамды талыкпай, чарчабай, убактысын бөлүп иштеп чыккан Жангороз Каниметовичке ыракмат айтам.

**– Агай депутаттыкка кандай адамдар өтөт? Кантип элдин ишенимине кирүүгө болот?**

– Адам элге алынып, жакшы иштеши керек, эл эмгектен гана таанып билет, эл – тараза. Ж.Каниметов тээ Пржевалдагы techинституту бүткөндөн кийин Каркырадагы сегиз жылдык мектепке барып мугалим, директордун орун басары, кийин ошол мектептин директору болуп иштептир. Бир аз өтпөй эки чоң мектепке директор, Ак-Суу районунун элге берүүнүн башчысы болуп эмгектенет. Иштеген ишиндеги үзүрлүү натыйжаларды байкаган ал убактагы Кыргыз ССРинин Элге билим берүү министрлиги жер-жерлерден тандап, аны борборго чакырып, мектептер башкармалыгын башчысы кылып дайындайт. Кийин областтык аймактык бөлүштүрүүлөрдө кайрадан өзүнүн жерине – Ысык-Көл областынын билим берүү башкармалыгына жетекчи болуп барат. Бир областта жети жыл билим берүү тармагын жетектейт. Жети жылдын ичинде Ысык-Көл элине мыкты кызмат кылды.

Билим берүү системасын жакшы билген адам катары жалпы областтын мугалимдеринин демилгеси менен Жогорку Кеңешке депутаттыкка талапкерлигин көрсөтүлөт. Алгач Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынына, андан кийинки шайлоодо Мыйзам чыгаруу палатасына депутат болуп шайланды. Депутаттык ишмердүүлүгү эффективдүү болду. Өзү дагы илимий жактан өстү, алгач кандидаттыгын жактады, "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими" наамын алды. "Сапаттуу билим" аттуу республикалык эл агартуу кызматкерлеринин конгрессин аны демилгеси менен уюштурулуп, ар бир областта сапаттуу билим боюнча коомдук уюмдар түзүлгөн. Мен да түштүк аймакты коомдук башталышта башкарып жүрдүм.

Жангороз Каниметовичтин басып өткөн жолунда аткарып жаткан иштери бир эле үйгө эмес, эл агартуу системасына, жалпы эле интеллектуалдык чөйрөгө түздөн-түз тиешеси бар. Эл алдында дайыма өзүн өрнөк катары алып жүрдү, акырын жүрүп майнаптуу иштерди бүткөрдү. Эл мындай адамдарды ар дайым баалайт.

**– Бектемир агай, “Ысык-Көл” коомдук фонду боюнча тааныштыгыңыз барбы?**

– Акыркы жылдары басма сөздөн бул фонддун жасаган бир топ иштери менен таанышып жүрөбүз. Ысык-Көл –Кыргызстандын кереметти, касиеттүү жери, орусча айтканда бренди. Ысык-Көлдү көздүн карегиндей сактоо – бир эле ысык көлдүктөрдүн эмес, бүтүндөй кыргызстандыктардын милдети. Ысык-Көлдү экологиялык жактан коргоп, экономикалык өсүшүнө байланыштуу Ж.Каниметов депутаттык дагы, коомдук дагы иштерди бирдей алып барып жүрөт. Бул коомдук фонд жалаң эле жогорудагы маселелерге эмес, руханий байлыктарын дагы өстүрүү жаатында иштеп иштеп жатат. Атап айтсак, Боронбай бий тууралуу көп эле адамдардын так маалыматтары болгон эмес. Фонд чыгарган китептер аркылуу Боронбайдын кыргыз элинин акыбалы оор болуп турган кыйын кезенде элди бириктирип, кытай жактан калмактар, түштүктөн Кокон хандыгы кереметтүү Ысык-Көлгө кантип ээ болуп калуунун аракетин көрүп жатканда саясатты туура түшүнүп, орустар менен алака түзгөн акылдуу адам болгонун билип отурабыз. Ж.Каниметовдун “Журт атасы – Боронбай” аттуу макаласында да ал тууралуу кеңири чагылдырылган. Жангороздун дипломатиялык мамилесинин аркасында Боронбайдын 235жылдыгы республикалык масштабда белгиленгени жатат. Журт эгеси Боронбайга кылган кызматы менен Жангороз мырза көпчүлүккө үлгү көрсөтүп жатат.

**– Агай, маегиңизге рахмат, эми Жангороз Каниметовичтин үй-бүлөсү тууралуу бир кайрыктардан айтып берсеңиз.**

– Кыргызда: “Көз тийбесин”, – деген жакшы сөз бар эмеспи. Жангороз Каниметовдун балдары абдан билимдүү-илимдүү чыкты,

бир уулу философия илимдеринин доктору, И.Арабаев атындагы КМУда проректор болуп иштеп жүрөт. Бирөөсү мединститутту аяктап, жакшы тиш доктур болуп жүрөт. Өмүрлүк жары абдан жаркылдаган, ачык-айрым аял. Жангороз кыйналып-кысталып жүргөн кезинде дайыма өбөк-жөлөк болгон жакшы жубайы бар.

Депутат кезде анча-мынча үй-бүлө менен катышып жүрдүк. Пржевалга үйлөрүндө биринчи жолу конок болуп барганымда жетине албай тосуп алды. Ошондо эле көңүлүмө толуп калган, ага-ини болуп катташып жүрдүк. Кудалык насип экен, жакын туугандарынын небере кызына биздин жакын тууганыбыздын баласы баш кошуп, куда болуп калдык. Түндүк-түштүк экен деп бөлбөстөн, балдары кимге көңүлү түшсө, ошого макул болуп, батасын берип келишет. Жангороз Каниметович менен болгон кудалык мамилебиз мурдагы мамилебизди дагы күчөттү. Бул үй-бүлөгө бакыт жана ийгиликтерди гана каалайм.

**– Бектемир Мурзубраимович, бизге педагогика илимдеринин доктору, профессор Жангороз Каниметов тууралуу жагымдуу аңгеме-дүкөн куруп бергениңиз үчүн терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.**

**Сейил КАРЫБЕКОВА**



## *ИСАК БЕКБОЕВ*

*педагогика илимдеринин доктору (1994), профессор (1983), Кыргыз Республикасынын УИАнын мүчө-корреспонденти (1997), Педагогикалык жана социалдык илимдердин эл аралык академиясынын анык мүчөсү (академиги), Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими (1983), Кыргыз Республикасынын Эл мугалими (2005)*

# Жангороз Каниметов – билим берүүнүн мыйзам-ченемдик актылары боюнча дасыккан адис

Жылдар жылышат, айлар алмашат. Бир гана илим-билим адамды алга сүрөгөн тизгин болот. Илимге баш коюп кирген адам, аны эч качан таштап кете албайт. Илимдин байкалбай тынымсыз иштеле бериши адамдын улам андан ары өсүп жетилишине алып келет. Анткени изденүү – ийгиликтин жолу. Изилдегенге ар нерсенин жолу өзү табылат эмеспи. Кезегинде адамдар ар түрдүү жолдор менен илимге келип калганы менен улам жылдар өткөн сайын ал өзү тапкан илимдин өтөөсүнө чындап чыгуу үчүн байкатпай талыкпастан аракет кылып жүрүп отурат.

Биз билгенден, Жангороз мырзанын да илим жолунун башталышы дал ушундай башталып, бүгүнкү күндө өзү баштаган илимий иштин өтөөсүнө чыгып, аны уламдан улам тереңдетип казып келе жатат. Ж.Каниметовдун саясий же башкаруу жамаатынан чыныгы илимий чөйрөгө кошулганы анын оюна ой, башкаруу тажрыйбасына теориялык билимдери кошулуп, инсандык өсүүнүн гана жолунда болду.

Тээ алыскы Каркыра айылында 1971-жылы мугалимдик эмгек жолун баштагандан эле айылындагы башка адистер анын жасаган ишине суктанып, анын тажрыйбасын үйрөнсөк дегенге ынтызар болушкан. Физика өзү жаратылышты үйрөнүүгө багытталган предмет. Дегеле, мектепте сабак берүүдө табигый предметтерди карандай эле оозеки өтүүгө болбойт. Аны абдан кызыктуу, балдарга жугумдуу кылып өтүү пайдалуу болорун туу тутуп, анын аракетин

көрүп, физика кабинетин жасап, өзгөчө чыгармачыл сабактарды өтүп көзгө көрүнө баштайт. Ошентип анын эмгек жолу уламдан улам кийинки баскычтарга көтөрүлө берди. Өзүнүн мектепте иштеген тажрыйбасын пайдаланып, ар бир иштеген жеринде өзүнүн аябай жакшы уюштургуч жөндөмүн көрсөтө алды. Жетекчилик кызматтарда көп жылдар бою иштеди.

Азыр Жангороз Каниметов Кыргызстандын билим берүү системасын жана анын ченемдик-укуктук актыларын ийне-жибине чейин жакшы билген, дасыккан, мыкты адистердин бири болуп калды. Себеби, жогоруда айтып өткөндөй, ал билим берүү системасын башкаруу жаатында бардык тепкичтерди басып өттү. Адегенде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, райондук билим берүүнүн жетекчиси, областтык билим берүү бөлүмүнүн башчысы, андан кийин республикалык масштабда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде мектептик билим берүү башкармалыгынын башчысы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин билим берүү жана илим комитетинин төрагасы сыяктуу жетекчилик кызматтардын бардыгын катары менен аркалап келди. Азыркы күндүн тили менен айтканда, билим берүүнүн менеджменти жаатында толук билими жана такшалган тажрыйбасы бар адис болду.

Жалаң эле билим берүү сферасында эмес, республиканын башка тармактарында да иши боюнча таанылып, үч жолу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болду. Мурда мектептерде, Ак-Суу райондук, Ысык-Көл областтык билим берүү бөлүмдөрүндө, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде мектептер башкармалыгын жетектеп турганда көйгөйлөрдү өзү сезип эсепке алып жүргөн. Мына ошондон улам депутат кезинде “Мугалимдин статусу” деген документти даярдады. Аны даярдап эле жөн койбостон, Жогорку Кеңештин кароосуна киргизип, өзү коргоп бекиттирди да, мамлекеттин бардык тийиштүү мекемелеринде пайдаланууга сунуш кылды. Бул документке мугалимдин милдети, укугу, ким экендиги, кандай адис мугалимдик милдетти аркалай ала тургандыгы сыяктуу, айтор, мугалимдин статусу эмне деген маселелер киргизилген. Бул укуктук-ченемдик акт жакшы иштелип чыккандыктан, ушу күнгө чейин жакшы документ бойдон калууда. Тилекке каршы, бул документке жетекчилер анча көңүл бурбай, анын маанисин түшүнбөөчүлүккө

салып келатат. Ал эми Жангороз Каниметов колунан келген аракеттердин баарын жасады...

Ошентсе да Ж.Каниметов башында туруп иштелип чыккан билим берүү тармагындагы укуктук-ченемдик актылар өз убагында ар түрдүү себептерден улам ар башкача бааланып келгени менен, бул документтер өзүнүн жаңычылдыгы менен улам кийинки муундун өкүлдөрү үчүн да жаңылыктардын жарчысы болуп келатат.

Ал депутаттык милдетин өтөө менен эле чектелбестен, чыгармачыл ишке көп берилди. Түрдүү закондордун талкууланышы, ошонун иштелип чыгышына активдүү катышып жүрүп, билим берүү системасынын уюштурууга байланышкан проблемалар боюнча керектүү материалдарды жыйнап жүрүптүр. Мына ушул мээнетинин аркасынан педагогика адистиги боюнча кандидаттыгын (1999), докторлугун (2009) ийгиликтүү жактап алды.

Сөзүмдүн башындагы ойду улантуу менен, биз Жангороз Каниметовдун Кыргызстандын аттуу-баштуу жогорку окуу жайларында билим берүүнү башкаруу дисциплиналары боюнча сабак берип келиши анын өзүнүн илимий кандидаттык жана докторлук иштеринде калып кеткен жерлеринин бардыгын өз ордуна коюп толуктап, улам бийиктеп өсүп келе жаткандыгын көрүп жатабыз.

Азыр, чындыгында, Жангороз илимдин традициялык нугуна түшүп калды. Анын өз алдынча изденүүлөрү машыгуу тажрыйбаларына жана эстетикалык кабылдоо дараметине жараша жаңы бийиктикке карай жасаган чабуулу жемиштүү болду. Ал педагогика илимдеринин доктору катары изденүүчүлөрү менен биргелешип өзү баштаган илимий агымды улантып иликтөөгө алып, өзүнүн илимий багыты бар илимпоздордун катарына кирди. Бул жол барып-барып өзүнчө агымга, илимий багытка айланарынан шек жок.

Анткени Жангороз Каниметовдун илимий жана саясий багыттагы эмгектеринин ар түрдүүлүгү илимий-педагогикалык эмгектеринин негизги мотивинин укуктук-ченемдик актыларга айкалышып турушу менен дайыма кошо жүрүп, булардын ортосундагы бүтүндүк жана биримдик сезилип турат.

Ж.Каниметов мектептик билим берүүдө мугалимдин статусун көтөрүүгө карата жаңы мазмунду таап чыгууда советтик тажрыйбадан, дүйнөлүк жаңылыктардан жана улуттук салттуулуктан таасирдүү каражаттарды издеп табууга көп аракеттерди жасап келет. Анын билим берүүнүн башкаруу

системасын илимий-педагогикалык жактан иликтөө иштерине активдүү киришүү менен ар бир жаңы эмгегинин ийгиликтүү болушуна терең кунт коюп карай баштагандыгы байкалат.

Сөзүмдүн акырында адамдык сапаты боюнча айтар бир сөзүм. Ч. Айтматовдун сөзү менен айтканда, Жангороз Каниметов ар бир күнү адам болууга аракет кылган инсан. Айрыкча белгилеп кетчү анын өзгөчө сапаты – билбеген нерсесин эч тартынбай келип, кеңеш алып турганы, “мен депутат” же “начальник элем” дебестен, билбегенин ачык айтып сурап турганы. Мунун өзү эң жакшы сапат. Бардык эле атка минерлер мындай кылбайт. Билбегенин сурап албай, азабын кийин өздөрү тартышат да, акырында маңкурт болуп чыгышат.

Жангороз Каниметов элине алымдуу, адамга жугумдуу, жумшак мүнөздүү, талыкпас изденгич, мыкты уюштургуч, иштерман саясатчы жана илимпоз инсан. Кыргыз элинде айтылган: “Билимдин күчтүүсү – адамгерчилик”, – деген макалдай, Жангороз абдан бийик адамгерчиликтүү жигит.



## *МУКАШ БАЗАРКУЛОВ*

*Кыргыз Республикасынын Эл мугалими,*
*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Коомдук эксперттик кеңештин мүчөсү, Кыргыз ССРинин Билим берүү, илим жана маданият министрлигинин экс-министри*

# Таланттуу педагог, такшалган саясатчы

Каниметов Жангороз – катардагы мугалимден Билим берүү жана илим министринин орун басарлыгына чейин өсүп билим берүү системасынын бардык баскычтарын басып өткөн, республиканын билим берүү системасынын өнүгүп-өсүшүнө чоң салым кошкон интеллигенциянын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири.

Мен 1979-жылдан тартып Эл агартуу министри болуп иштеп калдым.1983-жылдан баштап Союзда мектептерде атайын орто жана жогорку окуу жайларында реформа жүргүзүү башталды.

1987-жылы Ж.Каниметов директор болуп иштеген Түп районундагы Кайкин атындагы мектепке барып калдым. Мектеп толугу менен кабинеттик системага өтүптүр көп көрсөтмө куралдар даярдалыптыр, реформанын проблемалары педсоветте талкууланып, мугалимдер чыгармачылык менен иштешет экен. Ошол эле жылы Ж.Каниметов Ак-Суу райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалды.

1988-жылы Эл агартуу Жогорку билим берүү Министрликтери республикалык кесиптик-техникалык билим берүү комитети бириктирилип, Кыргыз Республикасынын Элге билим берүү министрлиги түзүлдү. Мен министр болуп дайындалдым. Ж.Каниметов министрликтин мектептер боюнча башкармачылыгынын башчысы болуп бекитилди коллегия мүчөлүгүнө киргизилди.

Министрликте демилге менен активдүү иштеди, мектептерди реформалоо иштериндеги алдыңкы иш тажрыйбаларды изилдөө жана аларды жайылтуу боюнча көп жумуштарды аткарды.

Союзга белгилүү болгон новатор-мугалимдер; Ш.Аманашвили, В.Шаталов, Г.Ильиндин тажрыйбаларын изилдеп үйрөнүү үчүн тынбай Россияга Прибалтика республикаларына командировкага барып турду.

Новатор-мугалимдерге эркиндик (самостоятельность) берүү жана окуучуларга личность катары мамиле кылуу эле. Алардын иш тажрыйбалары "Педагогические поиски" деген ат менен орус тилинде китеп болуп басылып чыккан. Ж.Каниметовдун демилгеси менен Союзда биринчилерден болуп ал китеп кыргыз тилине которулду.

Басмадан көп тиражда чыгарылып мектептерге таратылып берилди. Новатор-мугалимдердин таасири менен мектептерде чыгармачылык менен иштешкен мугалимдердин кружокторy уюшула башталды.

Мындай демилгени колдоп Министрликтин мектептер боюнча башкармалыгы чыгармачылык менен иштеген мугалимдердин райондук шаардык областтык слётун өткөрүү салтка айланды. Мугалимдик кесип – өзүнүн табиятында чыгармачылык менен иштей турган кесип.

Демократиянын, ачык айкындуулуктун шарттарында мугалимди ойлонто турган чыгармачыл нерселер суудай керек эле. Республикалык масштабда мугалимдердин слётун өткөрүү менен мугалимдерди кыймылга келтирдик, бири-бири менен атаандашып иштөө процесси башталды. Министрликтин максаты ошол эле. Ысык-Көл областынын билим берүү башкармасынын башчысы болуп иштеп туруп альтернативдик негизде 1995-жылы көпчүлүк шайлоочулардын колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жайынын депутаты болуп шайланып, 2000-жылы кайрадан Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты болуп шайланып, Жогорку Кеңештин билим, илим жана маданият Комитетинин председатели болду. Ошол жылдары Жогорку Кенеште кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү" мыйзамдар Ж.Каниметовдун жетекчилиги менен иштелип чыккан.

Бул мыйзамдарда билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясат аныкталып, билим берүү процессин турмушка ашыруу боюнча укуктук база түзүлгөн. “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзам адам укуктарынын жалпыга бирдей декларациясында жарыяланган принциптерге, демократиянын жана элдин гумандуулук баалуулуктарына, дүйнөлүк маданиятынын принциптерине негизделген. Мыйзам билим берүү тармагында окуп жаткандардын педагогдордун жана ата-энелердин укуктары менен милдеттери так иштелип чыккан. Билим берүү системасында иштеген кызматкерлерди социалдык жактан коргоо маселесине айрыкча көңүл бурулган.

Жангороз Каниметов ар кандай жооптуу мамлекеттик жана саясий мекемелерде иштеп жүрүп, билим берүү, жаштарга тарбия-таалим берүү маселелеринен кол үзгөн жок. Билим берүү, тарбия маселелеринин проблемалары боюнча 2000-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоду.

Өлкөдөгү экономикалык саясий жана социалдык кырдаалды терең түшүнгөн, сабырлуу, такшалган саясатчы, Жогорку Кеңеште илим жана билим берүү боюнча Көз карандысыз Шериктеш Өлкөлөрдүн Парламенттер аралык Ассамблеясынын туруктуу комиссиясынын мүчөсү катары КМШ өлкөлөрүнүн байланышын өркүндөтүү боюнча натыйжалуу иштерди алып барып жүрүп, 2009-жылы педагогика илимдери боюнча докторлук ишин жактады.

Бүгүнкү күндө турмуштун ардактуу жана эң туура – педагогдук жана илим жолун тандап алып, Кыргыз-Түрк “Манас” жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттеринде иштеп жүрөт.

Өзүнүн жөнөкөй, бийик адамгерчилиги менен эл арасында кадыр-баркка ээ болду.

65 жаш маарекең кут болсун! Бекем ден соолук, иштерине ийгилик каалайм.



## *СУЛАЙМАН ИМАНБАЕВ*

*1-класстагы мамлекеттик кеңешчи,*
*Кыргыз Республикасынын эмгек сиңген врачы,*
*Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын ардактуу профессору,*
*Кыргыз Республикасынын Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын экс-төрагасы*

# Даанышмандык курак келген кез

Көрүнүктүү коомдук ишмер мамлекеттик ишмер талантуу агартуучу, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, кыргыз жергесинде аттын кашкасындай белгилүү инсан Жангороз Каниметов мындан 65 жыл илгери жаркыраган жаз айында Ысык-Көл областынын Түп районунун Токтоян айылында жарык дүйнөгө келген. Орто мектепти бүтүргөндөн кийин Пржевальск шаарындагы мамлекеттик педагогикалык институтуна кирип, аны 1971-жылы ийгиликтүү аяктайт. Эмгек жолун ошол эле жылы Түп районунун түпкүрүндөгү Каркыра айылынын сегиз жылдык мектебинин мугалими кызматынан баштайт. Жаш адистин зээндүүлүгү, терең билимдүүлүгү, табиятынан бийик маданияттуулугу менен өтө жөнөкөй, илбериңки мүнөзүнө айкалышкан уюштургуч таланты бирге иштеген жамаатка тез эле байкалып, эл оозуна алынып бир-эки жылдын арасында мектептин директорунун орун басары, анан директорлук кызматка көтөрүлөт.

1978-1987-жылдары Жангороз Каниметов Түп районунун Арал айылындагы, Түптөгү Кайкин атындагы орто мектептердин директорлук кызматтарына дайындалат. Анын жетекчилиги менен бул мектептер окуу-тарбия иштеринде областта эле эмес, республикада белгилүү мектепке айланат. Бул жылдары Жангороз Каниметов жетектеген мектептердин базасында мугалимдер

мектептин жетекчилери үчүн областтык республикалык семинарлар өткөрүлүп турган. Жангороз Каниметовдун элге билим берүү тармагында үзүрлүү эмгектери, билими, уюштургуч таланты туура бааланып, 1987-жылы Ак-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн жетекчилигине, 1988-жылы Элге билим берүү министрлигинин жалпы орто билим берүү башкармалыгынын башчысы, коллегиянын мүчөсү болуп дайындалат.

Ал жылдары анын түздөн-түз катышуусу менен мектепте билим берүүнү демократиялаштыруу жана учурдун талабына ылайык окуу пландарын программаларын түзүү кесиптик окутуу республикада гимназияларды ачуу окуу процесстерине инновациялык методдорго өздөштүрүп жайылтуу новатор-мугалимдердин республикалык семинарларын өткөрүү иштерин уюштурууга өзгөчө көңүл бөлүнүп, бул иштер жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлөт.

Каниметов 1991-жылы Ысык-Көл областтык билим берүү башкармасынын жетекчилик кызматына келгенден баштап, областын билим берүү тармагын модернизациялоо жана демократиялаштыруу иштери башталат. Областта жаны билим берүү мекемелери ачылып билим берүү процесси инновациялык методдорду жайылтуу боюнча республикалык эл аралык окутуу жыйындары өткөрүлөт. Ал мыкты чыгармачылык менен иштеген окутуучуларга мектеп жетекчилерине өзгөчө көңүл бөлүп аларды тажрыйба алмашууга окуу процесстерине дүйнөлүк жетишкендиктерди жайылтуу максатында жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө жиберет.

Анын демилгеси менен республикада биринчилерден болуп областта 1992-жылдан баштап жөндөмдүү жана таланттуу окуучуларды бириктирген республикалык аянтчалар уюштурулат. Жыйынтыгында областтын окуучулары республикалык жана эл аралык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү болушту.

Жангороздун үзүрлүү эмгегин баалаган Түп районунун шайлоочуларынын колдоосу менен Жангороз Каниметов 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынын, 2000-жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу

жыйынынын депутаттыгына шайланып, өлкөбүздөгү көрүнүктүү саясатчылардын бири болуп чыга келет. Калктын мүдөө-талаптарын түшүнүп жана жактай билген камкор жетекчиге саясатчыга мүнөздүү сапаттары анын эл өкүлдөр жыйынынын социалдык саясат боюнча комитетин жетектеген учурда даана байкалды...

Биздин айта турган сөзүбүздү ушул жерден анын адамдык сапат жагынан улантсак. Жангороз Каниметовичтин асыл сапаттарын, кадыр-баркын депутаттыкка шайлоо учурунда мен анын жердеши болгонумдан эмес, мындай ой оюмда да болгон эмес, а тескерисинче карапайым элдин активдүү колдогонунан көрүп билдим. Биздин акылман элибиз биринчи адамды ишинен тааныйт, экинчи жагынан "киши кирип чыкканча" деген сөздө айтылган ойдой, Жангороздун өзүнүн адам менен сүйлөшкөндө өтө жөнөкөйлүгү, адамды уга билүүсү, абдан сылыктыгы, кичипейилдиги, жылуу мамилеси сыртынан эле байкалып, көрүнүп турат.

Дегеле, иште иштей, чайда чайдай кылган мамилеси мени абдан ыраазы кылат. Ар дайым биз кызматта болсок дагы, кызматта жок болсок дагы, бардык учурда бирдей мамиле кылып, сый-урмат менен кадырлап турат. Фонддун жумуштары менен чайга барып калганда "Аба", – деп кайрылып, ал эми кызматта жүрсөк: "Сулайман Иманбаевич", – деп кайрылып, иштиктүү жүрүм-турумду абдан жакшы өздөштүргөн дипломат азамат. Чайда отурганда бийликке, кызматка тийиштүү бир да сөздү айтканын уккан жокпуз. "Ысык-Көл" фонддун ишине барганда Мамбет Мамакеевичтер болуп ой бир кыргызча узун аңгемелерге кирип, элдин жакшы сөздөрүнөн баарлашып, өзүбүздү чыныгы айылдын, көлдүн кутман карылары, билерман аксакалдары катары сезип, аябай бажырашып, жакшы эс алып да, иштеп да кетер элек. Бул да болсо Жангороз Каниметовичтин фонддун жетекчиси катарында жекече маселелердин чечүүгө эмес, же кызматтан пайдаланып кетүүнү ойлоого эч качан жол бербегени деп айтам. Ал ар кандай кызматтарда дагы дайыма түз жана таза иштегени менен бардык кызматкерлерден өзгөчөлөнүп турган, ийкемдүү, дипломатиялык талапчыл жетекчи болду.

Сөзүмдүн акырында айтарым келинчеги Айнагүл туурасында болсун. Беш эркек баланын сүйкүмдүү, мээримдүү энеси, Жангороз Каниметовичтин чыныгы колдоочусу, күчтүү жана бекем тылы, абдан токтоо, эстүү аял. Жангорозго жасаган назик, жумшак мамилесинен анын кандай аял экендиги көрүнүп турат. Жангороз Каниметович талаа-түздө жүрсө дагы, казанын ток, убайымын жок кылып, эшиги ачык, дасторкону жайык, коногу арылбас, төрү тарыбас, дөөлөтү коробос, кайгы-муң жолобос, ырыс-кешиктүү, куттуу үй кылып кармап турган аял. Үйдөгү беш эркек баланы акылдуу-эстүү, билимдүү, тартиптүү азаматтардан кылып тарбиялап чоңойтту. Келинибиз абдан эмгекчил, чарба иштеринин баарын Жангорозду күтүп отурбай, баарын орду-ордуна коюп жасап, чарба иштеринин баарын өзү тейлейт. Дегеле, Жангороз экөө бири-бирине өтө урмат менен аяр мамиле жасашат. Бул үй-бүлөгө көз тийбесин.

Сүйүктүү иним Жангороз Каниметович, башыңан дөөлөт кетпесин, өмүрүң ырыстуу, пейилиң жугуштуу болсун, элге-журтка жаккын, дасторкон менен пейилиңден ырыс тапкын деп ак батамды берем.



## *МАМБЕТАКУНОВ ЭСЕНБЕК*

*педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын УИАнын мүчө-корреспонденти, Кыргыз билим берүү академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты*

# Илим менен практиканы айкалыштырган педагог

Ар бир адам өмүрүндө башынан ар кандай окуяларды өткөрөт. Алардын тагдыры да бири-биринен кескин айырмаланат. Бирок ошондой болсо да алардын өмүр жолунда кайсы бир деңгээлдеги окшоштуктар, дал келүүлөр, карама-каршылыктар орун алып турары белгилүү. Алардын тагдырынын өйдө-төмөндөрү ачык-айкын белгилүү болбосо дагы, айрым иш аракеттери, алардын көзгө көрүнгөн жыйынтыктары жөнүндө сөз айтууга ар ким акылуу жана кесиптештик милдети деп эсептеймин. Ошондуктан мен педагогика илимдеринин доктору, профессор, кесиби боюнча физик-таалимчи Каниметов Жангороздун агартуу тармагындагы ишмердиги жөнүндө кыскача маалымат берүүнү туура көрдүм.

Мен Жангороз Каниметовичти 1988-жылдан, башкача айтканда, Кыргыз ССРинин Элге билим берүү министрлигинде мектепке чейинки, мектепте жана мектептен тышкаркы таалим-тарбия берүүчү мекемелеринин ишмердүүлүгү боюнча башкармалыктын башчысы, андан кийин Ысык-Көл областтык билим берүү башкармалыгынын башчысы болуп иштеп жүргөн учурдан баштап билем. Андан бери далай суулар акты, далай өзгөрүүлөр болду. Бирок менин эсимде туруктуу сакталып калганы токсонунчу жылдардын биринчи жарымында Ысык-Көл областынын борбору Каракол шаарында Кыргыз Республикасынын

мектептериндеги жаңылануу процессинин проблемалары деген республикалык илимий-практикалык конференциянын Жангороз Каниметовичтин демилгеси жана жетекчилиги менен жогорку деңгээлде өткөрүлгөндүгү. Конференцияга республиканын көп жерлеринен мектеп жетекчилери, тажрыйбалуу жана жаңычыл мугалимдер келишкен. Алардын билдирүүлөрү менен катар Караколдогу Токтогул Сатылганов атындагы областтык лицей-интернатынын жаңычыл иштери менен жаңы типтеги орто окуу жайынын үлгүсү катары таанышканбыз. Ал республикада алгачкылардан болуп уюшулган жаңы типтеги мектеп болучу. Ал азыркы күндө да алдыңкылардын катарында келе жаткандыгы, анын фундаментинин бекем куюлгандыгын, ишин жаңы баштаганда эле багытынын түз болгондугун айгинелеп турат. Ошол мектепти түптөшкөн жетекчилер Байсеркеев Аскар, Өзүбекова Жибек азыркы учурдагы тажрыйбалуу педагогдор, эли-журту кадырлаган адамдар. Бири Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими болсо, бири Кыргыз Республикасынын Эл мугалими.

Жангороз Каниметовдун жаңычыл эмгеги жөнүндө сөз болгондо, мен анын илимий изилдөөсү, алардын жыйынтыктары жөнүндө айтышым керек. Ал иштеп жүрүп, болгондо да Жогорку Кеңештин депутаты кызматында жүргөн убакта педагогика илимдеринин кандидаты (2001) жана педагогика илимдеринин доктору (2010) окумуштуулук даражаларын изденип алуу үчүн диссертацияларды жазып коргогон. Бул катардагы көп адамдардын колунан келе бербеген көрүнүш. Мындай *ийгиликке жетүүнүн себеби кызматынын мазмуну менен өзүнүн адистиги, ошондой эле илим-изилдөө ишинин багытынын дал келип калгандыгында болсо керек деп ойлойм. Кандай болгон күндө да, бул – талыкпаган аракеттердин максаттуу жасалгандыгынын натыйжасы.*

Жангороз Каниметовдун илимий иши Кыргыз педагогикасында жаңы багыт болгон проблемага, башкача айтканда Кыргыз Республикасында билим берүү процессин башкарууну демократиялаштыруунун илимий-педагогикалык негиздерине арналган. Изилдөөнүн жыйынтыктары 2013-2014-жылдарда жарык көргөн **төрт китеп**чесинде жарыяланган.

Биринчиси, билим берүү жана демократия деп аталып, анда демократия түшүнүгүнүн мазмуну саясий жана социалдык өңүттөн талданып, анын эволюциясы билим берүүнүн өнүгүшү менен биримдикте каралган. Мында негизги көңүл билим берүүнү демократиялаштыруу процессин оң жолго коюунун негизги багыттары көрсөтүлгөн. Автор негизинен үч багытты бөлүп көрсөтөт. Биринчиси, билим берүү системасында демократиялык принципте уюшулган чөйрөнү түзүү жана анын ишин алга жылдыруу тармагындагы мамлекеттик саясат. Экинчиси, билим берүү процессин уюштуруу үчүн демократиялык шарттарды түзүү. Үчүнчүсү, билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу.

Экинчи китеп "Билим берүүнү демократиялаштыруу саясаты" деп аталат. Анда негизинен Кыргыз Республикасында билим берүүнү демократиялаштыруунун укуктук маселелери, улуттук программалар менен эл аралык келишимдердин орду жана мааниси, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик билим берүүнү демократиялаштыруудагы жетишкендиктер менен кемчиликтер көрсөтүлүп, ал процессти өркүндөтүүнүн стратегиялык багыттары белгиленген.

Үчүнчү китеп, билим берүүнү демократиялаштыруу багытындагы инновациялык процесстерге арналган. Анын мазмунунда билим берүүнү демократиялаштырууда инновациялардын теориялык өбөлгөлөрү талданып, айрым жоболор сунушталган. Алардын ичинен негизги делинип, билим берүүнүн мазмунун жана окуу процессин уюштурууну демократиялаштыруу бөлүнүп алынган. Албетте, билим берүүнүн мазмунун демократиялаштыруу гумандаштырууга караганда, бир кыйла татаал жана карама каршылыктуу. Ал эми окутууну уюштурууну демократиялаштыруу – бул өтө актуалдуу, орундуу жана аны ишке ашырууда кайсы бир деңгээлдеги жаңылыктарды киргизсе болот.

Китептин кийинки бөлүгүндө Кыргызстандын жогорку окуу жайларына Болонья системасын киргизүү – билим берүүнү демократиялаштыруунун шарттарынын бири катары каралат. Албетте мында зарыл шарттар түзүлбөсө, башкача айтканда заманбап маалыматтык жана телекоммуникациялык

технологиялардын базасы, окутуу процессин камсыз кылуучу окуу комплекстери жогорку деңгээлде түзүлбөсө, студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн шарттар болбосо – бул иштин натыйжасы канааттандырарлык абалга жетпей тургандыгы көрсөтүлгөн. Корутундуда бир эле учурда жогорку билим берүүнүн сапатын көтөрүүнү жана аны демократиялаштырууну жалпы республикалык тестирлөө, көп каналдуу каржылоо жана жогорку билим берүү тармагында башка өлкөлөр менен кызматташууну өнүктүрүү жана башка көптөгөн маселелерди чечүү Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын алдындагы чоң милдет экендиги баса белгиленген.

Автордун төртүнчү китеби билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу проблемасына арналган. Чындыгына келгенде бул эмгек жогоруда келтирилгендерди жалпылоо, учурдагы абалын теориялык жана практикалык жактан талдоого алып, ал процессти өнүктүрүү келечегин аныктоочу мүнөзгө ээ. Өзүндө да ушул сыяктуу милдет коюлуп, ошол өңүттө мазмуну түзүлгөн.

Китепте башкаруу жана башкарылуу маселелери, башкаруунун негизги милдети, башкаруучулук маданият, билим берүүдөгү лидерлик, билим берүү уюмдарынын жетекчиси менен билим берүүдөгү лидердин өзгөчөлүктөрү, жамааттын өзүн өзү башкаруусу, педагогикалык өзүн өзү башкаруунун натыйжалуулугу, башкаруунун социалдык-педагогикалык шарттары, окуучулардын жана студенттердин өзүн өзү башкаруусу, өзүн өзү башкаруунун принциптерине окшогон түркүн түмөн маселелер жөнүндө сөз болот. Ал түшүнүктөрдүн теориялык мазмуну ачылып, орто мектептин жана жогорку окуу жайлардын шартына ылайык интерпретацияланган. Акырында окуучулардын өзүн өзү башкаруусу, ата-энелердин мектептеги башкарууга катышуусу, билим берүүдөгү мамлекеттик-коомдук башкаруу маселелерин изилдөөнү уюштуруу методикасы жана алынган натыйжалар жөнүндө сөз болот.

Жыйынтыктап айтканда, Ж. Каниметовдун биз талдоого алган эмгеги билим берүүнүн психология-педагогикалык гана маселесине эмес, мамлекеттик деңгээлдеги маселесине арналган

олуттуу иш болуп эсептелет. Анын теориялык маселелери боюнча тийиштүү жоболор жана тыянактар иштелип чыкканы менен практикалык-колдонмо маселелери дагы да изденүүнү, прикладдык изилдөө иштерин жүргүзүүнү талап кылат. Демек бул проблема алдыда дагы көптөгөн маселелерди чечүүгө жол ачат. Мен илимий кесиптеши катары Жангороз Каниметовичке ушундай келечектүү проблеманы көтөрүп чыкканына, анын чечилүү жолдорун изилдеп алгачкы чыйырларды салганына ыраазычылык билдирем. Мындан ары өзүнүн санаалаштары, сапарлаштары, ошондой эле окуучулары менен биргеликте учкундан жалын тутантып, элибиз, мамлекетибиз үчүн аба менен суудай керек болгон маселени дагы да тереңдетип чечет деген ишеничтемин.

Урматтуу Жангороз Каниметович! Сизге таза жан дүйнө, адамзаттык бийиктик менен тереңдикти, эл алдындагы кадыр-баркты, нарктуулукту каалайм!




***МУСАЕВ АБДЫЛДА ИНАЯТОВИЧ***

*филология илимдеринин доктору, профессор, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин ректору*


## Билим берүүнүн белгилүү ишмери

Жангороз Каниметович 40 жылдык эмгек жолунда катардагы айылдык мугалимден чыгаан саясий жана коомдук ишмерге, көрүнүктүү илимпозго чейин өсүп жетти. Билим берүү тармагындагы жетекчилик кызматтардын бардык баскычынан өтүп такшалды, кесипкөй инсан катары жалпы журтка таанымал болду. Мектептин директору, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз ССРинин Элге билим берүү министрлигинде жалпы орто билим берүү башкармасынын начальниги, облустук билим берүү башкармасынын начальниги жана билим берүү жана илим министринин орун басары болуп чейрек кылымдан ашуун убакыт агартуу майданында үзүрлүү иштеди.

Билим берүү тармагында иштеп жүргөндө жыйнаган бай тажрыйбасы аталган инсанга кийин парламентке депутат болуп шайланган учурда абдан керeги тийди. Ж. Каниметов Жогорку Кеңештин үч жолку чакырылышынын депутаты. 1995-2000-жылдары ЖК депутаты, Эл өкүлдөр жыйынынын социалдык саясат боюнча комитетинин төрагасы, 2000-2005-жылдары Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын билим берүү илим жана маданият боюнча комитетинин төрагасы болуп иштеди.

Кыргызстандын эгемен өнүгүү жолундагы билим берүү системасынын мыйзамдык базасын түптөө жана жаңылоого анын кошкон салымы абдан чоң. Эгемендиктин биринчи жылдарында билим берүү системасынын мыйзамдык базасынын түзүлүшү бул тармактын жаңы экономикалык түзүлүшкө өтүү учурунда таланбай-тонолбой бүтүн сакталып калышында мааниси чоң болду.

Бюджеттик каражаттар каат болуп, мугалимдер менен окуу китептери жетишпей, кризис кырдаал жер-жерлерде капчыгы калың адамдар бош бакчалар менен мектептердин имараттарына көз артып колдон талашып турган кыйчалыш мезгилде, биздин билим берүү казынабыздын бардык байлыгын талатып жибербей сактап калуу, мектептердин окуу базасын чыңдоо, интеллектуалдык уюткусун уюштуруу жана өнүктүрүү үчүн мыйзамдык бекем кепилдик чараларын көрүү зарыл болуп турду.

Дал ушундай жооптуу милдетти аткарууну мойнуна алган депутаттардын ичинен Ж.Каниметовдун кылган эмгегин өзгөчө болуп айтуу абзел. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү”, “Мугалимдин статусу жөнүндөгү” мыйзамдары түздөн-түз Ж.Каниметовдун жетекчилиги жана авторлугу астында иштелип чыккан. Ошондой эле КМШнын Парламент аралык ассамблеясында кабыл алынган “Мугалимдин статусу жөнүндөгү” моделдик мыйзамдын жаралышында дагы биздин педагог депутатыбыздын салымы чоң.

Билим берүү системасынын мыйзамдык базасын түптөө жана аны мезгил талабына жараша жаңылап туруу депутат болуу бактысы башына келген ар бир адамдын эле колунан келе бербейт. Бул үчүн ал депутат ушул тармакта иштеген анын ички-сырткы өзгөчөлүктөрүн беш манжасындай билген, башкача айтканда, ушул тармактын өзүнүн ичинен өнүп-өсүп чыккан инсан болууга тийиш эле.

Ж.Каниметов Жогорку Кеңеште биздин билим берүүнүн түмөн түйшүгүн түшүнгөн оорчулугун мойнуна алган жана аянбай кызмат кылган дал ушундай өз уулу болуп саналат. Учурдан пайдаланып жалпы журт кадырлаган жана сыймыктанган ишмерибиз Ж.Каниметовду кутман курак мааракеси менен чын жүрөктөн куттуктайм жана иштери ийгиликтүү боло беришине тилектешмин.

30.03.2010, “Кыргыз туусу”




*АБДРАХМАНОВ ТӨЛӨБЕК АБЫЛОВИЧ*

*тарых илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору*


# Мезгил менен канатташ инсан

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети белгилүү коомдук ишмер, окумуштуу-педагог, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, Эл аралык педагогикалык билим берүү академиясынын академиги, педагогика илимдеринин доктору, студенттердин сүйүктүү окутуучусу, профессор Жангороз Каниметовдун биздин окуу жайда эмгектенип жаткандыгы менен сыймыктанат. Жангороз Каниметов тууралуу үч нерсени баса белгилеп айткым келет.

1. Жангороз Каниметовдун депутаттык ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу. Ар бир иштелип чыккан мыйзам – депутаттын жүзү. Мыйзам жазылып, ал жалпы элдин талкуусуна коюлат. Дал мына ошол учурда мыйзамдарга байкоо салып жүргөн адамдардан өзгөртүүлөр, толуктоолор жана ошондой эле ар түрдүү сын-пикирлер түшөт. Келип түшкөн сын-пикирлерден улам мыйзамдын кандай иштелгенин, кимдер тарабынан даярдалганы тууралуу ойлор айтылат. Жангороз Каниметов жетекчилиги астында иштелип чыккан “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы депутаттын билим берүү системасын, анын көйгөйлөрүн, башкаруу маселелерин жакшы билген адис экендигин тастыктайт. Билим берүү мыйзамын жазууда борбордон туруп гана билбестен, аны айылдагы билим берүү системасынан тарта билим берүүнүн министрлигине чейин иштеп жүрүп, мектепке чейинки, мектептик жана жогорку кесиптик билим

берүү системасын тереңден системага салып иликтеп, ушул проблеманын баарын жатка билген, ага колдон келишинче аракет кылган кызматкер.

Жангороз Каниметов кыргыз билим берүү системасынын көйгөйлөрүн методикалык деңгээлде чагылдырып, окумуштуулар арасында экспертизадан өткөрүп, практикада ар бир окурманга жеткирип, билим берүү системасына олуттуу салым кошкон инсан катары таанылды.

2. Ж.Каниметовдун илимий ишмердүүлүгүндөгү жаңылыгы. Ж.Каниметов иштеген кызматы, депутаттык эмгек ишмердүүлүгүндө гана мындай багыттагы иштер менен алектенбестен, өзүнүн илимий иштеринде да улантты. 2000-жылы "Кыргызстанда демократиялаштыруу шарттарында мектеп окуучуларын правалык-укуктук тарбиялоо проблемасы" аттуу темадагы кандидаттык ишинде, 2009-жылы "Кыргыз Республикасында билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу" аттуу темада Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин отурумунда 13.00.01 – "жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясында кеңири иликтөөлөргө алып, биринчиден билим берүү системасында, экинчи жагынан илимде өзүнчө агым алып келди. Бул иштер демократиялык коомдо өзүн-өзүн башкарууга, жетекчилерди шайлоого мүмкүнчүлүк алган окуу жайлардын башкаруу иштеринде чоң жоопкерчиликтерди аркалаш керек. Ал эми анын бардык жол-жоболорун, жалпы негиздерин иштеп чыгууда Ж.Каныметовдун киргизген жаңылыктары актуалдуу тема катарында коомдук турмушубузда өз ордун тапты.

3. Жангороз Каниметовдун коомдук ишмердүүлүгүнүн жемиши. "Ысык-Көл" коомдук фонду тарабынан көл өрөөнүнөн чыккан тарыхый инсандардын байма-бай даңазаланып, илимий конференциялар өткөрүлүп, айкелдери орнотулуп, китептери чыгарылып жатат. Тарыхчы катары чоң ырахматымды билдиргим

келет. Тарыхый инсан Боронбай Бекмурат уулу тууралуу маалыматтарды Санкт-Петербургдан, Омскиден Жангороз Каниметович өзү баш болуп барып изилдеп, чогултуп келип, аларды жарыялап, так илимий ачылыштарды жасады деп айта алабыз.

Жангороз Каниметов биздин университеттин өсүп-өнүгүшүнө түздөн-түз салымын кошуп келе жатат. Анын студенттердин курстук жана дипломдук, магистранттардын магистрдик, аспиранттардын жана изилдөөчүлөрдүн илимий иштерине жетекчилик кылып, алардын илим жолуна багыт алышына өз таасирин тийгизип, чыгармачыл атмосфераны түзүп, университеттин маанилүү маселелерин чечүүдө өтө ишенимдүү өнөктөш болгонун баса белгилеп кеткибиз келет.

Учурдан пайдаланып, Жангороз Каниметовичтин уулу, биздин университеттин илимий иштер боюнча проректору, философия илимдеринин кандидаты, доцент Эмил Каниметов тууралуу дагы азын-оолак сөз айта кетейин. Эмил мырза табиятынан философ, сүйлөшсөң ойлору, жашоого болгон көз карашы терең, өтө айырмаланып турат. Ээлеген кызматын ак ниеттүүлүк менен жигердүүлүгүн көрсөтүп аркалап келет. Өзү жаш болсо дагы магистранттарга, аспиранттарга, илим изилдөөчүлөргө, университетте иштеген бардык окутуучуларга илимдин философиялык сырдуу кырларынан айтып берип, илимге келүүгө үгүттөп келет.

Урматтуу Жангороз Каниметович, Сизди 65 жаш кутман курак маарекеңиз менен чын дилибизден куттуктайбыз, байсалдуу өмүрүңүздү албан-албан ийгиликтер коштоп жүрсүн.




## *АБАКИР МАМЫТОВ*

*педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын президенти*


# Изи барды жиреш оңой

**Жангороз Каниметов – менин биринчи докторум.** "Жыйноочу бармак басып, тырмакка кысып жыйнайт" дегендей өз чыгармачылыгын үстүндө тынымсыз иштеп, аларды өркүндөтүп, жылдан жылга мыктылап келген изилдөөчүм. Албетте, мага ал бир топ жыл Рахимова Магрифа эже менен иштешкенден кийин келди. Ырас, эженин бир сураныччы менен мен анын докторлук диссертациясына илимий кеңешчи болуп калдым. Бирок биз Жангороз Каниметов менен буга чейин бир топ иштерде бирге болуп, ийиндеш туруп иштешкенбиз. Мен аны билим берүү кызматкери катары таанып билип жүргөм десем да болот.

Жанкороз Каниметовду 2000-жылдардан баштап жакындан жакшы биле баштадым. Ошол учурда ал Жогорку Кенештин депутаты, Билим берүү жана илим боюнча комитеттин төрагасы катары билим берүү жаатында мыйзамдын орчундуу маселелерин карап жатышкан.

1992-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамын базар экономикасынын шартына ылайыкташтырып тереңдетип иштеп чыгуу замандын талабы болуп калды. Коомдун талаптардын өзгөрүүсүнө, ЮНЕСКОнун 1996-жылы чыккан "Билим берүүнүн эл аралык стандартташтырылган классификациясы" (Международная стандартная класификация образования) деген документке жана башка бир топ жагдайларга алардын талаптарына дал келбей калгандыктан, 2000-жылдары "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамды кайра жазуу демилгелеген. Мына ушул жумуштун башында

Жангороз Каниметов депутат катары да, комитетин төрагасы катары да жетектеп турду.

Мыйзамдын долбоорун иштеп чыгуу боюнча атайын жумушчу топ түзүлдү. Жумушчу топтун курамына бир топ адистер тартылды, бирок мыйзамдын адепки сомо жазмаларынын негизин Бактыбек Исмаилов экөөбүз аткардык. Дегеле, мыйзам жагына келгенде жумушчу топтун курамында күч болуп, 1992-жылдан бери иштеп келе жатам.

Мыйзам жазылып бүтүп, көптөгөн талкуу-талаштардан кийин 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйынына кароого расмий тартипке ылайык комитеттин төрагасы, демилгечи депутат Жангороз Каниметов докладчы болду. Мына ошол жылдары Жангороз Каниметовду дагы жакшы биле баштадык, сый мамиле күтүп, жакындан таанышып калдык. Ошентип Жангороз Каниметовду мен алгач илимдин адамы эмес, депутат катары тааныдым.

Анын демилгеси менен жазылган 2003-жылкы "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы бүгүнкү күнгө чейин иштеп келе жатат. Бул мыйзам өзүнүн концепциясы боюнча бир топ жакшы иштелип чыккан мыйзамдардын бирине айланды. Мына ошондон бери 14-13 жыл өткөнүнө карабастан, мыйзамдын концепциясы, негизги идеялары жана багыттары иштеп, прогрессивдүү бийик деңгелде келе жатат.

Ырас, заман алмашканына жараша ар бир мыйзамга барып-барып өзгөртүүлөр киргизилет, толуктоолор кошулат. Мындай толуктоолор билим берүү мыйзамына да тийиштүү. Бирок түп тамырынан бери бул мыйзамды өзгөртүү жана жаңы долбоорду даярдоо али демилгелене элек. Ага объективдүү себептердин бышып жетилгенин байкай элекмин.

Жангороз Каниметов менен биргеликте билим берүү жаатында дагы бир нече мыйзамдардын долбоорун даярдадык. Алардын катарына "Мектеп билими жөнүндө" жана "Жогорку адистик билим берүү жөнүндө" мыйзамдар кирет. Ал мыйзамдарда бир топ бир прогрессивдүү идеялар бар эле, бирок мыйзамдардын багы ачылбады. Өлкөдө бийлик алмашып, билим берүүгө болгон көз караш саясатташып кетти.

Жангороз Каниметовду билим берүү тармагын, анын башкаруу системаларын укуктук-ченемдик жактан мыкты

өздөштүргөн адис катары баалаcа болот. Кийинчерээк анын адистик дарамети илимий ишмердигин тереңдетүүгө багытталды.

2009-жылы Жангороз Каниметов "Кыргыз Республикасында билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу" аттуу темада Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин отурумунда 13.00.01 – "жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын ийгиликтүү коргоду.

*Илимий өңүттөн алып караганда, Жангороз Каниметов тарабынан даярдалган диссертациянын маанилүүлүгү өзгөчө актуалдуу. Албетте, совет доорунда билим берүүнүн тийиштүү башкаруу моделдери иштелип чыгып, калыптанып калган. Ал эми демократиялык доордо буга байланыштуу өзгөчө маселелер келип чыкты. Билим берүүнү башкаруудагы оң тажрыйба өнүккөн өлкөлөрдө кеңири топтолгон. Тийиштүү материалдарды Жангороз Каниметов тереңден изилдеп, билим берүүдөгү башкарууну демократияга негизделген багыттарын аныктап, анын моделин иштеп чыгып, атайын педагогикалык экспериментте анын эффективдүү жана натыйжалуу экендигин далилдеген.*

Дегеле башкаруунун жаны концепциясы жана мазмуну, окуу жайлардын алдындагы билим берүү мазмунун тандоо мүмкүнчүлүгү, башкаруудагы тең укуктуу башкаруу жана өзүн-өзү башкаруу формалары бул өзүнчө жаңы аспект болуп чыкты. Өзүн-өзү башкаруу, Камкорчулар кеңеши, окуучулардын парламенти, биргелешип башкаруу, административдик башкаруу институттарынын балансын алып чыгуу маселелери – өзүнчө бир проблема эле. Изилдөөчү катары Жангороз Каниметов бул маселелерди өзүнүн ишинде кеңири чагылдырды. Иштин негизги өзөгү ошол.

Сөзүмдүн башында айтканымдай, менин биринчи докторум. *Илимдин доктору деген наамга жетүү бул бир жагы, ал эми ошол наамды татыктуу алып, аны андан ары улантып кетүү – бул экинчи жагы. Илимий кеңешчи катары жана диссертациялык кеңештин курамы Жангороз Каниметовдун өз ордун таап, илимий чөйрөдө урмат-сыйга ээ болгонуна абдан кубанабыз.*

Анткени анын илимий ишмердүүлүгү токтоп калган жок. Адистештирилген диссертациялык кеңештин мүчөсү болуп иштеп жүрөт, өзүнүн жолун жолдогон, илимий багытын уланткан эки

окуучусу кандидаттык диссертациясын коргошту. Ж.Каниметов илимий кызматкер катары келечектен көптү үмүттөндүрөт деген пикирди айтар элем.

Илимий өңүттөн келгенде, өзүнүн илимий жазгандары орусча корголгонуна карабай, кыргыз тилинде төрт китеп монографиясын жазып чыгарды. Билим берүү системаларын башкарууга багытталган мектептин директорлоруна, райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлери учун дагы эмгектерди жазып жүрөт. Бул эмгектеринин экөөнө рецензент болуп бердим.

Ал коомдук ишмер катары да бир топ алгылыктуу иштерди аткарып, аларды жүзөгө ашырып жүрөт. Билим берүүнүн сапатын көтөрүү, коомдук ресурстарды кеңири пайдалануу максатын көздөп, “Сапаттуу билим” аттуу ассоциация түзүп ошонун тегерегинде жумуш алып барды. “Ысык-Көл” коомдук фондду жетектеп бир топ иштерди аткарды. Бүгүнкү күндө кыргыз педагогдордун башын бириктирем деп активдүү иштеп жүрөт. Бул тилеги да ишке ашып калса, Кыргызстандагы эң жакшы коомдук бирикме болот деп ойлойм.

Ал дайым билим берүүгө күйүп, аны өркүндөтүү үчүн жан үрөп изденет, талыкпай иштейт. Ж.Каниметов – эл үчүн, мугалимдер үчүн өмүр бою иштеген, коомдук активдүү кишилердин бири.



***АСИПОВА НУРБҮБҮ АСАНАЛИЕВНА***

*педагогика илимдеринин доктору,*
*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин профессору*

# Жангороз Каниметов – "Билим берүүнү башкаруу менеджменти" боюнча табылгыс адис

Кыргыз-Түрк "Манас" университети – Кыргызстандагы алдыңкы жогорку окуу жайлардын бири, анын мыкты университет болуп аталуусунун бир нече факторлору бар. Ал факторлордун башкысы – педагогикалык жамаат. Биздин университет окутуунун сапатын көтөрүү үчүн Кыргызстандан жана Түркиядан көрүнүктүү окумуштууларды, тажрыйбалуу окутуучуларды тартууга аракеттерди жасайт. Университеттин окуу пландарынын өзгөчөлүгү – Кыргызстандын билим берүү стандарттарында жок, ошол эле учурда дүйнөлүк билим берүү системасында кеңири окутулган окуу дисциплиналардын болушу. Атап айтсак, "Билим берүүнүн менеджменти", "Билим берүүнү башкаруу", Билим берүүнү демократиялаштыруу", "Педагогика илиминдеги жаңы парадигмалар" ж.б.у.с. Кыргызстанда бул дисциплиналар боюнча тийиштүү билими бар, илимий даражага ээ окутуучуларды табуу абдан кыйын.

2009-жылы Жангороз Каниметов "Кыргыз Республикасында билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу" аттуу темада Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин отурумунда 13.00.01 – "педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын коргоп калды. Бул биздин университет үчүн табылгыс кадр болуп калды. Дароо эле педагогика координаторлугуна доктор-профессорлук кызматка чакырылды. Анын кафедрага келиши окумуштуу үчүн дагы, бөлүм үчүн дагы жакшы иш болду.

Албетте, илимий жактан калыптанышы биздин көз алдыбызда өттү. Кандидат болуп, көп узабай эле докторлугун жактады. Билим берүү башкаруу, аны демократиялаштыруу боюнча учурдагы талапка жооп бере турган, тажрыйбасы бар адис болду. Жакында профессорлугун алды, бул өзүнүн артында окуучулары бар дегенди билдирет. Профессорлук илимий наамды алыш үчүн ошол проблемага байланыштуу эки илимдин кандидатын даярдап чыгаруу керек. Бир топ окуучулары коргоо алдында турушат.

Жангороз Каниметовичтин илим жагында дагы иштей турган иштери көп деп ойлойм. Илим жолунда жаңы эле анык болгон билим берүүнү демократиялаштыруу, башкаруунун сапаты, башкаруучуларды даярдоо багытында иштей турган изилдөөлөр арбын, дагы көп нерселерди жасаса болот. Калыптанып калган системада мектепти башкарууда директорлорду, окуу башкармалыгында иштеген кызматкерлерди ж.б. ушуга окшогон адистерди даярдап чыгаруучу өзүнчө атайын адистик, факультет, кадр жок. Ошол себептен профессор Ж.Каниметович илимде сүйлөй турган сөзү, иштей турган иштери али алдыда.

Дегеле көп эле адамдар чоң кызматтарда иштегенден кийин башкача болуп калышат. Бирок Жангороз Каниметович андай эмес, кичипейил, жөнөкөй, ийкемдүү, кыргыздын маданияттуу жигиттеринин асыл сапаттары бар адам. Улууну-кичүүнү билип, бир да жерден орой сүйлөп, бой көтөрүп, өзүн-өзү көтөрүп көрсөтүү дегенди байкаган жокмун. Өзү эмгекчил адам. Илим жолунда жүрөт, жакында өзү иштеген проблема боюнча китептерин чыгарды, бул да анын талыкпаган эмгекчил адам экендигин көрсөтүп турат. Кээде окумуштуулар жөнүндө сөз болгондо, анын иштерман, чарбачыл экендиги жөнүндө көп сөз болуп калат, ошондон улам жер иштеткен, чарбачыл адам деп билем.

Дагы бир нерсени байкап жүрөм – бул киши Ысык-Көлгө чындап кызмат кылып жатат, көлдүн кыраакы адамдары жөнүндө да кызыктуу кеп салат. Алар тууралуу айтканда жакшы билгендиги да, аларга болгон кызыгуусу да байкалып турат. Жакында эле Түгөлбай Сыдыкбеков жөнүндө көп нерселерди айтып отурду. Өзүнүн элинин залкар адамдары менен сыймыктанып, аларды даңазалоо тууралуу ниетинде асыл ойлору бар. Биз кезде Жангороз Каниметовичти дагы кыргыз элинин мыкты уулдарынын катарында болоруна терең ишенем. Иштерине ийгилик каалайбыз.




## *БАЙСАЛОВ ЖООМАРТ УСУБАКУНОВИЧ*

*педагогика илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Педагогика жана психология факультетинин директору*


# Активист студент – келектеги коомдук ишмер, көрүнүктүү илимпоз

**Студенттик кез.** 1966-жыл. Окууга тапшырууну каалагандардын арасынан суурулуп чыгып, окууга өткөндөрдүн кубанычы койнуна батпай, өтпөй калгандардын кабагы ачылбай, айрымдары "а болбостур" деп, ошондо да бирине-бири жөлөк болуп, жайдын ысыгына карабай өтүп жаткан жашоонун нугу. Пржевальскидеги пединститутка бир орунга үчтөн-төрттөн киши болуп, конкурс аябай чоң. Төрт экзамен тапшырып, окууга өттүк: сочинение, математикадан оозеки жана жазуу, анан физикадан сынак тапшырдык.

Ошентип студенттик кез башталды. Пржевальск пединститутунда эки гана факультет бар: физика-математикалык факультет жана орус тили жана адабияты факультети. Физика-математика факультетинде көбүнчө эркек балдар окуйт, ал эми берки факультетке кыздар көбүрөөк тапшырат.

Күз келип сабак башталганда жаңы студенттердин баары бири-бирибиз менен тааныша баштадык. Биздин группада бою кичирээк, ак жуумал келген, бирок өтө тың бала бар экен, ошону староста кылып шайлап алдык. Бат эле ымалалашып жолдош болуп кеттик. Мына бүгүн тоюн тойлоп жаткан профессор Жангороз Каниметов – менин ошондо тапкан досум. Очныйда 70 бала окучубуз, баарыбыз бири-бирибизди жакшы таанычубуз. Ал кезде

пединституттарда окуу мөөнөтү 4 жылдык болчу. Ошентип 1966-70-жылдары Жангороз менен 4 жыл бирге окудук, бир жүрдүк.

Жаштыктын жалындаган жылдары – студенттик күндөрдү көркүнө чыгарган, маанайшат кылган, сабагын да жакшы окуган балдар болор эле, алардын арасында көзгө көрүнгөн Жангороз Каниметов, Макен Жумагулов, Мансуула (уйгур жигит) сыяктуу активист студенттер өзгөчөлөнүп турчу. Ошондогу активисттик студенттик күн демибиз бизди алдыдагы кең жашоого – бирибизди коомдук ишмер, бирибизди илимпоз, бирибизди мыкты кызматкер, дагы бирибизди депутаттыкка даярдап жүргөн машыктыруучу мезгил экен.

Студенттердин ынтымагынан эч ким бизди активист кылып шайлабаса деле, ар бир студент студенттик жашоого активдүү кийлигишкен. Майрам сайын кечелерди уюштуруп, кереге гезиттерди чыгарып, мугалимдерге шарж жазып, айтор, институттун көркүн чыгарышчу. Жангороз Каниметов ошондо эле "болор бала бешиктен" дегендей, *көзгө көрүнгөн, көптү үмүттөндүргөн, абдан жакшы окуган, коомдук иштердин баарында же уюштуруучу, же жетекчи, же демилгечи болуп жүргөн активдүү, тентеги жок, адамгерчилиги жогору бала* болчу.

Ошол кездердеги өзгөчө эсте калган күндөр "Студенттик жаз" фестивалына жыл сайын аябай даярданар элек. Бул фестивалга райком, партия, ректорат, бүтүндөй окутуучулар жамааты киришип, абдан катуу даярданып, чоң салтанаттар менен укмуштуудай сонун өтчү. Ал эми студенттердин жылдык университеттер аралык спартакиадасына бүтүндөй команда болуп катышчубуз. Ал жерде деле баягы активист балдар көбүрөөк ойноочу. Мен Жангороз болуп волейбол ойночубуз. Жангороз институттун жакшы спортчусу деген атка да конгон. Бул күндөр майрам сыяктуу өтчү. Жакшы окуган спортчу балдар жергиликтүү ички иштер органдары менен кызматташып, штаттан тышкаркы тартип көзөмөлчүлөрү болуп да иштеп жүрдүк. Атайын шаардын ичиндеги бий аянттарына барып, кишилер жакшы эс алып жатабы деп, рейддерге чыгып, коомдук тартипти көзөмөлгө алган күндөрүбүз да болду.

Коомдук иштер менен катар факультетте илимий ишке багытталган иш-чаралар такай өткөрүлүп турчу. Ага Макен Жумагулов, Жанкороз Каниметов үзбөй катышчу. Мына экөө тең илимдин докторлору, профессорлор болушту. Жангороз илимге кокустан келген жок, ал башынан илимге кызыгып, республикалык университеттер аралык олимпиадаларга катышып, байгелүү орундарга ээ болуп жүргөнүн баарыбыз билебиз.

**Окутуучулар жамааты.** Ал кезде Пржевальск désinституттун ректору, илимдин кандидаты Айникеев Ренат, кийин физика-математика илимдеринин кандидаты Саламатов Жолдон ректор болду. Пара алуу, акча менен экзамен бүтүрүү, сабактан калуу деген жок, абдан тартиптүү мезгилдер эле. Бизге эң мыкты мугалимдер сабак беришти: жогорку математикадан Мусаев Саламат, Негра деген еврей эжейибиз, физикадан Көчөрбаев, Касымалиев, философиядан Сейдакматов ж.б.у.с. абдан күчтүү окутуучулар эле.

**Жатакана.** Институттун эки жатаканасы болор эле, экинчиси эки кабаттуу болчу. Биздин жатаканабыз Караколдогу таш жолдогу жатакана болчу. Жатаканада бир бөлмөдө 8-9 кишиден жатчубуз, Жангороз менен чогуу турчубуз. Ал жакта жалаң эркек балдар жатсак дагы, тазалыкты бекем сактачубуз. Эс алуу бөлмөсүндө бир эле телевизор бар болчу. Кечинде чогуу барып саат 11ге чейин көрчүбүз. Ар кайсы жатаканада ар кандай эрежелер болот да, биздики түнкү 11де жабылат жана андан кийин кирип чыкканга, же телевизор көргөнгө болбойт эле. Жалдырап ыйласаң да, “жат, укта” же “эртең ректорго” дегенде бардыгы тең тыпыйып барып жатып калышчу.

Ошондой болсо дагы жатаканадагы күндөрдү эстегенде ар түрдүү конкурстарга даярданып, же кыздардын жатаканасынын терезесине таш ыргытып, алардын жатаканасынын эшигинин алдында “тигини чакырып койчу” деген студенттер, күндөрүбүз көз алдыма тартылат. Жангороздун келинчеги Айнагүл да биз менен окуган. Ал да абдан жакшы окуган, активист студенттердин бири болчу, экөө институтта окуп жүргөндө эле сүйлөшүп жүрүшчү.

Жатаканада биз, активисттер, “Үлгүлүү бөлмө” деген жарыштарды тынымсыз өткөрүп турчубуз. Ал эми жатакананын коридору дубал гезиттерден эч качан арылчу эмес, улам бири бүтсө, экинчиси чыгарылып, тагылып турчу. Бизге Оштон, Нарындан, Чүйдөн, Баткенден, Казакстандан келип окуган студенттер да бар болчу. Биз, Караколдун айланасында жашаган балдар, жума сайын үйүбүзгө барып, тамак-аш алып келчү элек. Ошол кезде 28 сом стипендия алчубуз, 10 сомдон ортого тамакка чыгарчубуз. Жакшы окугандар – Жангороздор 40 сомдон жогорулатылган стипендия алышчу, ал эми Макен Жумагулов 80 сом Ленининдик стипендия алчу. Ошол акчаларыбыз баарына жетчү.

Жайкы каникул күндөрү студенттик курулуш отряддарды уюштуруп, бир – бир жарым ай заводдордун курулуштарында иштечүбүз. Күзүндө картошка терчүбүз. Айылга барганда картошкадан, курулуш отряддарынан тапкан акчаларыбызга бир сыйра кийинип алар элек.

**Педагогикалык практика.** Эң сонун убакыттар педпрактика болду. Педпрактикага барганда айылдын мектеби менен келишим түзүлүп, 20-30 бала 1 интернатка жатып, педагогикалык практикадан өтөр элек. Эртеден кечке мектепте болуп, методисттер, мугалимдер дайыма жанында көзөмөлдөп, окуучулар менен оюн коюп, концерттерди уюштуруп, зачёттук сабактарды, класстан тышкаркы, тарбиялык иштерди өткөрчүбүз. Сабактын ар бир күнкү план-конспектисин методистке да, мектептин мугалимине да кол койдуруп, кандай эсептерди чыгартабыз, студенттер өздөрү чыгара алышабы, баарын текшерип, методикалык жактан толук бышырып туруп, анан сабак бергенге уруксат берчү. Ошондо дагы методисттер, 5-6 студент кошо киришет. Сабак бүткөндөн кийин өзүңө анализ жасатып, студенттерге сын айттырып, анан методисттер баа коюшчу. Андай зачёттук сабактарды өтүү үчүн таң атканча даярданган күндөр болгон. Педагогикалык практикадан суранып кетүү чоң “чп” болчу. Диплом, кайсы жерге жөнөтүлсөң, ошол жерге барып иштегенден кийин жарым жылдан кийин гана берилчү. Мен Тамчыга түштүм, Жангороз Каркырага кетти. Ошентип студенттик жолдорубуз ажырашты.

**Жангороз Каниметов студенттик жылдарда өзүнүн абдан жакшы гана жактарын көрсөткөн, пединституттун ардак тактасында ар дайым илинип турган алдыңкы студенттердин бири** болду.

Азыркы учурда Жангороз Каниметов Ысык-Көлдү өнүктүрүү боюнча бир топ салмактуу иштерди жүзөгө ашырып, өз элине, коомчулукка кеңири таанылган, зоболосу бийик **коомдук ишмер** катары белгилүү. Өзү жетектеп турган фонддун демилгеси менен кыргыздын көл өрөөнүндөгү тарыхый инсандарды көтөрүү жагын да колго алып, Боронбай, Балбайдын тарыхын жаздырып, эстелигин тургузуп, китептерин чыгарды. Кыргыз элине, өзгөчө мугалимдерге барандуу Мыйзамдарды иштеп чыгып, байсалдуу, чыгармачыл, иштерман **депутат** катары таанылды. Билим берүүнү башкаруу, аны демократиялаштыруу жаатында илимде өз багыты, эч ким талашкыс илимий жолуна ээ, окумуштуулар арасында өзүнүн орду бар, көрүнүктүү чоң **илимпоз**го айланды. Дүйнөлүк коомчулукта Кыргызстан менен Түркиянын, Кувейттин ортосундагы ынтымакты кылдаттык жана билгичтик менен ширештирген эл аралык жогорку рангдагы чыныгы **дипломат** катары белгилүү.

Урматтуу досум Жангороз, торколуу тоюң кут болсун, зоболоң бийиктеп, өркөнүң өсө берсин.



*КАЛДЫБАЕВА АЙЧҮРӨК ТОКТОПОЛОТОВНА*

*педагогика илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика кафедрасынын башчысы*

# Жангороз Каниметовдун педагогикалык ишмердүүлүгү

Адамдар жөнүндө пикир айтуунун эки түрдүү өзүнчө бир машакаты бар. Биринчиси – адамдын баскан өмүр жолу, экинчиси – анын эл ичиндеги кадыры, абройю.

"Сыртынан караганда бир сырлуу, жакындан баарлашсаң, миң сырлуу адам" деп биз Жангороз Каниметовичти айтабыз.

Канча жылдан бери педагогикалык ишмердүүлүк менен алектенип жүрүп, магистранттарга лекцияларды окуп, квалификациялык иштерине илимий жетекчи болуп, канча жолу алардын илимий-педагогикалык практикасын жетектеп жүрүп, мугалимдик кесиптин чыныгы ээлери гана бул оор түйшүктү эч качан таштабастыгын байкадык. Дал мына биз бүгүн сөз кылып отурган Жангороз Каниметов да ар кандай мамлекеттик кызматтарда иштеп жүрсө дагы, дилинде мугалимдик сезим, анын көйгөйлөрү ар дайым түйшөлтүп, мугалимдик кесибин таштаган жок.

Ошол үчүн ал кандай кызматтарды аркалабасын, ар дайым бет алган багытынан кайтпай келет. Тээ жаш кезинде өзү жөнөкөй мугалим болуп туруп, "Канткенде жакшы мугалим болууга болот?" деген суроо ойлонтуп келсе, жетекчилик кызматтарда жүргөн кезинде "Мугалимдин ишмердүүлүгүн канткенде жакшыртууга болот, ага кантип жардам берсе болот?" деген ойлордон алыстаган эмес.

Мугалимдик кесиптин бардык кесиптердин ичинен өтө жогору тургандыгын кыргыздын илим-билимге байланышкан макалдары, даанышман элдик оозеки чыгармалары далилдеп турат. Учурда Кыргызстанда мугалимдик кесипке болгон бир аз басыңкы мамиледен улам, элдин пейили, жашоосу кандай деңгээлге түшкөндүгүн билүүгө болот. Өнүккөн өлкөлөрдүн бардыгы дал ушул мугалимдик кесипке өтө урмат менен мамиле кыларын билебиз.

Жангороз Каниметов Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин үч жолку чакырылышынын депутаты болуп турган кезинде көтөрүп чыккан маселелери ар дайым мугалимдерге, билим берүүгө тийиштүү болду. Бул багытта 2000-жылдар эл үчүн жүгүрүп, абдан көп эмгек жумшаган жылдардан болду.

Жангороз Каниметов демилгечи болуп иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын «Мугалимдердин статусу», «Билим берүү жөнүндө» (2003) ж.б. мыйзамдары, билим берүү боюнча мыйзамдык актылар ал жетектеген комитет жана комиссиялар тарабынан натыйжалуу иштелип чыккан мыйзамдардан болду.

Коомдук ишмер Ж.Каниметов 1995-2010-жылдары КМШ парламенттер аралык ассамблеясында мүчө болуп турганда «Мугалимдер статусу» Мыйзамын кайрадан иштеп чыкты. Бул Мыйзамды кайрадан дүйнөлүк стандарттардын негизинде мыктылап жаңыртып, КМШ өлкөлөрүнүн ичинде моделдик мыйзам катары кабыл алууда опол тоодой күч берди.

Белгилүү коомдук ишмер, мугалимдердин таламын ар дайым талашып келген депутат Ж.Каниметовдун демилгеси астында иштелип чыккан дал мына ушул мыйзамдар бүгүн Кыргызстандын билим берүү системасында укуктук-ченемдик документ катары пайдаланылууда.

2009-жылы Жангороз Каниметович «Кыргыз Республикасында билим берүү ишин башкарууну демократиялаштыруунун илимий педагогикалык негиздери» деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даража алуу үчүн жазган диссертациясында илим берүү ишин башкарууну демократиялаштыруунун илимий-педагогикалык негиз-дерин иштеп чыгып, Кыргыз

Республикасынын жалпы орто билим берүү мекемелеринде билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруунун жетектөөчү багыттарын аныктаган, республикада билим берүү ишин башкарууну демократиялаштыруу тажрыйбасын жалпылаштырган жана системага салган, билим берүү ишин башкарууну демократиялаштыруунун жетишкендиктерин жана көйгөйлөрүн белгилеген; билим берүүнү мамлекеттик-коомдук башкаруу аркылуу өнүктүрүүчү, билим берүү процессинин жана социумдун бардык катышуучуларынын байланышын камсыз кылуучу билим берүүнү башкаруунун демократиялаштырылган педагогикалык негиздерин иштеп чыккан; мектептин деңгээлинде билим берүү ишин башкарууну демократиялаштыруунун калыптануусуна жана өнүгүүсүнө карата теориялык жолдорду сунуштаган.

Өлкөбүздүн алдында турган зор иштерди өтөө үчүн улуу ынтымакка баш коюп, Ж.Каниметов бардык президенттердин астында толеранттуулук жана компетенттүүлүк менен иштеди. "Өзгөнү көрүп өзүңдү тааныйсың" деген кыргыздын жакшы сөзүндө айтылгандай, биз Жангороз Каниметовичтин мансабы, кызматы туурасында айтпасак да, ал кишинин адамдарга жасаган өтө жөнөкөй адамгерчилик бийик сапатын сыртынан карап туруп баамдайбыз. Мен агайдын дагы бир чоң касиетин белгилеп кетким келет: беш эркек баланы татыктуу тарбиялап, баарына билим берип, эл арасына атанын уулу деген статуска ээ кылып, бактылуу чоң ата, чоң эне болуп өмүр сүрүп жатышат.

Урматтуу Жангороз Каниметович, 65 жашка келдим деп эч ойлобоңуз. Сизди жигиттик куракты гүлдөө доорунда турган кыргыздын азаматтарынын бири деп эсептейбиз. Ошол үчүн Сизге дагы да чыгармачылык ийгиликтерди каалайбыз.



## *АЛИМБЕКОВ АКМАТАЛИ*

*педагогика илимдеринин доктору,*
*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин профессору*

# Асылды асыл гана баалайт

Жангороз Каниметов билим берүү ишин уюштуруу, аны жетектөөнү, билим берүү боюнча мыйзамдык базаларды иштеп чыгуу боюнча Кыргызстанда аттын кашкасындай белгилүү, сейрек адамдардын катарында турат.

Мындай ишмердүүлүккө ар бир адис ар кандай жол менен келет, башкалардан айырмасы Жангороз Каниметов билим берүүнү эң жөнөкөй ишмердүүлүктөн, б.а. катардагы мугалимден баштаган. Ошол катардагы мугалим катары өзүнүн кесиптештеринен кескин айырмалангандыктан, ал 23 жашында мектептин директорлугуна дайындалган. Демек, анын билим берүүнү башкаруу, жетектөө жөндөмдүүлүгү өтө эле жаш кезинен ачыкка чыккан деп айтууга толук негиз бар. Мындай урмат Кыргызстандын чегинде өтө сейрек кездешет.

Көп жыл директор болуп иштеген, өмүр баянын карап көрсөк, 12 жыл директор болуп иштеген экен. Мектеп директору катары жаш кезинен эле романтик, чыгармачыл болуп, жаңы нерселерди үйрөнүп, жаңылануу багытында өтө кызыгып иштегендиги менен айырмаланган – бул дагы мектеп директорунун ичинде өтө сейрек кездешкен сапат катары айырмаланган.

Ошол учурда 80-жылдары Кыргызстандын чегинде Советтер Союзунун курамында бир топ инновациялык иш-аракеттер жанданган, бирок алардын бардыгы эле толук жеткиликсиз болгон. Ошол алдыңкы тажрыйбаларды, жаңы идеяларды дээринде жөндөмү

бар, алардын алгылыктуу жактарын ажыратып билген мектеп жетекчилери гана колдоно алган. Алардын катарында Жангороз Каниметов да турган. Ушуга байланыштуу анын бул иш-аракети мамлекеттик органдар тарабынан адилет бааланып, 1987-жылдары райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы кылып дайындаган, б.а. мектепте билим берүү сапатын, анан мезгил койгон талаптар менен катарлаш жүрүү, жаңылыктардын алдыңкы катарында болуу идеяларын бир мектепте эмес, райондун масштабында ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Билим берүү министрлиги мындай ийгиликтерди жараткан адамды республикалык масштабда Кыргыз билим берүү министрлигинин алдында мектептер башкармалыгынын башчысына алып келишет.

Бул башкармалыкты Жангороз Каниметович жетектеген мезгилде Кыргызстанда инновацияларды издөө, жайылтуу иш-аракеттери жалпы республикалык масштабда кыйла жанданган. Ошол мезгилде даңктуу педагогдор катары эсептелген Амонашвилинин, Шаталовдун чыгарган ойлору, тажрыйбалары бүтүндөй Кыргызстанга жайылтылып, кыргыз тилине которулуп, китеп болуп чыга баштаган. Мындай китептердин алгачкы сериясы Ж.Каниметовдун аракети менен кыргыз тилинде алгач ирет чыккан десек болот. Экинчи планда Жангороз Каниметовичтин чыгармачыл табияты "Кыргызстандын чегинде дагы чыгармачыл адамдар барбы, чыгарса болобу" деген идеяны жанданткан. Анын негизинде мектептерден алдыңкы мугалимдерди издеп башташкан. Б.Исаков сыяктуу көптөгөн Кыргызстандын бардык аймактарынан белгилүү, таланттуу мугалимдердин жүзүн, ишиндеги маани-маңызын алдынкы тажрыйбасын ачык көрсөтүү, жайылтуу иштери да Ж.Каниметовдун жетекчилиги менен ишке ашкан.

Ж.Каниметов мектептен өсүп чыккан депутат катары мугалимдердин көйгөйүн жакындан туюп, алардын коомдо түшүп бараткан кадыр-баркын көтөрүүгө кыйла далалат жасады. Алар – өз учурунда кабыл алынган билим берүү мыйзамдары. Депутат Ж.Каниметовдун демилгеси менен кабыл алынган мыйзамдар иштеп кетсе, мугалимдер азыркы абалда болбойт эле. Тилекке каршы, мыйзамдар иштебей жатат, бирок ошол мезгилде башка

республикаларга салыштырмалуу Кыргыз Республикасында жазылган, чыгарылган мыйзамдар прогрессивдүү, өтө керек, күнүмдүк турмушубузга дал келген мыйзам болгон.

Мыйзам үчүн мыйзам эмес, коомдук педагогикалык көйгөйлөрдү чечүүнүн жолун табууга, канааттандырууга багытталган мыйзам болгон. Албетте, мектеп тууралуу, мугалимдер жөнүндө мыйзам кабыл алуу өтө түйшүктүү, анткени эч ким көңүл бурбайт, бул ишти экинчи пландагы иш катары карашат. Бул мыйзамдарды кабыл алууда ага кандай түйшүктүү болгонун, башынан кандай тоскоолдуктарды, кыйынчылыктарды кечиргенин сезип билип туйсак болот. Мунун өзү Жангороз Каниметовичке **карапайым мугалимдердин коргоочусу** деген бир коомдук пикир жаратты. Коом тарабынан карапайым мугалимдердин коргоочусу, колдоочусу деген наамга татыктуу болду.

Мен ойлойм, мындай атка конуу ар бир адамга сыймык жана ардактуу, агартуу майданында иштеп жүргөн адамга мындан өткөн сыймык, мындан өткөн сыйлык болушу мүмкүн эмес.

Азыр Жангороз Каниметович менен бирге иштеп чогуу иштеп, акыркы жылдары билип жатабыз да, мурда чиновниктерди таанымбайт элек. Менин баамымда анда мындай өзгөчөлүк бар экен, эң башкысы Жангороз Каниметович карапайым калктын арасында кадыры жогору экен, карапайым адамдарга жакын жана сиңимдүү экен. Табиятынан өзү да карапайым, канчалык көп кызматтарды аркалап иштеп келсе дагы, кыргызга таандык, карапайымдык сапаттарын жоготкон эмес. Бул кылымдардан келаткан элдик нарк-нускаöны билген, сактаган адам, ошол үчүн эл сыйлайт, өзү элге жакын, эл бул кишиге жакын. Мунун акыйкатын мындан билүүгө болот, эл Жангороз Каниметовичти эл таразалап, баалап, аны үч жолу депутаттыкка өткөргөн. Бул уникалдуу көрүнүш, себеби мугалимдик кесиптен бир да депутат жок. Анын үстүнө мугалимден үч жолу депутат болгон киши да жок, бүгүнкү күндө мугалимдик кесиптен таптакыр депутат жок. Азыр мугалимдерди эч ким колдобойт, акчасы жок мугалимди колдогон мындай факты өтө сейрек. Дал ошол кишилик нарктуулугунун аркасында колдоого алынып, депутаттык милдетти аркалаган.

Бул фактынын дагы бир башка жагы бар. Жангороз Каниметович экинчи жолу депутаттыкка койгондо А.Акаевдин балдызы менен атаандаш болуп калды. Ал өтө чоң тоскоолдуктарды жараткан. Бүтүндөй административдик күчтү пайдаланган, бүт бийлик бул кишиге каршы болгон. Ал кезде Жангороз Каниметович Ысык-Көл областтык билим берүү бөлүмүндө иштеп жаткан. Ушул жерден бир окуяны айта кетейин. Бир жолу Жангороз агай мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунда иштеген бир аялдын сөзүн айтып берген эле. "Жангороз Каниметович, сиздин жаныңызга барып, жакындап сүйлөшкөн да коркуп жатабыз. Этият болуңуз, абайлаңыз", – деди. Чындыгында эле ошол күндөр, ошол мезгил аябай коркунучтуу, кооптуу болчу. Өтө жакын адамдарым дагы сактанып басып калышкан. Башка жактарда Акаевдин балдыздарына эки колун көтөрүп: "Болсун!", – дешип колдоп беришкен", – деп айтып берген эле. Ошолорго карабастан элдин, жакын адамдардын сыртка чыгарып айта албаса да, купуя колдоосу менен бийликтин кубаттуу, таягы күчтүү экендигине карабастан, Ж.Каниметов депутаттыкка өтүп кетет.

Мындан улам бир ойду айткым келет. Көлдө байыртан эле тарыхта белгилүү нарк-нускалуу элдик адамдар көп чыккан: Кыдыр аке, Тилекмат аке ж.б. Ошолордун уюткусу көл элинде дайыма сакталуу деп ойлойм. Азыр да айрым адамдар алардын нускасын улантып келе жатканын көрүүгө болот. Ошолордун бири элдин колдоосуна, купулуна толгон киши – Ж. Каниметов. Демек, көлдүктөр ар дайым көңүлүнө толгон кишисин ар дайым колдогондон тайбайт. Балким, Жангороз Каниметович дагы ошол мезгилдерде "Аке" наамына татыктуу иштерди жасагандыр. Ошол үчүн эл бийликтен коркпой, кайра-кайра депутат кылып шайлап алышкандыр.

Жангороз Каниметович кечээ жакында эле Боронбай тууралуу бир китебин даярдаткан экен. Буга чейин Боронбай жөнүндө дээрлик маалыматым жок болчу, бул китеп бардык окурмандар үчүн ошол көшөгөнү сыйрып салгандай болду. Боронбай бий айрыкча Нооруз, Айт майрамдарында өзүнүн байлыгын элге таратып берген адам болгон экен. Эки жүздөн ашык жылкы союп, карапайым

адамдарга таркатчу экен. Тарыхта мындай берешен адам болбосо керек.

Буларды айтканым, "Манаста" өрнөктүү адамдар абдан көп. Атаке бий, Жаңыл Мырза тууралуу да жакшы жазылган чыгармалар керек.

Элде: "Өлгөндөр даңкталмайынча, тирүүлөр барк албайт" деген таамай айтылган сөз бар. Демек, Жангороз Каниметовичтин тарыхый инсандардын нарк-нускасын сактап, кийинки муундарга туура мааниде өткөрүп берейин деген ниети, экинчи тарабынан ушул инсандарга карап өзүн түздөп жүргөн адамдын өзү дагы **элдин жакшысы** деп эсептелет, себеби асылды асыл гана баалай билет.

*Боронбай бир топ кишилер менен салбуурунга барат. Алдынан келишкен бир калтар түлкү качат. Боронбай бүркүтүн калтарга салса, албайт. Боронбай да: "Ал, – дебейт. – Кана, кыраанным, өнөрүңдү көрсөт", – деп коёт. Бүркүт айланып учуп түлкүгө такыр тийбейт. Анан башка бирөөлөрдүн жөнөкөй бүркүттөрү түлкүнү алат. Боронбайдан сурашат: "Эмне үчүн сиздин бүркүтүңүз тийген жок?" Анда Боронбай: "Асылды асыл албайт, асыл асылды баалайт", – деп жооп берет.*

Дал мына ушул улуу сөз ушул жерге туура келет. Адамдын кишилиги бабалардын арбагына, тарыхына карата көрсөткөн сый-урмат мамилеси менен аныкталат. Адамдын кишилиги тарыхка карата өткөндөрдүн арбагына карата мамилеси менен бaркталат. Боронбайдын нарк-нускасын кийинки жаштар өрнөк катары тутуп жүрсүн деп атайылап роман жаздырып, китебин чыгарып, конференцияларды өткөрүп, элге жайылтуунун өзү Жангороз Каниметовичтин өзүнүн дагы нарк-салтты сактаган, нарктуу адам экендигинен кабар берет. Тарых адамдар ортосундагы дал ушинтип уланышы керек. Тарых өзүнөн өзү уланбайт, тарых ушундай адамдар аркылуу уланат. Китеп чыгарбаса, азыркылар билбейт. "Комбайн жаңы чыкканда  чоң энесине небереси айтып келет экен: "Чоң эне,  оказывается комбайн сам не ходит, его водит". Анын сыңары тарыхый инсандар азыркы ааламдашкан мезгилде өзүнөн өзү даңкталбайт, асыл адамдар гана аларды таанытат. Жангороз Каниметович да асылдарды баалаган өзү да **асыл адам**.

Бул университетте педагог адистерди даярдоо системасында “Билим берүүнү башкаруу менеджменти” деген жаңы сабактар кирип жатат, бирок бул дисциплинаны окуткан адистерибиз дайыма эле ойдогудай эмес эле, ойдогудай даяр кадр жок болчу. Жангороз Каниметович биздин бөлүмгө келип, кызматташа башташы биз үчүн эң чоң табылга болду. Анткени ал бир жагынан билим берүүнү башкаруу боюнча кырк жылдан ашык тажрыйбасы бар адис, экинчи жактан ошол проблеманы изилдеп келаткан окумуштуу. Студенттер мындай адамдан, мындай адистен көп нерсени үйрөнүү мүмкүнчүлүгү бар деп ойлойм. Өзү да педагог катары билимин, тажрыйбасын жаш муунга өткөрүп берүүгө өтө дилгир адам. Студенттерден дайыма бул киши тууралуу жакшы пикирди угууга болот.

Жангороз Каниметович – жумушка өтө чоң жоопкерчилик менен мамиле кылган, өзүнүн педагогикалык ишине, сабагына өтө жооптуу, ыйык мамиле кылган, нукура педагог таалимчи. Мага ар дайым: “Кандай тапшырма бар?” – деп кайрылып турганы анын өз милдетине өтө жогорку абийирдүүлүк жана жоопкерчилик менен мамиле кылгандыгынын көрсөткүчү.



***ОРХАН ИНАНДЫ***

*педагогика илимдеринин кандидаты,*
*Эл аралык "Себат" билим берүү*
*мекемесинин президенти*

# Жангороз Каниметовго алкыш

Эл аралык "Себат" билим берүү мекемесинин Кыргызстандын билим берүү тармагына аралашканына быйыл 23 жыл толот.

23 жыл мурда азыркы 15 лицейдин алгачкылары үч гана шаарда Бишкек, Ош жана Каракол шаарларында ачылган. Тунгуч лицейлерибиздин бири Каракол шаарындагы балдар лицейинин ачылышында Жангороз агайдын салымы абдан зор. Анткени Жангороз Каниметович ал учурда Ысык-Көл облустук билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенип турган мезгили болчу.

Агайдын жаңычылдыкка, билим берүүнү реформалоого түз көз караштa болгондугу, биздин лицей ачуу сунушубузду колдоп бергендигинен эле билинди.

Жангороз Каниметовичтин Жогорку Кеңештин депутаты болуп турган мезгилинде Түркиянын Улуу Түрк Улуттук Межлиси менен Жогорку Кеңештин ортосундагы депутаттардын достук тобун жетектеди. Анын жетекчилиги менен иштеген достук тобу эки мамлекеттин ортосундагы достук, бир туугандык мамилелердин өнүгүүсүнө бир топ салым кошкон эки тараптуу жолугушууларды жүргүзгөн.

"Мугалимдин статусу жөнүндө", "Орто билим берүү жөнүндө", "Билим берүү жөнүндө" деген мыйзамдардын автору болуп саналат. Болон процессине өтүү учурундагы билим берүү

системасындагы реформалар тууралуу, билим берүүнүн демократиялаштыруу тууралуу бир топ илимий иштери жалпы билим берүү тармагында эмгектенгендерге баа жеткис мурас болуп калды десем жаңылышпайм.

Азыркы учурда да, эки боордош элдин орток кенчи болгон Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин профессору болуп эмгектенип жатат.

Биз эки боордош элдин достугу менен биримдигин ширетүүгө чоң салым кошуп келе жаткан Жангороз Каниметовичтин 65 жылдык маарекеси менен куттуктап, агайга чың ден соолук, узун өмүр каалоо менен бирге, "Себаттын" тарыхынын маанилүү барактарында алган орду үчүн терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.




***АБДЫКЕРИМ МУРАТОВ***

*педагогика илимдеринин доктору,*
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук*
*университетинин профессору*


# Жангороз Каниметов көп кырдуу инсан

Жангороз Каниметов – көп кырдуу, көп багыттуу инсан. Анын ишмердүүлүгүнүн бир жагы Кыргызстанга кыргыз-түрк лицейлерин алып келүүгө кошкон салымы менен байланышат.

Өлкөбүз эгемендүүлүккө жетишкенде Мустафа Кемал Ата Түрктүн Советтер Союзунун курамындагы түрк республикалары акыр-түбү бөлүнүп чыгат, ошондо силердин жардамыңар керек болот деген осуятын эске алган түрк боордошторубуз достук колун сунуп келишкен. Алардын бир багыты лицейлерди ачуу болгон.

Ж.Каниметов Түркияга барып, алардын лицейлери менен таанышып чыгып, окуучулардын табигый-математикалык предметтерди англис тилинде окуп жаткандыгына ыраазы болуп, алардын биздин өлкөдө да ачылышына аракет кылган. Ошол өткөн кылымдын 90-жылдарындагы түркиялык агартуучулар Демирели Байрактар, Нажи Тосун, Азиз Гүржан, Мехмет Шахин, Ихсан Палта, Исмаил Хамид ж.б. зыялылар менен достук мамиледе болгон, алар Жангороз агайдын инсандык табиятына, адистик көрөгөчтүгүнө жогору бааларын берген. Дал ушул киши Ак-Суу районунда кыргыз-түрк лицейинин ачылышына чоң көмөк көрсөткөн. Анын бул ишмердүүлүгү азыркы күнгө чейин уланып келет.

Бул киши Кыргызстандын билим берүү тармагы демократиялашууга тийиштигин, жалпы дүйнөлүк алдыңкы тажрыйбалар Ала-Тоо койнуна келиши керектигин эң алгачкылардан болуп аңдап билген, ошол процесстин теориялык-

методологиялык негиздерин иштеп чыккан жана башкаларга жол көрсөткөн инсан. Мындай кылууга анын мектепти сырттан эмес, ичтен билгендиги, окуу процессин уюштурган мугалимдин, окуу бөлүмүнүн башчысынын, директордун дүйнөсүн "ийне-жибине" чейин көрүп тургандыгы себеп болгон.

Ал билимин жана практикасын Жогорку Кеңештин депутаты жана комитеттин төрагасы катары мыйзам актылары менен бекемдөөдө, билим берүү тармагыбызды эл аралык деңгээлде интеграциялоо процессинде майнаптуу пайдалана алды.

Мен Жангороз агай менен Диссертациялык кеңеште бирге иштешип калдым, ошондо бул кишинин аспиранттарына жана изденүүчүлөрүнө ушунчалык бир камкордук менен мамиле кылганын көрүп ыраазы болуп жүрөм.

Жангороз Каниметов "Боронбай бий" деп аталган коомдук фонддун төрагасы катары биздин "Zaman Кыргызстан" деп аталган газетабызга Боронбай Бекмурат уулунун тарыхый орду, жалпы ишмердүүлүгү тууралуу макалалар түрмөгүн жазып берди. Ал макалаларды окуган киши автордун илимий диапозонунун кеңдигине, мекенчилдигине ыраазы болбой койбойт.



## *ТИЛЕКТЕШ ИШЕМКУЛОВ*

*Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин профессору*

# Билим берүү жана агартуу айдыңынын атактуу устаты

### Белгилүү коомдук-саясий ишмер, тарбиячы-аалым, илимпоз Жангороз Каниметов 65 жашта

Мен өзүмдүн «Бактылуусуң…» деген аталыштагы, ага арнап жазган ырымда:

Бактылуусуң, жолуң болсо, турмуштан,
Каалагандай орун тапсаң, жумуштан,
Эмне жетсин, үзүрлүү иштеп, күн сайын,
Кайра эртеси – сергек көңүл туруштан,

– деген саптар бар эле. Аларды эске салып жатканымдын себеби: ойлоп көрсөм, биз сөз кыла турган каарманыбыз – Жангороз Каниметович, чындыгында эле, байсалдуу жана барандуу өмүр жолун таза, ак, так басып өтүп, кеңири коомчулугубузга белгилүү болуп, эл оозуна алыныптыр. Бирок ал өзүнүн турмушта ээлеп турган бүгүнкү бийик ордуна, калкыбыздын кадыр-баркына жетиш үчүн кыйла аралыкты артка калтырып, ар дайым тынымсыз изденүү жолунда болуп, бул иш-аракеттерин дагы эле үзбөй, улантып келе жатканы бизди катуу кубандырат.

Облустун борборундагы атактуу мектепте узак жылдардан бери белсемдүү эмгектенишкен тажрыйбалуу, таланттуу мугалимдерден окуп, тарбия-таалим алуу Жангороз Каниметович үчүн чоң табылга, чоң байлык болуп, анын келечектеги тандап алган кесибинин пайдубалын түзгөндүгү талашсыз.

Аталган мектепти бүтөрүү менен, ушул эле шаардагы мамлекеттик педагогикалык институттун (азыркы К.Тыныстанов атындагы университети) физика-математика факультетине өтүп, аны 1971-жылы ийгиликтүү бүтүрүп чыгат. Мына, дал ушул мезгилден тарта, анын педагогикалык ишмердиги башталып, ал ушул күнгө чейин бир кылка, ырааттуу, шыдыр, эң башкысы, үзүрлүү жана жемиштүү уланып келүүдө. Чынында эле, Ж.Каниметовдун билим берүү, илим, агартуу, маданият чөйрөсүндөгү басып өткөн жолу, сөздүн толук маанисинде, колдоого, мактоого жана алкоого татыктуу болду деп, канагаттануу сезимибиз менен ырастай алабыз.

Совет мамлекети ыдырап, өлкөбүз рыноктук мамилелерге тушугуп, өтө татаал өткөөл мезгилде Ысык-Көл облусунунун билим берүү башкармалыгынын башчысы болуп дайындалып, бул кызматты алты жыл бою аркалоо менен, Көл калаасынын билим берүү тармагын жаңы чектерге чыгарууга, элеттик мектептердин материалдык-техникалык базасын чыңдоого, аларды мугалимдик кадрлар менен камсыздоого көп күч үрөп, бул багытта да көңүлгө алар алгылыктуу ийгиликтерди жарата алгандыгы – облустун билим берүү коомчулугуна жакшы маалым.

Ж.Каниметовдун күрдөөлдүү эмгек жолунун туура 15 жылы – анын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп турган тушка туура келди. Ал 1995-2000-жылдары улуттук парламенттин Эл өкүлдөр, кийинки беш жыл ичинде Мыйзам чыгаруу жыйындарынын, 2007-2010-жылдары Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайланып, анын эки жолку чакырылышында анын илим-билим жана маданият комитетинин төрагалык милдетин бийик деңгээлде аткарып келди. Жангороз Каниметович биздин парламентибиздин тарыхында маанилүү мыйзамдарды иштеп чыгып, сунуштоого өтө активдүү жана жандуу катышкан депутат-ишмер катары өз изин калтырып кете алды десек эч кандай жаңылышпайбыз деп ойлом. Буга анын «Мугалимдердин статусу» (2000), «Билим берүү жөнүндө» (2003), «Экологиялык-экономикалык «Ысык-Көл» системасы жөнүндө» (2004) ж.б. мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча маселе көтөрүп, алардын автору катары коргогон.

Ж.Каниметовдун өзү мүнөзү боюнча сылык, жөнөкөй, ички-тышкы маданияты бийик, ким болбосун, аны менен жалпы тил таба билген, үй-бүлөсүн ар дайым медер туткан сүйүктүү жубай, ата, чоң ата. Өмүрлүк жары – Айнагүл экөө беш уулду тарбиялап өстүрүшүп, өз алдынча турмуш жолуна салышты. Алардын бардыгы тең жогорку билим алышып, ар кайсы тармактарда ийгиликтүү иштеп жатышат.

Анын басып өткөн өрнөктүү өмүрү, байсалдуу эмгек жолу жаш муундарга, билим берүү, тарбия тармактарында эмгектенип жатышкан адистерге чыныгы үлгү боло ала тургандыгында шек жок.

Биз калкыбыздын кадырман уулу, белгилүү коомдук-саясий ишмер, аалым-насаатчы жана окумуштуу Жангороз Каниметовичке чымыр ден соолук, бактылуу узун өмүр, көп баскычтуу ишмердигиндеги жаңы ийгиликтерди каалап кетебиз.



**_МУРАТ ЖЕТИМИШБАЕВ_**

*билим берүүнүн көрүнүктүү өкүлү,*
*Ысык-Көл облусу*

# Чырпыктын чынар болушу

**«Эли уулум дебесе, элим деген уул кайдан чыгат»**
**Эл макалы**

## Тарбиянын жакшысы – тагдырдын ачкычы

1950-жылдардын март айынын аягында Көл өрөөнүнүн Түп аймагындагы Токтоян айылынын тургуну, Рысалиев Канимет ата уулду болгондо, ымыркайына Асан чакырып, кыргызда сейрек кезикчү Жангороз деген ысым коюп, Кудайдан баласына арка-жөлөк болуучу ини-карындаштарды тилесе дагы, айылдык мектепте мугалимдик кесипте иштеген өмүрлүк жары Каликан апа экөө башка чүрпөлүү боло алышпаптыр. Андыктан, тагдырдын берген ушул белегине ыраазы болгон ата-эне көзгө басар жалгыз туягы, Жангороз чүрпөсүнүн амандыгын тилеп, колдорунан келген тарбия-таалимин бергенден аянышкан жок.

«Тарбиянын жакшысы – тагдырдын ачкычы» деп элибизде айтылгандай, Канимет атанын тарбиясы текке кеткен жок. Жаштайынан илим-билимге умтулган Жангороз агай 1971-жылы Каракол шаарындагы педагогика институтунун физика факультетин ийгиликтүү аяктагандан кийин, алгачкы эмгек чыйырын өзү туулуп өскөн райондогу алыскы Каркыра мектебинде мугалимдик кесип менен сала баштаган. Ааламга кетчү жол, айылдан башталат, дегендей агайыбыздын эмгек сапары жакшы эле байсалдуу болгондугун анын өмүр

таржымалына бир эле көз чаптырган адамга байкалып эле турат. Алгач Каркыра мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, ошол эле мектептин директору, кайрадан Арал жана райондун борборундагы Кайкин атындагы мектептин баш жетекчилик кызматтарын ийгиликтүү аркалап кете алды. Жаш адистин жигердүү эмгектерин баалаган жогорку жактагы жетекчилер Жангороз Каниметовичтин жаштыгына карабай, Ак-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчылыгына көрсөтүшсө, кийин 38 жаштагы адис Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигиндеги жалпы билим берүү башкармалыгынын башчысы кызматын жетекчиликке алган. Ал эми 1991-1997-жылдары Ысык-Көл областтык билим берүү башкармасынын башчылык кызматында үзүрлүү эмгектенип, эл кадырына дагы жетише алгандыгына биз күбөбүз. Ошол мезгилдерде областтык билим берүү башкармалыгында билим берүүнүн, башкаруунун жаны багыттары ишке киргизилип көптөгөн инновациялык жакшы өзгөрүүлөр билим берүүнүн сапатынын жогорулашына зор өбөлгө түзгөн. Жангороз Каниметовичтин демилгеси менен район аралык билим берүү бөлүмдөрүнүн ортосунда жакшы атаандаштыктар уюштурулуп, дайыма ар кандай мелдештер өткөрүлүп, жыл сайын жыйынтыктар чыгарылып, алдыңкылар тиешелүү сыйлык наамдарга жетише алышкан. Ошол мезгилден баштап Ысык-Көл областынын мектеп окуучулары, мектеп окуучулардын республикалык олимпиадаларында, областтар арасында дайыма биринчи орунду камсыз кылып келет. Ак-Суу районундагы жетимдер жатак мектебинин ачылышына, Кыргыз-Түрк лицейинин түптөлүшүнө, анын андан ары натыйжалуу өрчүп өнүгүшүнө сиңирген эмгегин ырахаттануу менен белгилеп кетсек болот. Өзүнүн жеке демилгеси менен областтык мектеп директорлору менен инновациялык, «мээге чабуул» өңдүү ар-кандай семинар, тренингдерди көп уюштуруп өткөргөндүгүнүн натыйжасында областтагы директорлор корпусу билимдүү адистер менен толукталган. Ишине жараша урмат жана сый дегендей,

ушундай үзүрлүү эмгегинин аркасында болгону 45 жашында «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» наамын алууга татыктуу болгон.

Тагдыр Жангороз Каниметовичтин кызматтык сапарында өз ишин билген кыргыздын белгилүү инсандары менен кызматташ, эмгектеш, сырдаш кылгандыгын айтпай кетүүгө болбойт. Өзү көп жолу сыймыктануу менен эскергендей, алгачкы педагог-жетекчи болуп калыптанышына, ал кездеги Түп районунун билим берүү бөлүмүн узак жылдар бою татыктуу башкарып келген айтылуу Касымов Султан Касымович менен Ысык-Көл областтык билим берүү башкармалыгынын мурдагы жетекчиси Иманалиев Белек Иманалиевич болсо, андан кийинки республикалык маанидеги жетекчи болуп такшалышына Кыргыз Эл мугалими, көп жылдар бою Республикабыздын билим берүү министри болуп эмгектенген, айтылуу кыргыз билим берүүсүнүн корифейи Базаркулов Мукаш Базаркулович өңдүү устаттары, акыл калчаган кеңешчилери болгон.

## Эли уулум дебесе, элим деген уул кайдан чыгат?

«Эмгек – эрдин көркү, эр – элдин көркү», – деп элибизде айтылгандай, биздин каарманыбыздын жалпы областтын билим берүү тармагына, элге сиңирген эмгеги, иш-аракеттери элдин көз жаздымында калган жок. Чындыгында, биздин кадырман калкыбыз, эл арасынан суурулуп чыгып келе жаткан өз уулдарынын элине жасаган эмгегине көз салып, баскан турганын таразалап, анан убагы келгенде, керек болсо кыл чайнашуудан дагы кайра тартпастан, ошол эр азаматын колдоп, өз мүдөөлөрүнө жетип келгендиги жалганбы? Аттиң десең..! Эң өкүнүчтүүсү – көптөгөн эл аралап жүргөн «азаматтарыбыздын» көпчүлүгү ушул элдик философияны аздектей алышпагандыктан, кандайдыр бир максат, муратына жетпей калса эле кемчиликти өзүнөн издебей, кайра журттан

көрүп, караламан калктын көңүлүн кайт кылган учурлары канча дейсиз.

Кептин кыскасы, Түптүн эли түп көтөрүлүп, өз уулу Жангороз Каниметовичти Жогорку Кеңешке депутат кылып бир эле жолу эмес, үч ирээт шайлап беришти. Алгачкы ат салышууда же жарыткан айлыгы да, жыйып койгон байлыгы да жок, жалгыз элинин, кесиптештеринин дем-күч аракеттерине таянуу менен «капчыктуу» дагы, бийликтүү дагы атаандашынан ат чабым озуп барып, Жогорку Кеңештеги Эл өкүлчүлүк палатасына депутат болуп шайланса, экинчисинде, алгачкы Ажобуздун жандай көргөн, байлыгы да, мансабы да бар, айтылуу балдызы менен атаандаш болуп, жеңишке жетишип, кайрадан Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйынына депутат болууга жетишти. Рахмат Түп элине, бар бол дегенден башка сөз жок. Албетте, эли «уулум» – деп колдоп бергенден кийин, уулу дагы кол куушуруп отуруп албай «элим» – деп элине кызматын көрсөтө баштады. Жангороз агайдын депутаттык ишмердүүлүгү жемиштүү болду. Айылдык билим берүүсүнүн күнгөй-тескейин жакшы түшүнүп билген адис катары айылдык мугалимдердин эмгегин коргоодо алгылыктуу ийгиликтерди жарата алды. Анын жекече иштеп чыккан же анын катышуусу менен кабыл алынган мыйзамдардын бардыгына токтолуп отурбай, 2000-жылы кабыл алынган «Мугалимдердин статусу», 2003-жылдагы «Билим берүү», 2009-жылдагы «Орто билим берүү мыйзамдарын» айтсак жетиштүү болор. Депутаттык милдеттен тышкары «Ысык-Көл» фондусунун баш жетекчиси катары кыргыз бермети болгон көл аймагынын туристтик дагы, экономикалык дагы жактан өрчүп-өнүгүшүнө олутту салымдарды кошо алды. Буга 2004-жылы анын түздөн түз жетекчилиги менен Жогорку Кеңеште кабыл алынган «Ысык-Көл областынын экология-экономикалык өнүгүшүнүн туруктуулугу жөнүндө» мыйзамы күбө. Мезгил күбө, жалпы айылдык жетекчилерден баштап Ажого чейин колдоп чыккан айтылуу губернатордун Чолпон-Ата – Алма-Ата жолунун

салынышы ишке ашпаган «утопия» экендигин далилдеп, эң биринчи ачык каршы оюн айтып чыккан ушул Жангороз Каниметович болгон. Мезгил кийин аны дагы далилдеп берди окшойт.

Ооба, агайдын, өз мезгилинде кыргыз элине ат көтөрө алгыс эмгек кылып, бирок ага карабастан, мезгилдин каарына калып, аты-заты унутта калган инсандарга экинчи өмүр берүүгө кылган аракеттери дагы мактоого татырлык. Ысык-Көл фондусунун каржылоосу менен жарыкка чыккан Бугу уруусунун манабы Боронбай, Балбай баатыр жөнүндөгү даректүү, кыргыз мамлекетинин негиздөөчүлөрүнүн бири Жусуп Абдырахмановдун өмүр жолу, татаал тагдырын баяндаган документалдуу басылмалар азыркы жаңы өсүп келе жаткан жаштар үчүн жакшы белек эмей эмне. Эки жогорку билимдин ээси (педагог, юрист), «Даңк», «Манас 1000» медалдарынын кавалери, Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген мугалими, жалпы республикабыздын билим берүү кызматкерлеринин конгрессинин Президенти, педагогика илиминин доктору, профессор Жангороз Каниметовичтин көптөгөн эл аралык симпозиум, семинар, кеңешмелерде жасаган докладдары, басма сөз беттерине байма бай жарыяланып келген ар кандай макала, ой толгоолору *(мисалы; «XX кылымдын улут кеменгери». Кыргыз Туусу 10.01.12)* дайыма өз аудиториясын таап жүргөндүгү – анын ар бир ишке терең талдоо жүргүзүп, талыкпастан, изденүүчүлүк менен кылган аракетинин майнабы десек жаңылышпайбыз.

**Уул жакшысы…**

«Баланы ата күтөт тукумум улансын деп, баланы эне күтөт учугум узарсын деп» кадырман калкыбызда айтылгандай, чындыгында, бала сенин ордуңду баса турган сенин элесин, эл сени эстеп жүрүчү, элге калтырган белегиң, балдарың жакшы чыкса, бактылуу карылыгың. Бир кездерде

Канимет ата менен Каликан апа жалгыз Жангороз уулунун амандыгын тилеп, Жараткандан күндө беш маал суранып келишсе, ошол өтүнүчтөрү мына бүгүн ишке ашып, бир кездеги жалгыз Чырпык бүгүнкү күн бакыйган Чынар токойго айланып турат. Бир сөз менен айтканда, биздин каарманыбыз, Жангороз Каниметович, өзүнүн аздектеп алган асыл жары, турмуштук акыл кошчусу, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы, дасыккан педагог Асанбекова Айнагүл эже менен бирге ушул тапта бакандай болгон беш уулдун, неберелерине бактылуу ата-эне, чоң ата-чоң энеси. Элибизде «уядан эмнени көрсөң…» дегендей Беш Жангорозовичтердин бардыгы жогорку билимдүү гана болушпастан, алар кыргыз жигиттерине гана тиешелүү болгон улууну урматтаган, айкөл, мээрман, адамгерчиликтүү инсандар. Тун уулу, философия илиминин кандидаты, доцент И.Арабаев атындагы университетинин проректору Эмил Жангорозович илим «кудугун ийне менен чукулаган» окумуштуу болсо, андан кийинки медик уулу Эрниси дагы «катуудан тиш оорубасын» деп, борбордогу бакыйган «Медстом» стоматологиялык клиникасынын генералдык директору. Эдил менен Адылы жогорку билимдүү экономист-финансист кесибин аркалап, эл кызматында эмгектенишсе, көкүрөк күчүгү Каниметов Бакыт Жангорозович бакыйган юристтик кесипти аркалап, ушул учурда “АРИС” инвестициялык агентствосунун белдүү кызматкери. Ал эми күткөн куда-сөөктөрүнүн бири кыргыз журтчулугуна улуу адамгерчилиги, айкөлдүгү жана тоо бузган токтоолугу менен жалпы журтубуздун урмат сыйына ээ болгон, мамлекетибиздеги көптөгөн жогорку даражадагы кызматтарды аркалап келген, мен дагы терең урматтап

сыйлаган инсаным – Шарипов Жусупбек Шарипович экендигин айтсам жетиштүү болор,

Эң негизгиси, биздин каарман тагдырдын бергенине кээ бирлерчилеп «ар бир куурай менсинет, карагайга теңсинет», дегендей манчыркаnып, көтөрүлүп, мансап күтүп, керсейип кеткен жок. Кандай даражага, бийиктиктерге жетпесин, мурунку калыбынан калбай, акырын сүйлөп, аяр басып, ар бир инсанга адамгерчиликтүү жасап келген мамилесинин аркасында дайыма эл урматында, эл сыйында жүргөнү жүргөн. Мезгилдин закымдыгын ушундан көр, көрсө биздин агабыз үстүбүздөгү жылда Пайгамбар жашына чыга турган кези экен. Эмне демекчибиз ак дил, аруу тилектерден куттук айтып, үй-бүлөсү, жалпы журту менен амандыкта болуп, мындан ары дагы эл кадырына ээ боло беришине тилек кылалы.

*"Кутбилим", 2013*



Сауд Аравиа, Медина шаары,
Хаджга зиярат учуру



Белгилүү педагог Асан
Сопиев менен, Алматы,
1977-жыл



К.Карасаевдин эстелигинин
ачылышы,
2004-жыл



Өкмөттүк делегация менен,
Индия, Таж-Махал, 1999-жыл



Кошуналар, Бишкек, 2013-жыл



Кыргыз эл баатыры
М.Мамытов менен, 2003-жыл




Депутат С.Жээнбеков менен,
Москва, 2004-жыл



Парламенттик делегация,
Венгрия, Будапешт, 2003-жыл



Жогорку Кенеште, 1998-жыл



Кадырлуу агаларым М.Мамакеев,
С.Иманбаев жана Ж.Рустембеков, Алматы,
2005-жыл



Жогорку Кенеште, 2000-жыл










Неберем Акбар менен

Үй-бүлөлүк сүрөттөр



Бакыт, Айдай



Алтынай



Айдай



Бегимай



Сүйүктүү кыздарым



Адыл, Жибек, Малика



Сүйүктүү энем небере-чөбүрөлөрү менен



## *АБДЫЖАПАР ЭГЕМБЕРДИЕВ*

*Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын жана Россиянын эл аралык "Добрый ангел мира" сыйлыгынын лауреатилим берүүнүн көрүнүктүү өкүлү*

# Жангороз Каниметовго

Күндөр агып кыял болуп карматпай,
Жарым кылым кырды ашырып мүнөттүк.
Токтояндын топурагын чаңдатып,
Кайгысы жок кезден бери бир өстүк.

Жүгүн тартып эки башка жумуштун,
Кимибизде канча жөндөм, канча ой.
Жеңе айткандай, жетелешип келебиз,
Жол арытып Санчо менен Панчодой.

Сизби, же бул мен экеним билинбей,
Жомок болуп жашыбыздын өткөнү.
Көз айнектин ары жагына үңүлүп,
Алмаштырып келе жатат көптөрү.

Бирок, неден билбей келем бул күнгө,
Байкалбаган күч бар өңдүү деңгидей.
Туугандык бир сезим дайым көөлгүп,
Көкүрөктө толуп турат кемибей.

Мен жүргөндө – жаныңызда эш болуп,
Сиз жүргөндө – бүткөн өңдүү канат маа.
Куйрук улаш кыйла жерди арыттык,
Түп, Каракол, Ак-Суу, Бишкек… тарапта.

Керек кезде жөлөк болуп агадай,
Керек кезде иниңиздей тура алдым.
Сиз депутат болгон кезде айланып,
Мен депутат болгон өңдүү кубандым.

Күлөр чакта күлкүгө эчен мас болдук,
Оюн десе – ойго келбес ушак бар.
Чындык окшоп чычалатып өтчү эле,
Чымчык учуп чырлыйттаган бутактар.

Айтор, өтөр өтүп, келди келчүлөр,
Оздуксуз болот тура боштогу ой.
Кө-өп, көп жерден ой боорунча окшошуп,
Аз-аз жерден калыптырбыз окшобой.

Кошуп айтсам – Кошой калып быякта,
Кошпой айтсам – көзү жок бир эрдэнсиз.
Туула электе атаңызга бел болуп,
Берлинге чейин барып келгенсиз.

Чүкө атканда чуркуратып балдарды,
Билим издеп суусунуңуз кандыра.
Айырмаңыз менден бир жаш болсо да,
Эки класс кетиптирсиз алдыга.

Күжүрмөнсүз элдин жүгүн көтөргөн,
Басынткандан башкаларды калкалай.
Аттуу болсо алып түшүп атынан,
Жөө-жаланды жөөлөп кирген танкадай.

Кычыраса түрктөн кийген тонуңуз,
Кемселимди кийип алып канча оңгон.
Ак сарайдан тигилсеңиз өйдөгө,
А мен сизди карап турам балкондон.

# ДОКЛАДДАР, МАКАЛАЛАР, ЧЫГЫП СҮЙЛӨГӨН СӨЗДӨР

## Калк каадасын сактаган карыя Рыскелди уулу Ырысаалы (1874-1961)

### Менин чоң атам тууралуу кыскача баян

Чыныгы тарых көз алдындагы документалдуу фактылардан куралат. Андай фактылар биздин чоң аталарыбыздын өмүр баяны. Ошондой адамдардын бири Ырысалы Рыскелди уулунун өмүрү кыргыз элинин өткөн кылымда башынан өткөргөн эң оор учуру болгон Орто Азияны колониялаштыруу, Үркүн согуш жылдарына туура келет. Ырысалы аксакал Талип молдо жазган илгерки нукура кыргыз коомунун өкүлү болгон. "Орус бийлиги келе элек кездеги ошол элдин адамга кылган мамилеси, руханий маданияты өтө бийик эле", – деп эскертет Талип молдо. Ырысалы Рыскелди уулу ошол доордун каадасын сактаган өз элинин жөнөкөй адамы болгон. Ыбырай Туманов, Саякбай Каралаев сындуу кыргыз журтчулугуна кеңири белгилүү таланттарда ошол доордо калыптанган руханий чөйрөдө өнүп чыгышкан. Ыбырай Туманов, Саякбай Каралаев Ырысалы атабыздын сыйлуу коногу, жан курбулары болуп, үйүндө манас айтып, комуз чертип, далай черди жазышканы менен да небереси катары эсимде.

Ырысалы аксакал өзү туулуп өскөн Көл өрөөнүнүн Түп аймагында комузчулугу, кол өнөрчүлүгү, дарыгерчилиги жана кандайдыр бир окуяны алдын ала билген касиети менен белгилүү болгон. Ырысалы Ырыскелди уулунун черткен айрым комуз күүлөрү азыркы күндө да ар кандай аткаруучулардын чертүүсүндө "Экөөлөсөң экөөлө, өзүм болом жеке эле" ж.б. күүлөрү угулуп калат. Ырысалы атабыз кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай белгилүү элдик ооз эки мурастарды, көөнөргүс, учкул таасын сөздөрүн жакшы билүүчү.

Анын айтуусунда Ырысалы атабыздын Көлөгөн деген ата-бабалары азыркы Арсланбап аймагын илгерки бир кездерде жердешкен экен. Арык чаап, суу чыгарган каналы түштүктө Арсланбапта азырда “Көлөгөндүн арыгы” деген ат менен белгилүү.

Айтылуу Бугу тукуму; Орозбактын беш мырзасы Арык мырза, Асан мырза, Мырзакул мырза, Кара мырза, Токоч мырзалар болушкан. Орозбактын беш мырзасынын кенжеси Токоч мырзанын уулу Көлөгөн Арсланбап мазарына коюлган. Дүйнөдөн Токоч мырза эрте кетип, жалгыз уулу Көлөгөн мырза тың чыгып, эл башкарып, тукуму өсүп, Арсланбаптын берекесин арттырууга бар дүйнөсүн чачып, бар күчүн жумшап, кайрак жерге суу чыгарып, өстөн чаптырган. Өстөн бүткөндө аймактын эли эки тарабынан жер сугарып, эккен дандын, сепкен үрөндүн эсеси менен мол түшүм алып турган. Ошол өстөн мурас болуп калган .

Арадагы далай заман өтсө да мазарга куран окуганы келгендер өстөндөн жүз чайып, насип тартышат. Арсланбап өрөөнүндөгү айтылуу “Көлөгөн арыгы” азыр да элге кызмат кылууда.

Бул түндүк менен түштүк кыргыздардын бир эл экенине күбө, бабалардан калган “Көлөгөн арык” чыныгы ынтымактын, биримдиктин далили, укум-тукумуна калган чоң мурас.

Токоч уулу Көлөгөн мырзанын укум-тукуму өсүп, кайрадан ата-бабаларынын журтуна, Ысык-Көлгө келип, Түп аймагынын Токтоян айылында жашап калышкан.

Ырысалы аксакалдын ошол катаал мезгилинде кол өнөрчүлүгү менен комузду өзү чаап, өтүк ултарып, түрдүү буюмдарды жасап, балык кармап өз уруусун ачарчылыктан далай жолу алып калган дешет.

Ырысалы атабыздын дарыгерлиги өтө жогору болгонун улуу муундарынын өкүлдөрү көп айтышаар эле. Ал киши сынык таңгандын, ар кандай оруу-сыркоонун жолун таап, тез айыктырчу экен. Колдору өтө жумшак, сынык таңганда азыркыдай операциясы жок эле Токтоян айылында Тагай кишинин жамбашы, буту жети жеринен сынып, шак-шак коюп айыктырган экен. Кийинки 1950-жылдарда эле Кеңеш деген жигиттин буту көп жеринен сынганына карабай дарылап, сопсоо басып кеткен дешет.

Анын уулу Канимет 40-жылдары өз курдаштары, туугандары менен согушка кеткен. Далайдын жанын алган кандуу согуштан чанда бири гана тирүү келген. Ырысалы атабыздын уулуна дагы эки жолу “кара кагаз” келет. Айылдаш туугандары чогулуп, согуштан

кайтпай калган адамдын каада-салтын кылалык деп келишсе Ырысалы ата: “Канимет өлгөн жок! “Кара кагаз” туура эмес келди!”, – деп эки жолу туугандарын таратат. Кийин чын эле анын айтканындай болуп уулу Канимет согуштан тирүү кайтат. Насип болуп Ырысалы аксакал Түп өрөөнүндө, өмүр бою бий болгон абдан кадырман Ордобайдын уулу Мусага куда болот.

Ырысалы уулу Канимет менен Муса кызы Калыйкан согуштан кийинки жылдары көпкө чейин балалуу боло алышбай, Кудайдан зарлап-тилеп жүргөндө Ырысалы атабыз: “Силер уулдуу болосуңар!” – деп айтат. Мен түш көрдүм, түшүмдө тоого атчан чыгып баратсам, куштун эркегин (корозун) кармап алыптырмын, аны канжыгама бек байлап алдым”, – дейт. Бир аз убакыттан соң анын айтканындай уулдуу болушуп, атын Жангороз коюшат. Ырысалы уулу Канимет колхоздо башкарма, башкы бухгалтер, текшерүү комиссиясында иштеп, өмүр бою элге кызмат кылып, кадыр-барктуу өмүр сүрүп өттү.

XX кылымдын башында руханий маданият тармагында өзүнчө бир феномени жараткан Ыбырай Туманов, Саякбай Каралаев, Карамолдо Орозов сыяктуу чеберлер кыргыз журтчулугуна кеңири белгилүү. Бирок мындай төбөсү көрүнгөн белгилүү инсандардын артында турган руханий чөйрө бар экендигин, аталган инсандар менен бирге чыккан көптөгөн таланттуу адамдар болгондугун көпчүлүк биле бербейт.

Ошондой адамдардын катарындагы, көл өрөөнүндөгү айтылуу таланттардын бири – Муса Ордобай уулу болгон. Ал Ыбырай Туманов, Саякбай Каралаев ж.б. кыргыз элдик маданиятынын эң жогорку деңгээлине жеткен ондогон адамдардын жогорку баасына арзып, алар менен бир жагы курдаш, экинчи жагынан сырдаш болгон.

«Табиятынан маданияттуу, таза, сыпаа, сылык сүйлөгөн, шайыр, комузду так черткен, элдик чыгармаларды машина келтире айткан, куйма кулак, сөз баккан адам эле Мусакем», – деп эскерет Ыбырай Туманов.

Муса Ордобай уулу кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай белгилүү Көкөтай акенин көөнөргүс, учкул таасын сөздөрүн жакшы билүүчү. Совет өкмөтүнүн алгачкы активисттеринин бири болгон Осмон Мойнок уулу: «Мен түштүктө да болдум, Көкөтай айткандардын көбүн эле көрүп жүрдүм, Мусадай өтө берилип, таасирдүү айткан бирөөнү да көргөн жокмун», – деп эскерет.

Муса Ордобай уулу, Саякбай, Ыбырайдай эл таланттары менен бирге Бишкекке чакыруу алган. Бирок ал бул чакыруудан баш тартып, борборго келип маданият жаатында из калтыра албай кеткен. Анын бир себеби – Мусанын жаңы Совет өкмөтүнүн Көл өрөөнүндөгү уюштуруу жана башкаруу иштерине аралашканында. Экинчиден, Мусанын атасы Ордобай өз элинде, Токтоян айылында өмүр бою бий болгон абдан кадырман адам эле. Ал атасынын, үй-бүлөсүнүн камын көрүп, жаңы бийликтин ишине тартылган.

Орусча так сүйлөгөн, 20-жылдардын башында Верный (Алматы) шаарынан билим алган Муса ошол көл өрөөнүнөн чыккан белгилүү адамдардай эле, ошол аймактагы уюштуруу иштерине баш-оту менен киришет.

Муса Ордобай уулу арабча да, латынча да, орусча да маалыматтуу болгон. Тээ, илгертеден бери кат тааныган адамдарды молдоке деп айтыш салт болуп калган. Түп жергесинде Муса молдоке, Асантай, Осмон, Кусейин, Иса молдоке делип ушул күнгө чейин айтылып жүрүшөт. Бул өз жердештеринин аты аталган адамдарга адамдык парзы менен урматтоосу деп түшүнсөк болот.

Муса Ордобай уулу Түп өрөөнүндөгү мектептерди уюштуруп, балдарга билим берүүнүн аракетин көрөт.

1923-жылы райондо ачылган алгачкы башталгыч мектепте Токтоян айылында Муса молдоке (башчысы), Абдылда Бөдөмбаев, Бейшеке Алымбаев менен бирге балдарды окутуп, сабатсыз элди сабатгуулукка биринчилерден болуп үйрөтүшкөн.

1924-жылы Сары-Тологой башталгыч мектебин уюштуруп, анын башчысы болуп иштеген, андан соң колхоздоштуруу, райондоштуруу иштеринде эмгектенген.

Муса Ордобай уулу атасы бий, байдын тукуму деп, «контр» деген жалаа менен 1937-1938-жылдары камакта болуп, акталып чыккан. Ошол эле мезгилде көптөгөн кыргыздын эң алдыңкы илим-билимге умтулган адамдары да камалып, кыйноо көргөн.

Камактан абдан көптөгөн кыйынчылыктарды, кызылдай кыйноолорду көрүү менен акталып чыккан соң Совет өкмөтү аны ар кызматтарда пайдаланган. 1938-1940-жылдары Талды-Суу районунун Токтоян колхозунун башкармасы, 1940-42-жылдары райондук салык инспектору ж.б. кызматтарда иштеген.

1942-жылдан тартып Кытайдагы генерал Ыскакбектин армиясында Мукамбет Садырбеков, Мундук Карабашев, Ниязаалы Шабданбеков жана башкалар менен кызмат өтөгөн. Ыскакбектин армиясынын бардык чарбачылык иштерин башкарган жана көп ийгиликтерге жетишкен.

1944-жылдын март айынын аягында Текес өрөөнүндө Ыскакбектин армиясы душмандарды сүрүп чыгышып, жеңишке жетип, чоң ашуунун алдына келип токтошот. Окуяга катышы бар аты аталган ж.б. адамдардын билдирүүсүндө ошол учурда ашууларда кар жаап, бороон болуп, үч-төрт күн жол ачылбай токтоп калышат. Күн ачылганда ашуунун жолун тазалашып, аскерлерди чубатып, өткөргөндөн кийин, аяк ченинде ашуу менен 3-4 киши келе жатышса, кырсыкты кайдан деп болобу, капысынан көчкү жүрүп кетип, тигилер набыт болушат. Муса Ордобай уулун Кытай жергесинин Текес өрөөнүнүн Жылдыз айылына мамлекетинин

территориясындагы Текестеги Жылдыз айылына жакын жерге аруулап жууп, ак кепиндеп аманат коюшат. Кийин жолдоштору жалаң карагайдан аштап, атайын эстелик тургузушуп, биротоло коштошушат. Кыргызстандан, анын ичинен көл өрөөнүнөн чыккан Муса Ордобай уулундай көптөгөн адамдар Чыгыш Түркстандагы 1940-жылдардагы аскердик ж.б. иштерге катышканын биз азыркы кезге чейин жакшы биле бербейбиз. Себеби геополитикалык зор мааниси бар Чыгыш Түркстанда СССР, Кытай, Англия сыяктуу дүйнөлүк ири империялардын кызыкчылыктары бири-бирине карама-каршы келип, көп нерсе ачыкка чыкпай, азыркыга чейин жашыруун абалда калып келет.

Мисалы, Муса Ордобай уулу менен кошо кызмат өтөгөн кыргыздын атактуу опера ырчысы Болот Миңжылкыевдин атасы Абдылда Миңжылкыев 1-Текес атчандар бригадасы аталган бул бөлүктүн командиринин саясий иштер боюнча орун басары болгон. Мындай маалыматтар, ошол окуяларга катышкан адамдар айтылып келбесе, расмий түрдө абдан сейрек кездешет. Ошондой адамдардын бирине кезиккен Мусанын айылдашы, журналист Т.Мукеев мындайча эскерет: «1953-жылдын күз айлары болсо керек эле. Анда мен Пржевальск райондук «Жеңиш» газетасынын жооптуу секретары болуп иштечүмүн. Иш боюнча Жол-Колот айылына барып калдым. Орто бойлуу, мурутчан, ак жүздүү адам бригадир экен.

– Кай жерден болосуң иним? – деди тиги киши.

– Түп районундагы Токтоян айылынан болом, – дедим.

– Мусаны билесиңби?

– Биздин айылда Муса аттуу эки-үчөө бар. Кайсы Мусаны сурап жатасыз?

– Ордобайдын Мусасын сурап жатам. Ал киши менен бирге Кытайда бирге кызмат кылганмын. Аялынын аты Зулайка, эки кызым бар деди эле бей иши болгур Мусакем. Дүйнөдөн кайтардан бир ай мурун бир аз тынч алып, жайланыша отура калганда каадасынча күлүп жайнап, комузун колуна алып күүлөп, толкундануу менен ырдады эле.

Көр тирлик деп жүрүп, ушул турган Токтоянга барып, жакшы көргөн жолдошумдун жарына кол берип, кыздарынын бетинен сүйүп, жолдоштук милдетимди аткара албай жүрөмүн. Муса деген жигиттин гүлү эле го.

Ата жолун жолдошуп, кыздары Калыйкан, Бурулуш 35-40 жыл мугалимдик кесипти аркалашып, жаш муундарды тарбиялоодо талыкпай эмгектенишип, азыр ардактуу эс алууда. Бала-чакалуу, уулдарынын убайын, кыздарынын жыргалын көрүшүп, небере-чөбөрөлөрүн ээрчитишип, балпайган байбиче болгон учуру.

"Аккан арыктан суу агат" дегендей Муса кызы Калыйкан Токтоянга турмушка чыгып, кудайдан тилеп жүрүп көргөн уулу Жангороз Каниметов да таятасынын жолун улады.

**Жангороз Каниметов** азыркы күнү Кыргызстандагы билим берүүнүн күңгөй-тескейин мыкты билген адис жетекчи жана таанымал коомдук ишмер катары белгилүү. Ал Кыргыз Республикасында билим берүү тармагында билимди көтөрүү, уюштуруу жаатында чоң эмгек кылган. Жангороз Каниметов дагы көптөгөн мектептерде директорлук кызматты аркалап, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, андан соң Ысык-Көл облустук билим берүү башкармалыгынын башчысы болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин министринин орун басары, ал эми 1995-2005- жылдары Жогорку Кеңештин депутаты болуп турганда, ал Билим берүү, илим жана маданият комитетинин төрагасы болгон. Жогорку Кеңештин 3-жолку чакырылыштарынын депутаты болду. Анын иштеп чыккан мыйзамдары билим берүү системасында эмгектенип жаткан жүз миңдеген мугалимдердин ишине жана турмуш-тиричилигин жакшыртууга чоң көмөк көрсөтө алды.

Жангороз Каниметов бүгүн дагы таятасы Муса Ордобай уулундай кыйын кырдаал кезде билим берүү системасынын сакталышы жана өнүгүшү үчүн зор милдетти аркалап, анын ысык-суугуна күйүп келет.

Ошентип, Муса Ордобай уулундай адамдарыбыздын өрнөктүү иштери, акыл-насааттары жаш муундарды тарбиялоодо, адеп-ахлактыкка үндөөдө, ар дайым алгылыктуу таасир тийгизип, кылымдар бою күчүн жоготпойт.

Ал эми журтчулугубузга кызматы бар, таланттуу адамдар жөнүндө билген, уккандарыбызды кагазга түшүрүп, жаштарга айта жүрүү – ар кимибиздин адамдык парзыбыз.

# “ЖУРТ АТАСЫ” – БОРОНБАЙ

***“Элиң аз болсо, алдуудан дос күт”***
***Боронбай бий***

*XIX кылымдагы кыргыз элинин келечегине, өсүп-өнүгүшүнө улуу бурулуш жасаган, прогресске умтулган, элдик, мамлекеттик көрүнүктүү ишмер Боронбай Меңмурат уулунун 235 жылдыгына карата*

*2015-жыл*

Тарыхтын нугуна жана тагдырдын буйругуна байланган, катаал турмуш менен кандуу кагылышуунун айынан жер шарына таруудай чачылган кыргызмын деген атуулдардын башын бириктирип, БУУнун деңгээлинде белгиленген мамлекеттүүлүгүбүздүн 2200 жылдыгы белгиленип заманынын залкар адамдары катары калкы үчүн каны-жанын аябаган, акылы тунук, нарк-насили бийик журт аталарыбыз жөнүндө азыноолак болсо да сөз кылууга мезгил келгенине тобо дейли.

«Журт атасы» деген наамга ээ болгон ар бир адам, мейли кыргыз жеринин түштүгүндө жашайбы же жашаганбы, түндүгүнөн чыкканбы – алар жалпы кыргыз элинин байлыгы болуп саналат. Ошондой инсандарыбыздын бири – XIX кылымда Көл кылаасында жашап өткөн бугу уруусунун башкы манабы Боронбай бий. Ал өз элинин камкор, көсөм жетекчиси гана болбостон, ички жана тышкы мамилелерде, согуштук иште алысты көрө билген кылдат саясатчы, кыраакы чечен, журт башчысы, акындык өнөрү бар, элинин эркиндигин жогору койгон инсан болгондугу тарых барактарында, эл оозунда алигиче аңыз кеп болуп калган. Анын бири «сындын ээси Санчы, ырдын ээси Арстанбек, ойдун ээси Калыгул, малдын ээси Солтонкул, акылдын ээси Тилекмат, касиеттүү жердин ээси Олжобай, ал эми элдин ээси Боронбай. Боронбайдай алдын көрө билген акылман чыкпас. Чыкса да заманы тутка кылып тутпас. Колдогону Мойт аке, Карга аке, жолдогону Сарт-аке, акылдашы казак Чокан Валиханов баатыры Балбай, Өмүр, элчиси Качыбек, Тилекмат, ырчысы айтылуу Арстанбек, жайчысы Айман, багбаны орус, дарыгери кытай, кудасы сарбагыш Ормон. Төрт тарабы төп келишкен пенде эле. Жарык дүйнөгө бир келип-кетти».

Боронбай барда жер тегиз, мал семиз, төл эгиз, эл деңиз эле. Ата журттун ар-намысына туулган, эл башын бириктире кармаган улук мансап үчүн эмес, эл таалайы үчүн, элдин келечеги үчүн бийликке келип, чын ниети менен эмгек кылган дешет улуу муундар.

Боронбай-султан тарыхый инсандардын ичинен аттын кашкасындай айырмаланып турган өрнөктүү өмүрүндө чиедей чырмалышкан жана катаал окуяларды башынан кечирген. Элдин башында калыс туруп, уюткулуу ынтымак курган. Уруу күрөштөрүнүн кесепетинен орус, кытай, казак сыяктуу коңшулар менен дипломатиялык мамиле түзгөн. Акыры Ысык-Көл кыргыздарын Россия империясынын карамагына өткөрүүгө элчилерин жөнөтүп, прогресске умтулгандыгы анын көрөгөчтүгү, акылмандыгы болгондугун тарых тастыктап турат. Ал тууралуу өз заманындагы саясатчылар да, кийинки тарыхчылар да өздөрүнүн калыс пикирлерин жазып калтырышты.

Мисалы, казак элинин окумуштуу-саякатчысы Чокон Валиханов мындай деп жазган: «26 числа (мая) был у меня певец, дикокаменный киргиз, который знает поэму «Манас». 24 числа (мая) 1856 года, я впервые встретился с подполковником Бурумбаем Бекмуратовым, главный рода бугинцев, человеком, владевшим землями Небесных гор. Ему было уже за семьдесят пять. Он считал себя потомком древних владетелей каганов Джаза. Город этот принадлежал когда-то народу джикиль, населявшему область красных песчаников, близ реки и перевала Жууку. Именно здесь находился горный проход в Фергану и Восточный Туркестан. У Боронбая в Жууку был сад, которым очень гордился потомок джикелей. Пашни, мельницы, берег Иссык-Куля владения бугинцев простирались до устья Барскауна, дальше к западу, кочевали сарбагыши. Земли, занятые бугинцами доходили до Хантенгри и верховьев Сырдарьи».

Эгерде Чокон Валиханов жазганы боюнча Боронбай-султан 1856-жылы жетимиш беш жаштын ары жагында болсо, анда ал ошол учурда 77ге келип чыкмак. Тагай бийдин 9-муундагы урпагы Боронбай Меңмурат уулу болжолу 1779-жылы туулган. Анын ата-бабалары Белек бий, Алдаш бий, Меңмурат бий XVIII кылымдын биринчи жарымында калмак чапкынынын натыйжасында Арка кыргыздары Фергана, Гиссар, Кулябга сүрүлгөндө карайлап качкан калкынын башында турушкан. Кийинчерээк кыргыз уруулары артка

– Ала-Тоого кайта баштаганда, адеп Кетмен-Төбөгө келгендер бугулар болгон. Алардын ал кездеги жолбашчысы Белек бий калмактар менен тынчтык мамиле түзүп, элдин турмушу оңолуп, калк арасында кадыр-баркы артат. Кетмен-Төбөнүн ойдуң жерлерине аштык (арпа, буудай, таруу) айдатып, элинин турмушун тезирээк оңдоого кам көргөн. Акырындап анын атак-даңкы алыска тарагандыктан азып-тозгон качкын кыргыздар аны караан тутуп, башпаанек издеп, туш тараптан агылып келе башташат.

Ал эми байыркы Ата журту Ысык-Көлгө алар XVIII кылымдын 70-жылдары кайтып келишкени белгилүү. Россиялык ири окумуштуу-саякатчы Петр Петрович Семенов Тянь-Шаньскийге бугунун чоң манабы Боронбай Меңмуратов: «Биздин Көлгө кайра кайтып келгенибизге 71 жыл болду» дегенине караганда ал окуя 1774-жылга туура келет. Бугулар Ысык-Көлгө кайра көчүп келгенде, аларга Бирназар бий Алдаш уулу (Белек бийдин небереси) жетекчилик кылган. Көп өтпөй Бирназар бий өз элинин атынан Цинь империясынын борбору Пекинге барып, императордун салтанаттуу кабыл алуусунда болгон жана андан белек алган. Кийин XIX кылымдын 20-жылдарында бийлик Бирназар бийдин бир тууган иниси Меңмураттын уулу Боронбайга өткөн.

Боронбай жаш чагынан өтө татаал, опурталдуу окуяларды өз кези менен көрүп, алардын айрымдарына өзү да катышып абдан такшалганы талашсыз. Ага замандаштары – өз доорунун чыгаан инсандары – Ормон хан, Жантай, Медет датка, Жангарач, Ажыбек датка, Алымбек датка ж.б. таасир этишкени анык. Ошондой орошон журт башчылары менен бирге оош-кыйышы көп оомалуу-төкмөлүү учурда жашап, эл-жердин бейпилдиги, коопсуздугу жана келечеги үчүн тарыхый кырдаалга жараша эч нерседен жалтанбай кам көрдү. Анын калк үчүн кара жанын карч урганы кийинки коомдук-саясий ишмердигинен даана көрүнүп турат. Демек, анын туулган жылы 1779-жылга туура келет да, 2014-жылы ал 235 жашка толду.

XIX кылымдын биринчи жарымынын акырында бугу уруусунун абалы өтө оордоп калган. Кокон хандыгы Батыш Ысык-Көлдү айланта коргон чептерди куруп, ага сарбаздарын жайгаштырып, аларга калктан оор алык-салык чогулттуруп турган. Мындан тышкары Кокон хандыгынын чыгышынан алты шаар уйгурду басып алып, анын жерине (Шинжан) Жаңы-Жер деп ат коюп, демденип, эми Азияга, анын ичинде айрыкча колду кичине эле сунса жеткидей Ысык-Көлгө, көзү кызарган манжуу, кытай,

түндүгүнөн Кененсары, Ноорузбайдын өлүмүнөн кийин кек кууган казактын кысымдарын тартып жатса, эми буга Ормондун кунун кубалаган уулу Үмөталынын кандуу чабуулдары кошулду. Түндүктөн тоодон түшкөн кар көчкүдөй күр этип басып кала турган Россия империясы (Казакстанды баштап, эми Орто Азияга көз артып, тездик менен жылып келатканы кооптондурбай койгон жок. Анткени Россия үчүн Орто Азия экономикалык да, согуштук-стратегиялык да мааниси зор эле. Биринчиден, Россиянын дүркүрөп өнүгүп бараткан өнөр жайы үчүн арзан чийки заттарды алып (пахта, жүн, тери ж.б.) иштетип, экспортко товарларын чыгаруу үчүн эң оңтойлуу, пайдалуу рынок экени жана андан ары чыгыштын көп өлкөлөрүнөн соода жана башка байланыштарды жасаш үчүн маанилүү жол түйүндөрү болгондугу кызыктырганы айдан ачык эле. Экинчиден, Чыгышты колонизациялоо максатын көздөгөн атаандашы Англияга жол бербей, андан мурда озунуп согуштук, стратегиялык борбор болуп эсептелген Орто Азияга өз бийлигин орнотуу, саясатын жүргүзүү эле.

Ошентип, кыргыз жерин амалдуу десең амалдуу, алдуу десең алдуу, азуусун арсайткан душмандар курчап турган. Боронбай ошондой опурталдуу кырдаалда элди чогултуп, кеңеш куруп, акылдарын угат да, акырында элге баш-көз болгон адамдар менен бирге чечимин чыгарат: «Биз 14-16миң түтүн элбиз, Көлдөн башка жер бизге жер болбойт жана бизди чогуубуз менен эч ким батыра албайт, башка элдер менен ыркыбыз келип, ынтымагыбыз болчудай эмес, ошондон улам чарбабыз эки-үч жылдан бери чайпалып кетти. Илгертен орус түптүү, чоң журт, калың калк, оруска карайлы, эл эс алып, оокат кылсын». Бул албетте аргасыздыктан чыккан чечим эле. Бул чечимди Боронбайдын өзү кандай түшүнгөнү К.Карасаевдин «Хусаин Нааме» деген китебинде келтирилген Боронбайдын орустар тууралуу казалында көрүнүп турат.

Ч.Валиханов 1856-жылы Ысык-Көлгө келгенде Аксу менен Жууку суусуна чейинки кыргыз айылдарын кыдырып, ар кандай пайдалуу маалыматтарды жыйнап, чалгын жүргүзүп, көбүнчө жергиликтүү элдин уламыш, баяндарын жана тилин изилдеген. Ага кыргыздын тарыхына байланыштуу кызыктуу маалыматтардын кыйласын Боронбай бий өзү айтып берген. 1856-жылы 26-майда Чохон Валиханов эскергендей Каркыра жайлоосунда Боронбай бийдин боз үйүндө “Манас” айтылып, Ч. Валиханов биринчи манас

эпосун жазып алган. Ал кийинчерээк орус тилине которуп, дүйнөгө таанытууга биринчи себепчи болгон.

Боронбай Чокан Валиханов менен маек курган учурда бугу уруу бирикмесинде элдин пикири чоң мааниге ээ болуп, ар дайым эске алынарын баса белгилеген. Ырасында эле бугулардын орустар менен мурдатан алакасы бар эле.

XIX кылымдын башында бугу кыргыздары орустун Кашкарга бара жаткан кербенине жардам көрсөтүп, жакшы узатканы жана Коконго ийикпей, Россияга ылым санашкандары да бекеринен эмес. Ысык-Көл менен Таластын аралыгында туруучу бугулардан Шералы бийдин Корчубек деген баласы, Шапак уулунан Качыбек Тобол шаарында туруучу Сибирь генерал-губернатору Глазенапка 1814-жылы барып, капитандык чин, алтын медаль, кылыч алышкан. 1824-жылы Семейдеги көпөс С.Поповдун жанжөкөрү казандык ногой П.Сайдулла уулу, семейлик орус Пленков жана казак султаны Галий Адил уулу бугулардын белек, арык жана желдең урууларынын үч бийи менен сүйлөшүп, эки элдин геосаясий маселелерин алдыртан макулдашып, ак падышанын алдына баруунун шарттарын, жол-жоболорун жана мөөнөттөрүн белгилешип, кыргыздын алгачкы өкүлдөрүн Семейге алып келип, 1825-жылдын 25-майында Омбуда күтүп турушкан. Андан соң аларды Кара-Талаага чейин Шубин узатып келгени айтылып жүрөт. Жолугушуу бүткөндөн кийин Ысык-Көлгө чейин 60 казак орус менен хорунжий Нюхалов коштоп барганы да маалым.

Мурдатан түзүлө баштаган алаканын негизинде 1855-жылы кышында Боронбай Көлдөгү кыштоодо олтуруп: «Алматыга барып, орустун карамагына өтүү жагын сүйлөшүп келгиле», - деп төрт-беш өкүлүн жиберген. Макулдашууларды жүргүзүү үчүн орустар ал кишилерге кошуп кайрадан жаздын алды менен полковник Хоментовский төрөнү баш кылып кырк казак орусту жиберген. Боронбай Меңмуратов, Качыбек Шералин, Мураталы Бирназаров ж.б. 1855-жылы 18-июлда Улуу Жүз казактары менен бугулардын башкаруучусу, Ала-Тоо округунун приставына жөнөткөн катта мындай деп жазылган: «Көл менен Жууку суусунун боюнда биздин да эки коргонубуз бар, эки кашаабыз, б.а. бакчаларыбыз, чарбактарыбыз бар, андагы өрүктөр, алмалар жана жүзүмдөр бутак жайып өсүп чыкты. Коон, дарбыздар жана башка жемиштер да жакшы өсүп, бышып калды». Бара-бара алака, өз ара байланыштар

өөрчүп, мамилелер чыңдалганы Көлдөгү кыргыздардын кызыкчылыгына төп келгени байкалат.

Жууку капчыгайы аркылуу Кашкарга жана Коконго эл аралык мааниси бар кербен жолдору өтчү. Капчыгайдан агып чыккан өзөндүн оң жээгине бугу уруу бирикмесинин башкы башкаруучу манабы Боронбай Меңмурат уулу 1843-жылы Кызыл-Үңкүр деп аталган чеп-коргонду курган. Анын максаты капчыгайдагы кербен жолу аркылуу Кашкарга каттаган соодагерлердин коопсуздугун коргоо жана коңшулардын кокусунан кол салуусунан коргонуу эле. Коргондун ичине 10 боз үй батып, мындагы кампага жылыга оруп жыйналган эгинден (арпа, буудай, таруу) түзүм сакталчу. Ошол кара жол аркылуу Кашкарга жана башка калааларга барып келген кербендер Боронбайга ар түрдүү кымбат баалуу белектерди тартуулап, андан коштоп жүрө турган жана барымтачылардын, каракчылардын кол салууларынан коргой турган куралдуу жигиттерди сурап алышчу. Анан калса Жети-Суу чөлкөмүнөн башталып, Кашкарга багыт алган бардык кербен жолдору Сан-Таш ашуусу аркылуу өтүп, андан соң Боронбай курдурган Кызыл-Үңкүр коргонуна такалып кесилишчү. Боронбай бий ал жолдор аркылуу соодагерлердин өз товарларын арабага жүктөтүп, Кызыл-Үңкүр коргонуна чейин ашуу-белдердин баардыгын бейкапар басып өтүшүн камсыз кыла алган. Андан ары алардын жүгүн төөлөргө жүктөп жигиттерди кошуп берип, узатып коюшчу.

Боронбайдын демилгеси менен Ысык-Көлгө куйган ар кайсыл өзөн, суулардын секиден шаркырап аккан жерине кыргыздар 25 суу тегирмендерин курушкан. Анын бул сыяктуу ишмердиги элинин жашоо-тиричилигин жакшыртуу, турмушун оңдоо үчүн кам көргөн жолбашчынын камбылдыгынан кабар берет.

Башкаларга баш ийбей, бугу уруу бирикмесинде өзү жеке бийлик жүргүзгөн үчүн кээ бир аракеттерди жасаганына карабастан, ал түпкүлүгүндө жалпы кыргыз элинин биримдигин, ич ара ынтымагын чыңдоого умтулгандарды жактап, бирдиктүү мамлекет түзүү идеясын колдогон.

Буга анын Ормон хандын мамлекеттик саясатына карата мамилеси күбө. Тарыхый маалыматтар далилдеп тургандай ал 1842-жылы Ормон Ниязбек уулун хан көтөрүү салтанат-аземине өз ыктыяры менен катышкан. Ал кезде аркалык кыргыздардын ханын көтөрүү үчүн жол башчылар топтолгон жыйынга келүүгө жана макул болууга аны эч ким мажбурлаган эмес. Анткени, кыргыздын

мыктыларын өзүн хан көтөрүүгө аргасыз кылууга Ормондун али артыкча аскер күчтөрү, мүмкүнчүлүктөрү да жок эле. Алардын бардыгы Кокон хандыгынын үстөмдүгүнөн кутулууну жана эгемендикти жарыялоону эңсеп, өз алдынча кыргыз хандыгын түзүү үчүн өз эрки менен чогулушканы анык. Атүгүл, буга чейин эле Боронбай бий Ормон менен тууганддык байланыштарды бекемдөө максатында кудалашуу демилгесин көтөргөнү белгилүү. Биринен бири эч жеринен кем эмес эки көсөм жолбашчынын кудалашканы тууралуу айтылуу Тилекмат акенин урпагы эл ичинде сакталып калган аңыз кептерге таянып, мындай деп жазат: «Бугу уруусунун ханы Боронбай Бугу эли менен бир тууган Сарыбагыш элинин бир тууганддыгын бекемдеш үчүн, Ормондун кызы Гүланданы (тууpасы Кулан) баласы Өмүрзакка куда түшөт. Ормон хан кызын бергиси келбей, аталаш карыясы Калыгулга кеңешет. Калыгул сүйүнүп, Боронбайды кубаттап, Ормонду кудалашканга көндүрөт. Боронбай келин алып, кулдук уруп, астына келип, тууганддашкандан кийин Ормондун көңүлү көтөрүлөт. Боронбай башкарган бугу уруусу кыргыздын саяк, солто, черик ж.б. чоң, кичине уруулары менен кыз алып, кыз берип сөөк жаңыртып турушкан.

Боронбай бий солто, кушчу, саруу бирикмелеринин чоң бийлери Жангарач бий, Бүргө баатыр, Ажыбек датка ж.б. менен да өз ара байланыштарды үзбөй жакшы мамиледе болгон.

Айта кете турган нерсе, Совет доорунда жазылган илимий эмгектерде Орусия менен жакындашууга кыргыздардын орустарга караганда көбүрөөк кызыккандыгы тууралуу ой пикир басымдуулук кылган. Ал эми Орусия империясынын аймактагы, айрыкча Ысык-Көл өрөөнүндөгү түпкү максаттары, стратегиялык кызыкчылыктары анчейин толук ачылбай келген. Бул өңүттө өз мезгилинде ири тарыхчы А.Хасанов эч айбыкпай, калыстыктан тайбай, абдан адилеттүү ой-пикирлерин, тыянактарын жазып кеткени белгилүү. Чындыгында Кыргызстанда, адегенде анын эл аралык соода үчүн абдан мааниси зор өрөөнү – Ысык-Көлдө үстөмдүгүн орнотууга орус мамлекети кыргыздардан эч кем эмес кызыккан. Ошондуктан адегенде Батыш Сибирдеги орус бийлиги Ысык-Көлдүн чыгыш тарабы аркылуу өтүүчү кербен жолун ээлеген бугулар менен мамиле түзүү боюнча демилге көтөргөн десек чындыкка дал келет.

Бул жагдайда саясатчылар мындай деп жазган: “Кыргыз башкаруучуларынын Орусияга кайрылуусу өз уруулары менен уруктарын кырылуудан сактап калуу үчүн аргасыздан жасалган

кадам болгон. Алардын кайрылууга аргасыз болгондугу күмөн туудурбайт. Ошол эле убакта мен кыргыз башкаруучуларынын Орусияга кайрылуулары алардын жергиликтүү жеке кызыкчылыктарынан улам гана келип чыккан деген пикирлерге макул эмесмин. Кептин төркүнү бүтүндөй кыргыз элинин тагдыры жөнүндө болгон. Биздин ата-бабаларыбыз терең ойлонуп, алысты көрө билишкен".

XIX кылымдын башында Ирбиттен чыгып Кулжа шаары менен Кашкарга чейин кетчү кербен жолу Жети-Суу, Иле өрөөнүнө жана Ысык-Көлдүн тескейиндеги ашуулар аркылуу өткөн. Жол жүрүп бара жаткан орусиялык көпөстөрдүн соода кербендерине кээде ээн жерлерден каракчылар кол салып, бар байлыгын талап алышчу. Ушундай кол салууларга байланыштуу Россиянын Кашкар менен соода байланыштары убактылуу үзүлүп калган.

Ошондуктан Сибирь тилкесинин начальниги генерал Г.И.Глазенап XIX кылымдын экинчи он жылдыгында орус көпөстөрүнүн Ысык-Көл өрөөнүнүн күн чыгышындагы бугу айылдары аркылуу удаа-удаа үч ирет соода кербенин жөнөтүүгө көндүрөт. Алсак, адеп 1811-жылы ташкендик Миркубан Ниязов менен казандык татар Абдулгазы Умаровдун, ал эми 1812-жылы Семипалатинскиде соода кылган А.Юсупов, С.Курбанбакиев ж.б. көпөстөрдүн, 1813-жылы кайрадан М.Ниязовдун дагы бир кербени Ысык-Көл тарапка бет алганы белгилүү. Орус бийликтери ошол кербендер аркылуу бугу уруу бирикмесинин бийлерине эки тараптуу алака-байланыштарды түзүү, орусиялык соодагерлердин коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө өтүнүч катты жиберет.

1813-жылы октябрдын аягы-ноябрдын башында Ысык-Көлгө жете келген жүз башы Старковдун 70 казак-орус аскери коштоп жүргөн М.Ниязовдун кербенине Шералы бий менен Ниязбек бий жылуу мамиле кылып, сый-урмат көрсөтүшөт жана алардан туяк пул (бажы алымы) албай, Кашкарга чейин узатууга убада беришет. Кербендин курамында губерниялык катчы А.Л.Бубенов да бар эле. Ага жол боюндагы жергиликтүү калкты Орусияга көмөк көрсөтүүгө имерүү боюнча атайын тапшырма берилген жана Г.И.Глазенаптын аталган катын тапшыруу милдети жүктөлгөн.

Бугулар А.Л.Бубенов алып келген катка жооп иретинде Г.И.Глазенаптын атына кат жазып, анда «алар көпөстөргө кысым көрсөтмөк түгүл, ар дайым колдоо көрсөтүшөрүн, жакшылык

каалашарын жана каалаган жерине чейин жеткиче коштоп барышарын» билдиришкен.

Боронбай бий өзү айткандай, анын оруска кошулуу жөнүндөгү чечими өз учуру үчүн прогрессивдүү, туура болгон. Муну менен ал биринчиден – коңшу элдердин (Манжуу кытай империясынын, сарбагыш уруусунун, казактардын) кысымынан кутулду. Экинчиси – орустарга таянып Көл айланасындагы чеп коргондорун талкалап, сарбаздарын биротоло кубалап, Кокон хандыгынын эзүүсүнөн бошонду.

Бугу уруусу жана анын жол башчысы Боронбай бий менен жакшы мамиле түзүп, өз таасирине тартууга кезинде чыгыш түркстандык кожолор, кокондук бектер да аракет жасашкан. Боронбай бий зарыл болгондо өзүнүн өтө ишенимдүү кеңешчи-элчиси, калкына кадыр-баркы бар кадимки Тилекмат акени Кашкар менен Кулжага, кокондук бектерге, казак султандарына жөнөтүп, элчилик сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү аркылуу мамилени жөнгө салып турчу. Мындай талылуу маселелерди чечерде ал ар дайым айланасына бугу уруу бирикмесине кирген уруулардын атак-даңктуу адамдарын жыйнап, кеңешме өткөзүп, алардын кеп-кеңешин укчу, айткан сунуш, пикирлерин сөзсүз эске алчу. Алсак, бугудан Муратаалы, Чоңкарач, Балбай баатыр, Качыбек, Тилекмат, Өмүр баатыр, Токсаба, Бала Карач, саяктан Садыр аке, дөөлөстөн Сарт аке, ошондой курама уруу ичиндеги кеңештердин туруктуу катышуучулары болгон.

Боронбай бийдин алысты көрө билген көрөгөч көсөмдүгү, элдин түбөлүктүү келечеги үчүн кам көргөн акылман жана дасыккан жолбашчы катары касиети анын Орусия менен карым-катнашты күчөтүүгө көбүрөөк басым жасаганынан даана байкалат. Ал ошол доордогу эл аралык абалга, күчтөрдүн тең салмактуулугуна жаңылбай туура баа бере алган жана Цин империясына, Кокон хандыгына караганда орус мамлекети күч-кубаттуу өлкө экенине акырындап көзү жеткен.

Боронбай бий Батыш Сибирдеги орус бийлигине караштуу Аягуз округдук буйрукчусуна катын 1844-жылы жиберген.

Мындан тышкары ал 2 же 3 ардактуу бийлерден турган өз элчилерин Петербургга, орус императорунун ак сарайына жөнөтүүнү өтүнгөн. Бул элчилик тууралуу Н.А.Аристовдун мындай деп жазганы бар: «1844-жылы августта бугу уруусунун манабы омскилик начальниктерден өз элинин өкүлдөрүн Петербургга,

ордого орус букаралыгына кабыл алуу өтүнүчү менен жөнөтүүгө уруксат сурады. Аны мындай аракетке ич ара чыр-чатактар жана орус татарлары тархан Файзулла Ногаев менен Мухаммед Галим Тагировдун берген кеңеши түрткөн. Батыш Сибирдин генерал-губернатору 1845-жылдын июлунда кат жана тартуу белектер менен жооп берген.

Боронбай бир нече ирет Батыш Сибирь генерал-губернаторунан белектерди алган. Ага орус өкмөтүнүн атынан үч ардак чапан, кылыч ыйгарылган жана алтын жалатылган мөөрү болгон. Болжолу, орус чегарасы өтө алыс болгондуктан букаралыкка кабыл алууга макулдук берилген эмес».

Бул маселеге кийинчерээк император Николай I да дал ушундай мамиле кылганы маалым.

Падыша өкмөтүн өзгөчө Орусиянын тышкы иштер министрлигин чочулаткан нерсе орус-кытай мамилелеринин курчуп кетүү коркунучу болгон. Айрым жогорку кызматтагы чиновниктердин оюна караганда бугуларды орус бийлигине баш ийдирүү сөзсүз кытай өкмөтү тарабынан кооптонууну туудурмак, ал алардын батыштагы ээликтерине чектеш жерлердеги орус аскерлеринин аракеттерине жана жылышына өзгөчө көңүл бөлүп, көз салып турган. Ошондуктан орус бийлиги Кытайга жанаша жайгашкан кыргыз жерин тез арада каратуудан айбыкканы анык. Андан калса бугуларга канатташ Улуу Жүз казактары али Орусияга толук карай элек эле.

1848-1851-жылдарда кайрадан Батыш Сибирь генерал-губернаторуна бир нече жолу кат жазып, эки тараптуу карым-катнашты терендетүү өтүнүчү менен кайрылат.

Акыры анын мындай аракеттери бугу уруу бирикмесинин Орусиянын курамына киргизилиши менен аяктады. Падыша өкмөтүнүн сунушу боюнча Боронбай бий жөнөткөн элчилер 1854-жылы 26-сентябрда Омскиге келгени белгилүү. Алар алып келген катта 12 манаптын мөөрү басылган болчу. Элчилердин башчысы Качыбек Шералин 1855-жылы 17-январда Омскидеги орус бийлигинин талабы жана мусулмандардын салты боюнча бугу уруусу Орусиянын букаралыгына өтө тургандыгы тууралуу кепил катары Ыйык Куранды кармап ант берет. Батыш Сибирь генерал-губернатору Боронбай бийдин калк ичиндеги кадыр-баркын эске алып, аймакта Орусиянын таасирин таратуудагы эмгегин жогору баалап, аны Ысык-Көлдүн башкы манабы (главный манап, же

биринчи губернатор) деп тааныган. Ошондой эле ага подполковник аскердик  чин-наамы жана алтын медаль ыйгарылат. Ага кийинки жылы дагы алтын медаль жана чылк күмүштөн жасалган баалуу белектер тартууланган. Анткени ал Орусияга ык алуунун башкы демилгечиси жана 50-жылдары элчилик байланыштардын уюштуруучусу болгон.

Ал эми анын өз элинин камкор башчысы экенин аңдоо үчүн Журт атасынын ондон ашуун керээзиндеги элге айткан кеңешине көз чаптырып көрөлү:

«Журтум Ысык-Көлгө ыктаңар,
Кең Текес көздөй чыкпаңар.
Жерге салгын эгинди.
Тегиз уккун кебимди.
Табайын журтум эбиңди,
Айтайын керез кебимди.
Түлкүлөрүн ыштаңар,
Түп, Жыргалаң кыштаңар.
Четтен келген коңшуну,
Өз туугандай куштаңар.
Эки семиз байлаңар,
Эл жайлоого чыкканда
Серүүндүн жонун жайлаңар,
Аштыкка жайлуу жер эле.
Чычканга эгин салыңар,
Ага-ини сыйлашып.
Ынтымак болсун баарыңар.
Эгин айдап, бак тигип,
Көнүңөр журтум дыйканга.
Өрөөнүмө бак сайдым,
Өзүмдөн кийин калганга.
Өрнөк болсун деп сайдым,
Эл ичинде бир катар,
Эрмек болсун деп сайдым» («Боронбайдын керээзи». «Кыргыз эл ырчылары» Түзгөн Кебекова Б. Бишкек, 1994, 147-б.).

«Өмүрзак, Балбай, Тилекмат
Баштагыдай болбочу.
Башка жерге конбочу
Кайта кончу конушка

Шапак уулу Качыбек
Дагы кирчү оруска», – дейт (Б.Солтоноев «Кыргыз тарыхы» 2-китеп, Бишкек, 1993. 40-45-б.).

«Сарбагыштын зарпынан,
Күйдүргүн күндө дартынан
Баштап келдим орусту
Баш карматтым болушту.
Келе турган заманга,
Кеңитип кеттим конушту».

Мал чарбачылык менен кесип кылган көчмөн элди дыйканчылыкка үндөп, молдолорго балдарды окутуп, алардын келечегин ойлоп, келечектүү жолго чакыргандыгы анын көрөгөчтүгү. Бул анын алысты көрө билген камкор жетекчи экенин дагы бир жолу тастыктап турат. Ырасында эле аларга үлгү, таалим болсун үчүн өзү Кытайдагы Турпан шаарынан 12 төөгө турпан тал, жемиш бактарын жүктөтүп келип тигип, Россиядан эгиндин үрөнүн алып, өстүргөндүгү, асыл тукум малды алдырганы, тегирмен алып иштеткендиги ушул күнгө чейин эл оозунда айтылып жүрөт.

Боронбай өзү: «Мен Боронбай болгону кишиге сөзүмү алдырбагам, кишиден сынган эмес элем», – дейт. Муну ага черик уруусунан элчи катары келген Атамбек чечен: «Боронбай өзү да кыргыздын макал, нарк, нускасын, санжырасын, кеп-сөздөрүн мыкты билет экен. Мен айткан кептин көбүн ушул кишиден укканмын», – деп эскерет (Үсөйүн ажы. «Кыргыздар», 2-китеп. Түзгөн К.Жусупов. Бишкек, 1993, 92-б.).

Акындык дарамети кыйла бийик экенин өлөрүндө керээзин үч күн ыр, макал, сөз менен айтканы, башка да эл оозунда сакталып калган бирин-экин ырлары кабарлайт. Алар кадимки төкмө акындардын ырларындай эмес. Терең ой-толгоо менен коштолуп айтылат:

Аргымак жалын беш бөлүп,
Өргөнүң калат жигиттер.
Ар уруудан кошчу алып,
Ал дөбөгө бир чыгып,
Бул дөбөгө куш салып.
Адырлуу жерден из чалып,
Жүргөнүң калат жигиттер,
Эрмектешип ырдашып,

Эзилишип сырдашып,
Күлгөнүң калат жигиттер.
Бүрмөчүгүн бүрмөлөп,
Термечигин термелеп,
Кемпирлер өткөн дүйнө ошол,
Керимселдей керилген,
Келиндер өткөн дүйнө ошол.
Кызгалдактай кылаңдап.
Кырмызыдай кылактап.
Күлүмсүрөп кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Кыздар өткөн дүйнө ошол.
Табышмак айтып кордошуп,
Таштан-ташка ойношуп,
Балдар өткөн дүйнө ошол.
Кайкайган бели бекчейип,
Кара көзү чекчейип,
«Кайран жашым өттү» деп,
Ак теңге пулу каптаган,
Адырга малы батпаган,
Байлар өткөн дүйнө ошол.
Буулуккан ажал тез келди,
Боронбайга кез келди.
Муратаалы, Тилекмат,
Калың бугу элинди,
Башкараар болсоң кез келди.
Аргымактан жал кетсе,
Алмагы кыйын жал кайтып,
Азаматтан мал кетсе,
Келмеги кыйын ал кайтып.
Азирейил тооруса,
Калмагы кыйын жан кайтып (Жогорудагы китеп, 94-б.).

Боронбайдын эскерүүсү: Бир чоң жыйында көп эл келатканда сураган экен эл арасында Калыгул бар бекен десе, жок экенин билдирет, анда Боронбай ой толгоо кылган экен:

Калың, калың эл келет,
Калыгулу жок келет,
Аягы эмне менен бүтөөр экен деп кооптонгон дешет.

Арстанбек Буйлаш уулу Боронбай бийдин 18 жашынан өмүрү өткөнчө чогуу жүргөн ырчысы болгон. Ал дайыма адилеттүүлүктү, калыстыкты айтуу менен теңи жок ырчы аталган.

Кээ бир ырлары заманчы философ акындардын чыгармаларына өтө жакын. Мисалы, төмөндөгү ыры өзүнүн замандашы, сырдашы, өтө жакын адамы олуя Калыгул Бай уулунун айткандарына окшош:

Эми журтум, ук сөзүмдү,
Ач көзүңдү,
Заманың тар болор,
Залимден сөз шар болор.
Бейли жумшак,
Бечералар кар болор,
Алдамчылар көп болор,
Айткан сөзү жат болор.
Калыстык жок болор,
Касиеттүү сөздөр токтолор.
Уруулар шок болор,
Убада жок болор.
Кийгениң топу болор,
Жалган сөз менен боёлуп,
Жандын баары сопу болор
Илгеркиден кийинки чечен болор,
Боюң кыска бекене бечел болор.
Оюлганда заман ай,
Сарттар келип эшен болор.
Журт бузулган кезинде,
Мындай шумдук нечен болор
Кийгени күрмө болор,
Издегени дүйнө болор.
Башка түрдүү жүрүш болор.
Урганы күмүш болор.
Күмүштү кор кармаса,
Түбүндө күйүт болор.
Алтын менен күмүштү тепсеп өтөр,
Анык жери ал иштен мээри кетер.
Аяр кылган көрөт ал заманды,
Аргымак аттай зыпылдап заман жетер.

(«Жогоруда көрсөтүлгөн китеп. «Кыргыз эл ырчыларынан», 149-б.).

Ырас, оригиналдуулукка ээ, таланттуу акындын көркөм чыгармалары биздин күндөргө өтө аз санда жетти. Мунун объективдүү себеби болуш керек. Манаптар эл астында ырдоону өтө намыс көрүшкөн. Ошондуктан, өз учурунда анын чыгармалары эл арасында анча тарабай, белгисиз бойдон калган да, натыйжада биздин күндөргө да аз санда жеткен. Ошондой болсо да, өз учурундагы таланттуу акын катары адабияттын тарыхынан өз ордун ээлеп, чыгармалары эл ичинен жыйналып, илимий жактан изилденүүсү зарыл.

Албетте, бардык адамдардай эле Боронбай да өз доорунун өкүлү болуп, анын моралдык, этикалык ж.б. заңы менен жашаган. Жарды-жалчы, букара жумшаган.

XIX кылымда прогресс үчүн көрүшкөн улуу инсан катары анын ысмы тарыхыбыздын кадырлуу төрүнөн өз ордун ээлеп, мамлекеттүүлүгүбүздүн түптөлүшүндө тарыхый кенемтени толтурууга өзүнүн зор салымын кошуп, кийинки муундарыбыздын сыймыгына айланары бышык. Ал үчүн өбөлгө түзүү зарылдыгы жана жалпыбыздын аракетибиз талап кылынат.

Боронбай бий XIX кылымда кыргыз элинин келечегин, өнүгүүсүн көрө билип Россия империясына кошулууну кабыл алса, XXI кылымда кыргыз эли эгемендүүлүктү алып өзүнчө мамлекет болуп, эми кайрадан экономиканы, элдин турмушун жакшыртуу үчүн Бажы бирИмдигине кирүүнүн алдында турат.

Боронбай бий – XIX кылымда кыргыз эли үчүн улуу өзгөрүүнү, өнүгүү жолун бурган, бүгүнкү элибиздин эгемендүүлүгүнүн, биримдигинин башатын түзгөн. Ал мезгилдеги туура жол тандоо Россияга кошулуу эле. Элге өнүгүүнүн жаңы жолун ачкан, элди башкарып гана тим болбостон, өнөр-билим менен таанылган. Көчмөн элди өнөргө, билимге, дыйканчылыкка үндөгөн. XIX кылымда Ысык-Көл жергесинде акылмандар кеңешин топтоп, дайыма алар менен ой бөлүшүп, акылдуулар менен кеңешип турган, Акелер институтун түзгөн. Анын далили бүгүнкү Ысык-Көлдөгү жети аке ошол Боронбай доорунда пайда болгон. Ошондуктан Боронбай бий Акелердин Акеси деп атоого татыктуу.

Боронбай бийдин 225 жылдык чоң маарекесине карата мамлекеттик деңгээлде 2004-жылы Бишкек шаарында Кыргыз өкмөтү,

Жогорку кеңеш жана Кыргыз илимдер академиясы менен биргеликте илимий-практикалык конференция өткөрүлгөн. Ага 100дөнашык докладдар түшүп, кыргыз, казак, Россиянын чоң окумуштуулары, мамлекеттик жетекчилер катышып, чоң талкуу болгон. Ошондой эле Ысык-Көл областынын борбору Каракол шаарында, Түп айылында, Ысык-Көл университетинде чоң жыйындар өткөрүлүп, Түп айылында эстелиги ачылган. Каракол шаарында, Түп, Ак-Суу айылдарында чоң көчөлөргө аты коюлду. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө салым кошкон улуу инсандардын катарынан орун алды. Ошондой эле Кытай республикасында, Текес районунун Көк-Терек айылында жашаган урпактары да жыйын өткөрүп белгилешти.

Газета-журналдарга көптөгөн илимий макалалар жарык көрдү. "Боронбай" аттуу бир нече китептер басылып чыкты. Он жыл мурун кылымдар айтылбай тарыхтын бүктөлүшүндө калган улуу инсан бүгүн кыргыз эли таанып, билип атагы алыска кеткен Боронбай бий даңкталууда. Жакынкы мезгилдерде казак эли менен кыргыз эли биригип Ысык-Көлдүн кире беришине Боронбай бий менен казак элинин даңктуу, уулу Чокан Валихановдун эстелигинин долбоору түзүлүп, эки элдин бир туугандыгы, жакындыгы дагы белгилене турган күн аз калды.

Урматтуу окурман, алдыда Боронбай бийдин 240 жылдык мааракеси келатат, ошого арналган ой-пикирлериңизди, эл арасында, тарых беттеринде жүргөн жазылмаларды берип ой бөлүшүүгө чакырабыз.

# XX КЫЛЫМДАГЫ УЛУТ КЕМЕНГЕРИ ЖУСУП АБДРАХМАНОВ ТАРЫХ ТАРАЗАСЫНДА

*Улуу инсан Ж.Абдрахмановдун 110 жылдыгына карата*

*2010-жыл*

Жусуп Абдрахманов – бул кыргыз эли үчүн ардактап-аздектей турган, сыймыктана турган, өз эли-журту үчүн абдан кырдаалдуу учурда ат көтөргүс эмгек кылып кеткен улуу инсан. Тарых үчүн ал – дүйнөдөгү эң күчтүү эки державанын бири болгон Совет мамлекетин курууга жана түбүн түптөөгө өз салымын кошкон адамдардын бири.

Азыркы учурда, өз алдынча эл аралык байланыштардын субъектиси болуп, ал биринчи өкмөт башчысы катары түбү түптөлүп жаткан мамлекетибиз үчүн Жусуп Абдрахмановдун жүз он жылдык юбилейин белгилөө – символикалуу көрүнүш. Бул юбилейди кыргыз элинин бир кылым ичинде басып өткөн тарыхынын соңу катары бааласак болот.

Азыр айтканга оңой болгон, Совет бийлигинин кубаттуу колдоосунда батыш цивилизациясынын орус улуту өздөштүргөн жемиш-үзүрлөрүн үйрөнүү, жалпы коомдук жана руханий жактан сапаттык жаңылануу процесстеринин башатында, кыргыз элинин тагдырына түздөн-түз тиешеси бар өзгөрүүлөрдү уюштуруп багыттоодо Жусуп Абдрахмановдун баа жеткис эмгеги бар. Анын азыркы мамлекеттин түбүн түптөп, кыргыз элин жаңы деңгээлге көтөрө турган нук салып кеткен иш-аракети, катаал тагдыры жөнүндө көп нерселер айтылды, жазылып жатат.

Кыргызстанда XX кылымдын башынан баштап курула баштаган өнөр жай ишканалары, транспорт, гидро-энергетикалык курулуштар, уюштуруу, мамлекеттик-территориялык иштердин бардыгы ушул Ж.Абдрахмановдун ысымы жана аракети менен тыгыз байланыштуу экени азыркы замандын көз карашы менен Караганда да даана көрүнүп турат.

**Тарых менен тагдырдын белеги**

1916-жылдагы алааматка туш келип бардык туугандарынан ажыраган, граждандык согуш менен революциянын жалынынан ат чабым алдыга суурулуп чыккан, "дүйнөдөгү эң байкуш элим" деген сүйүүсү өзүмдүк жыргалчылыктан жогору болгон бул адам жана анын өмүрү – биз үчүн азыр да, келечектеги муундардын алдында да үлгү кылып көрсөтө турган, сыймыктанып бетке кармай турган тарых менен тагдырдын белеги.

Албетте, дүйнөлүк геосаясаттан орун алып, эл аралык байланыштардын системасына өзүнчө субъект катары кирген Кыргызстан да тарыхый кокустук же Ж.Абдрахманов сыяктуу өз заманына ылайык даярдыгы бар, эли-жери үчүн күйгөн мыкты адамдардын аракетинин натыйжасы гана эмес. Кыргызстандын өз алдынча мамлекет катары пайда болушу – бул кыргыз элинин миңдеген жылдардан берки өмүрүнүн, кылган иш-аракеттеринин, жалындап жанып жашаган жашоосунун жыйынтыгы. Кыргыз элинин тарыхында дүйнөгө батпай-сыйбай, адамдык дух менен рухту чексиз бийиктикке көтөргөн учурлар менен бирге учубуз узарып, өтүбүз күйөр бекен деп тилеген мезгилдери да болгон. Бирок ушундай ар бир учурда, тарыхтын ар бир көз ирмеминде келечектеги муундар, өткөн доордогу ата-бабалар үчүн жоопкерчилик – ошол кырдаалдуу мезгилге туш келген муундун өкүлдөрүнүн моюнуна жүктөлөрү Ж.Абдрахманов сыяктуу өз өмүрүндө жаңы нерсенин башын баштап, чоң нерсенин түбүн түптөп кеткен адамдардын өмүрүнөн көрүнүп турат.

Жусуп Абдрахмановго байланыштуу жазылган көптөгөн материалдардын арасында анын интеллекти абдан бийик, өз заманынын аябагандай маданияттуу адамдарынын бири катары караган пикирлер кездешет. Совет бийлигинин өнүгүү багыттарын ошол кезде эле акылы жетип түшүнгөн ар тарабы келишкен инсан катары сүрөттөлөт.

Бул адаттагыдай көзү өткөн адамды сүрмө топко кошулуп көбүрүп-жапырып мактап койчу көрүнүш эмеспи.

Чынында эле, кырылып-сүрүлгөн, куугунда, ачкалыкта бозоруп-тозоргон элдин арасынан өз элинин кызыкчылыгын таптакыр белгисиз жаңы замандын шарттарында коргой биле турган намыстуу, илим-билимдүү көрөгөч адамдын чыгышы мүмкүнбү деген суроолор туулат.

Анын жазып калтырган күндөлүгү, эмгектери катары, саясий иштери азыр да көпчүлүктүн көңүлүн буруп, Ж.Абдрахмановдун чынында эле өз заманынан далай алдыда турган инсан болгонунан кабар берет. Европанын же Россиянын чоң шаарларынан атайын илимий деңгээли, билими, дээринде бар жөндөмдүүлүгү ошол жактан билим алып келгендерден кем түшпөй ашса, ашып түшүп, көп нерсенин алдын алып көрүүгө, дүйнөлүк маданият менен саясаттын борбору болууга аракети бар Россиянын борбордук шаарларындагы адабий-интеллектуалдык чөйрөлөрдөгү мен деген көптөгөн адамдар менен байланышта болууга мүмкүнчүлүк берген.

Анын советтик поэзиянын жылдыздарынын бири болгон В.Маяковскийдин досу жана ушул сыяктуу адамдардын чөйрөсүндө болуп алардын өмүрүндө өзүнчө из калтырганы биз үчүн али белгисиз. Бирок ушул сыяктуу маалыматтар менен бирге анын бардык жазып калтырган эмгектерин, саясий ишмердүүлүгүн анализдөө Ж.Абдрахмановдун чынында эле өзгөчө инсан болгондугу жөнүндө, өз элине чыныгы жол башчы болууга жөндөмү жана мүмкүнчүлүгү зор экендигинен, дагы көп нерсесинин алдында тургандыгынан кабар берет. 1919-жылы Түркстан бюросунун РКСМинин президиумунун мүчөсү болгондон тарта 1935-жылы партиядан чыгарылып, Самара шаарындагы айыл чарба башкаруу бөлүмүндө орун басар болуп турганга чейинки саясий ишмердүүлүгү Ж.Абдрахмановду Борбордук Азияны модернизациялоодо негизги роль ойногон, коомдук жана саясий процесстердин маңызын түшүнүп, элдин кызыкчылыгын көздөгөн бирден бир саясатчылардын катарында кароого мүмкүнчүлүк берет. Бирок анын эң негизги азыр көзгө түшүп турган баа жеткис эмгеги бул – кыргыз элинин, Кыргызстандын мамлекет катары тагдыры менен байланыштуу.

**Ат көтөргүс кызмат**

Белгилүү болгондой 1927-жылы Жусуп Абдрахмановдун тагдырына советтик кыргыз өкмөтүнүн башчысы болуу бактысы туш келип, жаңы уюштурулган Кыргыз АССР эл Комиссарлар Кеңешинин төрагалыгына дайындалган. Бул кызматта кийинкиге башат болуп багыт берип турган эң жооптуу жылдарда (6 жыл) иштеп беттегенин бербеген мүнөз менен тагдырдын берген бир мүмкүнчүлүгүн болуп көрбөгөндөй жоопкерчилик менен пайдаланып, өз эли үчүн да, коммунисттик идеялар менен совет

мамлекети үчүн да биз азыр гана түшүнүп, азыр гана баалай баштаган ат көтөргүс кызмат кылып кеткен.

Азыр 1990-жылдарда өз алдынча мамлекет болуп бөлүнүп, көптөгөн элдердин тагдыры өзгөрүлүп жаткан мезгилде даана көрүнүп турат – советтик Орто Азиянын 30-жылдарда улуттук-территориялык мамлекет болуп түзүлүшүнө, чек аралардын чектелишине ушул аймакта жашаган элдердин арасынан чыгып, россиялык, москвалык саясий элитага таасири бар, аларга маалымат жеткирип алып турган, орус тилинде илим-билим алууга үлгүргөн адамдардын таасири тийип, көп нерсе ошолордун аракети менен чечилген. Мындай адамдар Кыргызстанда абдан аз эле. Ушундай адамдардын катарында, чечүүчү мезгилге туш келип, азыркы Кыргызстандын мамлекет катары түбүн түптөп кеткен бирден бир адам катары бир Ж.Абдрахмановду атоого болот.

Анын 30-жылдары кыргыздын аттуу-баштуу болот деген адамдары бири-бирине жалаа жаап, уруучулук сезимден баш көтөрө албай турган кезде Кыргыз Совнаркомунун председатели болуп туруп И.Сталинге жазган каты Ж.Абдрахмановдун элинин келечеги үчүн болгон күрөшүнүн документалдуу бир белгиси.

Аз өмүрүндө өз эли үчүн көп нерсе кылып кеткен Жусуп Абдрахмановдун тагдыры биз үчүн абдан чоң сабак болууга тийиш. Анын өмүрү – элдин, журттун тагдыры, ал күндөлүгүндө жазгандай үй-бүлөлүк жыргалчылыкка кайыл болуп эли үчүн күйө билип кызмат кылган адамдарга байланыштуу болорун, мындай адамдар өз эли үчүн көздүн карегиндей керек экендигинен кабар берип турат. Биздин азыр тарыхтын түпкүрүнөн карап, тагдыры трагедиялуу Жусуп Абдрахмановго улуу инсан катары баа берип жатышыбыздын да негизги себеби ушул.

Жусуп Абдрахмановдун жазып калтырган эмгектерин, ал жөнүндө материалдарды, күндөлүгүн изилдеп, калкка жеткирүүдө, элге сиңген ишине баа берүүдө бул маселе менен көптөн бери иш жүргүзүлүп келе жаткан Жеңиш Жунушалиев менен Аскар Какеевге жана ушул багытта аракет кылгандардын бардыгына чоң ыраазычылык билгизип кетүүгө тийишпиз. 2001-жылы Ж.Абдрахмановдун 100 жылдыгын белгилөөдө мамлекеттик деңгээлде уюштуруу комитети түзүлүп республикалык мааниде өткөн иш-чаралар жүргүзүлгөн.

"Ысык-Көл" коомдук фонду Ж.Абдрахмановдун тагдырына, кылган иш-аракеттери менен жазып калтырган эмгектерине

кайрылуу абдан актуалдуу экендигин эске алып, Жусуп Абдрахмановдун эң керектүү деп эсептелген эмгектерин жаңы материалдар менен толуктап басмадан бастырып чыгарган.

Элге эмгеги сиңген улуу инсанды массалык маалымат каражаттары аркылуу көптөгөн телекөрсөтүүлөр, радио уктуруулар даярдалып, газета-журнал беттеринде кыйла макалалар жарык көргөн.

Бишкек Гуманитардык, Кыргыз-Кувейт улуттук университеттеринде Ж.Абдрахмановдун эскерүү кечеси өткөрүлүп, белгилүү жазуучу Эрнис Турсуновдун "Жусуп Абдрахманов жана анын замандаштары" аттуу китебинин бет ачары болгон. Көптөгөн иш-чаралар, илимий-практикалык конференциялар Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлиги тарабынан республиканын бардык жогорку окуу жайларында жана областтарында өткөрүлгөн. 2001-жылы Ж.Абдрахмановдун туулган айылында (азыркы Жаркынбаев) улуу инсанды эскерүү кечеси өткөрүлдү. Ысык-Көл мамлекеттик администрациясы жана К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети тарабынан Ж.Абдрахмановдун 100 жылдык маарекесине арналган илимий-практикалык конференция өткөрүлүп, бул форумда окумуштуулар жана коомдук ишмерлер чыгаан уулубуздун саясий жана мамлекеттик ишмердүүлүгүнө бүгүнкү күндүн көз карашына ылайык илимий баа берип, анын Кыргыз элине, Кыргыз мамлекетине сиңирген албан эмгектерди даңазалашкан.

Коомдук жана мамлекеттик ишмер Ж.Абдрахмановдун атын түбөлүккө калтырууда Кыргыз өкмөтү жергиликтүү бийлик менен бирге бир нече токтомдорду кабыл алгандыгы да кубанычтуу жышаан. Ж.Абдрахманов алгачкы сабатын жоюп, билим алган азыркы Ананьево айылындагы орто мектепке анын ысымы ыйгарылган. Каракол шаарында облустук администрациянын астында чоң эстелик коюлган.

Бишкек шаарынын эң чоң көчөлөрүнүн бири – Совет көчөсүнө, Каракол, Жалал-Абад шаарларында көчөлөргө Жусуп Абдрахмановдун ысымы ыйгарылып, жаңы жашоосун алды.

**Чоң сабак болуучу өмүр**

2011-жылы XX кылымдын улут кеменгери – Ж.Абдрахмановдун 110 жылдык юбилейлик жылы өзгөчө бир

таасирлүү жагдай менен башталды. Өкмөттүк эмес газета журналдар 110 жылдык демилге көтөрүп алгылыктуу иштерин баштады. Дагы бир орчундуу окуя 12-март күнү Чолпон-Ата шаарында Ж.Абдрахмановдун аскердик формачан эстелигин ачышты.

Учурдун мезгилине ылайык Кыргыз Өкмөтүн карап отурбай коомдук уюмдар, басма сөз өкүлдөрү демилге көтөрүп жатышы бул эгемен Кыргыз Республикасынын демократиялык жолго түшүшүнүн бир белги. Ушул иштердин негизинде Жусуп Абдрахмановдун тарыхый иштерин эске алып Кыргыз Өкмөтүнөн суранаар элек Бишкек шаарына ал кишинин эстелигин орнотуп, КР Президентине караштуу Башкаруу академиясынын атын ыйгарып республикалык деңгээлде илимий-практикалык конференциялар, борбордо чоң жыйын өткөрүлсө, жаңы муун үчүн келечекте Ж.Абдрахмановдой адамдардын өмүрү чоң сабак болор эле.

# МИҢ КЫЛЫМДЫ КАРЫТАР ӨМҮР

## Карасаев Кусейинге

*2010-жыл*

XX кылымдын башында калыптана башталган кыргыз интеллигенциясы жана бийлик элитасы замандын талабына ылайык байыркы көчмөн элдин маданиятын модернизациялоодо башкы ролду ойноого тийиш эле. Бирок ошол муундун, өз заманынын оош-кыйыштарын, алдындагы милдетин акылы жетип түшүнгөн, замандын шарына аралашып, батыштан келген идеяларга ишеними артып, ошол кездеги өзгөрүүлөрдү кыргыз элине тарыхтын берген бир мүмкүнчүлүгү катары кабыл алып, аны өз элинин кызыкчылыгы үчүн пайдаланууга аракет кылган эң алдыңкы өкүлдөрүнүн көпчүлүк бөлүгү улутчул деп атайын тагылып саясий системанын курмандыгы болушканы баарыбызга белгилүү. Муну акыры тарых өзү таразалады, буга “Ата-Бейит” күбө.

Азыркы маданиятыбыздын түбүн түптөп, мамлекетибиздин пайдубалын тургузуп кеткен ошол муундун акыркыларынын бири Кусейин Карасаев быйыл 110 жашка чыкмак. Бул киши кылым жашаган өмүрүндө турмуштун далай соккуларын көрсө дагы, кыргыздын адабий тилине, илимине негиз салуучулардын бири катары баалаар элек, сыйлаар элек, мактанар элек. Анан, өзү айткандай, “өмүрүнүн кечинде”, эли-журтунун урмат-сыйын көрдү. Антсе да, бул тиричиликте биз, жалпы элибиздин башынан өткөн өтө оор учурлары менен бирге акыл өсүп жетилип, өз алдынча мамлекет болгонун , өз аң-сезиминде, акыл-эсинде жандуу элес кылып бириктирип турган, биз үчүн өзүнчө бир аруу, касиеттүү болуп калган буд адамдын баркына жеттик бекен, анын ким экенин түшүндүк бекен ар кандай мактоолордун, саясий оюндардын, көкөлөткөн баа берүүлөрдүн ар жагын да салмактай билдик бекен деген ар кандай ойго кетет экенсиң.

Аттиң дүйнө, мындай адамдар кетип жатканда “адам өлүш учун төрөлөт” деген сөздүн чындыгын туюп, ар бир адамдын өмүрү акыры трагедия менен бүтөрүн түшүнүп, ушул беш күнчүлүк өмүрдүн мааниси эмне болду деп ойго кетип, жоопту дал ушундай журт атасы болгон адамдын өмүрүнө, кылган ишинен издейт

экенсиң. “Устаранын мизинде оодарылган дүнүйө” деп бир кезде атактуу ойчул Арстанбек айткандай, азыркыдай өткөөл мезгилде, жаман-жакшы башынан өткөрүп, эли менен тагдырлаш болгон К.Карасаев сыяктуу адамдар өз өмүрү менен жаштарга улгү болуп, элинин артындагы жөлөгү, руханий таянычы болуп калат тура.

***Анын тагдыры XX кылымдагы кыргыз элинин тагдырына окшош***

Кылым башында, Көл кылаасындагы бир үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келип көчмөн турмуштун даамын татты. Анан Үркүн... 16-жыл... Элдин башына алаамат келип, көзгө урунар уул-кыздарынан ажырап, учугубуз узараар бекен , эл болуп сакталып калаар бекенбиз деп турган кези... Кыргыздын акындары “акыр заман” деп, “кайран эл” деп сыздап турган учурлары... Совет бийлиги жаңы орногон жылдар... аны тагдырын жылдыздай жарк эткен жарыгындай кабыл алышты. Көчүп-конуп жүргөн тургундары чогулуп айыл болуп отурукташты. Кусейин Карасаев өзүнүн замандаш курбулары менен катар Орто Азиянын жана Россиянын чоң шаарларында окуп келип, кыргыз элинин жашоо-шартын, маданиятын жогорку деңгээлге көтөрүп, алгачкылардан болуп уюштуруу ишин жүргүзгөндөрдүн бири болду.

1921-жылы Ташкентте Орто Азия коммунисттер университетинде (САКУ), 1924-25-жылдары Санкт-Петербург университетинин чыгыш таануу факультетинде окуган. Бул кишинин басып өткөн жолу Санкт-Петербургдан алгачкы билим алгандардын бири болушу кийинки муундарга да өз үлүшүн калтырды.

Анын айылдаш туугандары бүгүнкүгө чейин көлдүн түпкүрүндөгү Токтоянга К.Карасаев жаш лексиколог К.К.Юдахинди кантип алып келгендигин, ал ушул жерде нечен айлап жашап, айылдын бир мүчөсү сыяктуу болуп калганын, кыргызча үйрөнгөнүн айтып жүрүшөт. Ал өзү да Орто Азияга айдалып келген Ю.Поливановду кыргыз жергесине чакырып алып келгенин, кийин улуу окумуштуу катары таанылган сейрек кездешүүчү бул адамдын, биринчи жолу “Манас” айтылганын угуп толкунданып тегеренип кеткенин, кыргыздын ушул баа жеткис байлыгын которуп үлгүрбөй калганын эскерет.

К.Тыныстанов, Ж. Абдрахманов, И.Арабаев сыяктуу пикирлеш, сабакташ адамдарына жана бирге иштеген курбуларына улутчул деп айтып тагылып, биринин артынан бири камакка алынып

жаткан мезгилде К. Юдахин шакирти К.Карасаевди Москвага кыргызча-орусча сөздүк түзүүгө чакырып кокусунан аман калат. Ошол кезде жана кийинки өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүндө, "улутчул" катары, жогорудагыдай адамдар менен байланышы болгон үчүн, өкмөттүк кысымга учурап, саясий куугунтукка алынса да, андай эмес мындай деп, тескерисинче далилдеп, саясий кошоматчылыкка барган жок. Эч качан өзүнө окутуучу, сүйүктүү акыны болгон Магжан Жумабаев сыяктуу, жолдош болгон Касым Тыныстанов сыяктуу репрессияланып кеткен адамдардан баш тарткан эмес. Кайрадан, алар менен сыймыктанып, өзү айткандай "кыйланып өсүп келе жаткан" репрессияланып кеткен кыргыздын уулдарына элинин кызыкчылыгы үчүн көрүшкөнүн, мисалы, Ж.Абдрахмановдун кошуна Казахстанда ачарлык болуп жатканда планга төгүлчү эгинди республикада алып калып, элди ачарлыктан сактап калганын өмүр өткөнчө айта жүрдү.

### *Улуттук тил үчүн күрөшүүчү*

Согуштун түйшүктүү жылдары... Андан кийинки салыштырмалуу бейпилчилик заман...

Улуттук тил бара-бара керектен чыгат, советтик бирдиктүү улут пайда болот деп турган чакта да, кыргыздын жазма жана адабий тилин көтөрмөлөп, эмгектерин жазып, кыргыз филологдорунун арасынан көптөгөн адистерди тарбиялады.

XX кылымдын соңу... Кыргыз эли өз алдынча мамлекетке ээ болду. Кусейин атабыз өз элинин, өз мамлекетинин биринчи сыйлыгын – "Манас" орденин алды, Кыргыз Республикасынын тунгуч Президентине батасын берип, ак жол каалады. Ошентип, бир адамдын тагдыры кырыгыз элинин геноцид болуп кетүү коркунучунан өсүп-өнүп өз алдынча мамлекет болгонго чейин өткөн жолун камтыды. Биз үчүн кургак цифра болгон тарыхтын фактылары ал үчүн ачуу чындык болду.

Кусейин Карасаев элинин өсүп-өнүгүшүнө, маданиятына, тил илимине өз салымын кошуп кетти. Эне тили аркылуу элинин дилин, рухун түшүндү. Анын татыктуу уулдарынын бири катары улут рухун бийик көтөрүп жүрдү. Жеке адамдын тагдырын өзүмчүлүк, көрө албастык, ичи тардык дайыма коштоп жүрбөй турганын, жашоонун дагы бир улуу мааниси бар экенин өзү өмүрү менен далилдеп кетти. 97 жаштагы карыя, мындайча айтканда, а дүйнө менен бу дүйнөнүн чегинде турган адам, акыркы кашык суусу

калганча калемин таштабай, "бул жазганым мага эмес, элге керек" деп иштеп жатты. Акыркы тилеги өз элине бейпилчиликти, адилеттүүлүктү, эмгекчилдикти каалады. Башкаларга окшоп кыргыз эли караңгы намысын коргоого али өсүп жетиле элек деп айткан жок, "элимдин келечеги алдында, бир уруудай ынтымакта бололу" деп айтты. Өсүп келе жаткан жаштарга батасын берип өмүрүнүн сонун өз жеринде жашап, өз элине жакшылык тилеп өттү.

Биз, айылдаштары, жакын тууганы Кусейин Карасаевдин билимдүүлүгү, улуулугу менен сыймыктанабыз. Ушул үчүн эскерип сыйлайбыз. Ал биздин эле эмес жалпы элдин атасына айланды. Ал эми өз өмүрүн татыктуу, ар-намыс, ыйман менен жашап өткөргөн ушул Кусейин атанын жана Айша апанын үй-бүлөсү сыяктуу үй-бүлө гана биздин улутубуздун чыныгы тирөөчү, уюткусу боло алат. Дал мына ушундай үй-бүлөлөр улутубуздун чыныгы кенчи болот.

К.Карасаевдин 2001-жылы мамлекеттик деңгээлде 100 жылдык юбилейи белгиленип, эли, коомчулук, Кыргыз өкмөтү илимий практикалык конференциялар өткөрүп, Каракол шаарына чоң көчөгө аты коюлуп, эстелиги орнотулду. Борбор калаадагы көчөгө жана Бишкек Гуманитардык университетине ысымы ыйгарылып, кылымдык эмгеги бааланды. Быйыл К.Карасаевдин110 жылдык юбилейине бул киши тууралу көп иш-чаралар белгиленди.

*Бир кылымдын бастың жолун каратып,*
*Шумкар болуп канаттарың талытып.*
*Бир эле эмес, атабыздай даанышман,*
*Өмүр сүрөт миң кылымды карытып.*

Акындын бир ырына айтылган Кусейин Карасаевдин аты эл-журтка кызмат кылуунун үлгүсү катары биздин кийинки муундардын жүрөгүндө жашай бермекчи. Өткөн өмүр- жаштарга өрнөк.

## К.Жантөшевдин юбилейиндеги сөз

**Урматтуу туугандар, жердештер жана коноктор!!!**

Бүгүнкү биздин жыйналышыбыздын максаты – Кусейин Карасаев, Жусуп Абдыракманов, Касым Тыныстанов, Зияш Бектеновдордун мууну менен бирге чыгып өз эли үчүн зор кызмат кылып кеткен улуу инсандарыбыздын бири көрүнүктүү залкар жазуучу Касымаалы Жантөшевдин жалпы элге, өзгөчө жаштарга үлгү болоорлук өмүрүнө серп салып юбилейин белгилөө биздин милдет.

Кыргыз элинин жазуу адабиятынын түбүн түптөгөн ири көркөм сөз чебери Касымаалы Жантөшев тирүү болгондо быйыл жүз жашка чыкмак экен. Көпчүлүккө кеңири белгилүү болгон анын өмүр баянынан көрүнүп тургандай К.Жантөшев он беш жашында, 1919-жылы кыргыз элине жакшылык алып келген Октябрь революциясынан кийин гана мектеп босогосун аттаган ошого карабастан, ал өзүнүн жаратылышындагы зээндүүлүгүнөн, дилгирлигинен улам өз билимин өмүр бою улантып XX-кылымдагы биздин маданиятыбыз менен адабиятыбыз дагы чыгаан инсандардын бири катары тарыхтан өз ордун тапты. Касымаалы атабыз 1919-1923-жылдары Тепкеде 4 класс билим алып адам болоюн, билим алайын деген тилек менен Ташкентке чейин окуу издеп барып, 1924-жылы Оштогу педагогика жайына келип кирген. Бир жылдан соң Фрунзедеги педтехникумга которулуп, аны М.Элебаев, Ж.Жамгырчинов ж.б атактуулар менен чогуу 1930-жылы бүтүрүп чыккан.

Касымаалы Жантөшев түштүк менен түндүк Кыргызстанды түрө кыдырып кыргыз элинин оң-солунун ой-санаасын, психологиясын терең өздөштүргөн, эл агартуу системасына негиз салып жалпы кыргыз элине  тең сүймөнчүлүккө ээ болгон чыгармаларды жараткан ары чечен, ары ишкер жөнөкөй да, ак пейил да жаркын инсан болгон.

Анын чыгармалары күнү бүгүн да биздин этикалык-эстетикалык окуу тарбиялык иштерибизге активдүү катышып жаш жеткинчектерге таасирин тийгизип жатат. Акын, драматург, прозаик Касымаалы Жантөшевдин мээримдүү, таланттуу чыгармаларынын өлбөстүгүнүн айгинеси!

Кыргыз мамлекеттик педагогикалык окуу жайы 1920-1930-жылдардын ичинде жаштардын ар тараптан даярдаган искусство, агартуу кадрларын биринчи учуруп чыгарган даңазалуу илим-билимдин устаканасы болгон. Бул жерде ар биринин чыгармалары талкууланган, кеңири пикир алмашышкан, бири-бирине жардамдашышкан чыныгы коллективдүү чыгармачылык шарт түзүлгөн. Ушундай шартта Касымаалы Жантөшев алгачкы чыгармачылыгы канат жайып, толуга баштаган. Адабий-тарыхый маалыматтарга караганда анын биринчи чыгармачылыгы драма жазуудан башталган.

1925-жылы жаш талант "Койчулар" деген биринчи драмасын жазат. 1925-1928-жылдары бир актылуу пьесаларын жазып, анда жаш өспүрүмдөрдүн жаңы бактылуу турмушун, айылдагы өзгөрүштөрдү даңазалоого аракеттенген. Анын алгачкы даңазалуу чыгармаларынын бири – "Карачач" (1928) аялдардын асылдыгын , кедейлердин таптык сезиминин улам өнүгүп жатышын көрсөткөн бул драма "Кыргыз совет драма жанрынын өнүктүрүүдөгү алгачкы карлыгачтарынын бири болгон" деп баалашат театр адистери.

Касымаалы Жантөшевдин алгачкы чыгармачылыгы жөнүндө сөз болгондо, анын драма жазуудагы ишмердиги Кыргызстандын театралдык маданиятынын өнүгүшүнүн тарыхы менен өмүрлөш экендигине басым коюу зарыл жана ыктуу.

Азыркы мектеп программасында чоң драматург, талантуу прозаик К.Жантөшевдин "Чолпонбай" аңгемеси, очерки, "Эки жаш" повести, даңазалуу "Каныбек" романы, "Курманбек" драмасы окутулат. Адилеттүү айтканда аталган чыгармалар чоң жазуучунун гана белгилүү чыгармалары болбостон, Кыргыз совет адабиятынын өсүш тарыхындагы белдүү чыгармалардын катарына кирет.

Чолпонбайдын эрдиги жазуучуну толкундантып, ал газеттен кабарды угаар замат баатырдын төрөлгөн жерине жетип, баатыр менен бирге окуган, бирге өскөн теңтуштарынын, кары кемпир-чалдардын, бүткүл аймактан конкреттүү материалдарды чогултуп келип, алардын негизинде 1943-жылы эле "Чолпонбай" деген аңгемесин жазып, басмадан чыгарган. Чынын айтканда, бул аңгеме кыргыз уландарынын фронттогу эрдигин даңазалаган алгачкы чыгармалардын бири эле.

Карама-каршы келген пикирлер "Каныбек" романына арналган адабий китептерде, макалаларда, окуу китебинде кездешет. Түгөлбай атабыздын жазып кеткен эскерүүлөрүнөн айта кетсем ал

киши мындай дейт": Ал кезде жазуучу Касымаалы Жантөшевдин жеке өзүнө таандык касиетин биз анча тааныбаппыз. Көрсө, дал ошол фольклордук эпкинде сүрөттөлгөн, дал ошол жорго сөздөр, макал-лакаптар, дал ошол чындап учкан айгырды куйруктап токтоткон апыртылган алптык-өз мезгилинин жемиши тура. Болгондо да унутулбас , соңкуларга кадимкидей иш болуп, сезимди байытуучу, ата-бабалардын качанкы бир өңү өчкөн дүйнөсүнөн маалымат кабар берчү – "керектүү таш" экен. Ал кездеги кай бир сын-пикирлер да апыртылыптыр. Жазуучу Касымаалы Жантөшев дүнүйөсүнө айкаш жаралган табигый касиетин биз таныппыз. Себеби, нак сын айтуудан мурда бизде, тек чыгармага сын тагуу – адабиятка өбөлгө түзчү кеп-кеңештин ордуна кай кездери авторду айыптоо чегине жетчү".

Касымаалы Жантөшев өзүнүн "Каныбегин" 20 жыл жазат. Ал романдын биринчи китебинин үстүндө иштөөгө киришкен учурда анын монументалдуу эпопеяга айланып кетерин билген эмес. 1956-жылы төрт томдон турган романын жазып бүткөрөт. "Каныбек" окурмандарды сүрөттөөлөрдүн ийкемдүүлүгү, сөздөрдүн жогорку чеберчиликте колдонулушу менен өзүнө тартып алат. Каармандардын арасынан жазуучуга айрыкча жакын турган Каныбектин, өзүнүн жөнөкөйлүгү, ак ниеттүүлүгү жана калыстыгы менен айырмаланган жагымдуу адамдын образын өзгөчө бөлүп көрсөткөн. Жазуучу жандуу образдар аркылуу мурда болуп көрбөгөндөй кеңири тарыхый көрүнүштү сүрөттөп берген.

1944-жылы Жантөшев фашисттик баскынчылар менен болгон күрөштө партизандардын турмушунан алып "Өч" деген пьесасын жазат. Ошол эле жылдарда элдик эпостук мотивинде "Курманбек" аттуу баатырдык драма жаралат. Мына ушул драманы жазуу менен кыргыз драматургиялык чеберчиликтин жогорку үлгүсүн жаратат. Мындан тышкары "Курманбектин" тарбиялык мааниси да чоң. Ал биздин жаштарыбызды элин жана жерин сүйүүгө, өз элинин керегине жароого, душманды жек көрүүгө тарбиялайт. Мына ошондуктан анын республикабыздын театрларынын сахнасында күнү бүгүнкүгө чейин түшпөй келе жатышы таң калыштуу эмес. Ушул эле жылдары Жантөшев К. "Эл ырчысы", "Көбөштүн көктүгү", "Ким кантти?" ж.б. көптөгөн чыгармаларды жазган. Анын эң сонун зор таланты жогору бааланды. Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер Касымаалы Жантөшев адабияттагы жана искусстводогу чоң эмгеги үчүн

Эмгек Кызыл Туу ордени, эки жолу “Ардак белгиси” ордени жана “Эмгектеги артыкчылыгы үчүн”, “1941-1945-жылдардагы Улуу Ата мекендик согуштагы каарман эмгеги” үчүн” медалдары менен сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен үч жолу сыйланган. Таланттуу чыгармаларды жараткан Касымаалы Жантөшев кыргыздын улуттук адабиятынын башатын ачышкан чоң жазуучу катары урпактарга анын ачык жаркын жүзү, карапайымдыгы, шайырдыгы, чыдамкайлыгы, аксанатайлыгы жалпы элге таанылып өчпөс из калтырды. Ал өзүнүн оригиналдуу чыгармачылыгы, өлбөс-өчпөс мурастары менен эстетикалык, идеялык, окуу-тарбиялык чоң мааниге ээ болуп өз өмүрүн кужүрмөн иш менен өрнөктүү жашап өткөнүн эскере жүрүш биздин парзыбыз деп билебиз.

## К.Үсөнбековду акыркы сапарга узатуудагы сөз

**Кадырлуу калайык!**

Советтер Союзунун баатыры Калыйнур Үсөнбековдун жаш чагы кан күйгөн согуш жылдарына туш келип, басып өткөн өмүр жолунда өтө оор күндөрдү башынан өткөрдү. Калыйнур агабыз от кечип Баатыр болуп мекенине кайтып келсе да биздин эсибизге өзүнүн жөнөкөйлүгү, ишмердиги, адамга жугумдуулугу, маңдайы жарык адамгерчилиги менен эсте калды. Кайсы жерде, кайсы элде болбосун өзү аркылуу кыргыз элинин жүзүн татыктуу көргөзүп, чыныгы генерал катары элес бере алды.

К. Үсөнбековдун тагдыры өзү жандай көргөн элинин тагдыры менен бир эле. Улуу Ата Мекендик согуш башталып, өмүр, өлүм арбашкан жерде эчен опурталдуу күндөрдү өткөрүп ок аралап, от кечип дегендей каны-жанын мекен тагдырынан аяган жок. Ошол эле мезгилде өзү согуш талаасында жүрсө атасы Үсөнбек эмгек армиясында Бишкек-Балыкчы темир жолун салууга катышты, бул тагдырдын зор сыноосу эле.

Анын өмүр жолу катардагы жоокерден генерал-лейтенант чинине, Советтер Союзунун баатыры наамына чейинки улуу жолду басып өткөн.

Урматтуу агайын туугандар!

2-дүйнөлүк согушта Берлинди жеңип алуудагы К. Үсөнбековдун эрдигин, улуу аскер башчы Жуков өтө жогору баалаган эле. Бул баатырдык, кыргыз элинин өзгөчө сыймыгы.

Жарк эткен жылдыз сындуу жанып өткөн, өз өмүрүндө эли-жери, кыргыз жаштары үчүн опол тоодой эмгек өтөө чыныгы кудуретти, эрдикти, кажыбас эмгекти, майышпас эркти талап кылаары турган иш! Биз, кийинки муундар, өз турмушубузда жашоону, иштөөнү, элге кызмат кылууну ушундай адамдардан үйрөнүшүбүз керек.

Аттиң дүйнө, мындай адамдар арабыздан кетип жатканда “адам өлүш үчүн төрөлөт” деген сөздүн чындыгын туюп, ар бир адамдын өмүрү акыры “өлүм ак” деген түшүнүк менен бүтөрүн билип, ушул беш күнчөлүк өмүрдүн мааниси эмне болду деп ойго кетип, жоопту дал ушундай журт атасы болгон адамдын өмүрүнөн, кылган ишинен издейт экенсиң.

Эли менен тагдырлаш болгон К. Усенбеков сыяктуу адамдар өз өмүрү менен жаштарга үлгү болуп, элинин артындагы жөлөгү, руханий таянычы болуп калат тура. Бирок, азыркы заманда өмүр сапарында чыныгы жоокер катары из калтырып кетип жаткан инсандар арабызда саналуу гана, анын бири 20-кылымдын **генерал могиканы** – Калыйнур Үсөнбеков. Ал көрүнүктүү башчы эле эмес мамлекеттик коомдук ишмер эле, бир нече жолу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты да болгон.

Биз, урматтуу агайын туугандар, кадырлуу меймандар, жалпыбызга белгилүү, кадырлуу агабыз, кыргыз элинин аксакалы согуштун генералы катары сыйга татыктуу өмүрдү жашап өтүп, өз өмүрү менен бузулгус зор эстелик тургузуп кеткен орошон инсан, каарман жоокер, генерал Калыйнур Үсөнбековдун элеси түбөлүккө өчпөйт. Ал кишинин жаркын элеси эли-журтунун жүрөгүнө түбөлүк жашап, муундар көчү менен келечек күндөргө бирге бара бермекчи!

К.Үсөнбеков генерал агабыздын өмүр жолу кыргыз элинин 20-кылымдагы тарыхы менен тутумдаш жана үндөш болуп, ал киши башынан өткөн изгилүү ийгиликтердин да, калк башына түшкөн жүрөк титиреткен оор апааттардын да күбөсү болду.

Сиздин атыңыз эл журтка кызмат кылуунун үлгүсү катары биздин, кийинки сандаган муундардын жүрөгүндө жашай берет. Кош бол каарман жоокер, улуу баатыр атабыз, жаткан жериң жайлуу топурагын торко болсун!

# Казы Дыйканбаевдин зыйнатындагы сөз

*2009-жыл*

**Урматтуу депутаттар!**
**Урматтуу мекендештер!**

Азыркы мамлекетибиз менен тең жашаган, анын жеңилин жерден, оорун колдон алып көтөргөн жогорку мамлекеттик деңгээлдеги жооптуу кызматтарды аркалаган көрүнүктүү мамлекеттик, коомдук ишмер, белгилүү экономист, өткөн доордун акыркы могиканы Казы Дыйкамбаевди акыркы сапарга узатып жатабыз!

Казы Дыйкамбаев мамлекеттик эң жогорку партиялык, парламенттик, өкмөттүк, дипломаттык кызматтарда иштеп, чоң жаңылануу иштердин башында турганы белгилүү. Ал өткөн 60-жылдарга карай мамлекеттик кызматтардын чоң мектебин басып өтүп, калыптанып, өсүп жетилген.

Ошол жылдары Казы Дыйкамбаев, жергиликтүү муктаждыктын айынан элибизге, айрыкча жаштарга арнап, келечек муундарыбыздын камын көрөлү кыргыздын тилин, духун жогору көтөрөлү деген өкмөттүк чечимдери азыр да өз таасирин жогото элек.

Казы Дыйкамбаевдин Искак Раззаков менен жыйырма жылга жакын бирге кол кармашып иштешкени жана азыркы кезге чейин унутпай жаштарга үлгү болсун деп жазган эскерүүлөрүнүн баасы жогору. Анын өткөн мезгилдеги мамлекеттик ишмердүүлүгү тууралуу эскерүүлөрүндө эл деген үзөнгүлөш жолдош адамдарын сыйлай билген ыймандуулуктун, элдин тагдырын ойлоп иш кылууга болгон улуу ниетти көрүүгө болот.

Азыр өз алдынча өнүгүү жолуна түшкөн кыргыз мамлекети Казы Дыйкамбаевге окшогон улуу адамдар калтырган материалдык жана руханий байлыктарга таянуу менен келечекке кадам таштоодо.

Казы Дыйкамбаевдин 50 жыл мамлекеттик жооптуу кызматтарда иштеген эмгек жолу Кыргызстандын өнүгүп өсүшү үчүн кылган эмгеги; өнөр жайлардын, калктын турак жай менен камсыз болушуна, бардык тармактын инфракструктурасынын өнүгүшүнө кошкон эмгеги зор.

Мамлекеттик кызматта иштеген жаштардын мууну үчүн Казы Дыйкамбаевдин ишке жасаган мамилеси өз кесибин баалагандыктын, тазалыктын, профессионалдуулуктун үлгүсү болуп саналат.

Ал терең билимдүү, турмуштук бай тажрыйбалуу, жаратылышынан ак дил, ар нерсениин келечегин алдын ала көрө, сезе билген, адамгерчиликтүү, жөнөкөй, айкөлдүк касиеттерге ээ эле.

Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүдө кошкон салымы, И.Раззаковдой адамдар менен канатташ болуп жаштарга кам көрүп, илим-билимдүү адамдардан болуп чыгышы үчүн кылган иштери кыргыз элинин тарыхында түбөлүккө сакталат.

Ал өмүрүнүн акырына чейин республикабыздын абалы менен кабардар болуп ийгиликтерибизге кубанып, өксүктөрүбүзгө күйүнүп турар эле.

Акыркы сапар алар астында жакындарын чакырып алып: «Кыргыз элиме ыраазымын, жетим кезден жетилип, улуу иштерге аралаштырган ушундай тагдырыма ыраазымын! Элибиз-журтубуз, аман-эсен, ынтымактуу болуп, мамлекетибиз, бирдиктүү болсун, мындан ары да өсүп өнүксүн!» – деп тилегин айтып кайтып кетти.

Анын өмүр жолун иликтеп чыккан соң: тээ алыскы азаптуу «Үркүндө» жол алып, анан ушундай улуу тагдырга туш болуп, бир кылым (жүз жаш) жашаган кыргыздын даңктуу уулу – Казы Дыйкамбаев – бактылуу адам болгон десек жаңылышпайбыз!

Мындай улуу инсан менен жалпы кыргыз журтчулугу дайыма сыймыктанат!

Урматтуу замандаштар!

Биз туугандардын атынан урматтуу Кыргыз Өкмөтүнө, Өкмөттүк комиссияга, эл журтка бүгүнкү улуу инсандын акыркы сапарга узатуу зыйнатына катышып, биздин кайгыбызды тең бөлүшүп жатканыңыздарга терең ыраазычылык айтабыз.

Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун, урматтуу, улуу инсан Казы Дыйкамбаевич!

# Жаныбек Жээнбаев агабыздын өмүр жолу жаштарга өрнөк

Кыргыз элинин чыгаан окумуштуусу Жаныбек Жээнбаевич Жээнбаев агабыз ушул берекеси төгүлгөн күз айында 80 жашка толмок. Менин мындай адам менен кызматташ дагы, туугандык дагы мамиледе болгонум чоң сыймык. Анын жаш күнүнөн алган багыты илим дүйнөсү менен байланышта болгон. Илим дүйнөсүнө өмүрүн арнап, абдан көп иштеди. Ден соолугун, жүрөгүн дагы аяган жок. Биздин республикада илимдин жүгүн көтөрүп жүргөн албан адамдардын бири катары ушул тармакта өзүнүн зор салымын кошуп кетти.

Жаныбек Жээнбаевич аркасынан өзүнүн илимий чоң мектебин калтырды. 300дөн ашуун илимий эмгектин автору, анын ичинен 9 монография, 30дан ашуун авторлук күбөлүктүн, 9 патенттин ээси болду. Физика тармагында элдин учу-куру калган жок. Жаныбек агайыбыз таалим-тарбия берген адистерибиз азыркы күндө да илим жолунда. Анын илимий-педагогикалык ишмердигинде ондогон физик-изилдөөчүлөрдү, илимдин 2 докторун, 18 кандидатын даярдалып чыкты. Ошону менен бирге эле "аккан арыктан суу агат" дегендей, агайдын уул-кызы Бактыгүл менен Нурбекти баарыбыз билебиз. Алар дагы камчыга сап болгон, өз ишин мыкты билген, азыркы замандын алдыңкы билимдүү адамдарынан болду.

Илимдин абдан татаал тармактарынын бири физика илиминде профессионалдык деңгээлде илимий иш жүргүзгөн Жаныбек агайыбыз жакындары, тууган-туушкандары гана эмес, жалпы элдин, коомчулуктун эсинде кала турган, илим майданында өз жолун тапкан адамдардын катарында калат. Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын жана башка көптөгөн чет элдик авторитеттүү илимдер академияларынын академиги, университеттердин ардактуу доктору, мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты – ушунун баары анын кажыбаган эмгегинин үзүрү.

Ал өз тагдырын өз колу менен жасаган адам. Жөнөкөй кызматкерден Улуттук академиянын Президенттигине чейинки жолду баскан. Өмүр жолундагы алгачкы саамалыгы 1950-жылы азыркы Караколдогу мугалимдер институтун артыкчылык диплому менен аяктаган кийин башталган. Ошол окуу жайды кийин мен дагы

бүткөнүмө, өз эмгек жолумду ошол жерден баштаганыма да азыр сереп салып баа беремин. Жаныбек агабыз билимин улап, 1956-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин физика-математика факультетин бүтүрөт. В.М. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинде аспирантурада окуп, 1960-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргойт.

Бул мезгилде космоско учуулар башталып, Советтик физика, инженерия, математика илимдеринин дүйнөнү өзгөртүп коюу мүмкүнчүлүгү бар фундаменталдуу илимдер экендиги ааламга белгилүү болуп турган учур болчу. Жаныбек агабыз мына ошондой шартта дүйнөлүк билимдин борборуна айланып турган шаарда илимдин чоң мектебинен өткөн. Мындай тарыхый кырдаалга, талыкпаган мээнеттин, тер агызган эмгектин үзүрү менен таланттуу агайдын Кыргыз элинин улуу физиги катары калыптанышы, өз бактысын физика илиминен табышы – биз үчүн зор көрүнүш.

Эгерде жогоруда сөз болгон жагдайлар, агайдын өзүнүн илимдеги эмгеги, жеке изилдөөлөрүнүн жыйынтык үзүрү болбосо анда татаал жана так илимдердин жаатында көзгө урунуу абдан кыйын эле. Ошону менен катар Жаныбек Жээнбаевич чыгаан илимпоз окумуштуу, залкар физик гана болбостон, илимдеги чоң уюштургуч, чоң жетекчи катары белгилүү. СССР тарап, мамлекетибиз эгемендүүлүгүн алып турганда, Кыргыз академиялык илими үчүн да өтө оор мезгилде 1993-жылы агайыбыз Илимдер улуттук академиясынын вице-президенттик, ал эми 1997-2008-жылдары Президенттик кызматын аркалап, өлкөнүн илим тармагын сактап калууда зор салым кошту. Ал Кыргыз Илимдер улуттук академиясынын илимий потенциалын, статусун жана имараттарын сактап кала алды.

Ошондуктан, бүгүн биз Жаныбек Жээнбаевдин жаркын элесин, илимге салым кошкон эмгектерин эскерип, баа берип жатышыбыз азыркы биздин коомчулук үчүн керек.

Элге эмгеги сиңген, илимге салым кошкон агаларыбызды эскерүү – биздин адамдык парзыбыз!

# АЗЫРКЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА РУМИ, Ф.ГУЛЕНДИН ИДЕЯЛАРЫ

Алгачкы эгемендик жылдарынан тартып Кыргыз Республикасынын коомдук маданиятынын, экономикалык системасынын түп-тамырынан жаңыланышы билим берүү органдарынын алдына өтө жоопгуу жаңы милдеттерди койду. Бул милдеттерди эске алып, багыт алуунун көздөгөн алгачкы кадамдарынын бири “Билим берүү жөнүндө” мыйзамды (2003-жылы) кабыл алуу болду. Ошол кезде билим берүүнүн формасын, мазмунун жаңылоого багыт алуу, Кыргызстандын билим берүү системасын азыркы шарттын талаптарына жооп бергидей ченемдик укуктук актылар менен камсыз кылуу эң башкы милдеттерден болду. Кыргыз билим берүү системасынын негизги принциптери аныкталган аталган мыйзам ж.б. расмий документтер азыркы шартка жараша жаңыланып жаткан кези.

Мамлекеттин азыркы экономикалык абалында ошол расмий кабыл алынган документтердеги идеяларды: билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, кайсыл жерде жашаганына карабастан балдардын алгачкы старттык шарттарын теңештирүү, билим берүүнүн бардык баскычтары (анын ичинде жогорку билим берүүнү да камтыган) боюнча бардыгына бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу ж. б. – ишке ашырууга мүмкүн болбогондой шарт түзүлдү. Мамлекет өз милдетин аткара албай, окуу жайларын, билим берүү мекемелерин жетиштүү деңгээлде каражат менен камсыз кыла албай жатканда канчалык деңгээлде ошол окуу жайларынан билим алган инсандар коомдук жоопкерчилигин аткарып, өздөрүнүн Кыргыз Республикасынын маданияттык, экономикалык жана саясий турмушуна катышуусун камсыздай алат?!

Ошондуктан азыркы өнүгүү багыты мындай милдетти мамлекет менен бирге коомчулуктун да өзүнө алышын шарттоодо. Ар бир адамдын, жалпы элдин билим берүүнүн баасын билип, түпкү максатын түшүнүп, салым кошуусу, ошону менен бирге анын негизги түшүнүгүн, принциптерин, максатын аныктоо иштерине аралашуусу – азыркы замандын талабы.

Негизинен билим берүү деген эмне? Максаты эмнеде? Учурдагы болгон энциклопедия, сөздүк жана билим боюнча расмий документтердеги билим берүү түшүнүгүн иликтеп, өөн учураган сөздөрдөн арылып, төмөнкү жыйынтыкка келүүгө болот. Билим берүү – билим ала турган окуучу үчүн түзүлгөн замандын талабына ылайык шарттары бар атайын чөйрөдө анын инсан катары калыптануу жана ага таалим-тарбия берүү процесси. Ошондой эле окуучунун билим алуу жана ага билим берүү, жөндөмүн арттыруу жана жүрүш-турушун коомдук туура нукка салуу процесси жана ушул процесстин жыйынтыгында анын акыл-эстүү, ар тараптан өнүккөн инсан болуп калыптанышы.

Албетте, ар тараптан өнүккөн чыныгы адам, чыныгы инсан азыркы коомдун гана экономикалык, психологиялык, саясий талабына эле жооп бербестен, эзелтеден табият менен эриш-аркак жашап келген адамзаттын жалпы руханий тажрыйбасынан келип чыккан талаптарга, милдеттерге жооп бериши зарыл.

Азыркы билим берүү системасынын алдында турган эң башкы максат – жогорку квалификациялуу адистиги бар, ар тараптан өнүккөн жана чыгармачылык менен иш жүргүзгөн инсанды, коомдун, элдин астында жоопкерчилигин сезген акыл-эстүү жаранды калыптандыруу. Адамдын өз алдынча руханий жана адистик жактан өнүгүү үчүн окуп билим алууга болгон жөндөмүн калыптандырып, тарбиялоо да башкы максаттардын бири.

Билим берүү системасы учурдагы коомго керектүү деп эсептелген адисти, ар кандай компетенттүүлүккө ээ бүтүрүүчүнү даярдоону максат кылуу менен аны чыныгы инсан катары калыптандыра турган терең өзөктүү руханий талап-шарттарды, чыныгы этикалык мазмунду көз жаздымында калтырууда. Билим берүүнүн азыркы кездеги мамлекеттик стандарты шарттаган билимдүүлүктүн деңгээли – окуучунун / бүтүрүүчүнүн практикада ишмердүүлүк жөндөмү, татаал проблемалык кырдаалдарда эмнеге жөндөмү бар деген түшүнүктөр менен аныкталууда. Адис катары калыптануу менен бирге эле башка адамдар менен бир коомдо чыр-чатаксыз, ынтымакта жашоого үйрөтүү дагы башкы максаттардан.

Адамзаттын ынтымагы менен анын руханий ыйыктыгын байланыштырып, адамгерчиликти ар кандай диндердин чектөөлөрүнөн жогору коюп, аны өз чыгармачылыгында ачып берип, турмуш-жашоосунда далилдеп кеткен атактуу түрк

даанышманы Желаледдин Руминин руханий мурасы азыркы кезде да өз маанисин жоготпой келүүдө.

Бирок адамзат коомунда мындай ынтымактуу жашоонун, гармониялуу инсандын калыптанышынын түпкү башаты метафизикалык, диний, этно-руханий-мистикалык аң-сезимге барып такалганы менен, ага көп маани берилбей, "бүткүл адамзаттык баалуулуктар" сыяктуу сөз жүзүндөгү "кургак" түшүнүктөр билим берүү системасына тамырлаган.

Биздин коомдо жана элде мындай аң-сезимдин данектери мурдатан калктын нукура салт-санаасы, илгертеден келген оозеки руханий мурасы аркылуу муундан-муунга берилип келсе, совет доорунда кыргыз көркөм жазма адабиятында, өзгөчө, ошол нукура элдик мурастын жүзү чагылган Ч. Айтматовдун чыгармаларында орун алды. Бирок бул феноменалдык өзгөчөлүктөр азыркы кыргыз билим берүү системасында практикалык жактан орун алмак турсун, теориялык жактан, педагогикалык илимдерде чындап өз жүзүн ачып кете элек. Чындыгында кыргыз маданиятынын, элдик нукура салт-саналардын, руханий тарбиялык системанын азыркы замандын талабына жараша жаңыланышы, билим берүү системасынын ошондой маани-маңызды камтып, максатты көздөп калыптанышы абдан татаал маселе, ушул доордун эң актуалдуу маселелеринен десек жаңылышпайбыз.

Тилекке каршы, азыркы жаштардын "бүткүл адамзаттык баалуулуктардын" системасы, чыныгы руханий салты менен болгон байланышы биротоло үзүлүп калбаса да, чындап жолго коюла элек. Жаштардын арасында чыныгы идеал, руханий багыт менен иллюзияларды аралаштыргандары массалык түрдө кезигүүдө. Жаштар эле эмес, бир топ куракка барып калгандардын арасында да азыркы доордун сырына көзү жетип, акты-караны ажыраткандары сейрек болууда.

Билим алууга көп каражат сарпталышы, эртеңки турмуш-тиричиликтин камсыз болушуна ишенимдин жоктугу жаштарды күнүмдүк жашоонун материалдык баалуулуктарын башкы орунга коюп жашоого түртүүдө.

Мындай абалдан кантип чыгуу керек?

Бул абалдан чыгуу үчүн, мисалы, административдик көзөмөлдү күчөтүү менен моралдык башатты баалоого чакырыктарды күчөтүп, окуучулар менен окутуучулардын ортосунда "формалдуу тартипти" орнотуу аркылуу аракеттерди

көрүүгө болот. Бирок тартипти, атайын ченемдерди, ыймандыдекларация кылуу аркылуу, эгерде алар күнүмдүк жашоодон алыс болуп, турмушту ыймандык негизде уюштуруу мүмкүнчүлүктөрүнөн ажыраса, анда чыныгы тарбия болбостугу мурдатан эле белгилүү.

Экинчи жагынан, мисалы, окуучуларды, студенттерди өз алдынча коюп, аларды тарбиялоону коомдук институттарга (үй-бүлө, ЖМК ж. б.) жүктөп, мугалим агартуу же адистикке окутуу, үйрөтүү менен чектелсе, адамдын чыныгы инсандык тарбия алышында өз натыйжасын берет деген ой-пикирлер ушул доордо басымдуулук кылууда. Бирок, турмуш көрсөткөндөй, жаштардын экономикалык-материалдык жактан камсыз болбой, али бутуна тура электиги, өз турмушун уюштуруп кетүүгө жаңыдан үйрөнүп келе жаткандыгы алардын ыйман-моралды түшүнүүдө өзүнчө критерийлерди калыптандырып, өз түшүнүгүндө маани берүүсүнө алып келүүдө. Мындай критерий, түшүнүктөр азыркы кезде чыныгы руханий идеалдардан алыстап, жаштардын девианттык, коомго туура келбеген жүрүш-туруштардын формасы менен жашоо ийгиликке алып келет деген дүйнө таанымынын калыптанышына жол ачууда.

Жогоруда мисал кылынган эки багыттын тең билим берүү системасында салтка айланган жолу, көрүнүштөрү бар. Бирок алардын келечектеги адиске чыныгы руханий инсандык тарбия берип, бийик моралдык сапаттарга тарбиялоодо чамасы чектелүү экендиги белгилүү.

Ошондуктан билим берүүдөгү азыркы абалдан кантип чыгуу керек деп ойлонгон, ушул тармакта иштеген тажрыйбасы бар адамга окуу жайынын өзүндө инсандын руханий жана материалдык керектөөлөрүн, талаптарын анын ыймандык деңгээлине, курагына, багыт алуучу идеалдарына жараша камсыз кылуучу социалдык-экономикалык жана уюштуруу шарттарын түзүү керек деген ой келет.

Муну ишке ашыруу үчүн, албетте, коомчулуктун билим берүү иштерине активдүү катышуусу, ошондой эле көптөгөн уюштуруу аракеттерин, билим берүүдө өз ара мамиленин жогорку деңгээлдеги маданиятын камсыз кылуу керек. Ошону менен бирге эле ар кандай багыттагы идеалдарды, турмушта иш жүзүнө ашырылган тажрыйбаларды карап чыгуу мугалим менен окуучу кандай болушу

керек, билим берүү жана тарбия берүү функцияларын ким аткарышы зарыл ж. б. суроолорго жооп издөөнү талап кылат.

Ушуга карай, азыр саясий кырдаалга байланыштуу аты коомчулуктун назарында турган Фетхуллах Гүлендин идеяларына жана иш-тажрыйбасына көңүл буруп көрөлү. Даанышман Руминин идеяларын, гуманисттик багыттагы ой-пикирлерин иш жүзүндө билим берүү системасы менен айкалыштыруу аракеттерин көрүп, коомчулуктун колдоосу менен ийгиликке жеткен Гүлендин тажрыйбасы терең иликтөөнү талап кылат. Ал мындан 30 жыл мурун Түркия мамлекетинде жаштарга замандын талабына жооп бере турган билим берүү үчүн жаңы муундагы мектептерди түзүү максатын коюп, бул идеяларын коомчулукка жеткире билген. Ф. Гүлендин пикиринде жаңы типтеги мектептер каржылоо жагынан мамлекетке көз карандысыз, менчик мектептер болуп, окуу иштери европалык стандартта жүргүзүлүп, бул мектептер улутуна, динине, тилине, өңүнө карабастан терең билим, татыктуу тарбия алган жаштардын муунун чыгарат. Алар келечекте достукта, бир туугандыкта, бекем сабырдуулукта жашаган коомдун чыныгы тиреги болот. Мындай жаштар өзүнүн элин, бүткүл адамзатты сүйгөн муунга айланат жана согуштарды жоюп, жердеги бекем тынчтыктын негизи боло алат деп эсептейт.

Ааламдашуунун шарттарында ар бир улут өз маданий мурастарын жана баалуулуктарын жоготуу коркунучунда турган кезде, Гүлен улуттук каада-салтты, адеп-ахлакты сактоо менен заманбап илимдерди (математика, физика, химия, биология, информатика ж. б.) эл аралык деңгээлде сапаттуу окутуучу, чет тилдерин мыкты үйрөтүүчү, искусстводогу жана спорттогу ийгиликтерди өздөштүргөн, чыгармачылык ишмердүүлүгү менен айырмаланган жаштарды элдин кызматына тартуулоочу билим берүү системасын түзүүнү сунуштайт. Анын ою боюнча, «жакшы мектеп – жалгыз гана теориялык билим берилчү имарат эмес, ошол эле учурда ал окуучуларды жашоого даярдаган бир мекеме же лаборатория дагы болушу керек».

Анын мындай ой-пикирлерин түрк ишкер адамдары колдоп, жаңы типтеги мектептер курулган. Ишкерлер анын насыяттары боюнча аларга тааныш эмес тармак болгон билим берүүгө инвестицияларды беришкен. Мындай мектептердин бүтүрүүчүлөрү абдан сыйлуу университеттерге тапшырып, өтө башташты жана жогорку адеп-ахлактуулугу менен айырмаланышты.

Азыр бул мектептер Түркиядагы эң мыкты мектептер деп эсептелинет. Көп кишилер Гүлен мырзанын кеңештерин угуп, дүйнөнүн дээрлик бардык булуң-бурчтарында мектептерди ачышкан. Ошентип, азыркы учурда мындай мектептер дүйнөнүн бардык жерлеринде курулуп, жаштарга терең билим, таасирдүү таалим-тарбия берүүнүн чордонуна айланууда.

Саясатка байланыштырбай, ушул кезге чейинки топтолгон факт жүзүндө карай турган болсок, кыргыз жергесинде да мындай мектептердин ийгилиги бар деп айтууга болот. Өзгөчө "кайра куруу" доорунда кыргыз мектептери каражат жагынан каржалып турган кезде таланттуу жаштардын билим алып, эл аралык аренага чыгып, өз жолун табышында кыргыз-түрк билим мекемелеринин эмгеги зор болду.

Гүлен билим берүүнүн маңызын өзгөртүүдө жеке адамдын укуктарын тепсебеген, ошол эле учурда социалдык жоопкерчиликти да сезген, жеке инсандык талаптарды да танбаган, жамааттык кызыкчылыктарды да көздөгөн принциптерди тандап алууну сунуштайт. Анын пикиринде «мектепте алынуучу эң жакшы билим окуучулардын билимди, тышкы дүйнөдөгү кубулуштарды турмуштук тажрыйбалары менен байланыштыра алуусуна шарт түзгөн билим» болуп саналат. Билимдин өзү канчалык баалуу болсо, билим берүүнүн максаты – жашоодо жол көрсөтүү жана адамды эң жогорку деңгээлге жеткирүүчү жолго жарык берүү да ошондой эле баалуу.

Гүлендин билим берүүнү жаңылатуудагы өзөктүү идеалдарынын бири – мектептерди камкор жана өрнөктүү педагогдор менен камсыздоо. Педагогдордо тарбиялануучуларына ак пейилден кызмат кылуу активдүүлүгүнүн болушу, билимдин коомдун проблемаларын чечүүдө башкы орунда турарын түшүнүү – эң маанилүү маселе. Адамгерчиликти сактаган, руханий байлыкты өзүнө камтыган, өз предметин мыкты билген, жаштарда жакшы сапаттарды калыптандыргысы келген профессионал, дили таза мугалимдер гана билим, тарбия берүүдө жүрөк менен да, акыл менен да иш алып бара алышат. Гүлендин билим берүүнү жаңылатуудагы дагы бир идеясы – билим берүүчү мекемелердин, ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн мамилесинин биримдигин бекемдөө, чогуу иш алып баруусун камсыз кылуу. Бул билим берүү концепциясын ишке ашыруудагы негизги таяныч экендиги белгилүү. Гүлен сунуштаган заманбап, мыкты билим берүүчү,

тилдерди жана информатиканы үйрөтүүчү технологиялык жактан жакшы жабдылган, таалим-тарбияга өзгөчө маани берген менчик мектептер коомчулук, тагыраак айтканда, жеке ишкерлер тарабынан каржыланат. Бирок бул менчик мектептер бай адамдар үчүн түзүлгөн окуу жайлары эмес, жалпы коомчулуктуку. Мына ушунусу менен Гүлендин тажрыйбасы азыркы күндө Кыргызстан үчүн терең мааниге ээ болууда.

Бүгүнкү күндө Түркия мамлекетинде мугалимдерге түзүлгөн шарттар, коомчулуктун терең сый-урматы Фетхуллах Гүлен сыяктуу адамдардын аракетинин, зор эмгегинин үзүрү, көп жылдык түйшүгүнүн жемиши десек жаңылышпайбыз. Так мына ушундай иштерди жасоо – бүгүнкү кыргыз коомчулугундагы каражаты жетиштүү ар бир адамдын, келечекти ойлогон алдыңкы муундун ыйык милдети.

# 2003-жылы Кыргыз тили мыйзамынын бет ачар жыйынында сүйлөгөн сөзү

**Урматтуу мекендештер!**
**Ардактуу бүгүнкү аземдин катышуучулары!**

Сиздерди Кыргыз мамлекетинин негизги атрибуттарынын бири, элибиздин эгемендүү улут катары жашап турушунун эң башкы символу болгон эне тилибиздин, тактап айтканда мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынышы менен чын дилимден куттуктаймын!

Мына ушул мамлекеттик тил мыйзамынын тушоо кесер салтанатын көрүп туруп, ата-бабабыздын «Тилиң менен, дилиң менен кыргызсың!» деген накыл кебинин канчалык төп келгендигине чындап ынанасың. Бул таамай дагы, таасын дагы айтылган сөз. «Адегенде сөз болгон» , – деп ошон үчүн айтылат да. Ким болбосун тилди таза сакташы керек, дилди аруу тутушу керек. Ушул экөө өз ара эриш-аркак жуурулушканда гана, кылымдар кыйырынан бери муундан-муунга таберик болуп келаткан ата-баба тарых-таржымалы менен салт-санаасы, акыл-парасаты менен адеп-актыгы келечекке ак кызматын үзгүлтүксүз өтөй берери бышык. Ата баба салтын тутпаган, наркын күтпөгөн адамдын арымы кыска болору анык. Бул жеке кыргыз эле эмес, дегеле бардык улут өкүлдөрүнө тиешелүү нерсе эмеспи.

Мыйзамга кол коюлганына, албетте, абдан кубандык. Ырас, маселенин тамырын тартпай туруп эле, көз караштар кагылышын өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланууну көздөгөндөр да болду. Кыргызстан эгемендүү өлкө болгондон кийин, кыргыз тили – мамлекеттик тил деп баш мыйзамда жазылгандан кийин, ал өлкөнүн саясий-социалдык экономикалык турмушунда өз ордун таап, тиешелүү деңгээлде өз милдетин өтөөгө тийиш. Менимче, бул мыйзам башка улут өкүлдөрүнүн укугуна эч кандай чектөө койбойт, тушоо салбайт. Бул жерде жалпы элдин кызыкчылыгына кайчы келе турган саясат деле көрүнбөйт. Элдин тили эл үчүн кызмат кыла берерине толук ишенемин. Ал үчүн үзүл-кесил эмес, такай аракет кылуу керек.

Чын-чынына келгенде, Кыргызстандын эң башкы байлыгы-анын жарандары. Андан кийинкиси эле – тил казынасы болуп саналат. Мына ошол мамлекеттик тил – кыргыз тили эгемендүү өлкө жарандарынын өз ара байланыш куралы гана эмес, абалкы менен жаңыны жалгаштырып турган, нечен кылымдар кыйырын кырча басып келаткан, кыргыз калкынын тарых таржымалы менен акыл-парасаты тууралуу маалыматтарды камтып турган баа жеткис казына. Ошондуктан, анын маданий жактан эле эмес, саясий-социалдык жактан да мааниси зор.

Эгер улуттун тили жоголсо, улут кошо жоюларын айкын түшүнгөн аз сандуу элдердин алдыңкы интеллигенциясы тээ дымагы күч СССР дин тушунда эле дүйнөлүк коомчулуктун алдында улут тагдырын, улуттук тил тагдырын кабыргасынан коюп, акыл-эс коңгуроосун кагып келишти. Андай эл эртеңи үчүн отко-сууга түшкөн нукура атуулдардын эң көрүнүктүү өкүлү болгон авар акыны Расул Гамзатовдун: «Эгерде менин тилим эртең жок боло турган болсо, анда мен бүгүн жок болууга даярмын!» – деген канаттуу сөзү ошондогу держава шовинисттерин селт эттирип, ал эми тагдыры татаал аз сандуу калктардын атуулдары үчүн табылгыс таяныч болуп бергендиги жалганбы. Ошол жагдайды образдуу салыштырган акын: « Бул асмандагы жылдыздардын баарын өчүрүп, жалгыз айды гана калтырып коём дегенге барабар, асмандагы ай да, жаркыраган жылдыз да өз табигый келбетин сактап турсун!» – деген эле. Тилдин жашап турушу – бул ошол элдин жашап турушу экендигин жазем дебей баамдаган доорубуздун алкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун да маселе көтөргөндүгү белгилүү. «Тилдер жөнүндөгү мыйзам баардыгына, кичинесинен тартып чоңуна чейинки бардык калктарга, Ата журтубуздун бардык элдери менен эл жамааттарына тиешелүү. Аталган көйгөйдүн элдик мааниманызы мына ушунда, тил дегениң бул тарыхый субъект катары ар кандай улуттун жашап турушуна кызмат кылчу эң башкы өзөк болот. Ар бир улут өзүнчө баалуу. Чоңу болсун, кичинеси болсун түбөлүктүү болгусу келет, бул-анын табигый укугу. Ал үчүн ар элдин тили өз кыртышынан өнүп, тамыр жайышы, ал эми анын тегерегинде башка тилдер да гүлдөп өнүгө бериши керек, дүйнөдө кайсы бир тил башка тилдердин баарын өзүнө оп тартып кетип, өзү жапжалгыз калышына тагдыр кириптер кылбасын. Эмне дегенде, абалдын мындайча өңүт алышы – айныксыз бир гана кесепетке –

алдыда күтүп турган глобалдык деградацияга алып келет» – деген. Бул пикирге кошулбай коюуга болбойт.

Мына ошондой тарыхый бурулуштун босогосунда турган 1989-жылы кабыл алынган «Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө» Мыйзам өз учурунда коомчулуктан колдоо тапса да, кээ бир бийликтеги аткаминерлердин кош көңүл мамилесинен улам, мамлекеттик тилди жүзөгө ашыруучу, кыймылга келтирүүчү ири иш-чаралар да ойдогудай болбой калган. Аткарууга тийиш болгон атайын адистердин катары кыскарып, мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө бөлүнгөн акча каражаттары кумга сиңген суудай дарексиз жок болуп кеткен.

Ошентип:

«Кой маарайт койдун тилинде,
Уй мөөрөйт уйдун тилинде.
Уй, койдон артта калдык биз,
Өз эне тилди билүүдө»

– деп Байдылда акын жазгандай, эң кейиштүү абал түзүлгөнү эч кимге жашыруун деле эмес. Шаар калкынын соңку муунунда өз эне тилин билбеген, ата дилин өгөйлөгөн арабөк катмар сокур ичегидей салаңдап өсө баштады. Кыскасы, мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө коңшулаш Өзбекстан, Казакстан жана башка өлкөлөрдөн ат чабым артта калдык. Кыргыздын башка өлкөсү болбогондуктан, мамлекеттик тилди биз ушул Кыргызстанда, эпицентр болуп саналган ата-журтубузда гана сактап, өнүктүрө алабыз. Эгерде кыргыз тили сүйлөнүүдөн, колдонуудан калса, анда Кыргыз мамлекети да болмок эмес. Кыргыз тили элетте, көчөдөгү оозеки байланышта гана колдонулбаса, расмий мамлекеттик жыйындардын көпчүлүгү өзгө тилде өтүп, өз эне тилибиздин колдонуу чөйрөсү улам тарып баратканы жалпы жарандарыбызды тынчсыздандырбай койбойт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин долбоору үстүбүздөгү жылдын 12-февралында Жогорку кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан толукталып, кошумчаланып кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Мыйзамынын кабыл алынышы улуттук кайра жаралуу дооруна чоң демөөр бере турган тарыхый окуяга айланды десек болот.

Мыйзамды талкуулоо учурунда эне тилин колдогон өтө көп күйөрмандарыбыз да болду. Биз урматтуу депутаттарга күйөрмандарга ыраазычылык билдиребиз. Статьяларга токтоло

кетели. Маселен, 3-главанын 7-статьясында: «Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, башка уюм, мекемелердин иши мамлекеттик тилде, зарыл учурларда – расмий тилде да жүргүзүлөт» – деп айтылат. Башка улуттагы мекендештерибизге карата жасалган мындай айкөлдүк, даркан мамиле кайсы өлкөдө бар да, кайсы эл дүйнөгө өзүнүн көтөрүмдүүлүгүн, сабырдуулугун көрсөтөт деп ойлоймун.

Ушул эле главанын 8-статьясында: «Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы, Премьер-министри, Конституциялык сотунун төрагасы мамлекеттик тилди билүүгө – мамлекеттик тилде окуй, жаза, өз оюн айта жана эл алдында сүйлөй билүүгө милдеттүү» деп айтылат. 9-статья: «Мамлекеттик кызматчылардын мамлекеттик тилди билүүсүн өкмөт аныктайт. Эмки сөз өкмөттө жеке кызыкчылык үчүн эмес, элдин кызыкчылыгы 70% калкы турат. Эске алуу зарыл». 11-статья: «Расмий жыйындар мамлекеттик тилде өткөрүү каралган ... бүгүн баштадык».

Илгертен элибиз: «Өнөр алды – кызыл тил», – деп акылман сөзгө чечен, чукугандай кеп тапкан акылы тунук, туюму зирек журт аталарын, кол башчыларын туу тутушкан, аларга эл тагдырын, жер тагдырын ишенип беришкени тарыхый баскан жолубуз буга күбө. Айтайын дегеним, өлкөнүн жогорку кызматындагы жана мамлекеттик кызматындагы адамдардын өз элинин тилинде сүйлөөсүн ким каалабайт. Биринчи кезекте калк менен катарлаш болуп, өз ара түшүнүшкөн жетекчилердин жаңы көчү жаралууга тийиш.

Андан ары 5-главанын 18-статьясында: «Жалпы билим берүүчү мекемелерде мамлекеттик тил боюнча жазуу жүзүндө класстан-класска көчүрүү, бүтүрүү, ал эми кесиптик, башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларында кирүү жана бүтүрүү экзамендери милдеттүү түрдө киргизилет».

Бул статья да Мамлекеттик тил мыйзамынын кадыр-баркын, иштөө чөйрөсүн жогорулатып, дагы бийиктикке көтөрөт деп ойлойбуз. Анткени, балдарды тарбиялоо бала бакчадан башталып, мектепте калыптанып, атайын орто, жогорку окуу жайларында өнүгүп-өсөрү белгилүү. Демек, мамлекеттик тилдин келечеги да дал ушул муунга байланыштуу болору айкын.

Айтор, ушундай-ушундай арымдуу, ары алымдуу, учур талабына төп келген заманга шайкеш келген жерлери өтө көп. Эгерде биз мурда мамлекеттик тилди өнүктүрүү ишинде тилди үйрөнүүчүлөргө зарылдык түзө албай келсек, буюрса азыр андай зарылдык бар. А зарылдык болмоюнча өзгөлөп турсун, өз улутташтарыбыз да үйрөнүүгө баш коёру күмөн. Эми, бул мыйзамды жүзөгө ашыруу үчүн ар бирибиз жоопкерчилик менен мамиле кылып, оз салымыбызды кошуубуз керек. Антпесе, кандай жакшы мыйзам болбосун, анын ишке ашуусу кыйын. Анын үстүнө, тилди мыйзам гана эмес, эл сактайт, башкача айтканда, эне тилибиздин мүмкүнчүлүктөрүн сиз менен биз гана кеңитип, анын колдонуу чөйрөсүн жана беделин көтөрө алабыз.

Мамлекеттик тил мыйзамын колдоо боюнча дагы бир экономикалык мыйзам кабыл алды. Ал кыргыз китептеринин, сөздүктөрүнүн ж.б. үчүн газета, журналдарга кошумча салыктын куткарат. Бул баасы 20% арзандайт деген сөз.

Урматтуу бүгүнкү бет ачар аземинин катышуучулары жана да кыргыз тилинин күйөрмандары! Ылайым кыргыз тили өз деңгээлине көтөрүлүп, кылымдардан кылымдарга көпүрө болуп, урпактарыбызга кызмат өтөй берсин!

# Жаңы мезгил – жаңы мыйзам

*2003-жылы май айында мыйзамдын демилгечиси, парламентте коргоочу жана негизги иштеп чыгуучусу катары мыйзам кабыл алынгандан кийинки Бет ачарында сүйлөгөн сөзү*

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев 2003-жылдын 30-апрелинде "Билим берүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду, ал басма сөзгө жарыяланган учурдан – 2003-жылдын 13-майынан тартып күчүнө кирди.

Бул жаңы Мыйзам билим берүү тутумундагы мамилелерди жөнгө салуучу базалык мыйзам болуу менен катар билим берүүнүн деңгээлин көтөрүүгө зарыл укуктук базаны түзүп, өлкөнүн билим берүү тутумунун өнүгүшүнүн жаңы философиясын аныктап, практикалык багытын белгиледи.

Эгемендүүлүктүн жылдарында республиканын социалдык-экономикалык, коомдук саясий турмушунда түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр болуп, Кыргыз Республикасынын билим берүү тутуму да кеңири масштабдуу реформаларды жүргүзүп, өзүнүн негизги милдеттеринен тышкары коомдо турукташтыруучу башталыштагы милдеттерди аткарды.

Окуу жайлардын тармагы, түрү, кеңейди, анын натыйжасында өлкөбүздүн бардык регионундагы жаштар үчүн жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгү да түзүлдү. Тагыраак айтканда жогорку окуу жайлардын саны 1991-жылга салыштырганда дээрлик 4 эсеге өстү.

Ушунун бардыгы Кыргыз Республикасынын 1993-жылы кабыл алынган, өз учурунда зарыл болгон "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынан улам жаралды десек жаңылышпайбыз. Ошону менен катар өткөн жылдарда билим берүү чөйрөсүндө кемчиликтер да болбой койгон жок. Маселен, ЖОЖдор менен студенттердин санын өсүшү билим берүүнүн сапатынын төмөндөшүнө алып келди. Мурда кабыл алынган "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы эскирип, көп жагынан азыркы күндүн талаптарына жооп бербей, билим берүү реформасын жүргүзүүгө кедерги болгону маалым.

Бүгүнкү күндө бүткүл дүйнөдө билим берүүнүн бардык тармагына карата мамиле түп тамырынан бери өзгөрүлүп жатат. Ушунун натыйжасында көп өлкөлөрдө терендиги, масштабы боюнча

да улуттук билим берүү тутумун ар тараптуу реформалоо жүргүзүлүүдө. Мындай көңүл бөлүүнүн себеби – коомдун эң маанилүү баалуулугу жана негизги капиталы адам экендигинде турат.

Демек, "Билим берүү жөнүндө" жаңы Мыйзам – бул билим берүүнүн мамлекеттик саясатынын артыкчылыктуу стратегиялык багыты болуп эсептеле тургандыгын белгилейт. Ал өз ченемдеринде биринчиден, билим алуунун баарына тең бирдейлигин жана жеткиликтүүлүгүн экинчиден, билим берүү уюмдарынын жана программаларынын көп түрдүүлүгүн бекемдесе, үчүнчүдөн, билим берүү, окутуунун альтернативалуу жаңы формаларын, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде да , андан тышкары да ишке ашырса боло турган акы төлөп билим алуунун алкагын кеңейтет, төртүнчүдөн, көп жактуу каржылоо тутумун пайдаланууга, педагогдорду социалдык жактан колдоого мүмкүнчүлүк ачат жана бешинчиден, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде өзүбүздүн билим берүү тутумубузду (интеграциялоо үчүн) мүмкүнчүлүк берет.

Өлкөбүздүн парламенти тарабынан Европадагы жогорку билим берүүгө тиешелүү квалификацияларды таануу жөнүндөгү Лиссабон конвенциясынын ратификацияланышы Кыргызстандын билим берүү тутумунун дүйнөлүк мейкиндикке кирүү үчүн ири кадам болуп калды.

Мында Мыйзамда камтылган ченемдер билим берүү ишин сапаттык жагынан жакшыртууга багытталганын, булардын ичинен эң башкысы Европанын жогорку билим берүү тутумуна шайкеш келиш үчүн Кыргызстандын Болон процессине кошулуу зарылдыгы келип чыкканын белгилеп кетүү керек. Бул процесске кошулуу төмөндөгүдөй өзөктүү багыттарды сактоо талап кылгандыгы жашыруун эмес. Алар:

- билим берүү тутумун демократиялаштыруу;
- көп деңгээлдүү, баскычтуу билим берүүнү киргизүү жана сапатка кепилдик берүү системасын өркүндөтүү;
- студенттер менен окуучулардын жигердүүлүгүн кеңейтүү жана кредит сааттарды киргизүү;
- окутуунун сапатына контроль жасоонун жалпыга таанылган системасын киргизүү менен берилген дипломду таануу;

Жаңы Мыйзамда Болон процессинин бир катар позициялары каралды жана ал жайылтуунун алдында турат.

Анын талаптарына жараша, жаңы Мыйзамда "академиялык эркиндик", "аккредитация", "коомдук контроль", "билим берүүнүн көп баскычтуу тутуму" деген түшүнүктөргө так аныктама берилди.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатынын стратегиялык багыты Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" жаңы базалык Мыйзамында укуктук жагынан бекемделгендигин белгилей кетсек болот.

Мыйзам билим алып жаткандардын укуктарын кеңейтүүнү карайт. Эми алар окутуунун кайсы этабында болсо да билим берүү уюмдарын тандоого (которулууга) мүмкүнчүлүк алышат. Аккредиттелбеген билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрү мамлекеттик үлгүдөгү документтерди алыш үчүн аттестацияланган же экстернат формасында (өзгөчөлөнгөн бөтөнчө учурларда) аттестациядан өтүүгө укуктуу.

Жогорку окуу жайлардын лицензиясы же аккредитациясы (аттестациясы) бар студенттер аскерге чакырылуу мөөнөтүн узартуу да каралган.

Жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн кепилдиктерин күчөтүү максатында мамлекеттик бюджеттин эсебинен ЖОЖдорго студенттерди кабыл алуунун планы 2000-жылдын планынан төмөнкү деңгээлде болбоосу белгиленди. Бул болсо Өкмөт кийинки жылдардагыдай эле кабыл алууну кыскартпайт деген максатта жасалганы белгилүү. Албетте мындай кадам билим алууну көксөгөн, мүмкүнчүлүгү жогору, бирок чөнтөгү жука жаштар үчүн колдоо болмокчу.

Ошондой эле Мыйзамда билим берүүнүн сапатын өркүндөтүү маселесине олуттуу маани берилген. Билим берүү уюмдары уюмдары менен программаларынын көп түрдүүлүгүн. өзгөчөлүгүн эске алуу менен Мыйзам инсандын жекече багыт алышына мүмкүнчүлүк түзүп, рыноктун шартына ылайыкташканы да байкалат. Бул болсо билим берүү процессин демократиялаштырууга жана студенттер менен окутуучулардын активдүүлүгүнө көмөк берери шексиз. Ошол максатта дистанттык, үй-бүлөлүк, жекече билим берүүнүн жаңы формалары киргизилгени да бекеринен эмес. Дистанттык билим берүү технологияларын легитимдештирүү тутумундагы бүтүндөй бир катар татаал маселелерди чечүүнү жолго

коюп, дүйнөлүк информациялык мейкиндикке кирип, билим алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтип, анын сапатын жогорулатууну ийгиликтүү чечүүгө шарт түзгөндүгү менен маанилүү.

Жаңы мыйзам боюнча билим берүү уюмунун юридикалык жак катары укугу ал каттоодон өтүп, лицензия алган учурдан тартып пайда болот (мамлекеттик мектептен жана мектепке чейинки уюмдан башкасы). Лицензиясыз иш жүргүзүү дароо мыйзамдан тышкаркы аракет катары каралат.

Билим берүү уюмдарынын мамлекеттик статусу алар мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өткөн соң белгиленет.

Мыйзамда мамлекеттик үлгүдөгү билим же квалификация алгандыгы тууралуу тиешелүү документтерди мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өткөн билим берүү уюмдары гана бере тургандыгы каралган.

Билим берүүнүн сапатына көзөмөлдү күчөтүү максатында сапатсыз окуткандыгы үчүн кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына жеке жана юридикалык жактар доо коюу укугу берилгендиги белгиленген. Билим берүү уюмдарына коомдук контролду күчөтүш үчүн кам көрүү кеңештери да киргизилген.

Билим берүү тутумун өркүндөтүүнүн, окуу процессинин сапатын жогорулатуунун натыйжалуу куралы катары – билим берүүнүн стандарттарына ылайык аларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү милдети Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бекитүүсү менен Билим жана маданият министрлигине жүктөлгөнү туура деп ойлоймун. Мында негизги билим берүү программалары үчүн мамлекеттик стандарттарды аткаруу формалары кандай экенине карабастан, билим берүү уюмдарынын бардык түрлөрү үчүн милдеттүү болуп эсептелгендигинде.

2002-окуу жылындагы жалпы республикалык тестирлөөнүн сыноосу окуу жайларга тапшыруучулардын билим деңгээлин аныктоодо анын максаттуулугун, ошол эле учурда мамлекеттик билим берүү гранттарын пайдалануунун сарамжалдуулугун жана даректүүлүгүн көрсөттү. Ушуга таянуу менен "Билим берүү жөнүндө" жаңы Мыйзамда жалпы республикалык тестирлөөнүн зарылдыгы тастыкталып, эми мектептердеги бүтүрүү экзамендери менен жалпы республикалык тестти айкалыштырып өткөрүүгө мүмкүндүк берчү жагдай киргизилип олтурат.

Мыйзам жогорку класстагы мектеп окуучуларынын түйшүгүн жеңилдетип, алардын кызыкчылыктарына жана жөндөм-шыгына жараша профиль боюнча тереңдетилип даярдалышына басым жасоого мүмкүндүк берет, Негизги билим берүү (1-9-класстар) милдеттүү жана акысыз, ал эми орто билим берүү (10-11-класстар) жалпыга жеткиликтүү жана акысыз болот, бирок милдеттүү эмес.

Ошол эле учурда мамлекеттин экономикалык мүмкүнчүлүктөрү чектелүү экендигин эске алып, жаңы Мыйзам мамлекеттик тапшырманын чегинде кесиптик, орто, жогорку жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билимдин акысыз берилишине чектөө коёт.

Жарандардын билим алуу укуктарын камсыз кылуу, ошонун ичинде окуу китептерин жана окуу куралдарын басып чыгаруу жоопкерчилиги конкреттүү түрдө Өкмөткө жүктөлүшү жаңы мыйзамдагы маанилүү жагдай болуп эсептелет.

Жаңы Мыйзамга республиканын мамлекеттик жогорку окуу жайларынын тизмеси Өкмөт тарабынан аныкталып көрсөтүлө турган ченем киргизилди, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет. Мамлекеттик ЖОЖдордун тизмесине кирбеген жогорку окуу жайлар акционерлештирилет, мында алар өздөрүнүн негизги билим берүү ишин сактап калат. Ошентип, бошотулуп алынган каражаттар мамлекеттик ЖОЖдордун тизмесинде көрсөтүлгөн окуу жайларды каржылоого жумшалат, бул билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатууга ырааттуу түрдө көмөк көрсөтөт. Ошондой эле бул мамлекет тарабынан бөлүнүүчү каражаттарды бардык ЖОЖдорго чачкын бөлүштүрүп жибербей, тизмеде көрсөтүлгөн жогорку окуу жайынын билим берүү муктаждыктарына сарптоого мүмкүндүк берет.

Мында республикалык маанидеги жогорку окуу жайларга мамлекет тарабынан негизделип, бир нече тармактар боюнча кадрларды даярдоодо лидер болуп саналган, эреже катары өлкөнүн борборунда жайгашкан ЖОЖдор кирет.

Региондук маанидеги мамлекеттик жогорку окуу жайлар болуп, негизинен, кайсы бир регион үчүн кадрларды даярдоочу, республикабыз үчүн чоң мааниси бар, ошол региондун 9областтын) административдик борборунда жайгашкан ЖОЖдор эсептелет.

Кийинки жылдары ЖОЖдордун бир тобу имарат жайлары да, башка мүлкү да болбогон "жел" окуу жайларынын санын кыйла көбөйткөнүн тана албайбыз. Бул процессти токтотуш үчүн ЖОЖдун

түзүмдүк бөлүмү өзүнө атайын мүлктү бөлүп берген учурда гана түзүлүшү мүмкүн деген ченем киргизилди. Демек, бир эле окуу жайдагы кесиптик кайталанма бөлүмдөрдү бириктирип, сапатын жакшыртууга мезгил жетти.

"Билим берүү жөнүндө" Мыйзамда тармактын каржылоо көйгөйүнө да көңүл бурулду. Ушундан улам азыркы тапта каржылоонун төмөндөгүдөй кошумча каражаттарына легитимдүүлүк берилди: алар депозиттик салымдардын кирешелери, жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу берген каражаттары жана максаттуу салымдары. Ошентип, билим берүү ишин көп жактуу каржылоо принциби орнотулуп жатканын белгилеп кетүү керек.

Бир окуучуга бир класс-комплектиге, топко аларды ырааттуу көбөйтүү принцибине негизденүү менен жаңы типтүү ченемдик чыгымдарды киргизүү, ошондой эле айыл жерлериндеги окуучулардын сан-эсебине көз каранды болбой турган аз комплекстүү мектептерди каржылоо Мыйзамдагы жаңы көрүнүш катары кабыл алынды.

Мындагы дагы бир орчундуу жагдай – билим берүү системасын Билим, Ыйман жана Маданияттын ажырагыс биримдиги катары кароонун зарылдыгы. Бул үч нерсе билим берүү системасынын борбордук фигурасы болгон педагогдун инсандык парасаты аркылуу тастыкталат. Педагогдук кесиптин коомдогу кадыр – баркын көтөрүү, педагогдун жана анын эмгегинин аброюн камсыз кылуу үчүн укуктук жагдайларды жана шарттарды түзүү да жаңы мыйзамдын философиялык негиздеринин бири болуп калды.

Жаңы Мыйзам окуп жаткандарды, педагогдорду жана ата-энелерди социалдык жактан коргоону күчөтөт. Кесиптик баштапкы, кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүү окуу жайларында, уюмдарында окуп жаткандарды, студенттерди социалдык жактан колдоо үчүн аларга мамлекеттин эсебинен социалдык билим берүү кредиттери берилиши мүмкүн.

Окутуучунун эмгегинин кайтарымын жогорулатуу максатында педагогдордун эмгек акысын Кыргыз Республикасындагы орточо эмгек акынын деңгээлинен төмөн болбогон өлчөмдө көтөрүүгө, ошондой эле аларды социалдык жактан коргоо ишине байланыштуу "Билим берүү тутумундагы кызматчыларды социалдык жактан коргоо" статьясы кыйла бекемделгенин да баса белгилегим келет. Иш- милдеттерге

байланышпаган жумуштарды аткаргандыгы үчүн педагогдорго кошумча акы төлөө жагы да каралды. Билим берүү уюмдарына үстөк, кошумча акы, сый акы, ишке дем берүүнүн дагы башка чараларын белгилөөгө эркиндик берилди. Окумуштуулук даражасы жана педагогдук стажы үчүн мурдагыдай ЖОЖдордун кызматчыларына гана эмес, мындан ары мектептердин жана кесиптик орто окуу жайлардын кызматчыларына да кошумча акы кароо жүзөгө ашырылмакчы. Адабияттарды сатып алгандыгы үчүн да чыгымдардын ордун толтурууга мүмкүнчүлүк берилет.

Айыл жерлериндеги мектептерге иштегени келген жаш адистерге жергиликтүү бюджеттин эсебинен чарбачылык жүргүзүү үчүн кызмат акынын он эсе өлчөмүндө бир жолку жөлөк пул төлөнөт.

Кембагал үй-бүлөлөрдүн балдарын айыл мектептеринде акысыз окуу китептери менен камсыз кылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлгөнү да максатка ылайык деп эсептеймин.

25 жана андан арбын педагогдук стажысы бар билим берүү кызматынын өкүлдөрүнө иштеген жылдары боюнча пенсияга чыгуу укугун, айылдык мугалимдерге бир айыл өкмөтүнүн аймагында акысыз жүрүү, ошондой эле билим берүү мекемелерин салыктан бошотуу сунуш кылынган. Бирок бул жаңы сунуштардын мамлекеттик казына үчүн оордук кылаарын эске алып, Кыргыз Республикасынын Президентинин бул ченемдер алынып салынсын деген каршы пикирине парламент макулдугун бергени учур талабына шайкеш келген.

Башка дагы көптөгөн жаңы жоболор терс көрүнүштөрдү четтетүү же билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү табуу зарылчылыгынан келип чыкканы даана көрүнүп турат.

"Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын жаңы Мыйзамы базалык мыйзам болгондуктан, аны ийгиликтүү жүзөгө ашыруу үчүн көптөгөн мыйзамдык актыларды түзүү, ал эми жакынкы келечекте "Жогорку жана ЖОЖдон кийинки билим берүү жөнүндө", "Мектепте билим берүү жөнүндө" жана башка мыйзамдардын долбоорлорун иштеп чыгуу маселелеринин үстүндө иштеп жатабыз. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Билим жана Маданият министрлиги, педагогдор, окуучулар менен студенттердин жаңы окуу жылын жаңы мыйзамдын ченемдери

боюнча баштоосуна зор көңүл бурушу зарыл. Билим берүү секторунун ишенимдүү укуктук базасы болгон бул жаңы Мыйзам коомдо билим берүү проблемаларынын туура чечилишине, билим берүү тутумубузду дүйнөлүк билим берүү стандарттарынын деңгээлине көтөрүүгө мүмкүндүк берет деп ишенем.

Жыйынтыктап айтканда, элибиз билим берүү жаатындагы жаңы, экинчи муундагы мыйзамга ээ болду. Бул чындыгында эле элдик мыйзам, анткени, билим берүү өлкөбүздөгү эн массалык тармак болуп саналат. Ага 1млн 300миңге жакын адамдын катышы бар, башкача айтканда, ар бир үчүнчү кыргызстандык окутат же окуйт. Баарыбыздын алдыбыздагы зор милдет жаңы мыйзамды ырааттуу жана жемиштүү жүзөгө ашырууда турат. Эмесе жаңы мыйзамыбыздын жолу байсалдуу болуп, жаңы жетишкендиктерге алып келсин.

# Азыркы коомдун шартындагы мугалимдин ролу жана статусу

*2012-жылы октябрь айында мугалимдер күнүнө карата Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде доклад жасаган*

Байыркы цивилизациялардагы агартуу иштери менен педагогикалык ойлор мейкиндик жагынан да, мезгилдик жагынан да өтө чоң жемиштүү доорду басып өткөн. Дүйнөдө байыртадан эле акыл менен билимдүүлүктү адам баласына таандык башкы касиет катары баалашкан.

Байыркы түрк калктарынын педагогикалык ой-табылгалары фольклордук чыгармаларда сакталган, жазуу маданияты калыптана электе түрк элдери таш жазуу эстеликтерин жаратышып, урпактар үчүн абдан баалуу маалыматтарды калтырышкан жана тарбиялоо иши ошол коомдун шарт-жагдайлары талап кылган иштерге багытталган. Кыргыздарда интеллектуалдык маданиятты, акыл-билимди башкы байлык, негизги дөөлөт катары карашкан жана улуу «Манас» чыгармасы, кыргыз элинин жашоо шарты, тарыхы менен байланышкан дастандары аркылуу педагогикалык ой-табылгаларды муундан муунга берип келген.

Ал эми бүгүнкү күнү мугалимден, анын ишинен кыргыз коомчулугунун гана эмес, жалпы адамзаттын дагы тагдыры көз каранды десек болот. МУГАЛИМ деп мектептердеги, ЖОЖдордогу педагогдорду, кызматкерлерди гана эмес, элдин кылымдардан бери сактап келе жаткан эс-тутумун, тажрыйбасын, адеп-ахлак, ыйман жана болгон билимин муундан муунга жеткирип туруучу, сактоочу, өркүндөтүүчү системаны түшүнсөк болот. Бүгүн дүйнө цивилизациясы тез өзгөрүп, ааламдашуу доорунда билим берүү чоң роль ойноодо. Жаңы коомдогу баалуулуктардын негизги капиталы бул адам экендигин биз дайыма түшүнүшүбүз керек. Ошон үчүн жаңы доорго билимдүү, профессионал, көп тилдүү, гумандуу адамды тарбиялоо – бул билим берүү системасынын негизги максаты. Ушундай системанын кыймылдаткыч күчү болуп келген жаштарга билим-тарбия берген, албетте, бул – катардагы мугалим. Мугалим дайыма коомдо өзгөчө орунду ээлеп келген. Канча мезгил, канчалаган согуштар, революциялар өтсө да мугалимдин башкы

функциясы жана милдети – окутуу жана тарбиялоо. Билим берүү бүтүндөй биздин коомчулуктун өнүгүүсүнүн негизи болсо, мугалимсиз билим берүүнү элестетүү мүмкүн эмес. Кыргызстандын келечеги мугалимдерге көп жагынан көз каранды десек жаңылышпайбыз. Ошондуктан, мугалимдер окуучуларды ар тараптуу инсан кылып тарбиялап, билим бериши жана ошондой билим бере ала турган бийик деңгээлде болушу аба менен суудай керек. Ар бир өлкөнүн кыйын мезгилдеринде мугалимдердин ролу жогорулайт. Мугалимге, анын деңгеээлине көңүл бөлбөгөн мамлекетте эл ар түрдүү диний секталардын агымына кептеп, кылмыштуулук күчөйт. Биздин коомдогу кризистин күчөшү мугалимге болгон мамлекеттин мамилеси менен байланыштуу. Кыргызстанда мындан жарым кылым мурун мугалимдер коомдогу абдан билимдүү адамдар болушкан. Азыркы учурда биз, тескерисинче, балдардын ата-энелери ар тараптуу, көп тармактуу билимдүү болгон коомдо жашап жатабыз. Эң билимдүү, эң алдыңкы адамдар азыр билим берүү тармагында эмес. Бул абал өзгөрүшү зарыл. «Алма шагынан алыс түшпөйт» деген макалдын билим берүү тармагында дагы мааниси бар. Балдарга татыктуу тарбия берүү – өтө чоң педагогикалык даярдыкты жана илимдүүлүктү талап кылат. Ар бир бала өзүнчө аалам. Ар окуучуга тарбиянын өз-өзүнчө формасы талап кылынат. Ошондуктан, жаңы муунду тарбиялоодо негизинен үч фактор – 1) үй-бүлө (ата-эненин тарбиясы), 2) мектеп (мугалимдердин тарбиясы), 3) коом – өзгөчө ролду ойнойт, бирок алардын ичинен мугалимдердин ролу өтө чоң. Мугалим кандай болсо, баланын тарбиясы, демек, инсандык сапаты ошондой болот. Үрөн кандай болсо, түшүм ошондой. Дыйкан келерки жылга үрөн камдаганда, ал жыйнап алган түшүмүнүн ичинен эң тазасын, сорту жогоркусун тандап алат эмеспи. Ушул себептен улам мектепти бүтүрүүчү окуучулардын эң кыйындарын мугалимдик кесипке багыттоо керек. Мугалимдикке өтө жөндөмдүү, зээндүү, өтө билимдүү улан-кыздар келиши зарыл. Ата-энелер мугалимдерге өздөрүнүн тукумун улантуучу уул-кыздарын ишенип тапшырса, коом мугалимдерге өзүнүн келечектеги ээлерин, жаңы заманды куруучу, жаңы муунду ишенип тапшырат. Ошондуктан, мугалимдик кесиптин эсебинен мамлекеттин каражат үнөмдөөсү бул – биздин элге, өлкөгө кылган кыянатчылык. Ал эми азыр мугалимдердин бүгүнкү оңолуп бараткан учурдагы абалын көрүп турган окуучулар

бул кесипти тандайбы? Мамлекет мына ушул маселеге бардык көңүлүн буруп, бул абалдан чыгууга шарт түзүүсү зарыл. Мен Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде экинчи жыл иштеп, университеттин келечеги кең, өсүп-өнүгүү жолунда экенин көрүп туруп, педагогика тармагына өзгөчө көңүл бурууну жана педагогика кесибин алууну кеңейтүүнү туура деп ойлойм.

Өз убагында, Жогорку Кеңеште иштеп турганда 2001-жылы «Мугалимдин статусу» жөнүндө мыйзамды мурдагы советтик мамлекеттердин ичинен эң биринчи болуп даярдап, биз кабыл алганбыз. Ошол мыйзам кийин башка мамлекеттерде кабыл алынган ушундай мыйзамдарга негиз болуп берди. Биздин максатыбыз мугалимдердин абалын жеңилдетип, мектептерди сактап калуу эле. Тилекке каршы, Мугалимдин статусу жөнүндө саясий жарыя, декларациялардын бардыгы маселени кооз кылып көрсөтүп келгени менен билим берүү тармагында реалдуу финансылык камкордук көрүү маселесин өз убагында чечип бере албады. Бирок мугалимдин кадыр-баркын көтөрүүнүн, ага шарт түзүп берүүнүн биринчи кадамдары болду. Көп себептерден улам Кыргызстандагы билим берүүнүн кийинки жылдардагы сапаты начарлап кетти. Бул болсо келечектин тамырына балта чабуу менен барабар. Сөзсүз мугалимдин коомдогу орду да өзгөчө экенин унутпоо керек. Мугалимге жасаган мамилесине карай азыркы биздин коомго, мамлекетке так мүнөздөмө берүүгө болот. Мугалимге, анын жашоо-турмушуна кам көрүү деген – бул жаш муундарга кам көрүү деген сөз.

Демократиялык жана укуктук мамлекет куруу жолунда педагогикалык технологиялар дүркүрөп өсүп, билим берүүнүн мааниси артып турган чак. Кыргызстандын дүйнөлүк аренада өнүккөн мамлекет болушу мугалимдердин кесиптик деңгээли, терең билимдүү муундарды өстүрүүгө болгон жоопкерчилиги менен байланышкан. Ошондуктан, бүгүнкү заманда мугалимдердин өз билимин тынымсыз жаңылап, тереңдетип, алдыңкы технологияларды өздөштүрүп, аларды өз ишинде чыгармачылык менен колдонуу процесси өз нугуна түшө албай, кыйынчылыктарга туш болууда.

Ошентсе да, учурдагы көптөгөн кыйынчылыктарга карабай, көпчүлүк мугалимдер активдүү иштеп жатышат. Кыргыз мамлекетинин эң негизги байлыгы жарандарыбызга башталгыч, орто жана жогорку билим берүү, тарбиялоо мугалимдердин негизги

милдети жана аткара турган иши. Ошондуктан, мамлекеттин өсүп-өнүгүшүндө мугалимдердин ролу өтө чоң. Муну мен өмүр бою билим берүү системасында иштеген адам катары айтар элем.

Мугалимдин статусунун ички жана сырткы жактарын карап көрөлүк. Биринчиден, мугалим өзүнүн жоопкерчилигин жана коомдогу ролун кандай түшүнөт жана баалайт. Экинчиден, коомчулук ага кандай мамиле кылат жана эмнени күтөт. Мугалимдин статусу бийликтин, жалпы коомчулуктун ага болгон ар түрдүү мамилесинен улам жабыр тартып келет.

Көп учурда коомчулук мугалимдик кесиптин алдында турган кыйынчылыктарды, чечилүүчү маселелерди түшүнө бербейт. Азыркы күнгө чейин, мугалимдердин статусун көтөрүш керек деген маселе коюлса, көпчүлүк мамлекет анын эмгегин туура баалап, каражат бөлүшү керек деген түшүнүк менен чектелет. Мамлекет каражат жагынан гана көңүл бөлүп, атаандаштыкты жогорулатууга шарт түзбөстөн, алдыңкы, билимдүү адамдарды билим берүү тармагында иштешине мүмкүндүк берүүчү абалды түзүүгө багыт алышы керек. Чыныгы адистер, алдыңкы, ар тараптуу билимдүү, чыныгы мугалимдер гана алардын коомдогу статусун өзгөртө дагы, көтөрө дагы алат. Ошондой эле окуучулардын дагы жетишкендиктери зор мааниге ээ.

Дүйнөлүк деңгээлде мугалимдердин орду, ролу толук пайдаланылбай, мектеп, жогорку окуу жайлары өз ролун толук аткара албай жатат. XXI кылымда жетишкендик катары даяр жаңы информациялык технологияларды алып өз карьерасын түзүп алууга жетишүүдө. Бирок академиялык билимдин, критикалык ойлоонун, өзүн-өзү өстүрүүнүн жетишсиздиги – бул толук квалификация албагандыгын аныктайт.

Азыркы мезгилде эң негизги проблема – дүйнөдө адамзаттын өз мүмкүнчүлүгүн толук пайдаланбай, энергиясын, ички ресурстарын өздөштүрбөй жаткандыгы өкүнүчтүү. Келечекте ошол мүмкүнчүлүгү, коомдун өнүгүшү, өзүнүн жашоо шарты үчүн пайдалануу, билим берүү системасынын жана мугалимдердин негизги максаты болуп эсептелет.

Жаңы мугалимдин окуучуга койгон милдети инсандын өз өмүрүнүн агымы менен алган билимди, пайдалануу эле эмес, жаңыча окуу, информацияны изилдөө, кайра ой жүгүртүү жана турмушта жаңыча пайдалануу болуп эсептелет.

Мына ушундай фактылар мамлекет саясатында билим берүүгө дагы эле орчундуу маани берилбей жаткандыгын көрсөтүп турат. Ошол эле учурда ачыгын айтышыбыз керек, азыркы көрүлүп жаткан камкордук канчалык мурдагыдан жогорулады дебейли, мугалимдердин эмгегинин баасына чендебейт. Чыныгы мугалимдердин эмгегине баа жетпейт, алардын кажыбас эмгеги – биздин келечегибиздин өбөлгөсү. Мугалимдердин эмгегине жараша бийик урмат-сый көрсөтүү, алардын турмуш деңгээлин жогорулатуу маселелери жаңы коомдун көңүл борборунда турушу зарыл.

Мугалимдин коомдогу аброюн жогорулатуу боюнча иштер улантылышы керек.

Учурда мамлекет, коом мугалимди барктап, аны туура пайдаланып, өзүнө жоопкер-милдеткер кыла албай калганы чындык. Эгерде коомдо мугалимге өзгөчө орун берилбесе, ролу түшүнүлүп, статусу жогорулабаса, эч кандай коомдук-экономикалык реформалар, программалар ишке ашпайт.

«Мугалим – мөмөлүү дарак» дегендей, мугалимдик кесип дүйнөдө эң баалуу, эң керектүү кесип экенин биздин мугалимдерибиз жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан жаңы муунду тарбиялоодо мугалимдердин ролу жогоруласын десек, коомдо өзүнүн татыктуу орду болсун.

# ЫСЫК-КӨЛҮМ – ЫЙЫК МУРАСЫМ

ЖАНГОРОЗ КАНИМЕТОВ,
*Республиканын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты,*
*«Ысык-Көл» коомдук фондунун башкармасынын төрагасы,*
*2001*

Жаңы миң жылдыктын биринчи жылы да билинбей өтүп кетти. Албетте, кылымдардын тогошуусу зор окуя. Бирок, жыл санагы буркан-шаркан түшкөн тарыхтын өтүшүн гана эмес, ал тарыхтын маңызын, бул жалгандын көз ирмеминдеги элдин, ар бирибиздин тагдырыбызды аныктайт. Өткөн окуяларды аңдап түшүнүү, ал окуяларга ар бирибиздин жеке катышуубуз, болуп өткөн окуяны жеке аңдап түшүнүүбүз аркылуу жүрөт. Жаңы миң жылдыктын ушул биринчи жылы биз үчүн кандай болду?

Кыргызстандын улам жакшы нерселерге, арымдуу өнүгүүгө болгон умтулуусу ушул он жылдыкта окуялардын жыштыгы менен шартталды. Республика үчүн көп жакшы жана керектүү иштер жасалды жана жасалып жатат: экономикалык реформа чоң арым менен жүрүп, жалпы журтчулугубуздун колдоосуна жана кубаттоосуна ээ болууда, жерге жеке менчик киргизилип, өнөр-жай ишканалары менчиктештирилди, мамлекеттик түзүлүш да жаңырып, бийликтин үч бутагы – мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтери пайда болду, кедейчиликке каршы күрөш жүрүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жаңы өкүлдөрү шайланып, бүткүл бийлик элдин колуна, жер-жерлерге берилип жатат. Мына ушундай кезде – тарыхтын оош-кыйыштуу тополоңунда биз өзүбүз үчүн жакшы бир тыянак жасадык. Биз өзүбүз өз турмушубузду жакшы гана өзгөртүүгө аракет кылбасак, ал эч кандай дурус натыйжага алып келбейт. Кыязы, жарандарыбыздын жигердүүлүгүнүн өсүшү Кыргызстандын ушул жаңы миң жылдыктагы алга карай илгерилешинин чечүүчү фактору болуп калды.

Биз расмий мамлекеттик бийликти жана алга карай арымдуу кадам шилтеп жаткан өкмөттүк эмес структураларды бир бүтүнгө бириктирип турган жарандык коомду куруудабыз деп айтып жатабыз. Бир сөз менен айтканда жарандык коом бул жеке гана

жалпы таламдардын кесилиши, ал кайра түзүүлөрдүн стратегиясын иштеп чыгып жана оңдоп-түзөтүп турат. Жарандардын өздөрүнүн, б. а. төмөнтөн келген демилге боюнча ыктыярдуу түзүлгөн айрым адамдардын бирикмеси – жарандык коомду калыптандыруунун бирден бир шарты болуп саналат. Коомдо дал ушундай расмий түрдө катталган жана мыйзамдуу негизде иштеген бирикмелердин болушу жарандардын жигердүүлүгүн жогорулатуунун нагыз аспабы болуп саналат.

Биздин коомдо ар кандай башка коомдогудай эле мамлекеттик бийлик менен ачык эле атаандашкан өкмөттүк эмес уюмдардын болушу мүмкүн деп эсептейбиз. Бирок, биз жеке жана коомдук таламдарды, мамлекет менен коомдун таламдарын, региондор менен жалпы өлкөнүн таламдарын синтездеп, элди анын каймагы менен бириктирген коомдук бирикмелердин конструктивдүү иш жүргүзүүсү биздин шартта кыйла маанилүү экендигине терең ишенебиз.

Коомдогу мамлекеттик бийлик өкмөттүк эмес структуралардын кыймылынын ортосунда келип чыккан кыйла маанилүү курч маселелер менен. проблемаларды ыркка көнүү жана активдүү диалог жолу менен чечүүгө болот. Бул бирден бир конструктивдүү жол.

Мына ушуну түшүнүү, жарандардын жигердүүлүгүнө көмөк көрсөтүү максаты республикадагы кыйла көп белгилүү адамдарда өткөн жылдын башында «Ысык-Көл» коомдук фондун түзүүгө түрткү берди. Фонддун эң башкы максатын биз жер-жерлерде адамдарга республикада болуп жаткан социалдык өзгөрүүлөрдүн маңызын түшүндүрүү, алар өздөрүн көрсөтө алышынын үзүрлүү жолдорун айтып берүү жана жардамдашуудан көрөбүз.

Бул чынында эле кызыктуу жана терең символдуу жагдай. Фонддун келечеги жөнүндө ойлоо менен биз өзүбүздүн өткөн тагдырыбызга кайрылуу, аны элге кеңири таанытуу коомдун ишинин негизги багыттарынын бири болуп калууга тийиш деп эсептедик. Ошентип, фонддун биринчи иш-чарасы болуп Ысык-Көлдүн кулуну – Юсуп Абдрахмановдун 100 жылдык юбилейлик иш-чараларын уюштуруу жана анын китебин басып чыгаруу болуп калды.

2001-жылы биз Кыргызстандын көз карандысыздыгын, суверендүү мамлекеттүүлүгүн аңдап түшүнүү сезими астында жашадык. Кылымдар бою кыргыздардын күндөлүк турмушу

тарыхый терең маани маңызга ээ болгон улуу идеяга – эркиндикке жана көз карандысыздыкка жетишүү мүдөөсүнө толгон. Бүгүн биз көз карандысыздыктын алгачкы 11 жылдыгынын үзүрүн көрүү менен ошол көз карандысыздыктын башатында турган адамдардын өрнөгүнө кайрылабыз. Ал адамдын тагдыры канчалык кайгылуу болгондугуна карабастан, анын адептик баасы өтө жогору. Анын аялзатына – Муся Натансонго болгон зор сүйүүсү да ишке ашпай калган, алар эч качан бирге боло алган эмес. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн негиздөөчүлөрүнүн катарына кошулууга акысы бар бул адамдын тагдыры ошол кезде сталинизмдин аёосуз саясатынын капшабында атылып кеткен көп белгилүү адамдардыкындай эле кайгылуу аяктаган.

Эгерде 1936-жылы Кыргызстан Союздук республика болуп калбаганда (биздин азыркы суверендүүлүгүбүздүн тагдыры кандай болоорун эч ким айта албайт. Анткени, Союздук республиканы түзүү, автономиялуу областты, андан кийин автономиялуу республиканы түзүүнүн улантылышы болуп калган. Бул үчүн Ю. Абдрахманов канчалык көп күчүн жана жигерин жумшагандыгы белгилүү. Ал Союздук республика түзүлгөн күнгө чейин жетпей калды. Бирок, республиканы түзүүнүн геосаясий, экономикалык жана улуттук көз карашынан алганда, зарыл экендигинин талашсыздыгы Сталинге жазган катында айкын көрүнүп турат.

Эгерде 1924-жылы РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлбөгөндө, азыркы суверендүү Кыргызстандын бүгүнкү күндөгү аймактык чек аралары кандай болор эле? Ю.Абдрахманов өз көмөчүнө гүл тартуудан, бийлик үчүн алысты көрө албаган ишмерлердин күрөшүнөн жогору болуп, областты Россиянын курамына кошууга жетишкен. Бул биздин коңшуларыбыздын аймактык дооматтарын жокко чыгарган.

Ю. Абдрахмановдун күндөлүгүн окуп олтуруп, андан жүрөктү зырпылдаткан жалгыздык сезимин байкоого болот. Анын жеке турмушундагы жалгыздык, мекендештеринин аны түшүнбөстүгү, мамлекеттик түзүлүш жагында саясий умтулууларынын да жалгыздыгы көрүнүп турат.

Биз көз карандысыздыкты калыптандырууга зор салым кошкон көптөгөн мамлекеттик ишмерлердин, суверендүү Кыргызстандын күч-аракетине татыктуу баа бере алабызбы?

Мүмкүн бул үчүн тарыхтын өтүшү керектир? Кантсе да биз кыргыз элинин тарыхындагы эң маанилүү учурларга ортоктош болуу бактысына туш келдик.

Биздин дагы бир жердешибиз, өз мезгилинин коомдук жана мамлекеттик ишмери, тилчи жана илимпоз Касым Тыныстановду кантип эскербей коёбуз. Анын жүз жылдыгы да ушул миң жылдыктын алгачкы жылына туш келди.

Тарыхтын алай-дүлөй түшкөн толкунунда бирде көкөлөп, бирде түпкүргө түшсө да нечендеген кылымдар бою өз алдынчалуулугун, маданиятын жана улуттук тилин сактап калган кыргыз элимдин бактысы зор экен. Тарых далилдегендей, кыргыздарда байыркы заманда өз жазуусу болгон, бирок тарых куюнунда табылбай калган. Анткен менен кыргыз тили эне сүтү менен атадан балага өтө берген. Өткөн он жылдыкта кыргыз тилинин айланасында кызыл кыргын, кара сүргүн бир кыйла кызуу талаштар болду. Бирок, эң башкысы биз ата-бабаларыбыздан калган көөнөрбөс тилибизди сактап калгандыгыбызда турат, ал бүгүнкү күндө мамлекеттик тил катары көз карандысыздыгыбыздын символдорунун бири болуп саналат.

Бул жагынан биз көбүнесе Касым Тыныстановго карыздарбыз. Анын тагдыры Юсуп Абдрахманов жана башка миндеген өз мекендештерибиздин тагдыры сыяктуу өтө кайгылуу аяктады. Бирок, ал ушунчалык көп нерсе жасагандыктан, анын иштери бүтүндөй муунга калды. Иш жүзүндө азыркы кыргыз жазмасынын пайда болушу К. Тыныстановго таандык деп айтууга болот. Кыргыз алфавитинин, тилдин морфологиясынын, орфографиясынын жана синтаксисинин түзүлүшү, кыргыз тил таануусунун, терминологиясынын калыптанышы – кыргыз эли, анын руху жана маданияты үчүн ушулардын бардыгына баа бербей коюуга болобу?

Өткөн миң жылдыктын акыркы кылымы кыргыз эли үчүн, ошондой эле башкалар үчүн да катаал болду. Бирок, ошону менен бирге, ал кылымдын биринчи жарымы кыргыз мамлекеттүүлүгүнө башат койду, ал эми аягы Кыргызстандын суверенитети жана көз карандысыздыгы менен бүттү. Кыязы, тарыхтын логикасынын өзү ушундай окшобойбу: элдердин тагдырын чечүүчү ушундай окуялар

кайгы-касиретсиз болбойт экен. Андыктан тарыхтын талабы менен Кыргызстандын көз карандысыздыгынын он жылдыгы, Ысык-Көлдүк көрүнүктүү эки жердешимдин жүз жылдыктары туура келген жаңы миң жылдыктын биринчи жылы кыргыз эли кандай кыйналып кысталуусу, оорчулуктар менен алга баратканын билүүгө мүмкүндүк берет.

Кол кылаасынан акелер жана баатырлар баштаган кыргыз элинин көптөгөн татыктуу уулдары чыккан. Булар: улуу манасчы Саякбай Каралаев, улуу комузчулар Карамолдо Орозов, Ыбрай Туманов, кыргыз илиминин ак сакалы, элдик академик Хусейин Карасаев, адабият корифейлери Мукай Элебаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Касымаалы Жантөшев, Зияш Бектенов, биринчи дирижёр Шейше Орозов, чыгаан хирургдар Иса Ахунбаев, Мамбет Мамакеев, ири окумуштуулар Жумагул Алышбаев, Асылбек Алтымышбаев, Курмангалы Каракеев, Жаныбек Жээнбаев, Азиз Салиев, Аман Мамытов, Бүбүйна Орузбаева, Абылхан Алдашев, Бейшен Иманакунов, атактуу маданият ишмерлери Саякбай Каралаев, Төлөмүш Океев, Советбек Жумадылов, Бексултан Жакиев, М. Байжиев, дүйнөлүк атагы бар ырчы Болот Миңжылкиев, мурдагы өкмөт башчылары Юсуп Абдрахманов, Казы Дыйканбаев, Болот Мамбетов, Турсунбек Чынгышев, баатыр-генералдар Калыйнур Үсөнбеков, Ляшенко, адмирал Темиров, мамлекеттик жана коомдук ишмерлер, дипломаттар Сулайман Иманбаев, Жумагул Сааданбеков, Ишенбай Абдразаков, Жумгалбек Аманбаев, Тилектеш Ишемкулов, Мукун Асеинов, Абдылда Каниметов, белгилүү акын, жазуучулар Тенти Адышева, Зуура Сооронбаева, Омор Султанов, Калкамбай Ашымбаев, Казат Акматов, Аман Саспаев ... Дагы бир катар ысымдарды атасак болот, губернаторлор, депутаттар, ири ишкерлер бар. Алардын да сиңирген эмгектерин айткым келет. Бирок, газеталык макаланын чегинде аларды толук айтуу мүмкүн эмес.

Өткөн жыл Кыргызстанда туризмди колдоо жана өнүктүрүү жылы деп расмий жарыяланган болчу. Кыргызстанга бардык региондордо туризмди өнүктүрүү үчүн тиешелүү жаратылыш шарттарын бергендигин мыкты аңдап, түшүнүп туруп, биз бул

жылды Ысык-Көлдү колдоо жылы катары кабыл алдык. Улуу орус жараны М. Ломоносовдун «Россиянын байлыгы Сибирден улам арбыйт» деген белгилүү сөзүндө айтылгандай, экономиканын жакшырышы Ысык-Көлдө туризмдин өнүгүшү менен байланышкан деп болжолдой баштадык. «XXI кылымда Кыргызстандын өнүгүшү Ысык-Көлгө байланыштуу болот» деп бекеринен белгилебесе керек.

Туристтик инфраструктура азыр биздин регион үчүн башкы проблема болуп саналат. Албетте, учурдагы дүйнөлүк стандарттарга жооп берген эс алуу базаларын, пансионаттарды көз ачып жумганча түзө албайсың. Бул үчүн ири капиталдык салымдар зарыл, бүгүнкү күндөгү экономикалык шарттарда бул маселелерди жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн инвестицияларды тартуу аркылуу гана чечүүгө болот. Туризмди өнүктүрүү жеке капиталдын, анын ичинде орто жана чакан капиталдын мүмкүнчүлүктөрүн тартууга байланыштуу экенин эл аралык тажрыйба көрсөтүп турат. Ошондуктан курорттук-рекредиялык чарба объекттерин менчиктештирүү багыты акыр аягында оң натыйжа берүүгө тийиш. Бул объекттердин майдаланышына, алардын бириндеп сатылышына жол бербөө актуалдуу, ал акырында жөн гана талап-тоноого алып келиши мүмкүн.

Жайкысын Ысык-Көлгө СССРдин бардык республикаларынан бир жарым миллионго жакын уюшкан жана уюшпаган эс алуучулар келген кечээки учурду эстеп көрөлүчү. Ал адамдар Ысык-Көлүбүздү бүгүнкү күндө да эстен чыгарбайт жана жакшы көрөт. Туристтик кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүгө ниеттенген соң, биз эң ириде мурдагы салтка айланган рынокторго багыт алууга тийишпиз. Башкача айтканда, сөз КМШ өлкөлөрүндөгү туристтик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөр менен байланыштарды кайрадан калыбына келтирүү жөнүндө жүрүп жатат. Соңку жылдары туристтердин келишин талдоо Ысык-Көлгө 400 миң адам келгендигин көрсөтүп турат. Алардын басымдуу көпчүлүгү Казакстандын, Өзбекстандын жана Россиянын тургундары. Алыскы чет өлкөлөрдөн келгендер бардык келген туристтердин жалпы санынын 10 пайызга жакынын гана түзөт жана алар, эреже катары туризмдин экстремалдык түрлөрүнө, эң оболу альпинизмге,

туристтик мергенчиликке ышкыбоздор.

Туристтердин мурдагыдай агымын кайрадан калыбына келтирүү туристтик инфраструктуранын сапатын жакшыртууга гана байланыштуу эмес. Сунуш кылынган туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу өтө маанилүү, ал эми муну бүгүндөн калтырууга болбойт.

Биз өзүбүздүн алдыбызга койгон, суроого кайра кайрылгым келет: жаңы миң жылдыктын ушул биринчи жылы биз үчүн кандай болду? Бул жыл биз үчүн Ысык-Көлдүн жылы болду деп толук ишеничтүү айта алабыз. Туризм жылы, Ысык-Көлгө да толук тиешеси бар Эл аралык тоо жылы, Ысык-Көлдө татыктуу белгиленген көрүнүктүү жердештерибиз Ю. Абдрахмановдун, К. Тыныстановдун жана К. Карасаевдин маарекелери, көптөгөн башка маселелер жогорудагыдай баа берүүгө негиз берет.

Ушул жылдын биз үчүн кыйла жаркын окуяларынын өңүтүнөн карап Сиз менен, окурман, өз ой-пикиримди бөлүшүүгө аракет кылдым. Эгерде бул ойлор жүрөгүңүздөн түнөк тапса, кубанычта болмокчумун. Биз жаңы кылымда өнүгүүнүн жаңы этабына кирип жатабыз. Анын натыйжасы кандай болот – менин, сиздин, ар бирибиздин колубузда.

# БАРСКООНДОГУ ЭКОЛОГИЯЛЫК КЫРСЫК БОЮНЧА ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫНДА СҮЙЛӨНГӨН СӨЗ

*Социалдык маселелер боюнча комитеттин төрагасы*
*Ж.К.Каныметов, 1998*

**Урматтуу депутаттар!**

Үстүбүздөгү жылдын 20-май күнү таламандын тал түшүндө бир гана Кыргыз жеринин эмес, жалпы Борбор Азия чөлкөмүнүн бермети болгон Ысык-Көлдүн 7000 калкы бар атактуу ойчул Махмуд Кашкари туулган эски шаардын орду болгон Барскоон айылынан 7 км жогору Балыкчы – Кумтөр жолунда чоң кырсык болду. 1762 кг натрийдин цианиди Барскоон дайрасынын суусу менен агып айылдарга тарап, Көлгө куюлду. Кырсык болгон жерге палатанын тапшыруусу боюнча биз: депутат Т.Алыкулов экөөбүз жана алтынды афинаждоо, уу заттар менен иштөө, аларды нейтралдоо боюнча белгилүү окумуштуу академик Б.Иманакунов болуп барып келдик. Чындыгында кырсыктын натыйжасы оор, айрыкча Барскоон айылынын калкы үчүн кыйын болду.

Албетте, кырсык болгон жерге республиканын Президенти, Өкмөт жетекчилери, министрликтердин жетекчилери барышып, калкка зарыл болгон бардык жардамдарды берип, катастрофанын кесепеттерин тездик менен жоюу үчүн чараларды көрүү жөнүндө чечимдер кабыл алышып, тийиштүү иштер жүргүзүлүп жатат. Бирок, бүгүн иш бүттү деп айтууга эрте. Ошондуктан Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйынында өзүнүн кезексиз чакырылган сессиясында бул окуяга карата өз баасын бериши жөндүү жана орундуу.

Болгон окуянын ар бир майда-чүйдөсүнө чейин токтолуп отуруунун кажети жок деп ойлойм, ал жөнүндө көп эле айтылды. Мен айрым бир талуу маселелерди белгилеп өтөйүн.

Кырсыктын зыяндуу, айрыкча адам өмүрү үчүн опурталдуу экендиги белгилүү болгондон кийин Барскоондон элди көчүрүү иши башталды. Бардыгы болуп 5 миңге жакын киши көчүрүлдү. Ооруканаларда 790 киши дарыланып жатат, алардын 500гө жакыны Барскоон айылынан.

Дагы бир кооптуу жагдай – бул натрий цианиддин жер кыртышына сиңип, андан жашылча-жемиштерге өткөндүгү. Ошондуктан жер кыртышын тазалоо боюнча иштерди өтө тыкандык менен жүргүзүү керектиги аныкталды жана иш башталды. Эгерде жер кыртышын тазалоо окуя болгондон кийин тез башталганда, балким, кырсыктын кесепети, айрыкча, калктын ден соолугу үчүн зыяны мынчалык болмок эмес. Окуянын хронологиясына токтолосок, анда авария 20-май күнү саат 12:15те болгон. 20на чейин үч күн бою Барскоон айылына бурулган суу токтотулуп, арык тазаланган. Ошол 20-май күнү арык тазалоо бүтүп, саат 14:00дө Барскоон айылына суу бурулат. Жаңы арыктан ылай суу аккандыктан шүгүрчүлүк эл ичкен эмес, бирок 3 күн бою суусап турган огороддорун сугара башташкан. Саат 16:50дө Россиянын чек арачы офицери Кучеренко авария болгон жерди көрүп, ал жөнүндө айыл өкмөтүнө билдирет. Саат 17:50дө айыл өкмөтү Барскоон айылына бурулган сууну жабат. Ошентип дээрлик 4 саат бою ууланган суу менен огороддор сугарылган, жер кыртышы ууланган. Ошол ууланган жерди жууп тазалоо 5-июнь күнү гана башталып атат. Арадан 15 күн өткөндөн кийин. Бул өтө таң калаарлык көрүнүш. Себеби 15 күн бою натрийдин цианиди аба аркылуу Барскоон айылына гана эмес, Кичи-Жаргылчак, Чоң-Жаргылчак, Тамга, Жеңиш, Дархан айылдарына чейин тарай берген.

Мына ушундай жумшак айтканда шалаакылыктан жана жоопкерсиздиктен кийин Өкмөттүк комиссияны натыйжалуу иштеди деп айтууга кантип ооз барат. Кырсык болгондон бери 20 күн өттү, анын кесепеттерин жоюу үчүн канча күн керек же бир сезон, же бир жыл керекпи? Сузакта И.Абдуразаков баш болгон

Өкмөттүк комиссия күндөп-түндөп натыйжалуу иштеп жаткандыгын баарыбыз көрүп турабыз. Ал эми жолдош Силаев министрликтердин башын иштиктүү түрдө кошо алган эмес. Ошончо жер ууланып жатса да, 15 күн бою эч бир чечим кабыл албаган. Аягында Премьер-министр өзү барып түздөн-түз кийлигишип жатып, калкты ууланган жерден көчүрүүнү чечти.

Урматтуу Борис Иванович! Сиздин депутаттардын алдында «Мен буга жооп бербейм», – деп текеберленген кайдыгерлигиңиз бизди таң калдырат. Эгерде Өкмөттүк комиссия өз учурунда элдин саламаттыгын сактоого кам көрүп, аларды сактыкка чакырып, түшүндүрүү иштерин жүргүзгөндө кырсыктын кесепети мынчалык болмок эмес. Айтылгандардан улам мен Өкмөттүк комиссиянын төрагасын алмаштырууну сунуш кылам, эки киши өлүп, 700дөн ашуун киши оорукааналарда жатса, сөзсүз анын жообу болуш керек жана бирөө жооп бериш керек.

Дарыланып жаткандар көп, демек, кырсыктын кесепети масштабдуу деп айтсак болот. Ошондуктан Барскоондуктарга бир пансионатты бекитип берүү жагын Өкмөттүк комиссияга тапшырып, ал жерде ууланган оорулууларды реабилитациялоо борборун түзүү керек.

Дагы бир таң калычтуу нерсе – эл аралык Саламаттык сактоо уюмунун эксперти Р.Клевен келгенге чейин биздин жергиликтүү эксперттер Саламаттык сактоо министрлигинен да, Өзгөчө кырдаалдар боюнча министрлигинен да, Жаратылышты коргоо министрлигинен да жер кыртышынын уулангандыгына эч кимди ишендире алышпай коюшту. Бул эмне деген күчсүздүк, же чын эле ишенимден кетишкенби.

Бүгүн да Барскоон элинин үрөйү учуп эмне кылаарын билбей турат. Эвакуациянын бүтөөрүнө да көп болсо 15 күн калды. Кайра айылга барыш керек. Баргандан кийинки жашоо кандай болот, бул белгисиз. Эвакуация деген сөздүн өзү эле коркунуч деген сөз. Демек, эл моралдык-психологиялык жактан жабырланды. Эми, алар

өз жеринде кайрадан бейпил жашоо үчүн бир гана материалдык камсыздоо аздык кылат, алардын арасында Саламатгык сактоо министрлигинин адистери айрыкча невропатологдор жана психологдор көп иш жүргүзүүгө тийиш. Эл аралык эксперттер, окумуштуулар жок дегенде балдарды эртерээк эвакуациялоо керек экендигин ачык айтышпады. Ал эми байлык издеген «Кумтөр оперейтинг компани» үчүн эл тагдыры эч нерсеге турбастыгын кеч башталган эвакуация да далилдеди. Ал аз келгенсип, жапа чеккендерге моралдык жана материалдык компенсациялоо алигиче толук төлөнө элек. Эвакуацияланган эл пансионаттардын эсебинен эптеп карызга жан багып жатышат. Алдын ала макулдашуулар боюнча «Кумтөр оперейтинг компани» көчүрүлгөндөрдү багуу жана дарылоо үчүн 26 млн. сом төлөп бермек. Бирок, азырынча бир тыйын да төлөнө элек.

Дагы бир жан кейитерлик маселе – бул Ысык-Көлдүн экономикасы жана элдин күнүмдүк оокаты Көлгө эс алууга келгендердин эсебинен толукталып жана өтүп жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Айрыкча карапайым калк күнүмдүк мээнети менен тапкан нан, сүт, жумуртка сыяктуу азык-түлүктөрүн эс алуучуларга сатып, оокат кылчу. Эми эс алуучулар жок, демек, материалдык киреше да жок. Бул чыгымды ким төлөйт. Бул да тезинен чече турган маселе. Азыр былтыркыдай жайнап тигилип турган боз үйлөр жок. Мырза Хоменюк, Өкмөттүк комиссия туристтер келет деп бизди жана элди ишендирүүгө аракеттенип жатышат. Мейли быйыл туристтер келбегендигине да кайыл бололу, а бирок Ысык-Көл областында өндүрүлгөн азык-түлүктөрүн ушул кырсыктын кесепетинен эч ким сатып албай койсо, анда эмне болот. Мунун өзү экономикалык чоң жоготуу эмеспи.

Жапа чеккен, эл тарткан моралдык жана материалдык чыгымдарды компенсациялоо иши да айыл өкмөттөрүнүн деңгээлинде жүргүзүлүп жаткандай. Мен Өкмөттүк комиссияга бул компенсацияларды эл аралык стандарттардын негизинде төлөп

берүү жагын сунуш кыламын. Башкача айтканда, компенсацияларды төлөө иши комплекстүү чечилсин. «Кумтөр оперейтинг компани» азыр балдарга 500 сомдон, улууларга 1000 сомдон акча төлөп жатат. Акыркы маалымат боюнча 6,1 млн. сом төлөндү. Бул суммаларды компенсация деп айтууга болбойт. Бул тек гана элди сооротуу жана тынчытуу деп билебиз.

Дагы бир чоң милдет Ысык-Көл областындагы экологиялык кырдаал жөнүндө жалпы калкка регулярдуу түрдө маалымат каражаттары аркылуу билдирип турсун. Эгер Өкмөттүк комиссия күн сайын регулярдуу түрдө объективдүү информация берип турганда абал азыркыдай болмок эмес. Себеби ар түрдүү маалымат каражаттары өздөрү билгендей информация беришип, эл ичинде туура эмес пикир түзгөнгө жол ачып жатышат. Демек, Өкмөттүк комиссиянын официалдуу маалыматы күн сайын берилип турушу зарыл. Кечээ Россиянын «Вести» программасы Ысык-Көл булганды, ага түшүүгө болбойт деп маалымат берип жатат. Муну кандай түшүнсө болот. Урматтуу Россиялык кабарчылар, Көл тууралуу объективдүү маалымат берүүңүздөрдү суранар элем.

Өзгөчө кырдаалдар боюнча министрлик тууралу бир-эки сөз айта кетейин. Азыркы абалында бул министрлик өзүнө тиешелүү милдеттерди толук аткарууга жөндөмдүүлүтү жок экендиги көрүндү. Себеби эң биринчи кезекте анын материалдык-техникалык жабдылышы жана финансылык базасы өтө начар экени ачык көрүндү. Ошондуктан Өкмөт бул министрликти ар тараптан бекемдөөгө өзгөчө маани берсе дурус болор эле.

Кырсыкка карата «Кумтөр оперейтинг компани» фирмасынын жана аны менен бирге иштеген ишканалардын жоопкерсиз мамилеси таң калдырат. Кырсыктын болушунун башкы себеби да дал ошол жоопкерсиздик деп айтсак болот. Башкасын айтпаганда да, кырсыктан кийин 5 сааттан ашык убакыт бою биздин республиканын жетекчилигине маалымдабагандыгы.

«Комсомольская правада» гезити жазгандай, Россиянын чек арачы бир офицери көрбөй калса, эч ким билбей калат деп ойлошконбу.

Өткөн жылдын 29-апрелинде Архитектура жана курулуш министрлиги «Кыргызалтын» мамлекеттик концерни жалпы комплекс™ эксплуатацияга кабыл алуу үчүн атайын комиссия түзүү жөнүндө кайрылган. «Кыргызалтындын» жообу боюнча 1997-жылдын экинчи жарымында объект мамлекеттик комиссия тарабынан кабыл алынмак. Бирок бул иш азыр да аткарыла элек.

Зыяндуу калдыктарды сактоочу жайдын долбоору да экспертизадан өткөн эмес. Ошондуктан алардын коопсуздугу боюнча канчалык гарантия бар? Бул да белгисиз.

Жол боюнча өзгөчө сөз кылуу зарыл. Барскоон – Ак-Шыйрак, Ара-Бел-Суу жолу жалпы пайдаланылуучу төртүнчү категориядагы жол, Оор салмактагы ири габариддүү жүктөрдү интенсивдүү ташууга эсептелген эмес. Узундугу 60 километрге жеткен жолдун 11,5 километри, айрыкча Барскоон, Сары-Мойнок ашууларындагы бөлүктөрүндө саатына 30 километрден ашкан ылдамдык менен жүрүүгө болбойт. 3-33-километрлердин ортосунда 1960-жылдарда курулган 11 көпүрө бар. Габариддери боюнча алар 13 тоннадан ашык жүк тарткан машиналарды өткөрүүгө эсептелген эмес. Ал эми Кумтөрдө азыр 40 тонналык машиналар иштеп жатат.

Белгилүү болгондой Кум-Төр алтын кенин иштетүүгө 174 млн. доллар ашыкча чыгымдалган. Демек, ошол эсептен жол көпүрөлөргө да сарпталыш керек эле. Иш жүзүндө андай болгон эмес. Биз мырза Хоменюк, Давлетов менен аңгемелешүүдө фабриканын, жолдун мамлекеттик комиссия тарабынан кабыл алынбагандыгын айтсак, жумуштук комиссия кабыл алган деп түшүндүрүштү. Бул кантип болсун. Жол, көпүрөлөр оор жүктүү машиналарды ташууга эсептелинбесе, фабрика, зыяндуу заттарды сактоочу жайлар мамлекеттик комиссиядан өтпөсө, ал эми 174 млн. доллар ашык сарпталса, анда Кыргызстан тарабынан дайындалган кыргыз алтын концерни жана башка чиновниктер эмне кылып отурушат, кимдин

кызыкчылыгын коргошкон. Англиялык белгилүү бир лорд айткандай, «Менин түбөлүк досум да жок жана душманым да болгон эмес. Бир гана максатым, ал улуттун кызыкчылыгы». Демек, улутубуздун кызыкчылыгы бардыгыбыз үчүн жогору болуш керек. Анткени Кумтөрдүн алтынын казып алуу бизден чоң тобокелдикти талап кылды. Себеби, Кыргызстан үчүн көздүн карегиндей болгон Ысык-Көлгө коркунуч бар экендиги башынан белгилүү болчу. Ошентсе да бардык техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо менен иштесе улутубуз үчүн пайдасы тиет деп, ушул чоң иш башталбады беле. Кыргыз эли үчүн Ысык-Көл өзү алтын, өзү байлык эмеспи. Эгерде бардык иш ойдогудай уюштурулса, Ысык-Көлдүн өзү бүт Кыргызстанды багарында шек жок. Ошондуктан 1948-жылы Кыргыз ССР Министрлер Советинин атайын токтому менен Ысык-Көл Мамлекеттик корук статусун алган. 1970-жылы СССР Министрлер Советинин токтому менен Бүткүл Союздук жана республикалык маанидеги курорттук эс алуу жайына айланган. Мына ошол жылдарда ак сакал депутатыбыз Т.Усубалиев республиканы жетектеп туруп, Көлдө нефтепродуктыларын ташууга тыюу салган. Мунун өзү Көл жөнүндө чоң камкордук болгон. Биз ушундан Көлдүн канчалык баалуу экенин билсек болот.

Тийиштүү мыйзамдар жок. Ал эми уулуу заттарды ташуу боюнча 60-жылдарда кабыл алынган Союздук инструкциялар бар. Бирок алар да иш жүзүндө толук аткарылбайт. Ошондуктан өзүбүздүн мыйзамдарыбызды жана нормативдик актыларыбызды иштеп чыгуу зарыл.

Барскоон кырсыгын, анын кесепеттерин акылга салып калчап отуруп, бул кокустук эмес, жоопкерсиздиктин айынан болгон мыйзам ченемдүү көрүнүш катары баалоо керек.

Биз ушул парламенттик талкуубузда Ысык-Көлдөгү азыркы абал жөнүндө туура объективдүү жыйынтыктарды чыгарышыбыз зарыл. Себеби сөз бүгүнкү күн жөнүндө гана эмес, Көлдүн, ал жерде жашаган элдин келечеги жөнүндө болууга тийиш. Биз өз

жыйыныбызда Ысык-Көлдүн эл аралык кадыр-баркын түшүрүп алуудан сак болушубуз керек. Көл маселеси, анын социалдык-экономикалык жана экологиялык өнүгүшү жөнүндө биз жыл башынан пландуу түрдө маселе даярдап келе жатканбыз. Демек, алдыда дагы кеңири сөз бар. Анткени бул маселе кийинки пландуу сессиябызда атайын каралат.

Урматтуу депутаттар! Көлдүн тазалыгына мен да ишенемин. Аны булганды деп айтууга акыл чыдабайт, ооз барбайт. Бирок Барскоон жана анын тегерегиндеги айылдар экологиялык, материалдык жана моралдык жабыр тартканын кантип айтпай коё алабыз. Ошондуктан бул маселе дайыма көңүлдүн борборунда болууга тийиш.

Эми, Кыргызстан Ысык-Көл менен даңктуу жана келечектүү. Ысык-Көлдү сактоо жана өнүктүрүү – баарыбыздын жалпы милдетибиз.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат.

# ЫСЫК-КӨЛДҮН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК АБАЛЫ ЖӨНҮНДӨ

*Ж.К.Каниметовдун Эл өкүлдөр жыйынынын XV сессиясындагы доклады, 26.06.1998*

## КИРИШ БӨЛҮМ

**Урматтуу Төрага!**
**Урматтуу депутаттар!**
**Урматтуу Өкмөт мүчөлөрү!**

Сиздердин кароонуздарда учурдагы эң актуалдуу маселелердин бири болгон Ысык-Көл аймагынын экономикалык, экологиялык, социалдык, курорттук-туристтик инфраструктурасынын азыркы абалы жана келечек өнүгүүсү жөнүндө маселе сунушталып, депутаттар, кыргыз өкмөтү, министрликтер, көз каранды эмес эксперттер жана эл өкүлдөр жыйынынын эксперттери аркылуу даярдалды. Маселе пландуу түрдө жыл башынан даярдалып жаткан. Бул арада Барскоон окуясы болуп өттү. Ал жөнүндө көп айтылды. Алдыда турган ар бир иштин келечегин карап, улуттун, Кыргызстандын кызыкчылыгына карата баалап чечүүнү талап кылат. Ар бир маселенин, ар бир адамдын кылган ишинин критерийи дал ушул максат болууга тийиш.

Кыргызстандын алты аймагынын кайсынысы болбосун ар бири өз-өзүнчө кайталангыс нарктуулукка ээ. Ар бир региондун өнүгүүсү үчүн маселе көтөрүү учурдун талабы. Көл кылаасынын өзгөчөлүгү – Кыргыз бермети аталган касиеттүү Ысык-Көл, анын тегерегинде жайгашкан курорттук-туристтик мекемелер, жеринин түрдүү кен-байлыктарга, айрыкча алтын, калай, вольфрам, жез сыяктуу түстүү жана сейрек кездешчү металлдарга, флорасынын жана фаунасынын өзгөчө байлыгы.

Ысык-Көл дүйнөдөгү ири көлдөрдүн бири, ал эми суусунун көлөмү жана тереңдиги боюнча биринчилерден. Суу бассейни бийик тоолуу шартта жайгашып, жайында 20-22-градуска чейин жылыйт, жээгинде эс алууга ыңгайлуу кумдуу пляждар жайгашкан. Ысык-

Көлдүн тегереги дарылыгы бар ылайга, түрдүү минералдык жана термалдык булактарга бай.

Ысык-Көл облусунун жалпы аянты-43100 $км^2$. Калкы 430,0 миң киши, алардын 68% айыл-кыштактарда жашайт.

Керемет жер катары Ысык-Көлдү кыргыз эли абалтан аздектеп келгени баарыбызга белгилүү.

Совет бийлигинин жылдарында Ысык-Көл аймагын экономикалык. Экологиялык, туристтик-курорттук жактан өздөштүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп, көп иштер жүргүзүлдү.

1948-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн токтому менен Ысык-Көл бассейнинин экологиялык тазалыгын сактоо үчүн атайын мамлекеттик корук түзүлгөн. 1960-70-жылдары жогорку органдар Кол кылаасынын табигый байлыктарын сактоо, коргоо жана рационалдуу пайдалануу боюнча бир нече маселелерди караштыı. СССР министрлер Совети 1970-жылы Ысык-Көлгө Бүткүл Союздук курорт статусу берилип, көлдүн жээгиндеги курорттук эс алуу жайлары менен чогуу Чолпон-Ата шаары курулган. Көл жээгиндеги бүгүнкү байлык өзү эле пайда боло калган эмес, бул өзүнчө бир тарых.

СССРдин 1981-1985-жылдардагы жана 1990-жылга чейинки мезгилдеги экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында Ысык-Көл – Чүй аймактык – өндүрүштүк комплексин түзүү жөнүндө маселе коюлган. Андагы негизги маселелер Сары-Жаз жана Каркыра сууларынын бир бөлүгү Ысык-Көлгө бурулар тараптуу пайдалануу жана тоо-кен комбинатын куруу жөнүндө болгон. Албетте бул эки дарыя бири Кытайга, бири Казакстанга агат. Бирок эл аралык конвенциялардын негизинде азыр да бул ишти баштоого негиз бар. Сары-Жаз региондогу мол запастары бар калай, вольфрам, ванадий, молибден ж.б. тоо кендерин изилдөө иштери бүтүп, иштер жүргүзүлө баштаганы баарыбызга белгилүү.

Кыргызстан эгемендүүлүкө ээ болгондон кийин да Ысык-Көл маселеси мамлекеттик камкордуктан сыртта калган жок. 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен Ысык-Көлдүн табигый өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо жалпы экологиялык балансын сактоо максатында Сары-Чат – Эрташ мамлекеттик коругу түзүлдү жана областта көптөгөн долбоорлор жана кичи шаарлардын өнүгүшү жөнүндө Өкмөттүк программалар ишке киргизилүүдө.

Азыр да Кыргыз Өкмөтү жана Германиялык техникалык борбордун биргелешкен аракети менен “Ысык-Көл биосфералык аймагы” долбоору ишке ашырылып жатат.

Доклад негизинен төрт бөлүктөн турат.

**Урматтуу депутаттар!**

## 1. Экологиялык стратегия боюнча

Ысык-Көлгө байланыштуу экологиялык маселелердин эң негизгиси – Көлдүн өзүн, анын алмустактан бери келе жаткан кооз жана уникалдуу табиятын сактап калуу. Эң биринчи кооптуу көрүнүш – Көл суусунун деңгээлинин жыл сайын төмөндөп бара жаткандыгы.

Кийинки жүз жылдын ичинде суунун деңгээли жылына орточо эсеп менен 6 – 7 сантиметрге төмөндөп жатат. Ошондо 50 жылда орточо 2,5 м. төмөндөйт. Эгер ушундай темп дагы бир 10 жылга сакталса, анда анын аянты 5,5 миң гектарга, суу массасынын көлөмү 6 млрд $м^3$га азаймакчы. Бул өтө кооптуу көрсөткүч. Биринчиден, Ысык-Көлдүн табияты үчүн, экинчиден, облустун экономикасы үчүн. Бирок окумуштуулардын изилдөөсүндө бул көрүнүш жүз жылда кайталана турган көрүнүш экендиги айтылып келет.

Көл суусунун деңгээлинин төмөндөшү 1-2-категориядагы мыкты пляждардын жоголушуна, Көлдүн биологиялык мүмкүнчүлүктөрүнүн азайышына, жалпы эле табияттын, климаттын өзгөрүшүнө алып келет. Суу массасынын азайышы менен анын жайындагы жылуулугу 20-23 градустан 18-19 градуска чейин төмөндөп кетүү коркунучу да бар. Ошондой эле дары баткактар кургап, кум басып, составы бузулуп, биологиялык активдүүлүгүн жоготот. Жылуу суулардын да термалдык активдүүлүгү азайып, алардын кургап калуу коркунучу бар.

Ысык-Көлдүн суу бассейнинин жана атмосфералык абасынын экологиялык тазалыгына терс таасир этүүгө калк жыш жайгашкан шаарларда жана көл жээгиндеги эс алуу жайларына долбоорлор иштелип чыккан. Чолпон-Ата – Балыкчы бирдиктүү канализациялык системанын бүтпөй калышы да себеп болууда. 500гө жакын өнөр-жай, курулуш, коммуналдык ж.б. объекттерден 60ка жакынында гана тазалоочу системалар бар. Эскилиги жеткендиктен алардын эффективдүүлүгү улам начарлоодо. Азыр көлдүн өзүнө, ага куйчу

өзөн, дайраларга суткасына 19миң $м^3$ такыр тазаланбаган, 8 миң $м^3$ шарттуу тазаланган зыяндуу калдыктар агып келет. Облуска нефть продуктылары көзөмөлдүү да, көзөмөлсүз да көп ташылып келип жатат. Натыйжада автозаправкалар көбөйдү. Аларда нефть продуктуларын сактоонун зарыл шарттары канчалык сакталат? деген суроо да кооптонтпой койбойт.

Демек, келечекте аткарыла турган иштиктүү чараларга өзгөчө көңүл буруу зарыл. Алар: экологиялык тийиштүү укуктук-нормативдик документтерди иштеп чыгуу; Көлдү ар тараптан изилдөө иштерин жүргүзүү; курорттук-туристтик эс алуу жайларын, өнөр-жай ишканаларын паспорттоштуруу; Кажы-Сайдагы урандын калдыктарын сактоочу жайлардын коопсуздугун камсыз кылуу эң негизгилердин бири.

Ысык-Көлдүн экологиялык тазалыгы туризм индустриясын өнүктүрүүнүн да бирден бир шарты. Көлдүн региондук экоситемасын таза сактоо үчүн токойлорду кайрадан калыбына келтирүү (1960-жылдарга караганда токой массивдери жана жашыл тилкелер эки эсеге жакын азайып кеткен), жашылдандыруу ишин колго алуу, жер ресурстарын эффективдүү пайдалануу, суу жана канализация системаларын жаңылоо, экологиялык стандарттарды талапка ылайык регулировкалап туруу сыяктуу маселелер учурдун да, келечектин да эң зарыл милдети. Анткени Ысык-Көл жалпы кыргыз элинин орток байлыгы, асыл кенчи.

**Урматтуу депутаттар!**

## 2. Туристтик-курорттук стратегия боюнча

Көлдүн тоолуу аймакта жайгашкандыгы (деңиз деңгээлинен 1607 м. бийик), Көл менен тоонун табигый гармониясы, натыйжада ал жердин өзгөчө жагымдуу шарт түзөт.

Облуста 128 санаторийлер, пансионаттар, балдар лагерлери, туристтик жана альпинисттик базалар бар. Алардын жалпы сыйымдуулугу 42000 – 50 000 орунга чейин жетет. Эс алуучулар үчүн ыңгайлуу болгон пляждардын жалпы узундугу – 600 кмди түзөт, анын ичинен 120 км табигый пляждар.

Көлдө туризмдин дүркүрөп өнүккөн мезгили 1970-90-жылдардын ортосуна туура келди. Эс алуу мезгилинин негизги учуру болгон июнь – сентябрь айларында катталган, катталбаган болуп көлгө жылына 500 миңден 1 млн го чейин эс алуучулар келчү.

Анын ичинде 2 миңге жакын альпинист, 12 миңге жакын тоо туризмин сүйүүчүлөр келчү. Ошолордун баарын тейлөө үчүн 15-20-миң киши иштеген.

1990-жылдан тартып сырттан келген туристтердин саны 80%га чейин азайып кетти. 1995-жылдан кийин гана туристтердин келиши көбөйө баштады. 1996-жылы Ысык-Көлгө 100 000 турист келген. 1997-жылы келген эс алуучулардан бюджетке түшкөн киреше болгону 15 миллион сомду түздү, эгер чынын айтсак бул туризм эмес жөн гана эс алуучуларды кабыл ала турган жайлар экенин көрүнүп турат. Бирок областта эл үчүн азык-түлүктөрдү сатууга чоң шарт түзүлгөн жана жумушчу орундарга да камсыз болгон.

Эл аралык практикага кайрылсак, өткөн жылы дүйнө боюнча туризмден 150 млрд доллар каражат чогулган.

Борбордук Азияда өзүнүн табигый географиялык орду боюнча кайталангыс мааниге ээ болгон Ысык-Көлгө да тиешелүү сервисттик жана коммуникациялык шарттар түзүлсө, туристтердин агып келээринде шек жок. Ысык-Көлдө жылына 300 күн бою күн тийип турат. Бул Кара Деңизге караганда жылына 400-600, Балтика жээгине караганда 1000 саатка көп. “Аврора”, “Кыргызское взморье”, “Көгүлтүр Ысык-Көл” сыяктуу сервистик шарттары белгилүү даражада жогору болгон эс алуу жайларынан башка жайдыр – кыштыр иштеген эс алуу объекти жок. Эс алуу жайларынын көпчүлүгү фанерлүү үйлөр жана тиешелүү шарттары начар. Эл аралык стандартка жооп берген эс алуу жайынын акысы “Аврорада” суткасына 100-120 долларга барабар. Албетте бул кымбат. Мисалы Анталияда 8 күнгө 460$, Испанияда 660$. Бирок ошого карабай жай айларында орун табуу канчалык кыйын экени белгилүү. Демек туризм индустриясы тейлөө шарты менен анын баасын бири-бирине адекваттуу теңдештирүүнүн натыйжасында өнүгүүсү зарыл. Ошон үчүн дүйнөдө туризми өнүккөн Түркия, Италия, Греция сыяктуу мамлекеттердин тажрыйбасын пайдалануу керектиги турат.

Түндүк жээктин өзгөчө курорттук маанисин эске алып жана Чолпон-Ата шаарынын курорттук-административдик статусун көтөрүү максатында бул аралыктагы курорттук-туристтик объекттерди мурункусундай Чолпон-Ата шаарына кайрып берүү зарылбы деген ой келет. Ошондо шаардык бийлик жалпы курорттук

эс алуу зонасынын бардык инфраструктурасына, Түндүк жээктин экологиялык-биологиялык абалына толук жооп бермек.

Көл кылаасында курорттук дарылануучу туризм, айрыкча альпинизм, илимий туризм кеңири тараган. Бирок алардын бүгүнкү абалы канааттандырарлык деп айтуу кыйын. Себеби көлдүн туристтик потенциалы өтө чоң деген менен ал потенциал толук пайдаланылбай жатат. Мисалы, Тамчыдагы аэропортту иштетүү менен Бүткүл дүйнөлүк туризмге жол ачуу жана Ысык-Көл – Сары-Челек – Арсланбаб ж.б. туристтик маршрут ачса болмок.

Туризмди өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрү көп. Бирок Республикада так саясаты иштелип чыга элек. Ошондуктан биринчи кезекте туризмдин перспективалуу стратегиясын аныктап иштеп чыгуу зарыл. Ал үчүн зарыл шарттар: туристтик инфраструктурага инвестициянын түрдүү формаларын тартуу; транспорт, телекоммуникация системаларын өркүндөтүү; эс алуу туризмин жана тоо туризмин бирдей өнүктүрүү; Көлдүн жээгине чет өлкөлөр менен биргелешкен эң мыкты кыштыр-жайдыр иштей турган мейманканаларды куруу ишин колго алуу; Ысык-Көлгө санитардык жактан зыян алып келип, пайдасы жок пансионаттарды жабуу маселесин коюу.

Биздин канча кишини кабыл алганга мүмкүнчүлүгүбүз бар, кандай жол менен тамактандырабыз ошого карап иш жүргүзсөк. Келечекте эмне иштерди аткарышыбыз керек. Эгер түз жолдорду ачып, зарыл шарттарды түзбөй, туристтерди өтө көбөйтүп жиберсек Көлдүн алмасы эмес, жыгачы да калбай калып жүрбөсүн. Туризмдин дүркүрөп өнүгүшү Австрия, Непал сыяктуу өнүккөн мамлекеттердегидей таштандыларды утилизациялоо, өсүмдүктөрдү жана жан-жаныбарларды сактоо маселесинин курчуп кетишине алып келиши да мүмкүн. Бир убакта бизде жайыттардын жок болуп кетүү коркунучу болгон, азыр жапайы туризмдин өнүгүп кетиши менен Көлдүн булгануу коркунучу бар. Кийинки 5-6 жылда белгилүү шарттарга байланыштуу туризмдин азайышы менен мезгил өзү көлдү эс алдырды. Дүйнөдөгү эң кооз жерлердин бири болгон Хан-Теңирдеги эңилчек мөңгүсүнө өткөн жылы чет элден 218 ( андан 133 киши шерикте мамлекеттерден) келип, бар болгону 9242 доллар киреше түшкөн.

Хан-Теңирге бүт дүйнөдөн Казакстан аркылуу келген альпинисттер толуп кеткен. Натыйжада киреше пайдасын алар көрүп, а биз кабыл алуучу катары гана калуудабыз. Жогоруда

айткандай дүйнөдө эң кирешелүү бизнес бул туризм бизнеси. Бирок акыл эстүүлүк менен иш жүргүзгөндө гана. Ал эми бүгүн болсо мамлекетке түшкөн кирешеге караганда курорттук-туристтик мекемелердин жетекчилери өз чөнтөгүнө түшкөн пайданы көбүрөөк эсептешет. Ошондуктан көл жээгиндеги пансионаттарга жетекчи болуу канчалык кыйын экендиги баарыбызга белгилүү.

**Урматтуу депутаттар!**

## 3. Экономикалык стратегия боюнча

Ысык-Көл облусунун экономикалык абалы реформанын алгачкы жылдарында айрыкча начарлап кеткен. Айыл-чарба өндүрүшүнүн көлөмү кескин кыскарып, өнөр жай өндүрүшүнүн айрым тармактары жарым-жартылай иштеп, айрым тармактары такыр токтой баштаган. Туризм индустриясы да кризиске дуушарланууда. 1997-жылда облустун жалпы киреше бөлүгү 168,130 миң сомду түзсө, чыгаша бөлүгү 168.165 миң сомду түздү. Мунун ичинен республикалык бюджеттен 16.753 миң сом дотация берилген. Облус өз кирешеси менен өзүн каржылай албайт. Мындан тышкары республикалык бюджеттен мурдагы жылдары алынган 40.720 миң сом дагы бар. Бирок Ысык-Көл облусунун Түп, Ак-Суу, Жети-Өгүз райондорунун жеринин асылдуулугу, жайыттарынын кенендиги, Тоң районунун мал багууга ыңгайлуулугу айыл-чарбасын өнүктүрүүнүн негизин түзөт. Ысык-Көл районунун курорттук-туристтик жайларга ыңгайлашкандыгы, жер үлүшү ар бир кишиге республикада 0,33 гектардан туура келсе, Ысык-Көл облусунда 0,54 гектардан туура келүүсү жана Көлдүн өзүнүн ажайып кооздугу менен туризмдин өнүгүүсү келечекте өнүгүү боло тургандыгына ишендирет.

**Урматтуу депутаттар!**

### а) Агрардык өнөр-жай комплекси боюнча

Келген эс алуучуларды тамак-аш менен камсыз кылуу максатында айыл-чарбасын өнүктүрүүнүн зарылдыгы баарыбызга белгилүү. Ысык-Көл өрөөнүнүн климаты дан-эгиндерин, май өсүмдүктөрүн, жашылча-жемиш, картошка, кант кызылчасын өстүрүүгө ылайыктуу. 22,3 миң гектар айдоо жери бар (облустун жалпы аянтынын 5,3%).Негизги айыл-чарба азык түлүгүнүн

керектөөчүлөрү – курорттор, эс алуу үйлөрү, санаторийлер, туристтер.

Айыл-чарба азык-түлүктөрүнүн айрым бир бөлүгү коңшу мамлекеттерге – Казакстанга, Россияга, Кытайга сатылат. 1997-жылы айыл чарба азык-түлүктөрүн өндүрүүнүн көлөмү республика боюнча 1996-жылга салыштырмалуу 10,7% жогору болсо, Ысык-Көл облусу боюнча – 16,7%, эгиндин түшүмдүүлүгү орточо 32 центнер болуптур. Жалпы киреше бирок дыйканчылык боюнча 70 – 80% жерге жыл сайын эгин эгилип, агротехникалык эрежелердин толук сакталбагандыгынан улам жердин түшүмдүүлүгү улам азаюуда. Бул ойлоно турган маселе.

Айыл-чарба өндүрүшүнүн стабилдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн өркүндөтүлгөн, реформанын талаптарына жооп берген интенсивдүү өндүрүштүк структураны түзүү зарыл. Анын ичинде атаандаштыкка жооп берген рыноктук структураны өнүктүрүү, айыл-чарба азык-түлүктөрүн экспорттоого салыктык жеңилдиктерди берүү маселелерин чечүү да айыл-чарбасын өнүктүрүүнүн иштиктүү механизмдеринен болмокчу.

Айыл-чарбасынын перспективалуу тармактарынын бири

кант кызылчасын өндүрүүнү интенсивдештирүү. Республиканын президенти А.Акаев кол койгон указга байланыштуу региондун чегинде кант чыгарчу заводдорду куруп, бул өндүрүштү колго алуу менен калкты жумуш орундары менен да камсыз кылар элек.

Көлдү алма, өрүк, карагат сыяктуу мөмө-жемиштердин мекени деп айтсак ашыкча болбойт. Айыл-чарба заттарын кайра иштетүү менен түрдүү азык-түлүктөрдү өндүрүп, ички гана эмес, тышкы рынокко да сатуу мүмкүнчүлүгү кеңеймек.

Ак-Суу району Республиканын 30% картошкасын өстүрүп келген. Демек, айыл-чарба өндүрүшүндө кайра иштетүүчү чакан ишканаларды жайылтуу рыноктук экономикалык мамилелерге шайкеш келмек жана жаңы жумушчу орундар түзүлмөк.

**Урматтуу депутаттар!**

**б) Өнөр-жай өндүрүшү, транспорт жана байланыш боюнча**

«Кумтөрдүн» ишке киргизилиши менен өнөр-жай өндүрүшүнүн көлөмү 1997-жылы 3,143,37,4 миң сомду түзүп, 1996-жылдагы 299828,6 миң сомго салыштырмалуу 10,5 эсеге көбөйдү.

Өнөр-жай өндүрүшү мамлекеттик ири ишканаларда гана эмес чакан, менчик, индивидуалдуу ишканаларда да жүргүзүлүп жатат. 1997-жылы облус боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү чакан ишканаларда –738,7 мин сомду, менчик ишканаларда – 12274,0 миң сомду, индивидуалдуу ишканаларда –54288,9 миң сомду түздү. Каттоодон өткөн ишканалардын 10% гана иштесе, алардын 40% чыгашалуу. Мындай терс көрүнүштөрдүн себептери: чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүү боюнча конкреттүү программалар аркылуу кредит алуунун жоктугу ж.б.

Ысык-Көл облусунда эң ири ишканалар аз. Жыргалаң шахтасы, Күрмөнтү цемент заводу, Каракол, Кажы-Сайдагы электротехникалык заводдор, «Улан» заводу сыяктуу гана ири ишканалар бар. Алар да кирешелүү эмес карызга баткан. Ошондуктан учурдун талабына жооп берген, атаандаштыкка туруштук берген продукцияларды өндүргөн чакан жана орто ишканаларды экологиялык тазалыкты сактоо менен иштетүү зарыл.

Ысык-Көл облусунун транспорт системасы көп тармактуу. Чалдыбардан – Балыкчыга чейин созулган 275 км темир жол бар, бул жолдун райондор аралык экономикалык карым-катышта мааниси чоң. Ал эми автотранспорт жалпы жук ташуу транспорт системасынын 60%,жүргүнчүлөрдү ташуунун 98% түзөт.

Ысык-Көлдү тегерете узундугу 438 км автожол салынган. Ал эми жергиликтүү жолдордун 20% гана араң асфальтталган. Алардын азыр эскилиги жетип, көрүнгөн жеринен уңкур-чуңкурга айлана баштады.

Ысык-Көл пароходчулугу да экономикалык жактан маанилүү – жыл бою кургак жүктөр ташылат. Суу транспорту менен 1997-жылы 10,4 миң тонна жүк ташылып, 1996–жылга салыштырганда араң 32,0% түзгөн.

Аба транспорту боюнча Каракол, Чолпон-Ата, Балыкчы, Тамгада аэропорттор бар. 1997-жылы Каракол авиаэскадрилиясы 4496 адам ташып, бул 1996-жылдын 73,0% түздү. Бирок эң негизгиси жана келечектүүсү Тамчы аэропорту.

Узундугу 2,4 км болгон учуу жолу аскердик багытта даярдалып, бүткөн оор жүктүү самолёт конууга эсептелген. Бул аэропорттун бүтүшү менен бүт дүйнөдөн келген самолётторду кабыл алуу мүмкүн болуп, туризмдин өнүгүшүнө жол ачылмак жана бул аэропортту ишке киргизүү боюнча Өкмөт зарыл чараларды көрөрүн урматтуу Премьер-министр билдирди.

1997-жылы байланыш ишканалары тарабынан 20,593,0 миң сом киреше алынган, бул 1996-жылга салыштырганда 10,8% көп.

Ысык-Көл территориялык-өндүрүштүк комплексин жана туристтик-курорттук өнүгүүнүн зарыл шарттарынын бири – автомобиль жолдорун жогорку стандартка ылайык куруу болуп эсептелет. Бирок талапка ылайык кармоо үчүн 80 – 90 млн сом керек болсо, бар болгону 13 млн сом гана каралган. Анын да 5млн сому Чолпон-Ата – Алматы жолуна туура эмес бөлүнгөн. Жол курулушунун негизги объекттери катары Ысык-Көлдү айланган Көлдү жээктеген жолду реконструкциялоону, узундугу 76 км ге барабар Түп – Кеген жолун айтып өтүү зарыл. Бул жол 70-жылдарда курулуп, асфальтталган республикалык маанидеги жол болчу. Бүт облустун эли ашыкча азык-түлүктөрүн жана керектүү нерселерин ушул жол аркылуу Казакстанга, Россияга алып барып сатып күн көргөн. Азыр ал кароосуз калган. Быйыл 1 миллион сом бөлүндү. Бул жол бүт облустун, айрыкча Түп, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Ысык-Көл райондорунун, Каракол шаарынын экономикалык өнүгүшүнө чоң өбөлгө болот эле. Алматы – Чолпон-Ата жолу бул XXI кылымдын жолу болсун, бирок бөлүнгөн 5 миллион сом аны куруунун миңден бирине да жетпейт. Ошондуктан ал 5 миллион сомду Түп – Кеген жолуна бөлсө бүгүнкү талапка өтө түз жооп берген болор эле. Транспорт жана коммуникация министрлигинин ойлонулбаган ишинен улам 5 миллион сомдун ТЭОсу жок жолго бөлүнүшү, дал ошол министрликке караган мамлекеттик маанидеги Түп – Кеген жолунун эстен чыгып калышы кандай? Мамлекеттик казынага түздөн-түз экономикалык киреше бере турган жолду ондоого депутаттык суроо-талабымды билдирем.

Телекоммуникациялык инфраструктура эскирген, көпчүлүк станциялар жана линиялар 20 жыл мурда курулган. Азыркы нарк экономикасына шайкеш келген ишкердикти жана туризмди өнүктүрүүнүн бирден бир зарыл шарты бул оперативдүү, ишенимдүү телекоммуникациялык байланышты өнүктүрүү болуп саналат. Байланыш системасын өркүндөтүү боюнча айрым иштер жүргүзүлүп телеком тарабынан Каракол, Чолпон-Ата шаарларында курулган станциялар аркылуу дүйнө жүзүнүн көптөгөн мамлекеттери менен байланышууга боло тургандыгы кубандырат бирок өнүктүрүүнүн талаптарына жетүүгө алдыда көп иштерди жасоо керектиги белгилүү.

**Урматтуу депутаттар!**

**IV.Энергетика жана тоо-кен өндүрүш стратегиясы**

Ысык-Көлдүн аба жана суу бассейндеринин экологиялык тазалыгын сактоо бир гана өндүрүш тармактарын эмес, турак — жайларды, тейлөө, транспорт тармактарын толук электрлештирүүгө өтүүнү зарыл түрдө талап кылат. Облуста гидроэнергетикалык ресурстарга бай. Көлгө куюучу тоо сууларына микроГЭСтерди куруу мүмкүнчүлүгү өтө арбын. Сары-Жаз дайрасынын энергетикалык мүмкүнчүлүктөрү азырынча такыр пайдаланыла элек. Алдын-ала жүргүзүлгөн техникалык-экономикалык эсептөөлөр боюнча Сары-Жаз дайрасынан гидроэнергетикалык потенциалы Нарын дайрасынан кем эмес. Прогноз боюнча Сары-Жазды буруунун эсебинен кубаттуулугу 5 млрд. квт/саатка барабар болгон 4 ГЭС курууга болот.

Облустагы электр берүүчү линиялардын жалпы узундугу – 9875 км түзөт жана бардык калк жашаган пункттарды электр энергиясы менен камсыз кылат. Электр энергиясына болгон талап 1990-жылга Караганда 30% көбөйдү. Ошондуктан Ысык-Көлдүн экологиялык тазалыгын толук сактоо үчүн бардык тармактарды электр энергиясы менен иштетүүгө өтүү маселеси турат. Кум-Төр кенин иштетүүдөгү эң чоң салымдардын бири бул 220 квт/сааттуу Балыкчы – Тамга электр линиясынын курулуп бүтүшү.

Белгилүү болгондой Ысык-Көл аймагы алтын, калай, вольфрам сыяктуу түстүү металлдардын кендерине бай.

Кум-Төр, алтын кендерин да биздин республиканын экономикалык өнүгүшүнө түздөн-түз таасири бар факторлордун бири катары комплекстүү түрдө пайдаланылышы керек.

Сары-Жазда 1988–1993-жылдары жол, алгачкы кен иштетүүчү фабриканын өндүрүш аянттары курулган. 1993-жылдан тартып 100 т., өткөн жылы 230 т. концентраттуу калай алынды.

Түстүү металлдар боюнча тоо кендерин иштетүү эл, жер тагдыры үчүн канчалык опурталдуу экендигин Кум-Төрдүн алтынын казып алуу тажрыйбасы көрсөттү. Ошондуктан элдин, экономиканын коопсуздугун бекем коргоо, тиешелүү техникалык коопсуздукту сактоо, коммуникациялык шартты түзүү менен тоо кендерин иштетүүгө өтүү бул учурдун талабы. Негизинен Сары-Жаз тоо кен комбинатын ишке киргизүү менен республиканын бул түстүү металлга болгон керектөөсүн толук канааттандыруу жана экспорттоо мүмкүнчүлүгү бар.

Жыргалаң көмүр кенинин потенциалы да облус үчүн жетишээрлик деп айтууга болот.

Ушул айтылгандар бир Караганда утопиядай көрүнүшү мүмкүн. Бирок колдо бар мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен

Бүгүн реалдуу чындыкка айландырууга мүмкүн экендигине Балыкчы – Кара-Кече темир жолунун башталышы, Бишкек – Ош автожолунун ремонттолуп жатышы Республиканын ж.б. ийгиликтери ишендирет.

Көтөрүлгөн маселе боюнча информациялык материалда көрсөтүлдү. Комитеттин сунуштары токтомдун долбоорунда жазылды. Информациялык материалда бирок мен айрым бир өтө маанилүү деген бир-эки маселени Сиздердин ортоңуздарга сала кетейин.

Ысык-Көл облусунун 1999-2009-жылдарда жана андан ары өнүгүшүнүн комплекстүү программасын иштеп чыгуу. Ал социалдык-экономикалык, экологиялык, курорттук-туристтик стратегияны камтыган үч бөлүктөн турууга тийиш.

Экинчиден кыска мөөнөттүн ичинде Өкмөт тарабынан «Ысык-Көл жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын курорттук-туристтик зонасы жөнүндө» ж.б. мыйзамдардын долбоору иштелип чыгып, Жогорку Кеңештин кароосуна коюу керек.

Эң негизгиси Ысык-Көлдү сактоо, анын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн активдештирүү жана экологиялык абалын жакшыртуу максатында эл аралык келишимдерге кошулуу, чет элдик инвестицияларды жана донордук жардамдарды тартуу максаттары алдыда турат.

**Урматтуу депутаттар!**

Ысык-Көл жалпы Кыргызстандын орток байлыгы, асыл кенчи. Ошондуктан анын өнүгүшү тууралуу бир докладдын чегинде бардык маселелерди айтууга мүмкүн эмес. Ошондуктан мен айрым гана актуалдуу деген маселелерге токтолдум. Сиздер да өз пикириңиздерди айтып, толуктайсыздар деп ойлойм.

Көңүл бурганыңыздарга рахмат.

1999-2009-жылдарда Ысык-Көл областынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы түзүлүп, областта көп иштер аткарылды.

## Каниметов Жангороз Каниметович

| | |
|---|---|
| Туулган күнү, жери | 30-март 1950-жыл Ысык-Көл областынын Түп району Токтоян айылы |
| Билими | жогорку,<br>– Пржевальск мамлекеттик педагогикалык институту, 1971, адистиги: физика мугалими.<br>– Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, 1999, адистиги: юриспруденция. |
| Илимий даражасы | **Педагогика илимдеринин кандидаты,** 22.02.2001<br>Кыргыз Билим берүү институту, 13.00.01 – жалпы педагогика.<br>Темасы: "*Кыргызстанда демократиялаштыруу шарттарында мектеп окуучуларын нравалык-укуктук тарбиялоо проблемасы*", илимий жетекчиси: педагогика илимдеринин доктору, профессор М.Р.Рахимова.<br><br>**Педагогика илимдеринин доктору,** 03.04.2010<br>Кыргыз улуттук университети 13.00.01 – жалпы педагогика жана билим берүүнүн тарыхы.<br>Темасы: "*Кыргыз билим берүү ишин башкарууну демократиялаштыруунун илимий педагогикалык негиздери*", илимий кеңешчи: педагогика илимдеринин доктору, профессор А.М.Мамытов. |
| Илимий кызматы | педагогика адистиги боюнча доцент, 2011<br>педагогика адистиги боюнча профессор, 2015<br>Эл аралык педагогикалык билим берүү академиясынын академиги (МАНПО), Москва, 2009 |
| Илимий иштин жыйынтыктар ынын кыскача | **Педагогика илимдеринин кандидаты** диссертациясынын темасы: "*Кыргызстанда демократиялаштыруу шарттарында мектеп* |

| | |
|---|---|
| мүнөздөмөсү | *окуучуларын нравалык-укуктук тарбиялоо проблемасы”.*<br>*Жалпы билим берүүчү мектеп окуучуларынын нравалык-укуктук тарбиясынын бүгүнкү шарттарында анын өнүгүү проблемасын иликтөөгө арналган. Негизинен мектеп окуучуларынын аң-сезимин тарбиялоодо атайын нравалык-укуктук тарбиялоонун жолдору иштелип чыккан.*<br><br>**Педагогика илимдеринин доктору,**<br>темасы: *“Кыргыз билим берүү ишин башкарууну демократиялаштыруунун илимий педагогикалык негиздери”,* Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк мезгилиндеги билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруу процессин талдоого арналган. Демократиянын жана билим берүүнүн өз ара байланыштары ачылып, карама-каршылыктарды көрсөтүүнүн негизинде азыркы этаптагы алдыңкы багыттар туюндурулган. Билим берүү ишин башкарууну демократиялаштыруунун калыптанышына жана өнүгүүсүнө карата теориялык жолдор, катышуунун формалары иштелип чыккан. Педагогика, тарбиялоонун теориясы жана билим берүүдөгү менеджмент жаатында концепциялык мааниси чоң. |
| | Ал педагогика адистиги боюнча Адистештирилген диссертациялык кенештин мүчөсү.<br>3 монография, 2 окуу-методикалык эмгектин, 4 окуу куралдын, 75 илимий, 30 публицистикалык макаланын автору |
| Негизги илимий эмгектери жана | О молодежи и молодежной политики КР, 1999<br>Основные направления демократизации образования в КР, 2004;<br>Государственно-общественное управление |

| | |
|---|---|
| монографияла ры | образования в КР, 2005;<br>Демократия жана билим берүү, 2013;<br>Билим берүүнү демократиялаштыруу саясаты, 2014;<br>Билим берүүнү демократиялаштыруу багытындагы инновациялык процесстер, 2014;<br>Азбука демократии, 2014.<br>Демократия сабактары, 2015. |
| Чыгарган шакирттери | **М.Ержакыпов,** *"Лидер-студенттердин сүйлөө маданиятын өстүрүүнүн педагогикалык негиздери"*, июнь, 2013, И.Арабаев атындагы КМУ;<br>**Т.Матикеев,** *"Педагогикалык кадрларды даярдоо системасында болочок мектеп мугалимдеринин башкаруучулук маданиятын калыптандыруу"*, февраль, 2014, И.Арабаев атындагы КМУ.<br>**Ердавлетов С., Жакшылыков Ж.** кандидаттык диссертациясын жактоонун алдында, дагы ондогон аспиранттар илимий изилдөө иштерин жазууда. |
| Сыйлыктары | Кыргыз ССРинин, СССРдин билим берүү отличниги, 1983. 1988;<br>Кыргыз ССР Верховный Советтин Ардак грамотасы, 1985;<br>Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, 1995;<br>Кыргыз Республикасынын "Манас–1000" медалы, 1995;<br>Кыргыз Республикасынын "Даңк" медалы, 1999;<br>КМШ өлкөлөрүнүн Парламенттер аралык ассамблеясынын Ардак грамотасы, 2010. |

# ИЛИМИЙ ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК ЭМГЕКТЕРИМ

1. Окуучуларга билим жана тарбия берүүнү өркүндөтүүнүн өбөлгөлөрү // Эл агартуу. Бишкек, 1990.
2. О социально-экономическом развитии и экологическом состоянии Иссык-кульской области КР /Монография/ Бишкек, 1998
3. Калкты жумуш менен камсыз кылуу жөнүндө/ Доклад на Парламентских слушаниях «Проблемы занятости». Эмгек, 1998
4. Личност.-деятельност. подход к формированию нравственно-правовых отношений школьников // Вестник КГПУ им. Арабаева. Бишкек, 1999. (Акиева Г.)
5. Системообразующие факторы нравственно-правового воспитания // Вестник ИГУ им. Тыныстанова. Каракол, 1999
6. Ответственное отношение школьников к правовым нормам как основа нравственного здоровья и благополучия подрастающего поколения // Материалы науч-прак. конф. «Образование и здоровый образ жизни в изменяющихся условиях». КГПУ им. Арабаева. Бишкек, 1999
7. К вопросу о воспитании правосознания школьников // Матер. науч.-прак. конф. «Образование и здоровый образ жизни в изменяющихся условиях». КГПУ им. Арабаева. Бишкек,1999
8. О некоторых проблемах нравственно-правового воспитания школьников // Матер. науч.-практ. конф. «Образование и здоровый образ жизни в изменяющихся условиях». КГПУ им. Арабаева. Бишкек, 1999
9. Воспитание правосознания в школе //Вестник КГПУ им. Арабаева. Бишкек, 1999
10. Воспитание правосознания у школьников /Методическое пособие/ КГПУ им. Арабаева. Бишкек, 1999

11. Проблемы нравственно-правового воспитания // Вестник ИГУ им. Тыныстанова. Каракол, 1999
12. О молодежи и молодежной политике Кыргызской Республики /Учебное пособие/ Бишкек, 1999.
13. Молодежь и образование в условиях становления рыночных отношений: Межпарламентская Ассамблея СНГ // Матер. науч.-практ. конф. «Рыночная экономика и стратегия безопасного развития личности». СпБ, 2000
14. Актуальные вопросы обеспечения прав ребенка /сборник материалов и докладов/ Сборник материалов и докладов КРСУ. Бишкек, 2000
15. Непрерывность образования как необходимость, продиктованная жизнью // Матер. межд.науч.-практ. конф. БГУ. Бишкек, 2001
16. Кусеин Карасаев – анын ишмердүүлүгү // Матер. науч.-прак. конф. «К 100 летию Кусеина Карасаева». КГНУ им. Ж. Баласагына. Бишкек, 2001
17. Сохраним для потомков первозданную красоту озера Иссык-Куль // Сборник статей. Академия художеств КР. 2002
18. Опыт развития парламентаризма в Кыргызстане //Матер. науч.-практ. конф. «Парламентаризм в независимом Казахстане: состояние и проблемы». Астана, 2002
19. Методологические подходы к изучению высшего педагогического образования в Кыргызстане // Матер. науч.-прак. конф. «Проблемы и пути подготовки педагогических кадров Кыргызской Республики». КГПУ им. Арабаева. Бишкек, 2002
20. О миссии русского языка // Вестник Межпарламентской Ассамблеи стран СНГ. Москва, 2003.
21. Создание единого образовательного пространства как элемент демократии общества // Матер. науч.-практ. конф. «Образование через всю жизнь: становление и развитие непрерывного образования в рамках единого образовательного пространства ЕЭС». СпБ, 2004

22. Развитие государственно-общественного управления в вузах КР // Вестник ОшГУ. Ош, 2004
23. Направления демократизации школьного содержания образования // Вестник ОшГУ. Ош, 2004
24. Направления демократизации школьного содержания образования // Вестник КГУСТА. Бишкек, 2004
25. Децентрализованное управление образованием – условие демократизации // Вестник КГУСТА. Бишкек, 2004
26. К вопросу о базисном учебном плане // Вестник ИСИТО. Бишкек, 2004
27. Баңги заттар журум-турум девиациясынын бир түрү катарында // Вестник КГПУ им. Арабаева. Бишкек, 2004
28. Кылмыш иштерине бару делинквентүү жүрүм-турумдун бир түрү // Вестник КГПУ им. Арабаева. Бишкек, 2004.
29. Проблемы обновления учебного процесса в вузах КР в рамках законотворчества // Вестник КГНУ им. Ж.Баласагына. Бишкек, 2004
30. Основные направления демократизации образования в КР /монография/ КГУ им. Арабаева, 2004.
31. Государственно-общественное управление образования в КР /монография/ КГУ им. Арабаева, 2004.
32. Развитие государственно-общественного управления в вузах КР // Вестник ЕНУ им. Л.Н. Гумилева. Астана, 2005
33. Демократизация высшего образования // Вестник КазНПУ. Алматы, 2005
34. Многоканальное финансирование высшего образования – условие его демократизации // Вестник КазНПУ. Алматы, 2005
35. Демократизация образовательного процесса в вузе // Вестник КазНПУ. Алматы, 2005
36. К вопросу о повышении качества образования в свете перехода к Болонскому процессу // Вестник КГПУ им. И.Арабаева. Бишкек, 2005 (Рахимова М.Р.)

37. Демократизация организации образовательного процесса в школе // Известия КАО. Бишкек,2005
38. Направления развития государственно-общественного управления образованием в школах КР // Известия КАО. Бишкек, 2005
39. Вхождение в Болонский процесс как условие демократизации вузовского образования республики // Вестник ИГУ им. Тыныстанова. Каракол, 2005
40. Демократизация образования как регулируемый процесс // Вестник ИГУ им. Тыныстанова. Каракол, 2005
41. Новый закон – новые перспективы // Вестник КГУ им. Ж. Баласагына. Бишкек, 2005.
42. Основные векторы демократизации управления образованием // Вестник КГУ им. Арабаева. Бишкек, 2008
43. Основные векторы демократизации управления образованием в КР /монография/ Вестник КГУ им. Арабаева. Бишкек, 2008
44. Государственно-общественное управление образования как основной фактор демократизации управления образованием // Вестник КГУ им. Арабаева. Бишкек, 2008
45. Направление демократизации образования в законе «Об образовании» КР // Вестник БГУ им. К. Карасаева. Бишкек, 2008
46. Направление демократизации образования в законе «Об образовании» КР // Известия КГТУ им. И. Раззакова. Бишкек, 2008
47. О некоторых издержках демократизации образования // Вестник БГУ им. К. Карасаева. Бишкек, 2008
48. Инновации, способствующие демократизации в республике // Известия КГТУ им. И.Раззакова. Бишкек, 2008.
49. Болонский процесс и проблемы демократизации управления высшим образованием КР в сов. период // Отан тарыхы. Вестник КНУ им. Аль-Фараби. Алматы, 2009 (Каниметов Э.)

50. Кыргыз парламентинин калыптанышы жана түрк тажрыйбасы // Эл ар. ил.-прак.конф. Матер. КТУ «Манас». Бишкек, 2011
51. Кыргызстандагы Болон процесси ааламдашуунун бир түрү катары // «Ааламдашуу алкагында бакалаврдан кийинки жогорку билимдин абалы жана келечеги» эл аралык ил.-прак.конф. Матер. КТУ «Манас». Бишкек, 2011-ж.13-14-апрель.
52. Ааламдашуу алкагында Кыргызстандагы жогорку билим берүү // «Инновациялык билим берүү: абалы жана келечеги» ил.симпозиуму. «Ыйык Ата Журт» фонду. Бишкек, 2011-ж. 20-апр.
53. Миң кылым жашаган өмүр // Заман Кыргызстан. Бишкек, 2011.
54. XX кылымдагы улут кеменгери // Кыргыз Туусу. Бишкек, 2011.
55. XX кылымдагы улут кеменгери – Ж. Абдрахманов тарых таразасында // «Ж.Абдрахманов Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башатында. Мамлекеттик бийлик – эл үчүн» ил.-прак.конф. Матер. И.Арабаев ат. КУУ. Бишкек, 2011-ж. 13-май.
56. К. Карасаев – миң кылымды карытар өмүр // К. Карасаев атындагы БГУ. Бишкек, 2012
57. Азыркы коомдун шартындагы мугалимдин ролу жана статусу. // К. Карасаев атындагы БГУ. Бишкек, 2012
58. Мугалимди көтөргөн коомдун гана келечеги бар // Кутбилим. Бишкек, 2012.
59. Өмүрү өрнөк инсан – Муса Ордобай уулу. // Эскерүүлөр. Каракол, 2012.
60. Калк каадасын сактаган карыя Рыскелди уулу Ырысалы // Эскерүүлөр. Каракол, 2012.
61. Жан дүйнөсү жаркын адам Ж. Бектуров // Жашоодогу көз ирмемдер. Бишкек, 2012.
62. Коомдун өнүгүүсүндөгү мугалимдин орду жана статусу // Билим берүү академиясы жарчысы, 2012

63. КР жалпы билим берүү системасын реформалоо маселелери жана педагогикалык билим берүүнүн өнүгүү багыттары «Кыргызстандагы билим берүү жаңылануу мезгилинде» ил. конф. И.Арабаев. ат. КМУ. Бишкек, 2012
64. An Approach ‘point of view’ to improve teacher effectiveness // Абай ат. КазҮПУ Хабаршы. «Педагогика гылымдары» сериясы. – № 1-2 (33-34). – Алматы, 2012. (Erdal Ayan)
65. Сүйлөө маданияты жогорку окуу жайларында окутуунун педагогикалык-теориялык өңүттөрү // И.Арабаев ат. КМУ Жарчысы. – №1. – Бишкек, 2012. – (Ержакыпов М.С.)
66. Жогорку Кеңеш в период становления и развития современного кыргызского государства // ОшМУ жарчысы. – №3, I чыгарылыш. – 2012. (Каниметов Э.Ж.)
67. Формы управления современной системой образования Кыргызской Республики и проблемы воспитания правовой культуры учащихся // ОшМУ жарчысы. – №3, I чыгарылыш. – 2012. (Каниметов Э.Ж.)
68. Көш басшы студенттердің сөйлеу мәдениетін калыптастыру дың негізгі бағыттары // Матер.межд.науч.-прак.конф. «Современные интеграционные приоритеты науки: от исследований до инноваций». Западно-Казахстанский аграрно-технический университет им. Жангир Хана. – Уральск, 30-май – 1-май, 2013. (Ержакыпов М.С.)
69. Демократизация образования как инновационная модель партнерства школы и вуза. // Матер.межд.науч.-прак.конф. «Высокое качество и лидерство в образовании». Астана. 13-15-ноябрь, 2013.
70. Болочок мектеп жетекчилеринин башкаруучулук маданиятын калыптандыруу усулдары жана ыкмалары /макала/ Ж. Баласагын ат. КУУ Жарчысы. – №1 – Бишкек, 2013. (Матикеев Т.К.)
71. Сапаттуу башкаруунун 8 принцибин жогорку окуу жайларында колдонуунун педагогикалык маселелери //

Научный и информационный журнал «Материаловедение». – 2013. – №1/2013(2). (Эрдолатов С.)
72. Жогорку окуу жайларында окутуу процессин сапат түшүнүгү аркылуу талдоо // Ж. Билим берүү жана илим министрлиги, «Адамдын туруктуу өнүгүшү – өлкөнү өнүктүрүүнүн максаты жана майнабы» аттуу VI илимий симпозиум. – 2013. – №6 (Эрдолатов С.)
73. Окутуу процессинде маалыматтык технологияларды колдонуунун багыттары «Шоокум» илим, турмуш жана маданият журналы. – 2013. – №5 (81)
74. Окутуу процессинде маалыматтык технологияларды колдонуунун багыттары. Билим берүү жана демократия /китеп/ Бишкек: И. Арабаев КМУ, 2013
75. Билим берүүнү демократиялаштыруу саясаты /китеп/ Бишкек: И. Арабаев КМУ Окумуштуу кеңеши, 2013
76. Билим берүүнү демократиялаштыруу багытындагы инновациялык процесстер /китеп/ Бишкек: И. Арабаев КМУ Окумуштуу кеңеши, 2014
77. Билим берүүнү башкарууну демократиялаштыруунун абалы жана келечеги // Бишкек: И. Арабаев КМУ Окумуштуу кеңеши, 2014
78. Азбука демократии /китеп/ Бишкек: И. Арабаев КМУ Окумуштуу кеңеши, 2014 (Каниметов Э.)

**Мазмуну**

ӨМҮР ЖОЛУМ ..........................................................................3

ЗАМАНДАШТАРЫМДЫН ОЙЛОРУ ...................................64
М.МАМАКЕЕВ Менин иним......... ...............................................64
А.Ч.КАКЕЕВ Тарыхый инсандардын атын даңазалаган коомдук ишмер ..........................................................................................67
Б.МУРЗУБРАИМОВ Азаматтын жакшысы – элин колго алганы.......................................................................................69
И. БЕКБОЕВ Жангороз Каниметов – билим берүүнүн мыйзам-ченемдик актылары боюнча дасыккан адис ..................................74
М. БАЗАРКУЛОВ Таланттуу педагог, такшалган саясатчы...........................78
С. ИМАНБАЕВ Даанышмандык курак келген кез.............................81
Э.МАМБЕТАКУНОВ Илим менен практиканы айкалыштырган педагог .........................................................................85
А.И.МУСАЕВ Билим берүүнүн белгилүү ишмери.......................90
Т.А.АБДРАХМАНОВ Мезгил менен канатташ инсан .................92
А. МАМЫТОВ Изи барды жиреш оңой ........................................95
Н.А.АСИПОВА Жангороз Каниметов – “Билим берүүнү башкаруу менеджменти” боюнча табылгыс адис.......................................99
Ж.У.БАЙСАЛОВ Активист студент – келектеги коомдук ишмер, көрүнүктүү илимпоз ..................................................................101
А.Т.КАЛДЫБАЕВА Жангороз Каниметовдун педагогикалык ишмердүүлүгү ..................................................................................106
А.АЛИМБЕКОВ Асылды асыл гана баалайт.................................109
ОРХАН ИНАНДЫ Жангороз Каниметовго алкыш...........................115
А. МУРАТОВ Жангороз Каниметов көп кырдуу инсан..................117
Т. ИШЕМКУЛОВ Билим берүү жана агартуу айдынынын атактуу устаты ............................................................................................119
М. ЖЕТИМИШБАЕВ Чырпыктын чынар болушу .........................122
А.ЭГЕМБЕРДИЕВ Жангороз Каниметовго .....................................129

ДОКЛАДДАР, МАКАЛАЛАР, ЧЫГЫП СҮЙЛӨГӨН СӨЗДӨР....132
Калк каадасын сактаган карыя Рыскелди уулу Ырысаалы (1874-1961) ..........................................................................................132
Таятам жана анын уулу ................................................................135
“Журт атасы” – Боронбай ............................................................139

XX кылымдагы улут кеменгери Жусуп Абдрахманов тарых таразасында ................................................................155
Миң кылымды карытар өмүр ................................................161
К.Жантөшевдин юбилейиндеги сөз...........................................165
К.Үсөнбековду акыркы сапарга узатуудагы сөз ..........................169
Казы Дыйканбаевдин зыйнатындагы сөз ..................................171
Жаныбек Жээнбаев агабыздын өмүр жолу жаштарга өрнөк .........173
Азыркы билим берүү жана Руми, Ф.Гулендин идеялары...............175
2003-жылы Кыргыз тили мыйзамынын бет ачар жыйынында сүйлөгөн сөзү ........................................................................182
Жаңы мезгил – жаңы мыйзам ................................................187
Азыркы коомдун шартындагы мугалимдин ролу жана статусу......195
Ысык-Көлүм – ыйык мурасым ..................................................200
Барскоондогу экологиялык кырсык боюнча Жогорку Кеңештин сессиясында сүйлөнгөн сөз ....................................................207
Ысык-Көлдүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү жана экологиялык абалы жөнүндө ...............................................215

КАНИМЕТОВ ЖАНГОРОЗ КАНИМЕТОВИЧ.............................228
ИЛИМИЙ ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК ЭМГЕКТЕРИМ....................231

**Жангороз Каниметов – коомдук ишмер, педагог, окумуштуу**

Түзгөн жана редактору: Т.Абылкасымова
Компьютерде калыпка салган: Ч. Дурсунов
Басууга 16.03.2015 кол коюлду.
№ 31 офсет кагазы.
Форматы 84x60 1/16
Көлөмү 7,5 б.т
Офсет ыкма менен басылды.
Нускасы 1000. Заказ 2015

«Avrasya Press» басмаканасы
Шабдан баатыр көч., 1а. Тел.: 299 300
www.avrasyapress.com